**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А. А. АЛТМЫШБАЕВ атындагы ФИЛОСОФИЯ ИНСТИТУТУ**

**Д о9.22.657 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

Кол жазма укугунда

УДК: 172.1:93о. 1(575.2)(о4)

**АЛЫМБАЕВ АБДРАХМАН МЫРЗАГУЛОВИЧ**

**(Байас Турал)**

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ДҮЙНӨТААНЫМЫНЫН МИФОЭПИКАЛЫК ТАБИЯТЫ: ТЕНИР ФИЛОСОФЕМАСЫНЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ.

о9.оо.о3 – философиянын тарыхы

Философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий консультанты:**

[**А.К.Кулназаров, ф.и.д. профессор**];

**БИШКЕК -2024**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ ……………………………………………………........................**4

**1-БАП**

**БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНЫН МИФоЭПИКАЛЫК ТАБИЯТЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнө таанымы изилдөөнүн обьектиси катары........................................................................... 17

1.2. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнө таанымын изилдөөнүн негизги методологиялык принциптери .........................................................47

**2-БАП**

**БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНЫН ТЕОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ**

2.1. Теңир дүйнөтаанымы жана язычество..................................................80

2.2. Теңир философемасынын эволюциясы.................................................89

2.3. Тенир дүйнөтаанымы жана анын дуалисттик мүнөзү..........................104

2.4. Тенир философемасынын таралуу арелы...............................................130

**3-БАП**

**БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНЫН ЭТНОФИЛОСОФИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ**

3.1. Кыргыз дүйнөтаанымынын этнофилософиялык маселелери.............148

3.2. Ак уул жана анын тотеми Бугу жөнүндө ...........................................157

3.3. Көк уул жана анын тотеми Бука жөнүндө........................................... 171

3.4. Кызыл уул жана анын тотеми Бөрү жөнүндө....................................... 186

## 4-БАП
## БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНЫН АНТРОПОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

4.1. Биринчи адамдын жаралышы жөнүндө мифоэпикалык маалыматтар...196
4.2. Угуз хан – Тенир дүйнөтаанымынын реформатору.................................211
4.3. Манас жана дүйнөлүк адамдын мифологиялык образы..........................227
4.3.Кыргыз жана шумер эпосторундагы мифоэпикалык образдардын параллелдери.................................................................................................251

**КОРУТУНДУ**..................................................................................................**261**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**...................................................................**268**

# КИРИШҮҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу**. Кыргыз элинин улуттук кайра жаралуу процессинин жүрүшүндө анын дүйнөгө болгон көз караштарынын өзгөрүшүн, руханий дүйнөсүнүн жаңыланышын илимий жактан изилдөөгө алуу азыркы учурда өзгөчө мааниге ээ. Андан улам анын  тарыхый басып өткөн жолун, байыркы доорлорго таандык маданий мурастарын терең талдоого албай туруп, ага аныктама берүүгө мүмкүн эмес.

Ушуга байланыштуу социо-маданий реалдуулуктун контекстинде байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын генезисин, анын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн этаптарын ар тараптуу талдоого алуунун тарыхый-философиялык мааниси зор. Адам дүйнө таанымынын жана ал жараткан коомдогу ар кандай идеялардын келип чыгышынын себептерин, зарылчылыктарын, убакыт жана мейкиндик боюнча ал идеялардын таралуу жолдорун билбей туруп, биз анын эмне деген Эл экенин андап биле албайбыз. Мына ушул көз караштан алганда, байыркы Кыргыз элинин дүйнөтаанымынын руханий мурастарын: адам, эл, кудай жөнүндөгү тушүнүктөрүн жана алардын философиялык негиздерин түзгөн Тенир дүйнөтаанымын изилдөөгө алуу чон мааниге ээ.

“Кыргыздардын философиялык мурастарынын тарыхын талдоо жалаң гана илимий максаттарды көздөбөйт – ал биринчи кезекте коомдун маданий турмушунун заманбап көйгөйлөрүн чечүүнү ичине камтыйт. Өткөн доордун маданий баалуулуктарына кайрылуу, дүйнөтаанымдын идеологиялык аспектилерин изилдөө инсандын интеллектуалдык, маданий, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө шарт түзөт жана өбөлгө болот”[1]. Андан улам, байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын философиялык негизин түзгөн Тенир дүйнөтаанымын изилдөөгө алуу – биздин илимий изилдөөнүн да өзөгү болуп саналат. Ал бир гана Тенир дүйнөтаанымын эмес, ал байыркы кыргыздардын

[1] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014. –С. 3

дүйнөтаанымдарына тиешелүү теологиялык, этнологиялык жана антропологиялык маселелерди да ичине камтыйт.

Байыркы көчмөн элдердин урпактары жашап жаткан Евразия мейкиндигинде, кийинки жылдары теңир дүйнөтаанымына болгон кызыгуу илимий изилдөөлөрдүн негизги предметтеринин бирине айланды. Айрыкча алтай, якут, башкыр, казак жана монгол элдеринде тенир дүйнөтаанымын ар тараптуу илимий талдоого алган монографиялык изилдөөлөр, илимий-публицистикалык жыйнактар жана макалалар жарык көрүп, докторлук жана кандидаттык диссертациялар корголууда. Кыргызстанда да Тенир дүйнө таанымына арналган эмгектердин саны ондон ашат. Бирок, илимий көз караштан изилдеген Аширалиев Ж.А.[2], Тюлегенов Т.А[3] сыяктуу 3-4 авторду айтпаганда, алардын көпчүлүгү популярдуу жанрларда жазылган эмгектер болуп саналат. Мисалы: Ч.Өмүралиев[4], Д.Сарыгулов[5], Д.Саматов[6] ж.б. Ал эми байыркы жана кийинки мезгилдерге таандык кыргыздардын дүйнөтаанымына тиешелүү маселелерди изилдеген окумуштуулар жана философтор тууралуу сөз болгондо: АА.Алтмышбаев, Б.А.Аманалиев, А.Ч.Какеев, А.И.Нарынбаев, Т.А.Аскаров, Ы.М.Мукасов, Ж.Ж.Жаныбеков, Ш.Б.Акмолдоева, А.А.Бекбоев, Н.К.Саралаев, Г.Т.Ботоканова, Г.С.Токоева, К.А.Исакова, Ж.Бөкөшов, о.К.Козубаев, М.К.Абдылдаев, А.Б.Байбосунов, А.К.Асанбаев, К.Ш.Ибраев, Т.Ж.Жумагулов, Ж.К.Асанов ж.б. салымдары чоң. Бирок, кандай болгон учурда да, академик Ы.М.Мукасовдун: “Древнее мировоззрение кыргызов, их мифологию изучали историки, этнографы и фольклористы, в последнее время подключились философы, которые выдвигают различные концепции и гипотезы, рассматривают дискеуссионные вопросы. Между тем следует признать, что мировоззрение древних кыргызов еще не стало предметом

---

[2] Аширалиев, Дж. А. Методологические аспекты изучения номадической культуры. моногр. / Дж.А.Аширалиев. - Бишкек: Б.и., 2008.
[3] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014. –С. 3
[4] Өмүралиев Ч. Тенирчилик.-Бишкек. “КРОН” фирмасы. 1994.
[5] 1. Сарыгулов Д. Тенирчилик – кыргыздардын дүйнөтаанымы, түбөлүк билими. Бишкек. Фонд “Теңир Ордо”. 2002.; 2. Новое мировозрение – как основа новой цивилизации. Бишкек. 2004.
[6] Кадыров С. Унгу талаа таануу. Бишкек. 2014.

специальных филолсофских исследований"[7] деген сөзү бул багыттагы изилдөөлөрдүн ал-абалы кандай экенин айтып турат.

Теңир дүйнө таанымы негизинде дуалисттик көз караш жаткан ишеним, маданий феномен, деисттик мүнөздөгү диндин функциясын аткарган ишеним, ачык дүйнө тааным катары дагы ар тараптуу жана терен изилдөөгө алынышы зарыл. Биз өзүбүздүн изилдөөбүздө, Тенир дүйнөтаанымдын өзөгүндө байыркы арий элдерине таандык дуалисттик принцип камтылган, деисттик мүнөздөгү, синкреттешкен дүйнөтааным катары карайбыз.

Кийинки учурда дүйнөдөгү ар бир эл өз иденттүүлүгүн коргоп, ага тиешелүү мурастарды көтөрүүдө. Бул процесс бүгүнку күнү мамлекеттик денгээлде көтөрүлүп: теле-радио жана басма сөз беттеринде салт, нарк жана руханий мурастар тууралу көп жазылып, тынбай кеп кылынууда. Натыйжада: "салттуу билим", "салттуу чыгармачылык", "салттуу музыка", "салттуу педагогика", "салттуу башкаруу системасы" деген сыяктуу терминдер пайда болуп, алар илимий айлампага салынып жатат. Бул багытта, өлкө башчысы да өзүнүн улуттук жана мамлекеттик идеология боюнча концепциясын китеп[8] түрүндө жарыялады. Анда мындай деп айтылган: "Улуттук идеологиянын айланасында ар кандай сөз болуп, көп учурда "биздин улуттук идеологиябыз жок" деген маанидеги ой-пикирлерди угуп калам. Тереӊ маани берип караганда, улуттук идеологиябыздын жок болушу мүмкүн эмес. Улуттук идеологиянын негизги баалуулугу улуттун түпкү рухун, нарк-насилин, касиет-кутун, кулк-мүнөзүн, улуттук өзгөчөлүгүн өзүнө камтып, аны сактагандыгында эмеспи. Эгер Кыргыз улутунун улуттук идеологиясы жок болсо, анда улут катары кылымдарды карытып, жашай албай, мезгилдин каардуу капшабында аты-жөнү калбаган көптөгөн улуттардын бири катары эчак жер бетинен жок болуп, башка улуттарга сиӊип кетмек. Биз улут катары бүгүнкү күнгө чейин сакталып келдик. Демек, улуттук идеологиябыз бар. Ар

[7] Мукасов Ы.М. Мировоззрение древних кыргызов. Бишкек. 2021. -С.31.
[8] Жапаров С. Жаңы Кыргызстанды куруунун багыты. Бишкек. 2023.

бирибиздин каныбызда анын кылымдардан бери сакталып келе жаткан угуту "кайнап" турат. Болгону, кимибиз аны кандай түшүнөбүз жана жашоодо кандай кабыл алып, колдонобуз, маселе ушунда"[9].

ошентип, бүгүнкү кыргыздардын маданий турмушунан алынган материалдардын негизинде байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын идеологиялык аспектилеринин актуалдуулугун тарыхый-философиялык жактан түшүнүү зарылдыгы келип чыкты. Жогоруда айтылган фактыларды эске алуу менен азыркы учурда кыргызтаануунун идеялык маңызын изилдөө өзгөчө мааниге ээ болууда.

Диссертациянын темасын илимий программалар менен байланыштыруу, илимий мекемелер жүргүзгөн изилдөө иштери. Тема Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тармактык илимий программасына жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун тематикалык планына киргизилген.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Биздин изилдөөбүздүн негизги максаты – кыргыз дүйнөтаанымынын мифоэпикалык табиятын, тарыхый-философиялык, теологиялык, этнологиялык, антропологиялык маселерин талдоо.

Диссертация төмөнкүдөй милдеттерди коёт:

- илимпоздордун: тарыхчылардын, теологдордун, этнологдордун, антропологдордун жана философтордун байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын феноменин изилдөөнүн ар кандай проблемалары боюнча көз караштарын талдоого алуу;
- эпикалык эл катары байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын философиялык маңызын ачуу;

[9] Жапаров С. Жаңы Кыргызстанды куруунун багыты. Бишкек. 2023. 44-б.

- байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын ички мазмунун, анын теологиялык, антропологиялык жана этнологиялык маселелерин, ички-сырткы түзүлүштөрүн жана атрибуттарын изилдөө;
- байыркы кыргыз дүйнөтаанымы боюнча жазган жана изилдеген авторлордун көз караштарын жана эмгектерин салыштырып талдоо;
- байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдөө жана аны тектеш элдердин дүйнөтаанымдары менен салыштырып талдоого алуу;
- байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын кыргыз иденттүүлүгүнүн сакталышына жана калыптанышына тийгизип жаткан таасирлери.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**. Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын өзөгүн түзгөн Теңиртаанымынын теологиялык, антропологиялык жана этнологиялык маселелерин этнофилософиялык аспектиден илимий талдоого алып берүүгө аракет кылгандыгында. Атап айтканда, диссертацияда:

Биринчи:

- Теңир кудайы, анын генезиси жана этимологиясы боюнча баштапкы булактар;
- Теңир дүйнөтаанымынын теологиялык аспектилери;
- • Тенир пантеону жана анын иерархиялык түзүлүшү;
- Теңир дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык табияты, дуалисттик маңызы жана деисттик мүнөзү;
- Теңир дүйнөтаанымынын диний функциясы жана анын диндерден айырмасы, ритуалдары жана символдору;
- Теңир дүйнөтаанымынын дүйнөлүк диндер менен салттуу ишенимдердин синкреттелген көрүнүшү катары жана анын ислам дини менен болгон өз ара жалпылыктары жана карама-каршылыктары изилденди.

Экинчи:

- Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын этнологиялык маселелери боюнча баштапкы булактар;
- “Адамды-Адам жаратат, Элди Кудай жаратат” макалынын философиясы;
- “Манас” эпосундагы Кыргыз жана Кытай элдерине берилген мүнөздөмө;
- Кыргыз коомундагы Ак уул, Көк уул жана Кызыл уулга байланышкан социалдык катмарларынын космотүзүлүшү;
- Санжыра: Кыргыз элинин социалдык этнотүзүлүшү (Үч канат);
- Кыргыз тотемдери жана байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын негиздери изилденди.

**Үчүнчү:**

- Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын антропологиялык маселелери боюнча баштапкы булактар;
- Алгачкы адамдын жаралышы жөнүндөгү жалпы адамзаттык мифо-эпикалык маалыматтар;
- Түпкү ата-бабалар (Угуз хан, Кыргыз хан, Манас ж.б.) жана жаштарды тарбиялоодогу алардын идеологиялык функциялары;
- Манастагы мифо-эпикалык дүйнөтааным жана Дүйнөлүк адамдын образы;
- Кыргыз коомундагы улуттук баалуулуктарга айланган адам сапаттары;

Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын практикалык мааниси анын негизги жоболорун мындан ары байыркы кыргыз дүйнөтаанымын тереңдеп изилдөө процессинде колдонууга мүмкүн экендигинде.

Бул изилдөөнүн темасы, тестирлөө учурундагы баяндамаларга караганда, республиканын илимий-чыгармачыл интеллигенциясынын өкүлдөрүн, мугалимдерди жана коомдук ишмерлерди ж.б. абдан кызыктырат. “Дин жана

маданият чөйрөсүндөгү саясат бүгүнкү өзгөрүү доорунда объективдүү, илимий жактан негизделген, мындайча айтканда келечекке багытталган жоболорго мурдагыдан да көбүрөөк муктаж”[10].

Мектептер жана жогорку окуу жайлары үчүн Кыргызстандын тарыхы боюнча окуу китептери жыл сайын чыгарылып турат. Бул окуу китептеринин бардык артыкчылыктарына карабастан, байыркы кыргыз дүйнөтаанымына байланышкан маселелер жетиштүү негизделбеген жана толук чагылдырлган эмес. Айрыкча, байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын Тенир ишенимине байланышкан өзгөчөлүктөрү көбүнчө шаманизмдин элементтери менен аралашып кеткен. ошондуктан бул изилдөө окуу китептерин, монографияларды жана башка басылмаларды басып чыгарууда биз айтып жаткан проблеманы объективдүү чагылдырууга ар тараптан жардам керсетет. Коргоо үчүн берилген диссертациянын негизги жоболору – байыркы Кыргыз элинин дүйнөтаанымын концептуалдык жана этнофилософиялык анализи болуп саналат. Бул ыкма диссертациянын эң жалпы жоболорун аныктоого мүмкүндүк берет:

- Ар кайсы доорлордо байыркы кыргыз дүйнөтаанымын изилдөөгө алып, анын мазмунуна жана баалуулуктарына ар кандай баа берген айрым окумуштуулардын позицияларын анализге алынды. 19-кылымдагы орус окумуштууларынын жана советтик чыгыш таануучулардын изилдөөлөрү негизинен таптык, партиялуулук жана атеисттик артыкчылыктардын принциптерине негизделген. ошондуктан, байыркы кыргыз дүйнөтаанымы боюнча изилденген эмгектерди жана маалыматтарды кайра жаңыча көз караштан карап чыгууга туура келди;
- түрк жана монгол элдеринин маданиятын изилдөөдө чет элдик илимпоздор тенирчиликти шаманизм менен чаташтырышып, көп каталарды кетиришкен. Бирок, Т.Тюлегенов жазгандай: “теңирчилик

[10] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014. –С. 6.

менен шаманчылык бир эмес"[11]. Чет элдик изилдөөчүлөр үчүн бакшы менен камдын да айырмасы жок. Алар үчүн баары эле уруулук ишенимге ("язычествого") такалат;

- окумуштуулар ошондой эле өздөрүнүн изилдөөлөрүндө жана философиялык ой жүгүртүүлөрүндө көчмөн коомду отурук коомго каршы коюшкан. Тагырак айтканда, шаар куруу, дыйканчылык кылуу – ал көчмөндөргө мүнөздүү көрүнүш эмес деген тыянактарды чыгарышкан. Андан улам алардын (көчмөн элдердин) дүйнөтаанымдары алгачкы доордогу адамдардын ишенимдери менен тең деңгээлде каралган. Бул тыянактар негизинен евроборбордук жана советтик идеологиялык көз караштардын таасиринен улам келип чыккан;
- биздин оюбузча, байыркы кыргыз дүйнөтаанымы боюнча илимпоздордун изилдөөлөрүндө көчмөн элдердин дүйнөтаанымдарындагы ааламдын жана адамдын жаралышы, табияттын сырдуу көрүнүштөрү сыяктуу нерселерге жетишсиз көңүл бурулган. Мисалы, изилдөө үчүн бардык негиздер жана атрибуттар жетиштүү болгонуна карабастан, Теңир дүйнө таанымы ар тараптуу изилдөөгө алынган эмес жана ушул кезге чейин ал эмне үчүн өзүн "дин" катары бекемдөөгө умтулбаганы да изилдөөнү талап кылат. Илимий айлампага киргизилген булактардын негизинде жана кийинки изилдөөлөргө таянып, автор бул маселени башка көз караштан изилденген жаңы вариантын алдыга коёт;
- Теңир дүйнөтаанымы кээ бир булактарда "бутпарастык дин" деп аталат, бирок бардык түрк жана монгол элдеринин дүйнө таанымы сыяктуу, алардын көпчүлүгү дүйнөлүк диндерди (буддизм, ислам, христианство) кабыл алганына карабастан, ушул кезге чейин аларды маданий жана руханий жактан бириктирип турган универсалдуу көрүнүш. Демек,

[11] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014. –С. 7.

теңиртаанымды бутпарастык ишеним же “бутпарастык дин” деп айтуу туура эмес[12];

- Туран аймагында жана андан сыртта жашаган көчмөн элдерде (түрк, монгол жана кыпчак) диндин да функциясын аткарган Теңир дүйнөтаанымынын феномени – кылымдар бою басып алып, багынтып башкарган элдердин дини болуп келгендигинде. Башкача айтканда, орто кылымдарда Тенирuзм христиан, ислам жана буддизмге караганда көчмөн элдердин көбүн бириктирген жана уюштурган улуу күч болгон. Анткени, байыркы доорлордо хун, усун, сианбилердин, кийин орто кылымдарда кыргыз-кыпчак, түрк жана монгол элдеринин дүйнөлүк мааниге ээ ири жеңиштүү жортуулдары дал ушул Тенир ишеними тарабынан колдоого алынган. Ал эми дүйнөлүк диндерди тутунган элдер эмнегедир аларга каршы туруула алсыз болуп чыгышкан;
- Мезгилдин агымы менен орто кылымдардан баштап, Теңир дүйнөтаанымы кээ бир жерде күч менен айрым бир аймактарда акырындап, билинбей дүйнөлүк диндер менен алмашып отурган. Бул экспансиянын максаты айдан ачык: руханий жактан жат динге баш ийген эл саясий да жактан баш ийет[13]. Бирок, парадокс мына ушунда: Теңирчиликтин айрым бир каада-салттары, ырым-жырымдары кыргыздарда бүгүнкү күнү да сакталып келатат;
- Түрк элдеринин дин тарыхындагы изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурган дагы бир феноменалдуу көрүнүш бар: ал ислам менен теңирчиликтин синкретизми, эки диний принциптин бир бүтүн түр катары чагылышы. Бул түрдө дин: оюн асманды карай багыттап сыйынгандар менен батышты карап намаз окугандардын, өрнөк иштери үлгү болгондор менен осуят сөздөрү элге жайылгандардын, эл коргогон баатырлар

---

[12] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014. –С. 8.

[13] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014. –С.10.

менен эл тарбиялаган пайгамбарлардын, кыскартып айтканда, Теңир менен Алланын айкалышкан синтези катары көрүнөт.

- Диссертациялык иште кыргыз этнология маселелери этнофилософиялык аспектиден талдоого алынды. Анда негизинен Кыргыз коомунун социалдык курамынын космопринципке ылайык түзүлүшү жана үч канаттын тотемдик белгилери талдоого алынды.
- Кыргыз дүйнөтаанымынын антропологиялык маселелеринде эпикалык айтуучулар жараткан "Манас" эпосунун башкы каарманы Манастын образына кайрылдык. Евразия мейкиндигинде жашашкан көп элдер өздөрүнүн улуттук духун чагылдырган эпикалык чыгармаларды жаратышкан. ошолордун ичинен "Манас" эпосу өзүнүн көлөмү, варианттуулугу жана көркөм образдары менен да кескин айырмаланып турат. Мисалы, дүйнөлүк мифтеги "Дүйнөлүк Тоо", "Дүйнөлүк Дарак" сыяктуу эле Манастын образы аркылуу манасчылар "Дүйнөлүк Адамдын" образын жаратышкан. Биз Манастын образын шумер (Билгамеш) жана огуз (Угуз хан) эпосторунун башкы каармандары менен салыштырып, ал аркылуу чын эле манасчылар "Дүйнөлүк Адамдын" образын жаратышканын кеп кылдык.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Концептуалдык тарыхый-философиялык изилдөөнүн негизинде талдоого алынган байыркы Кыргыз дүйнөтаанымынын негизги илимий корутундулары жана жоболору диссертациянын авторунун кыргыз элинин философиялык мурастарын изилдөөгө кошкон жеке салымы болуп саналат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо**. Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары эл аралык жана республикалык илимий-теориялык конференциялардагы докладдарда жана баяндамаларда чагылдырылган:

1. Человековедение. Монография – Душанбе. учебник. 2о21. Соавтор. орус тилинде.

2. Адамтаануугa киришүү. Монография. – Душанбе. окуу китеби. 2о23. Авторлош. Кыргыз тилинде.
3. Алтын казык Аксы. Монография - Бишкек: 2о18.
4. Улуттук эс-тутум. Монография - Бишкек: 2о22.
5. Манасты дүйнөгө даназалагандар. Монография - Бишкек: 2о23.
6. Шаманская миссия эпического поэта. Qazaqtaný. 2о19. № 3 (3). С. 24о-248. www.elibrary.ru/item.asp?id=42912о71
7. Пророческая миссия эпического поэта. Героический эпос и сказительское искусство народов Евразии: сохранение, изучение и популяризация. 2о19. С. 2о1-213. www.elibrary.ru/item.asp?id=39821563.
8. Turan - land of tengri. Тенгрианство и эпическое наследие народов евразии: истоки и современность. 2о19. С. 32-37.
9. Теңир дүйнөтаанымынын дуалисттик мүнөзү. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2о23. № 1. С. 182-186. www.elibrary.ru/item.asp?id=53852487
10. Теңир теоними жана анын философиялык аныктамалары. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2о23. № 1 С. 187-191. www.elibrary.ru/item.asp?id=53852488
11. The Aryan Myth of the First Man Manu and Parallels in the Kyrgyz Epic of Manas. Bulletin of Science and Practice. 2о23. Т. 9. № 6. С. 716-721. https://doi.org/1о.33619/2414-2948/91/92
12. Кыргызский и русский языки в евразийском пространстве. Бюллетень науки и практики. 2о23. Т. 9. №6. С. 722-733. https://doi.org/1о.33619/2414-2948/91/93
13. Социалдык философиядагы дин теорияларынын калыптанышы. Вестник КР 1 (1) 2о23. С. 86-92. www.elibrary.ru/item.asp?id=54278886
14. Тенир теониминин таралуу ареалы жана ага сыйынуу ырым-жырымдары. Вестник КР 1 (1) 2о23. С. 93-1о3. www.elibrary.ru/item.asp?id=54278884

15. Миграционная ситуация в Кыргызской Республике после covid-19. Бюллетень науки и практики. 2o23. Т. 9. № 8. С. 21o-219. www.elibrary.ru/item.asp?id=543o6311
16. Новый подход к использованию терминов «арийский» и «индоиранский» (историко-философский аспект). Бюллетень науки и практики. 2o23. Т. 9. № 8. С. 3o3-733. www.elibrary.ru/item.asp?id=543o6324
17. Угуз хан тенир дүйнөтаанымынын реформатору. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана № 4, 2o23. С. 231-237.
18. «Билгамеш» менен «Манас» эпосторундагы достук идеясы жана анын философиясы. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана № 4, 2o23. С. 226-231.
19. Ислам жана тотемизм. Эл версия. Вестник. НАН КР.
20. Кыдыр менен Муса пайгамбардын жолугушуусу. Эл версия. Вестник. НАН КР // №3, 2o23. С. 2o1-21o.
21. Мифология этногенеза: опыт Киргизии. Киргизско-огузские мифы как фактор этнической консолидации киргизского общества. Вопросы философии / 2o23, № 1o. Вопросы философии / 2o23, № 1o. С. 185-193. www.elibrary.ru/item.asp?id=54613925
22. Зарегистрированные мусульманские религиозные организации и образовательные учреждения в Кыргызстане. Бюллетень науки и практики. 2o23. Т. 9. № 9. С. 221-225. www.elibrary.ru/item.asp?id=54696236

Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары Борбордук Азиядагы Ага Хан фондунун “Адамтаануу” проектисинде, илимий-практикалык конференцияларда окулду. Анын айрым бир бөлүктөрү Борбор Азиядагы Кыргызстан, Казакстан жана Тажикстан республикалары биргелешип иштеп жатышкан “Адамтаануу” (2o22-ж., орус тилинде; 2o23-ж., кыргыз тилинде) боюнча жазылган окуу китебине кирди.

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия институтунун “Диндерди изилдөө жана дин философиясы” бөлүмүнүн кеңейтилген жыйынында талкууланды жана коргоого сунушталды.

**Диссертациянын толук чагылдырылышы басылмаларда.**

Диссертациянын негизги корутундуларына жана натыйжаларына тиешелүү 2о ашык макала атайын илимий журналдарда жана жыйнактарда жарыяланган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү**. Диссертациянын структурасы изилдөөнүн негизги максаттарына жана милдеттерине баш ийдирилген. Диссертация кириш сөздөн, төрт бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү **297** барак, колдонулган булактардын саны **24о.**

# 1-БАП.
# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗДАРДЫН МИФОЭПИКАЛЫК ДҮЙНӨТААНЫМЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнө таанымы изилдөөнүн обьектиси катары

Алгач “Теңир” теоними байыркы Месопотамияда жашаган шумер мифтеринде кездешет. Шумер жазууларын биринчи тапкан жана окуган С.Н Крамер өзүнүн “История начинается в Шумере” деген китебинде бул теонимдин ысмын “Дингир”[14] формасында окуп, мааниси “кудайды” түшүндүрөрүн алгачкылардан болуп айткан. ошол убактан бери шумер мифологиясын изилдеп келатышкан окумуштуулар теңирчилик диний-философиялык агым катары шумерге чейинки мезгилдерде - биздин заманга чейинки 5-4-миң жылдыктарда пайда болушу мүмкүн деген илимий болжолдорду айтып келатышат. Аны Месопотамиядагы Суза короосунан табылган археологиялык маалыматтар, ошондой эле Борбордук Азиянын жана Алтайдын Афанасьев маданиятынын материалдары тастыктайт[15].

Бизге жеткен түрктөрдүн байыркы дини жөнүндө эң алгачкы негизги жазма маалыматтар кытайлык «Вэйшу» жана «Сүйшү» жылнаамаларында кезигет. Бизди ал кытай булактарындагы маалыматтар менен 19-кылымдагы орус элинин көрүнүктүү чыгыш таануучусу Н.Я. Бичурин өзүнүн «Байыркы Борбордук Азияда жашаган элдер жөнүндө маалыматтар жыйнагы» деген фундаменталдык эмгегинде тааныштырат. Түркологияда Н.Я. Бичуриндин салымы эбегейсиз зор. Ал 19-кылымдын башында, байыркы кытай жылнаамаларынан таап, чогултуп келген баасыз маалыматтарын системалаштырган жана орус тилине которгон. ошентип биз, Бичуриндин эмгеги аркылуу Алтай аймактарында жана Энесай дарыясынын бойлорунда

---

[14] Крамер С.Н. История начинается в Шумере. -М. Наука, Гл. редакция восточной литературы. 1991. -С.92.
[15] Безертинов, Р.Н. Тенгрианство – религия тюрков и монголов [Текст] /Р.Н.Безертинов. - Казань: Слово, 2004. –С.10-15.

жашашкан өзүбүздүн байыркы ата-бабаларыбыздын тарыхын жана ишенимдери тууралуу билебиз[16].

Ал тууралуу 2о-кылымда жашап өткөн атактуу Л.Н. Гумилевдун «Байыркы түрктөр» аттуу китебинде да айтылат. Ал түрк дининин ырым-жырымдарынын төрт вариантын аныктаган. Ал, булактардагы ар кандай карама-каршы айтылган факторлорго карабай: “күнгө сыйынуу; ата-бабанын арбагына сыйынуу; көктүн ээсине сыйынуу жана тоого сыйынуу салттары бири-бири менен айкалышып жашарын” айтат[17].

Байыркы түрктөрдүн тарыхын изилдешкен окумуштуулардын кээ бири алардын ишенимдери көптөр ойлогондой “примитивдүү” эмес деп айтышкан. Курамы ар кандай уруулардан турган байыркы түрктөрдүн ишенимдери, башка диний системалардай эле ошол өз дооруна таандык ишенимдер өнүккөндөй мүнөздө өнүккөн.

Асманга сыйынуу салтын орхон-Энесайдагы: «Үстүндө көк асман, астында кара буурул жер жаралганда, алардын ортосунда Киши уулу жарык дүнөгө келген” деген жазуу ырастайт. Бул жазуудан, түрктөр Тик Дүйнөнү “үч” катмар түрүндө элестетишкенин көрүүгө болот: жогоруда - “Көк Асман”, ылдыйда - “Кара буурул Жер”, ал эми алардын ортосунда Киши уулу жаралган. ортоңку Дүйнө деп негизинен Жер үстү эсептелген. Көптөгөн изилдөөчүлөр байыркы түрктөрдүн түшүнүгүндө Көкө Теңир кадимки, көзгө көрүнгөн материй асмандан айырмаланып, анын руханий маңызы да бардыгын баса белгилешет. Теңир дүйнөтаанымынын мазмунуна талдоо жүргүзгөн окумуштуулардын изилдөөлөрүндө Көкө Теңир бир жагынан көзгө көрүнүп турган космосту башкарган мифтик кудай катары далилденсе, экинчи жагынан адамзат коомун башкаруучу руханий дух катары кызмат кылат деген жыйынтыкка келишет.

[16] Бичурин, Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена [Текст] / Н.Я.Бичурин. – М.: Изд-во АН СССР, 1950. – Т.1. –С.350-357. .
[17] Гумилёв, Л.Н. Древние тюрки. Л.Н.Гумилев. – М.: Наука, 1967. –С.75.

окумуштуулар эки башка айтылган тенирди чаташтырышкан. Анткени, “Көк Теңир” менен “Көкө Тенир” эки башка сөз жана эки башка маанилерге ээ. Мисалы, Көк Тенир – “Көктүн ээси”, “Асман кудайы” деген түшүнүктү билдирсе, Көкө Тенир – “Ата Теңир”, “Ата Кудай” деген манилерди билдирет. Башкача айтканда, биринчи учурда “көк” – асмандын түстүк аталышы болсо, экинчи учурда “көкө” “ата” маанисин билдирген сөз. Кыпчак тилинде “көкэ” деп айтылган бул сөз кыргыз-казак тилдеринде - “аке”, өзбек, тажик тилдеринде – “ака”, “ако” формаларында сүйлөнөт. Бул сөз (көкэ) казак тилинде айтылганда - “ата”, кыргыз тилинде - “ага” дегенди билдирип, өзбек, тажик тилдеринде да бул сөз жашы боюнча улуу адамга карата айтылат. ошентип, “көк” детерминатор кошулуп айтылган учурда биз аалам маанисиндеги “Көктүн ээсин” (“асман кудайын”) түшүнсөк, “көкө” детерминатору кошулуп айтылганда биз “кудайлардын атасын” жана “адамзаттын атасын” түшүнөбүз.

Изилдөөчүлөр, Теңирди ислам кудайы “Алла” менен салыштырып жазып жүрүшөт. А чынында, келип чыгышы боюнча Алла, Тенир кудайынан кийин пайда болгон жана алгачкы көрүнүшү анын “семиттешкен” варианты сыяктуу жаралат.

Изилдөөчүлөрдүн айтымында, Тенирге курмандык чалуу ырымы качылыктардын арасында 19-кылымдын аягында да катталган. «Тыгыр тайх” (Тенир кудайы-А.А.) деп аталган бул сыйынуу ырым-жырымдарында кочкор курмандыкка чалынып, эл эт жеп, шорпо, кымыз, сүт, айран ичип майрамдашкан. Сыйынуу объектиси «Асман менен Күн» болгон[18].

Бул жерде сөзсүз эки нерсени өзгөчө белгилеп кетүү керек: биринчиден, шамандарга бул майрамга катышууга тыюу салынган, экинчиден, курмандык «күн ээсине» арналган. Бул эки фактор тең абдан маанилүү. Шамандын бул майрамдан четтетилиши - ритуал өлгөндөрдүн арбактарына же кандайдыр бир

[18] Ясперс, К. Смысл и назначение истории [Текст] / К.Ясперс. - М.: Тип. В.И.Корнакова, 1991. –С.101-102.

рухтарга эмес, башка ишенимдеги кудайга арналган сыйынуу ырым-жырымдары өткөнүн көрсөтөт»[19].

Качылыктардын ишеними боюнча эң жогорку кудайга арналган бул иш-чарага шамандын дин кызматчысы катары катышпай жатканына таң калган Л.Н. Гумилев: «Бул кандай кудай?» деген суроону берет. Анан аны 7-кылымдагы түрктөрдүн сыйынуу салттары менен окшоштурат. Бул майрам ошондой эле нур чачып турган Күн менен байланыштырган Теңирдин элесин, бирок, байыркы түрктөр менен ишеними боюнча эч кандай байланышы болбогон нганасандардын байыркы Күнгө сыйынуу салтын да эске салат[20]. Кийинки этнографтардын илимий изилдөөрлөрүндө, ал турсун Күн менен Айга сыйынуу салттарынын таасиринен улам Асманга сыйынуу ырым-жырымдары кенири мааниге ээ болгон деген пикир да көбүрөк айтылып жүрөт[21].

Байыркы түрктөрдүн чогулуп, кудайга сыйынуучу “хырам” катары «ыйык» тоолору, үңкүрлөрү жана капчыгайларда, сайларда булак чыккан, же дарак өскөн жерлердеги мазарлары болгон болсо, карлуктарда мурдатан эле дубалдарында көрүнүктүү ата-бабаларынын сүрөттөрү тартылган «ибадатканалары» болгону тууралуу маалыматтар айтылат. Байыркы түрктөрдө да рухтун өлбөстүгү жана акырет жашоосу жөнүндө түшүнүктөр бар. Буга 576-жылы Истеми хандын сөөгүн жерге берүүдө маркумду тиги дүйнөдө коштоп жүрүү үчүн төрт туткундун өлүм жазасына тартылышы, 649-жылы Тан императору Тайцзундун сөөгүн көмөрдө да, бир нече туткундун курмандыкка чалынышы сыяктуу фактылар далил.

Атактуу тарыхчы Л.Н. Гумилев Тениртаанымы менен шаманизмдин айырмаларын изилдеп жатып, жогоруда биз айткандай ритуалдары окшош,

[19] Яковлев, Е.К. Этнографический обзор инородческого населения долины Южного Енисея и объяснительный каталог этнографического отдела музея [Текст] / Е.К.Яковлев. – Минусинск: Тип. В.И.Корнакова, 1900. –С.103.
[20] Гумилёв, Л.Н. Древние тюрки. Л.Н.Гумилев. – М.: Наука, 1967. –С.77.
[21] Кляшторный, С.Г. История Центральной Азии и памятники рунического письма [Текст] / С.Г.Кляшторный. – СПб.: Филол. фак. СПбГУ, 2003. –С. 321-323.

бирок сыйынуу обьектилери эки башка болгон көрүнүштөн улам: Эгер бул Тенирттаанымы болсо, “анда, шаманизм кайда?..” деген суроону койгон. Анткени, качылыктардын Күнгө сыйынуу салтында Сибирдин башка элдериндегидей дин кызматын аткарган шамандар катышпайт жана ага байланышкан ырым-жырымдар да жок. Бирок шамандык культтун негизин ошолор эле окшош ритуалдык атрибуттар түзөт. Натыйжада, Л.Н. Гумилев VI—VII кылымдардагы Түштүк Сибирь элдериндеги шаманизм менен түрктөрдүн ишениминде айырмачылыктар бар экенине ынанган. Түрк элдериндеги «кам» термини жана ага байланышкан ырым-жырымдар культ катары 1о-12-кылымдарда пайда болгону тууралуу айтылган пикирлер бар. Андан улам, окумуштуулар Жунгария жана Алтай түрктөрүндө шаманчылык 7-12-кылымдарда пайда болгон деп болжолдошот[22].

Л.Гумилевдун бул корутундусу биринчиден, түрктөрдүн дини Теңир дүйнөтаанымы экенин далилдегени үчүн өзгөчө маанилүү. Ал эми сыйкырчылык жана башка ырым-жырымдар менен байланышкан шаманизм бир аз айырмалуу башкача көрүнүш. Экинчиден, түрктөр арасында шаманизм (камлания) бир топ кийинки тарыхый мезгилдерде кеңири жайылган. Демек, теңиризм менен шаманизм мазмуну жагынан да, формасы жагынан да эки башка кубулуш[23].

Чыгыш Түрк каганатындагы ишенимдин өзгөрүшүнө карата Л.Н. Гумилев белгилегендей: «гунндар, түрктөр жана байыркы монголдор жашоонун булагы, дүйнөлүк түзүлүштүн негизи болгон «Көк асманды» жана ага сыйынуу салтын, ата-бабалардын арбагына сыйынуу салты менен аралаштырбастан өз алдынча айырмалап, ыйык тутушкан»[24]. Демек, Түбөлүк Асман дүйнөлүк тартиптин персонификациясы катары адамзат үчүн универсалдуу мааниге ээ болгон. Анткени, адамдар кылымдан кылымга

[22] Гумилёв, Л.Н. Древние тюрки. Л.Н.Гумилев. – М.: Наука, 1967. –С. 85.
[23] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014. –С.20.
[24] Гумилёв, Л.Н. Древние тюрки. Л.Н.Гумилев. – М.: Наука, 1967. –С. 378.

байкоо жүргүзүп, андагы жылдыздардын жана планеталардын кыймылы бирдиктүү мыйзамдарга баш ийип турганын көрүшкөн.

Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе: «Асман» культу Теңир дүйнөтаанымынын негизги постулаты болуп саналат, ал адамзат үчүн универсалдуу мааниге ээ. Андыктан аны бутпарастык ишенимдер менен чаташтырууга болбойт. Ал кезде ата-бабалардын арбактарына ишенүү салты бир аз айырмалуу болгон, анткени айрым үй-бүлөлөрдө же уруктарда арбактарга сыйынуу ырым-жырымдары автономдуу мүнөздө өткөн. Аларга кайрылуу жана арбактар менен байланышуу - шамандардын (камдардын) магиялык практикасынын негизин түзгөн.

Л.Н. Гумилев белгилегендей, «манихейизмди кабыл алуу менен уйгурлар бардык кошуналарын чоочуткан: орто Азиядагы мусулмандар, Тибеттеги буддисттер, Кытайдагы конфуцийлер, Кыргыз каганатындагы камдар менен шамандар – баары жаңы окууну жапайы бузукулук катары кабыл алышкан»[25]. Демек, Уйгур каганатынын талкаланышындагы кыргыздардын өзгөчө ролу да кандайдыр бир деңгээлде «диний» согуш болгондугу менен аныкталат.

Баба таштардагы жазууда, түрктөрдүн кудайы болгон Көкө Теңирдин, ыйык Жер-Суунун атынан мындай сөздөр жазылган: «Түрк эли өлбөсүн, Түрк эли бар болсун!»[26]. Бул жазуу улуу Кудайдын атынан айтылып жатат. Бул ишеним боюнча, кагандарды колдоп, алардын аскерлерине күч-кубат берип, душмандарын да жеңген улуу Теңир. Теңир ырайым кылып гана тим болбостон, каарына алса, чыккынчыларды жазалап, элдерди чачып, мамлекеттерди талкалап жок кылат. Теңир ар бир адамга жана элдерге өзүнчө тагдыр берет[27]. Салт бузбаган, нарк сактаган, акылман каган Теңирге окшош

[25] Гумилёв, Л.Н. Древние тюрки. Л.Н.Гумилев. – М.: Наука, 1967. –С. 381.
[26] Малов, С.Е. Памятники древне-тюркской письменности. С.Е.Малов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1951. – С.37.
[27] Малов, С.Е. Памятники древне-тюркской письменности. С.Е.Малов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1951. –С. 43.

болот. Түрктөр Теңирдин турагы Теңир-Тоодо[28] деп эсептешкен. Чынында эле Улуу Тоо системасы ушул күнгө чейин Теңирдин ысмын алып жашап келатат. Анын эң бийик чокусу (7 миң метр) “Хан Теңир” деп аталып турушу да, Көкө Тенирдин тагы ушул улуу чоку экенин маалымдап турат.

Изилдөөдөгү дагы бир маанилүү тыянак – теңирчиликтин ырым-жырымдарында оттун болушу, анын зороастризм менен эч кандай байланышы жок экенинде. Иранда от диний сыйынуунун башкы объектиси болгон, ал эми түрк урууларында ал жиндерди кууп чыгуунун сыйкырдуу каражаты катары колдонулган. Бул ыкма дүйнөдө бир топ кеңири таралган, андыктан отту колдонууну түрк уруулары зороастризмден алган деген версия туура эмес[29]. Акырында айтарыбыз: Тенир дүйнөтаанымын изилдеген философтордун бири – Турсун Тюлегенов жогорку фактылардан улам байыркы түрк элдеринде “жаңы диндин” негиздери пайда болгон деп жазат. Анын пикири боюнча, анын элементтери төмөнкүлөр:

1) монотеисттик мүнөздөгү жалгыз кудай Теңир культунун калыптанышы, ишенимдин динге ыктоо сыяктуу элементтеринин пайда боло башташы;
2) түрк уруулар арасында рухтун өлбөстүгү жана акырет жашоосу жөнүндөгү идеялардын болушу;
3) диний ырым-жырымдардын «ыйык жерлерде» өткөрүү салтынан храмдарга өтүшү, ошондой эле от менен тазалоо сыяктуу ыйык ырым-жырымдардын пайда болушу[30].

Тенир дүйнөтаанымынан түрк элдеринин монотеисттик ишенимге өтүшүн орто кылымдагы европалык дипломат-саякатчылар Плано Карпини менен Гийом де Рубрук[31] да өздөрүнүн көрсөтмөлөрүндө ачык жазышкан. Папанын элчиси Плано Карпини өзүнүн китебинде монголдордун кудайы тууралуу

---

[28] Малов, С.Е. Памятники древне-тюркской письменности. С.Е.Малов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1951. –С. 27.
[29] Гумилёв, Л.Н. Древние тюрки. Л.Н.Гумилев. – М.: Наука, 1967. –С. 85.
[30] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014.
[31] Путешествия в восточные страны Плано Карпини и Гильома де Рубрука [Текст]. – Алматы: Гылым, 1993.

буларды баяндайт: “Алар бир Кудайга ишенишет. Аны көрүнгөн жана көрүнбөгөн нерселердин баарынын жаратуучусу деп таанышып, бул дүйнөдөгү жыргалчылыкты да, азапты да ыйгаруучу деп билишет ”[32].

Француз дипломаты Гийом де Рубрук 1253-1255-жылдары Монголия аркылуу саякаттап баратып, өзүнүн байкоолорун жана көргөндөрүн жазган[33]. Негизинен европалык саякатчылар монголдор бир Кудайга ишенерин аныкташкан, бирок ал ишенимдин ички мазмунун ачып бере алышкан эмес. Колдорунда жазма булактар болбогондуктан, монгол дининин маңызын толук түшүнүшпөгөн.

Н.Я.Бичуриндин артынан Түрк элдеринин ишенимдерин изилдөөгө 19-кылымдын биринчи жарымындагы орус окумуштуусу А.И. Левшин чоң салым кошкон. Анын изилдөөсүнүн жыйынтыгы «Кыргыз-казак, же кыргыз-кайсак, ордолорунун жана талаалардын сүрөттөлүшү» деген аталыш менен китеп болуп жарык көргөн. А.И. Левшин илимде биринчи болуп, Казак элинин географиясы, тарыхы жана этнографиясы боюнча алгачкы изилдөөлөрдү жүргүзгөн маалыматтарды берген. ошондуктан, илимге кошкон баа жеткис салымы үчүн Ч.Ч. Валиханов аны «Казак элинин Геродоту» деп атаган. Өзүнүн китебинде А.И. Левшин мындай деп жазат: «Алардын бардыгында жалпысынан дүйнөнү жараткан эң жогорку Дух деген түшүнүк бар». Бул билдирүүсү менен ал Карпини менен Рубруктун билдирүүлөрүн тастыктаган. Бирок жаңы нерсе: «Ага “Курандын” мыйзамдары боюнча сыйынышат» деп жазат. Мындан ал ислам окуулары менен байыркы Кудайга табынган ишенимдин калдыктары аралашканын көрөт. Андан улам, ал кыргыздарда “кудай”, “шайтан” сыяктуу жаңы кош түшүнүктөр пайда болгонун белгилеген. Демек, алардын бири ак ниет дух катары адамдардын жыргалчылыгы,

[32] Путешествия в восточные страны Плано Карпини и Гильома де Рубрука [Текст]. – Алматы: Гылым, 1993. –С. 125.
[33] Путешествия в восточные страны Плано Карпини и Гильома де Рубрука [Текст]. – Алматы: Гылым, 1993. –С.154.

бактысы жөнүндө камкордук көрсө, экинчиси кара ниет дух, жамандыктын булагы болуп саналат[34].

Бурят элинин көрүнүктүү уулу Доржи Банзаров теңирчиликти изилдөөгө өзгөчө көңүл бөлгөн. Биз изилдеп жаткан темага байланыштуу ал «Кара ишеним, же монголдордогу шаманчылык» деген кызыктуу эмгегин жазган. Анда буддизмге чейинки мезгилдеги монгол жана бурят элдеринин ишенимдерине (шаманчылык) талдоо берилген. Д.Банзаров өз эмгегинде “шаманчылык” деп аталган дин башка динден, же ишенимден келип чыкпастан, эл ичинде өзүнөн өзү пайда болушу мүмкүн экенин туура белгилеген. Белгилей кетчү нерсе, бул дин шамандардын “шарлатандыгына” негизделген ритуалдык ырым-жырымдарды гана камтыбайт. Натыйжада, «монголдордун ал кара ишеними көптөгөн байыркы диний системалар “аралашкан” булактан келип чыккан; сырткы дүйнө – табият, ички дүйнө – адамдын руху, экөөнүн тең кубулуштары бул кара ишенимдин башаты болгон»[35].

Ал «көк асман», «түбөлүк асман», «теңир» жана башка түшүнүктөрдү кылдат талдап, монголдор башка элдердей эле эң бийик Дух түшүнүгүн Асман түшүнүгү менен байланышта караганын аныктаган. Демек, ал -материалдык жана руханий маңыздарды камтыган улуу Дух. «Ар кандай аба кубулуштарына жана жердин өндүрүмдүүлүгүнө таасир этүүчү көзгө көрүнүп турган көгүлтүр асманды, адатта, монголдор атагандай, “рухий” деп айтууга болбойт; бирок ошол эле моңголдор атаган, дүйнөнү жана адамдын иштерин көзөмөлдөп, башкарып турган “түбөлүк асман” Дух сыяктуу көрүнөт»[36].

Банзаров буга чейин Чыңгыз ханга баш ийген уруулардын тамгаларында “Теңир” сөзү «элдердин жана алардын башкаруучуларынын тагдыры ага көз

---

[34] Лёвшин, А.И. Описание киргиз-казачьих или киргиз-кайсацких орд или степей [Текст] / А.И.Левшин. – Алматы: Санат, 2009.
[35] Банзаров, Д. Чёрная вера или шаманство у монголов [Текст]: собр. соч. / Д.Банзаров. – М.: Наука, 1955. – С. 52.
[36] Банзаров, Д. Чёрная вера или шаманство у монголов [Текст]: собр. соч. / Д.Банзаров. – М.: Наука, 1955. – С. 54.

каранды болгон» эң улуу Кудайдын ысмы катары кездешерин айтат[37]. Чыңгызханга чейин моңголдордогу кудай – ал түбөлүктүү жана бардыгын камтыган “асман” түшүнүгү тууралу термин болчу, Чынгыз ханга байланышкан жазмаларда ал – “Теңир, эң улуу кудайдын ысмы” деп берилет.

19-кылымдын көрүнүктүү орус этнографы, чыгыш таануучу географ, фольклор изилдөөчү, саякатчы жана дипломат, жазуучу жана маданият ишмери Чокан Валиханов Теңир дүйнөтаанымын казак жана кыргыз көчмөндөрүнүн дүйнө таанымынын негизи катары изилдеген. Атеист илимпоздун элдин байыркы ишенимдери жөнүндөгү изилдөөлөрү биз үчүн өзгөчө баалуу, анткени ал дүйнөлүк диндер менен теничиликтин жана шаманизмдин аспектилерин салыштырып талдоого алган[38].

Ч.Валиханов кыргыздардын “шаманчылыгына” байланышкан булактарды талдап: “...кыргыздар - “мохаммеддик” динди тутушканы менен бирок “мохаммеддик ырым-жырымдарды” “шамандык ырым-жырымдар” менен аралаштырышат» деп белгилейт[39]. Ал сакталып калган шамандык ырым-жырымдардын формаларында буддизмдин ырым-жырымдарына окшош элементтерди таап, “жаңы диндер” теңирчиликтин ырым-жырымдарын сүрүп чыгара алган эмес, тескерисинче, анын айрым салттарын колдонууга же ага ыңгайлашып жашоого аргасыз болгон” деген жыйынтыкка келген. Демек, казактар менен кыргыздардын ишенимдери ортодоксалдык исламдан абдан айырмаланган. Бирок, ошол эле учурда, бул байкоолор окумуштууну «бул аралаш ишенимдин негизин шаманчылык түзгөн» деген тыянак чыгарууга себеп болгон.

Ч.Валиханов теңирчиликти «өзгөчө мифологиялык жаңылыш түшүнүктөрү жок, ар кандай шарттарга жана коомдук мыйзамдарга толук орун берген» «эң сонун» диний идея катары баалаган. окумуштуу, кудуреттүү Теңирдин

---

[37] Банзаров, Д. Чёрная вера или шаманство у монголов [Текст]: собр. соч. / Д.Банзаров. – М.: Наука, 1955. – С. 54.

[38] Валиханов Ч.Ч. Тенкри (Бог). Ч.Ч.Валиханов // Собр. соч.: в 5 т. – Алма-Ата, 1961. – Т.1. – С. 75.

[39] Валиханов Ч.Ч. Тенкри (Бог). Ч.Ч.Валиханов // Собр. соч.: в 5 т. – Алма-Ата, 1961. – Т.1. – С. 48.

адамдын ишине кийлигишпей турганына, адамдын тагдыры анын жүрүм-турумуна, каалоосуна жараша болоруна суктанган. Анын үстүнө, атеист болгондуктан, ал дүйнөлүк диндерден эч кандай өзгөчө келечекти көргөн эмес, көбүнчө молдолорду да, православялык дин кызматчыларын да “шарлатандар” деп атаган.

Ч.Валиханов теңирчиликти түрк-монгол этносунан сүрүп чыгарып салышы керек болгон дүйнөлүк диндер менен салыштырып, мунун ишке ашпай жаткан себептерин даана байкаган. Ал: шаман табияттагы бардык нерсеге таң калып, ага табынганын, «бул жерден убакыт сыяктуу “көк-тангри” деп атаган, көк асмандын жана аны менен байланышкан түбөлүктүү, түшүнүксүз бир улуу күчтүн бар экенин байкаган[40].

19-кылымдын экинчи жарымындагы көрүнүктүү орус окумуштуусу. В.В. Радлов өзүнүн «Сибирден» («Шаманизм жана анын культу» бөлүмү) деген эмгегинде биринчи жолу алтайлык шамандардын дүйнө таанымына мүнөздөмө берген. Ар түрдүү түрк тилдүү элдер арасында шаманизмдин таралышынын өзгөчөлүктөрүн, анын дүйнөлүк диндер (ислам, буддизм жана христианизм) аркылуу сүрүлүп чыгуу процессин караган. ошондой эле түрк элдериндеги шаманчылыктын жалпы тарыхый башатын жана андан мурунку издерин аныктоого аракет кылган.

В.В. Радлов «шамандардын көз караштары» менен байланышкан кызыктуу фактыларды келтирип, алар Алтайдын түрк урууларына мүнөздүү экендигин баса белгилеген. Анан дагы, аларды так сүрөттөп жазуу мүмкүн эместигин мойнуна алган. “Анткени, биз аларды изилдеп баштаганда эле алардын майда-чүйдөсүнө чейин бир-бирине карама-каршы келген, биз түшүнбөгөн маалыматтарга туш келебиз” деп жазган.

Мурункуларга караганда, В.В. Радлов Теңир кудайынын пантеонун ишенимдүү жана толук сүрөттөгөн. Шамандардын көз карашы боюнча, — деп

[40] Валиханов Ч.Ч. Тенкри (Бог) [Текст] / Ч.Ч.Валиханов // Собр. соч.: в 5 т. – Алма-Ата, 1961. – Т.1. – С. 50.

жазат ал, — дүйнө көп катмарлардан турат... жогорку жана жер астындагы дүйнөнүн катмарларында кудайлар жайгашкан». Эгерде «Дүйнө дарагында» чагылдырылгандай, Теңирчилик жөнүндөгү мурунку маалыматтарда аалам үч катмардан: Жогорку, ортоңку жана Жер астындагы дүйнөлөрдөн турса, кийинки көптөгөн изилдөөчүлөр ааламдын тиешелүү катмарларынын көбөйүшүн жана ага тийгизген буддизмдин таасирин көрүшөт. Ал эми Теңир дүйнөтаанымынын негизги доктринасы боюнча жердин үстү жана анда жашаган бардык жан-жаныбарлар Асмандын жана Жер астындагы дүйнөнүн таасири астында турат[41].

В.В. Радлов ошондой эле библиялык элементтерге толуп кеткен жана түп нускадан байкаларлык айырмаланып турган дүйнөнүн жаралышы жөнүндөгү Теңир мифологиясын сүрөттөгөн. Жазма булактардын жоктугу теңирчиликти кийинки ислам-христиандык таасирлерден айырмалоодо бир топ кыйынчылыктарды жаратат.

Теңирчилик тууралуу 19-кылымдагы көрүнүктүү англис этнографы жана маданият тарыхчысы Э.Тайлор мындай деп жазат: «Монголдордогу Теңирдин образынан, адамдардын “асман” түшүнүгүнөн “асман кудайы” түшүнүгүнө, андан кийин жалпысынан бир Кудай же Рух түшүнүгүнө өтүшүн көрүүгө болот». Андан ары ал М.А. Кастрен ырастагандай, «ыйык асман жөнүндөгү окуу бул элдердин бир гана “асман кудайы” жөнүндө эмес, жалпы эле эң “жогорку кудай” жөнүндөгү алгачкы идеяларынын негизин түзөт»[42].

Атактуу “Алтын бутак” илимий эмгектин автору, белгилүү англиялык окумуштуу Дж. Фрейзер примитивдүү диндердин пайда болушун изилдөөдө кээде сыйкыр дин менен аралашып пайда болоорун да белгилеген. Ал мындай дейт: «ошентип, сыйкыр жөнүндөгү негизги божомол азыркы илимдин көз карашы менен бирдей: сыйкырдын да, илимдин да негизинде жаратылыш кубулуштарынын ireттүүлүгүнө жана бирдейлигине бекем ишеним жатат».

[41] Радлов, В.В. Из Сибири [Текст] / В.В. Радлов. – М.: Наука, 1989. –С. 356.
[42] Ташбаева, К.И. Культура ранних кочевников Тянь-Шаня и Алая [Текст]. – Л., 1987. –С. 450.

Изилдөөчү бул эки кубулушту, табияттагы кубулуштардын аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрүнө негизделет дейт да, илим менен сыйкырды тайманбай бириктирет. Ал сыйкыр менен илимий дүйнө таанымдардын окшоштугун эки учурда тең алдын ала көрүүгө жана эсептөөгө боло турган окуялардын белгилүү бир схемасы бар экендиги менен негиздеген. Жыйынтыгында: «Демек, сыйкыр илимдин жакын тууганы»[43] деген оригиналдуу тыянак чыгарат.

Динди аныктап жатып, ал эң оболу адамдан жогору турган, табият кубулуштарынын жана адам жашоосунун жүрүшүн башкарган жана башкаргандай көрүнгөн табияттан тышкаркы күчтөрдүн басаңдалышын жана тынчтанышын көрөт. Дин, Фрейзердин айтымында, «жогорку күчтөрдүн бар экенине ишенүүдөн, аларды тынчтандырган жана жактырган каалоолордон» турат. Чынында, Кудайды ыраазы кылуудан мурда анын бар экенине ишенүү керек[44]. Башкача айтканда, «ишсиз ишеним кандай өлсө, ишенимсиз дин да ошондой эле өлөт" деп айтсак болот.

Атактуу дин изилдөөчүсү француз Жан-Пол Рунун айтымында, биздин заманга чейинки мезгилде Алтайда жана Түштүк Сибирде жашаган түрктөрдүн арасында «Күн адамы» жашаган Теңир-Тоо сыйынуу объектиси болгон. ошол эле учурда Ж.-П. Ру аны "асмандын ээси"  деп да атайт. Бирок ал инсанга айланган эркек кудай эмес, түрктөр аны эбегейсиз чоң, Космоско тете, адамдардын, элдердин жана мамлекеттердин тагдырын башкарууга жөндөмдүү Теңир Хан деп эсептешкен. Ал - Ааламдын жаратуучусу, ал өзү да - Аалам. «Түрктөрдүн башка элдерден айырмаланып, бир улуу Кудайы болгон, алардын ишениминин коңшуларынын ишениминен өзгөчөлүгү ушунда»[45].

---

[43] Фурсов, А.И. Мир – системный анализ и его критики [Текст]: науч.-аналит. обзор / А.И.Фурсов. - М.: Изд-во ИНИОН РАН, 1996. –С. 57-58.
[44] Фурсов, А.И. Мир – системный анализ и его критики [Текст]: науч.-аналит. обзор / А.И.Фурсов. - М.: Изд-во ИНИОН РАН, 1996. –С. 57-58.
[45] Roux, J-P. Tangari. Essais sur le cul-Dien fes peupies altaidnes [Text] / J-P.Roux // ICLXI. – 1962. - № I. - P. 19-24.

Америкалык белгилүү антрополог Мирча Элиаде өзүнүн “Космос жана тарых” аттуу китебинде шаманизмге чоң орун берген. Ал дүйнөнүн түзүлүшүн жана Жерден - Асманга же Жер үстүнөн Жер астына алып өтүүчү «шаман техникасын» кеңири изилдейт[46]. Шамандар бир космостук аймактан (деңгээл, кабат) экинчи дүйнөгө өтүүнүн «сырын» билишет деп жазат. Бул үчүн алар Асманды, Жерди жана Жер астын бириктирген Борбордук окту (“Жер киндигин”) колдонушат.

Андан ары М.Элиада Түркүк, Дүйнөлүк ок, Дүйнөлүк Тоо, Дүйнөлүк Дарак жана Асман катмарлары, Жер астындагы катмарлар ж.б. түшүнүктөрдү кеңири талдайт. ошол эле учурда бейиштин жана тозоктун даражасын көрсөткөн 7 жана 9 сандарынын сыйкырына да кызыгып изилдеген. Андан ары ал өзүнчө ар кандай баскычтарда турган кудайларды сүрөттөйт. Бул сүрөттөмө В.Радловдун Сибирь шамандарынан уккан Ааламдын түзүлүшүн сүрөттөгөн маалыматка дал келет[47]. ошентип, М.Элиаде өз эмгегинде Бейиштин жогорку катмарында улуу кудай Теңирдин жашарын белгилеген. Бирок, анын изилдөөлөрүндө шаман салтын тутунган элдердин ишенимдеринин жалпы мүнөздөмөсү жок. Ал эми Теңир дүйнөтаанымындагы “жалгыз кудай” маселеси анын илимий кызыкчылыгынан четте калган.

Этнографиядагы структурализм теориясынын негиздөөчүсү, көрүнүктүү француз антропологу К.Леви-Стросс Түштүк Америкадагы индей урууларынын салттуу ишенимдерин изилдөөнүн негизинде илимге чоң салым кошкон. Ал “примитивдүү” деп аталган маданияттарды изилдеп жүрүп, биздин акыл-эс (рационализм) менен туюм сезимдерибизге (интуитивдик) байланышкан түшүнүктөрдүн ортосунда ажырым жок экенин ырастайт»[48].

Сибирь элдеринин диний ишенимдерин изилдөөгө чоң салым кошкон советтик окумуштуулар Л. Штернберг жана С. Токарев. Алар дүйнөлүк

---

46 Элиаде, М. Космос и история [Текст] / М.Элиаде. – М.: Прогресс, 1987. –С. 145.
47 Элиаде, М. Космос и история [Текст] / М.Элиаде. – М.: Прогресс, 1987. –С. 145.
48 Леви-Стросс, К. Структурная антропология [Текст] / К.Леви-Стросс. – М.: Наука, 1983. –С. 17.

ысымга ээ окумуштуулардын катарына кирет, алардын күчү менен советтик этнография мектеби түзүлгөн. Бул окумуштуулардын негизги эмгектери примитивдүү деп аталган диндерге арналган. Башка этнографтар сыяктуу эле алар да шаманизмди изилдөөгө басым жасашкан, ошол эле учурда шаманизмден кеңири жайылган диний ишенимдерди изилдөө иштери экинчи орунда калган же такыр эле этибарга алынбаган.

Гиляктар арасында шаманчылыкты изилдеген Л.Я. Штернберг: “Кандай болгон күндө да, шаманчылык алардын ата-бабаларга сыйынуу салтына туура келбейт. ошондуктан шаман бул культта эч кандай роль ойнобойт, ал турсун ал “аюу” майрамында өзүнүн ырым-жырымдарын да уюштура албайт, анткени бул салт ыйык аюуну кемсинтүү катары каралат[49].

Советтик этнограф С. Токаревдин изилдөөлөрү боюнча, «бул элдерде профессионал шамандар менен катар уруулук шамандар да болгон; “уруу шамандары” жоголуп, кийинчерээк алардын ордуна профессионал шамандар келген»[50].

Советтик окумуштуулардын терең изилдөөлөрү аларга Сибирь элдеринин ишенимдерин шаманчылыктан ажыратууга мүмкүнчүлүк берди. Бирок, кийин эмнегедир окумуштуулар бардык көңүлүн шаманизмге буруп, шаманчылыкты кийин үйрөнгөн ошол эле Сибирь элдеринин түпкү ишенимдерин изилдөөгө кайра кайтышкан эмес. Мындай көз караштардын тардыгы шаманчылыкты «тапка чейинки коомдун дининий формасы» катары аныктайт да, ошол эле учурда Теңир ишеними дин катары таптакыр этибарга алынбайт. Ал эми Улуу Духка ишендирүүдө шамандардын жана камдардын ролу кандай болсо, Теңирге жана ата-бабалардын арбагына сыйынуу салтын калыптандырууда,

[49] Штернберг, Л.Я. Первобытная религия в свете этнографии [Текст]: исследования, стати, лекции / Л.Я.Штернберг. – Л.: Изд-во ин-та народов Сев. ЦИК СССР, 1936. –С. 2.
[50] Токарев, С.А. Ранние формы религии [Текст] / С.А.Токарев. – М.: Политиздат, 1990. –С. 276-277.

эпикалык мурастары бар элдердин арасында эпикалык айтуучулардын ролу алардан кем болгон эмес[51].

Совет доорундагы этнографтардын арасында өзгөчө орунду профессор С.М. Абрамзон ээлейт. орто Азия жана Сибирь элдеринин объективдүү этникалык тарыхын түзүү үчүн анын илимий изилдөөлөрүнүн мааниси абдан чоң. Ал, бул аймакта жашаган элдердин маданиятынын жана турмушунун өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу изилдеп, байыркы доордон жаңы заманга чейин болуп жаткан этникалык процесстердин татаалдыгын жана көп түрдүүлүгүн түшүнүүгө жол ачкан. С.М. Абрамзондун илимий изилдөөлөрү кыргыз элинин тарыхынын жана этнографиясынын негизин түзгөн.

Өзүнүн эмгектеринде профессор С.М. Абрамзон кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерине чоң көңүл бурган. Анын эмгегинин VI бөлүмү ушул темага арналган. Автор «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары» аттуу фундаменталдык монографиясынын «Дин жана культ» аттуу бөлүмүндө кыргыздардын диний культтарын кылдат талдоого алган. Ал исламга чейинки ишенимдин алгачкы формалары боюнча өзүнүн классификациясын коргоого эч кандай аракет кылбагандыгын моюнга алат. Бул кубулуштардын илимий классификациясы азырынча жок экендигине наразы болгон профессор материалды иретке келтирүү жана изилдөө үчүн өзүнүн схемасын колдонгон[52]. Ал Теңирчилик культун талдап, минтип жазган: «Кыргыздарда сакталып калган асман культу асманды азыркы кыргыздардын ата-бабалары улуу кудайлардын бири катары аздектеп келгендигинен шек туудурбайт, алар анын каарынан жана жазалоосунан коркушкан. Демек, байыркы түрктөр асман рухуна арнап курмандык чалгандай эле, кыргыздар да,

---

[51] Алымбаев А. Шаманская миссия эпического поэта. Qazaqtaný. **2019**. № 3 (3). С. 240-248. www.elibrary.ru/item.asp?id=42912071

[52] Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М.Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. –С. 292.

анын кечиримин алууга багышталган курмандыктарды чалууга аргасыз болушкан»[53].

Профессор Абрамзондун республикада этнографияны мындан ары өнүктүрүү боюнча айткандары илим үчүн чоң мааниге ээ. Ал кыргыздардын диний дүйнө таанымынын негизин өзүнүн догмалары жана ырым-жырымдары менен ислам дини түзөт деген пикир туура эмес деп эсептейт. Анткени кыргыздар илгертеден эле  канондоштурулган, исламга тиешеси жок ишенимди карманып келишкен жана ал көз караш азыркы учурда да кадимкидей күчүндө калууда.

Башка түрк элдери сыяктуу эле кыргыздардын да өз элинин тарыхына кеңири кызыгуусун ойготууда профессор Э.С. Маловдун[54] жана Л.Н.Гумилевдун[55] салымдары чоң.

о. Сулейменовдун атактуу «Аз и Я» аттуу эмгеги өз убагында катуу сынга алынып, көп жыйынтыктары төгүнгө чыгарылган... Андан бери бир топ убакыт өттү, эми ысмы дүйнөгө белгилүү окумуштуулардын ошондогу жыйынтыктары күлкүлүү сезилет. Мисалы, биз бул китептен Түрк элдеринин өз жазуусу жана алардын жалгыз кудайы – Теңир болгонун билдик.

о.Сулейменов «Теңирчилик» термини советтик илимий адабиятта жетимишинчи жылдарга чейин кездешкен эмес деп билдирген. Ал Теңиризмди планетадагы эң байыркы дин деп атаган жана «философиялык окуу катары 4-миңинчи жылдыктарда, христиан кудайы төрөлгөнгө чейин эле калыптанып калган, семиттик жана индо-ирандык диндердин энеси, ошондой эле ал байыркы Египетке олуттуу таасир эткен дүйнө тааным...”[56] деп жазган.

---

[53] Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М.Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. –С. 310.
[54] Малов, С.Е. Енисейская письменность тюрков [Текст] / С.Е.Малов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1952. –С. 4.
[55] Гумилев Л. Байыркы түрктөр. Бишкек. “Кыргызстан Сорос фонду”. 1999.
[56] Сулейменов, О. Аз и Я [Текст] / О.Сулейменов. – Алма-Ата: Жазушы, 1975. –С. 271.

Совет доорунда кыргыздардын ишенимдерин биринчилерден болуп изилдеген окумуштуулардын бири этнограф Ф.А. Фиельструп[57]. Тенирчиликти жана ал аркылуу кыргыз дүйнөтаанымын изилдөөгө салым кошкон окумуштуулардын катарына С.И. Ильясов[58], А.Жумагулов[59] жана Т.Ж.Баялиевдин[60] эмгектерин да атоого болот.

Алтымышынчы жылдар Б. Аманалиевдин белгилүү эмгектери[61] менен даңазаланды. 1963-жылы анын «Кыргыз элинин аң-сезиминдеги диний, динсиз жана атеисттиктик көз караштардын өз ара байланышы жөнүндө» деген эмгеги жарык көргөн. Тенириздин оригиналдуулугу жана анын түзүлүшү жөнүндөгү идеялар Б.А. Аманалиевдин «Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери» деген мазмундуу жана терен изилденген макаласында өнүктүрүлүп, бул проблема боюнча өзүнүн көз карашын ал кыска жана так баяндаган. Ал белгилегендей, «каралып жаткан мезгилдерде кыргыздарга мүнөздүү болгон диний аң-сезимдин формаларынан кандайдыр бир татаал түзүлүштөрдү табуу кыйын»[62]. окумуштуу Умай культун матриархаттын реликти катары мүнөздөйт. Андан ары автор Жер менен Суу культун кыскача баяндап, отту сыйынуу объектиси болгон, бирок кыргыздар отту «кудай катары эмес, ыйык элемент катары аздектеп», анын «ыйыктыгын» дарылык жана тазалоочу касиетин билишкенин деп белгилеген.

Ал, кыргыздарда «Теңирге» (Асманга) сыйынуу салты бөтөнчө орунда турарын чын дили менен мойнуна алат. Бул жерде көзгө көрүнгөн табигый

---

[57] Фиельструп, Ф.А. Из обрядовой жизни киргизов начала XX века [Текст] / Ф.А.Фиельструп. – М.: Наука, 2002.

[58] Ильясов, С.И. Пережитки шаманизма у киргизов [Текст] / С.И.Ильясов //Тр. ин-та яз. и лит. АН Кирг. ССР. – 1944. – Вып. 1. – С. 182-184.

[59] Жумагулов, А. Дин жана диний калдыктар [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1959. – 11 б.

[60] Баялиева, Т. Дж. Религиозные верования на территории Киргизстана в дореволюционный период. Т.Дж.Баялиева // Баялиева Т.Дж. Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление. – Фрунзе, 1981. – С.45.

[61] Аманалиев, Б.А. О соотношении религиозного, иррелигиозного и атеистического в сознании киргизского народа [Текст] / Б.А.Аманалиев // Изв. АН КиргССР. Сер. Обществ. наук. – Фрунзе, 1963. – Т.5, вып. 2: Философия, Эстетика. Право. – С. 33

[62] Аманалиев, Б.А. Доисламские верования киргизов. Б.А.Аманалиев // Религия, свободомыслие, атеизм. – Фрунзе, 1967. – С. 18-30.

элементтердин белгилери менен көзгө көрүнбөгөн белгисиз духтардын белгилери айкалышканын айтат. Ал эми Асман чыныгы сыйынуунун объектиси катары дагы эле "ар кандай" сыйынуудан үстөмдүк кыларын, анын бар экендиги көрүнгөн жана көрүнбөгөн бардык кубулуштарда сезилип турарын"[63] деп белгилеген.

Уруучулук түзүлүш доорундагы кыргыз элинин коомдук-саясий жана философиялык ой-пикиринин өнүгүшүнө чоң көңүл бурган академик А. Алтмышбаев болгон[64]. Ал дин жөнүндөгү маркстик-лениндик окууга таянып, кыргыздардын диний ишенимдерин мезгилдештирүүнү талдоого алып, биринчиден, байыркы мезгилде «адамдын аң-сезими дээрлик динсиз «жашаган» деп ырастаган. Экинчиден, кийинки доорлордо кыргыздардын коомдук аң-сезими будда жана ислам диндеринин үстөмдүгү астында өнүккөн. Үчүнчүдөн, адамдын турмушунда жана ой жүгүртүүсүндө марксизмдин-ленинизмдин окуусу алып келген революциячыл идеялар гана биздин аң-сезимибиздин динсиз өнүгүү мүмкүнчүлүгүн калыбына келтирди»[65] деп жазган. ошол эле учурда академик А.Алтмышбаев Тениризмге кеңири жана терең талдоо берген.

Профессор М.Абдылдаев Энесайдагы мүрзө жазууларын талдап, алар бир жагынан «Теңирдин образында жогорку Духтун, кудайдын бар экенине болгон ишенимди билдирет» деген тыянакка келген жана кыргыздардын диний ишенимдеринде Тенирге сыйынуу жогорку орунду ээлегенин белгилеген. ошондой эле автордун пикири боюнча исламдын таралышынын алгачкы этаптарында эле кыргыздар Тенирдин маңызын жана образын мусулман кудайы Алла менен тез жана оңой эле окшоштурушуп алышкан[66].

[63] Аманалиев, Б.А. О соотношении религиозного, иррелигиозного и атеистического в сознании киргизского народа. Б.А.Аманалиев // Изв. АН КиргССР. Сер. Обществ. наук. – Фрунзе, 1963. – Т.5, вып. 2: Философия, Эстетика. Право. – С. 19-20.
[64] Алтмышбаев, А.А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии . А.А.Алтмышбаев. – Фрунзе: Илим, 1985. –С. 25-58.
[65] Алтмышбаев, А.А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии . А.А.Алтмышбаев. – Фрунзе: Илим, 1985. –С.28.
[66] Абдылдаев, М. Из истории религии и атеизма в Кыргызстане [Текст] / М. Абдылдаев. – Бишкек: Илим, 1991. –С. 16-17.

Акыркы жыйырма жылдын ичинде, Россия Федерациясынын мурдагы союздук республикаларынын илимий чейрөлөрүндө тениризм проблемасына зор көңүл бурулууда. СССРдин кулашы, эркиндик жана демократия идеологиясы мурда ар кандай деңгээлде "тыюу салынган" проблемаларды активдүү чечүүгө мүмкүндүк берди. Бирок, бул тема боюнча басылмалардын көптүгүнө карабастан, ушул күнгө чейин аны изилдөөлөрдүн зарылдыгы актуалдуулугун сактап калууда. Анткени, изилдөө иштери салыштырмалуу, али да баштапкы этаптарда гана жүрүүдө.

окумуштуу тарыхчылардын, этнографтардын жана дин аалымдарынын, ошондой эле өткөн саякатчылардын эмгектерин изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

- II миң жылдыктын башына чейин түрк жана монгол элдери салттуу ишеним катары Теңир дүйнөтаанымын карманышкан, бирок, ар кандай этникалык топтордун өзүнүн өзгөчөлүктөрү болгон;
- бул ишеним эң жогорку жалгыз кудайды - Теңирди, аалам маанисиндеги Асмандын ээси катары түшүнгөн жана ошол эле учурда - улуу Духтун өзүн да билдирген;
- Кыргыз-түрк элдеринде Теңир-Тоо (Хан Теңир чокусу) башкы кудай "Тенирдин турагы" деп таанылган;
- илимпоздор Тенир ишенимине байланышкан кудайлар пантеонун, ошондой эле дүйнөнүн түзүлүшүн, анын "көп катмарлуулугун" изилдөөгө алышкан жана системалаштырышкан;
- Тениризмде дүйнөнүн жаралышы жөнүндө уламыш бар, ал убакыттын өтүшү менен бирге библиялык сюжетке абдан окшош болуп калган;
- Теңирчиликтин ичинде шаманчылыктын, башкача айтканда, ооруларды дарылоо, алдын ала айтуу жана төлгө айтуу сыяктуу салттары сакталган. Шаманчылык Теңирчиликке караганда кеч пайда болгондугу далилденген. Теңирчилик - диндин да ролун аткарган дүйнөтаанымдын, ал эми шаманизм сыйкырчылыктын бир түрү катары жашаган;

- түрк элдеринин тарыхынын алгачкы этаптарында да теңирчилик менен шаманчылык аралашкан эмес. Мисалы, Тенир ишенимин тутушкан элдер шамандар менен аялдарды өздөрүнүн жалпы сыйынуучу жайларына киргизбей коюшкан;
- тарыхый шарттарга байланыштуу шамандар өздөрүнүн функциялары катары диний ырым-жырымдарды аткара беришкен. ошондон улам көптөгөн ырым-жырымдар чаташып кеткен жана Теңирчилик менен шаманизм түшүнүктөрү бара-бара синоним болуп калган;
- түрк элдери өздөрүнүн жазма тилин жоготуп алгандыктан, Теңирчиликтин догмаларынын, канондорунун, культ жана ырым-жырымдарынын консолидациясы толук сакталган эмес;
- түрк-монгол элдеринин тарыхында мамлекеттерди (Чыңгызхан империясы) түзүүдө Тенир дүйнөтаанымы чечүүчү фактор болгондуктан, аны өз алдынча дин катары түзүүгө умтулуу аракеттери катталган. Бирок дүйнөлүк диндер тоскоолдук кылып (Алтын ордо - ислам, Монголия - буддизм ж.б.), аны дин катары иштеп чыгуу жана калыптандыруу аракеттери ишке ашпай калган;
- дүйнөлүк диндерди кабыл алууда дүйнөлүк диндердин ырым-жырымдарынын айрым элементтери Теңирчиликтин ритуалдары менен аралашып кеткен[67].

***

**3-Бапта** негизинен этнофилософиялык аспектиден каралган этнологиялык маселелерге тиешелүү кыргыз элинин тотемдик дүйнөтаанымы талдоого алынды. Эгерде этнология менен этнография жалпы таанылган илим катары эбак эле калыптанып, гумманитардык илимдер арасында өз орундарын ээлешкен болсо, жогоруда айтылгандай, этнофилософия али толук калыптана

[67] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014.

элек илим, бирок бүгүнкү күндө ал акырындап өз алдынча илимий тармак катары бөлүнүп, өсүп чыгуу жолунда баратат.

Этнофилософияга негиз салган алгачкы окумуштуулардын бири Генрих Рюккерт (1823-1875)., ал - Герман урууларынын байыркы тарыхын жана маданиятын изилдеген немис тарыхчысы.

Анын ою боюнча, адамзат бир бүтүн организм катары жашабайт, андыктан “дүйнөлүк тарых” деген жок нерсе. Ар бир маданий-тарыхый этностун же индивиддин өзүнүн тарыхы бар: ал пайда болот, өнүгүп-өсөт, анан эртеби-кечпи кыйрап жок болот. Андыктан адамзаттын тарыхы - ал бирдей өнүгүүчү процесс эмес, ал параллел өнүккөн маданий-тарыхый организмдердин же индивиддердин суммасы. Рюккерт: “адамзат реалдуу көрүнүш эмес, ал ойлонуп, табылган термин”[68] деп жазган.

Тарыхый өнүгүп-өсүүнүн бир нече жолу бар, ошол жолдор менен өнүгүп жаткандардын ичинен кезек-кезеги менен бирөөсү алдыга чыгып, калгандарын башкарат же алардын өнүгүүсүнө өз таасирин тийгизет. Бүгүнкү күнү ал роль Батыш Европага таандык. Батыш Европалык жол бүгүнкү күнү жалпы адамзаттыг жолу. ошондуктан европалык эмес элдер европалыктарды ээрчип өнүксө туура болот деп, ал өзүнүн евроборбордук көз караштан улам айтылган дүйнөнү европалаштыруу жолун сунуш кылган[69].

Николай Яковлевич Данилевский (1822-1885) орус социологу, маданият таануучу, публицист жана натуралист; геосаясатчы, тарыхты изилдөөгө цивилизациялык мамиленин сунуш кылган жана анын негиздөөчүлөрүнүн бири, панславянизмдин идеологу.

Данилевскийдин «Россия жана Европа»[70] аттуу негизги эмгеги биринчи жолу 1871-жылы «Заря» журналында жарык көргөн. Китеп орусияда чоң атак-даңкка ээ болуп, жазуучу өлгөндөн кийин гана тарай баштаган.

[68] Семенов Ю. И. Философия истории. — М., 2003. С. 153.

[69] Семенов Ю. И. Философия истории. — М., 2003. С. 153.
[70] Данилевский Н. Я Россия жана Европа. – М.: “Книга”, 1991.

Данилевскийдин теориясын көп окумуштуулар сын көз менен карап, ар кандай пикирлерин билдиришкен. орустун улуу жазуучусу В.В. Достоевский китепти, «ар бир орус окуй турган китеп» деп өтө жогору баалаган. Данилевский К.Леонтьевдин көз карашына күчтүү таасир эткен, философ аны өзүнүн устаттарынын бири катары эсептеген. Ал эми Н.Трубецкой болсо, өзүн Данилевскийдин историософиялык көз караштары боюнча мурасчысымын деп эсептеген. «Россия жана Европага» Л.Гумилев да жогору баа берген. Китептеги негизги идея: "Европа биз үчүн жат эле эмес, ал тургай душман дагы, анын кызыкчылыктары биздин кызыкчылыктарыбыз боло албайт, ал турсун көпчүлүк учурда аларга түздөн-түз карама-каршы келет"[71] деп айтылат.

ошентип, философиялык сциентизмдин[72] жалпы идеяларына ылайык, Совет мезгилинде ата мекендик ой жүгүртүүнүн дагы бир маанилүү багыты болгон этнофилософияга негиз салынган. Бул агымдын негиздөөчүсү лингвист, этнограф жана евразиялык идеянын идеологу Николай Сергеевич Трубецкой (189о–1938) болуп эсептелет. Ал Москвада Москва университетинин ректору С.Н.Трубецкойдун үй-бүлөсүндө туулган.

С. Н. Трубецкий өзүнүн этномаданий багыттагы изилдөөлөрүндө «евроцентризмди» катуу сынга алган. Этнофилософия боюнча биз азыр сөз кылып жаткан анын идеялары: «Европа и человечество»[73] (192о), «о туранском элементе в русской культуре»[74] (1925), «Наследие Чингисхана» (1925), «К проблеме русского самосознания»[75] (1927), «общеславянский элемент в

[71] Данилевский С.Н. Россия и Европа. М. "Книга", 1991. -С.124.

[72] Scientism (латын тилинен scientia – билим, илим) – бул: Дүйнө таанымдын позициясы, ага ылайык илим ишенимдүү жана объективдүү билимдин бирден бир түрү болуп саналат, ошондуктан анын негизинде жана ага негизделген технологиялар аркылуу гана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө, этикалык стандарттарды негиздеп, бүтүндөй коомду өнүктүрүүгө болот.
Табигый илимий методдор универсалдуу деген ишенимге негизделген методологиялык сциентизм табият илимдеринде гана эмес, коомдук жана гуманитардык илимдерде да колдонулушу мүмкүн.

[73] Европа и человечество \\ Трубецкий Н. Наследие Чингисхана. М. "ЭКСМО". 2007. -С.79-289.

[74] О туранском элементе в русской культуре\\ Трубецкий Н. Наследие Чингисхана. М. "ЭКСМО". 2007. -С.198-226.

[75] К проблеме русского самосознания. \\ Трубецкий Н. Наследие Чингисхана. М. "ЭКСМО". 2007. -С.149-289

русской культуре»[76] (1927) деген эмгектеринде чагылдырылган. Бул эмгектери акыркы жолу өз алдынча жыйнак катары “Наследие Чингисхана”[77] деген ат менен жарык көргөн. Анын көз карашы боюнча, “Европа маданияты – ал жалпы адамзаттын маданияты эмес; ал «белгилүү бир этникалык топтун, тактап айтканда, романо-германдардын тарыхынын туундусу гана»[78]. Евроцентризм – улуттук маданий эгоцентризм, ал европалык маданияттын ички мазмунун гана аныктабастан, анын дүйнөгө жайылышына шарт түзүүчү жана башка маданияттын ээлерин кулчулукка, өлүмгө дуушар кылуучу фактор.

Евразиялык идеологиянын алкагында совет доорунун эң белгилүү тарыхчыларынын жана географтарынын бири **Лев Николаевич Гумилев (1912–1992)** да өзүнүн этнологиялык жана этнофилософиялык теориясын иштеп чыгууда чоң роль ойногон. Ал Царское Селосунда орус акындары Николай Гумилев менен Анна Ахматованын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Анын этнология жана этнофилософия боюнча идеялары: «Этногенез и биосфера Земли» (1989) жана «Древняя Русь и Великая Степь» (1992) – деген эмгектеринде чагылдырылган. Бул эмгектер кыргыз тилинде да басылып чыккан[79].

Белгилүү орус окумуштуусу В.И. Вернадскийдин биосфера жөнүндөгү окуусуна таянып, Л.Гумилев этногенездин пассионардык теориясын түзгөн. Бул теориянын негизги максаты адам жашаган чөйрөдөгү анын жашоосу менен байланышкан тирүү materиянын өзгөрүү процессине байкоо жүргүзүү болуп саналат. Эгерде В.Вернадский биосферанын өнүгүшүн бүтүндөй сүрөттөп, ноосфераны жалпы мүнөздө гана белгилесе, Л.Гумилев өзүнүн көңүлүн адамзаттын тарыхын жандуу материянын эволюциясы менен болгон

[76] Обшеславянский элемент в русской культуре. \\ Трубецкий Н. Наследие Чингисхана. М. “ЭКСМО”. 2007. -С.226-289.
[77] Трубецкий Н. Наследие Чингисхана. М. “ЭКСМО”. 2007.
[78] Трубецкой И.С. Европа и человечество. - София, 1920. -С. 5.
[79] 1. Гумилев Л. Этногенез жана жердин биочөйрөсу. Бишкек. “Кыргызстан-Сорос” фонду. 1999.; 2. География этноса в исторический период. Ленинград. “Наука” Ленинградское отд., 1990.

байланышын изилдөөгө бурган. Изилдөөнүн предмети фактылык материалдарды тереңирээк талдоону жана ошону менен бирге кеңири жалпылоолорду талап кылган.

Академиялык изилдөөнүн обьектиси болгон этнофилософия – ал оозеки салттарды комплекстүү изилдейт. Бул термин алгач 196о-жылдары француз тилинде сүйлөгөн африкалык философтор тарабынан илимий айлампага киргизилип, ал демилге англис тилинде сүйлөгөн африкалык философтор тарабынан колдоого алынган. Анын алгачкы үлгүсү болуп, жергиликтүү элдерге таандык 44 динди изилдеген белгиялык миссионер Пласидо Темпельстин[80] (19о6—1977) "Банту философиясы" (1945)[81] деген эмгеги болуп саналат. Темпелс африкалык же философ болбосо да, 1959-жылы англис тилинде "Bantu Philosophy" деген ат менен жарык көргөн китеби африкалык философияга чоң таасирин тийгизген.

Ал өзүнүн эмгегинде, Сахаранын түштүгүндө жашаган африкалык банту элинин маданиятынын эч кимге белгисиз өзгөчөлөнгөн философиясы бар экени кеп кылат. Темпелстин айтымында, банту тилинде сүйлөгөн коомдордун ой жүгүртүүсүндөгү негизги метафизикалык категория Күч болуп саналат. Башкача айтканда, реалдуулук динамикалуу көрүнүш, ал эми Болмуш (бытие) - Күч.

Көп өтпөй африкалык изилдөөчүлөр африкалык философияны чечмелей баштады. Алардын биринчиси, 1956-жылы «Банту-Руандык болмуштун философиясы» аттуу китебин чыгарган руандалык аббат Алексис Кагаме (1912-1981)**[82]** болгон. Ал теология профессору катары Руанданын оозеки

---

[80] Франс Темпелс Бельгиянын Берлаар шаарында төрөлгөн. Ал 1924-жылы францискандык семинарияга киргенден кийин "**Пласид**" деген атты алган. 1930-жылы дин кызматына дайындалып, 1933-жылы Бельгия Конгосуна (азыркы Конго Демократиялык Республикасы) жиберилген. Ал жерде ал жыйырма тогуз жыл жашаган. 1962-жылы апрелде ал Хассельттеги францискан монастырына кайтып келип, 1977-жылы каза болгон.

[81] Алгач француз тилинде жарык көргөн бул эмгек, 1959-жылы англис тилине которулуп басылган.

[82] Алексис Кагаме (1912-1981) руандалык философ, лингвист, тарыхчы, акын жана католик дин кызматчысы болгон. Анын негизги салымдары этнотарых жана этнофилософия (жергиликтүү элдердин философиялык системаларын изилдөө) тармактарында болгон.

тарыхы, каада-салттары жана адабияты боюнча кеңири изилдөөлөрдү жүргүзгөн жана бул темада француз жана киньяруанда тилдеринде жазылган бир нече китептерин чыгарган. ошондой эле ал ыр да жазган, анын бир нече ырлар жыйнактары жарык көргөн.

Темпелске окшоп, ал да жамааттык көз карашка негизделген жана өзгөрүлбөс банту философиясынын бар экендигине ишенген. *А*. Кагаме оозеки жашап келген «жамааттык философия" жеке адам «жазган» философиядан жогору турат деп эсептеген. Анткени, көпчүлүк биргелешип иштеп чыккан жоболор универсалдуу ишенимге айланат жана тактоону талап кылбайт, ал эми «жалгыз философ» тарабынан айтылган тезис туура эмес болуп калышы мүмкүн[83]. Бирок, көптөгөн европалык изилдөөчүлөр "африкалык философия" али калыптана элек" деп эсептешет. Анткени, африкалык философия оозеки айтылып келген диний ишенимдин салттарына таянат[84].

Коомчулуктун көңүлүн бурган экинчи бир философиялык эмгек африкалык дин таануучу Жон Мбитиге**[85]** (1931-2о19) таандык. Ал учурдагы "африкалык динтаануу илиминин атасы" деп саналат.

Жон Мбитинин жазганы боюнча: "Африкалык диндердин негиздөөчүлөрү да, реформаторлору да жок. Алар улуттук баатырларды, лидерлерди, башкаруучуларды жана башка атактуу эркектер менен аялдарды өздөрүнүн ишенимдерине жана мифологияларына кошуп, синирип алышкан. Бул адамдардын айрымдары жогорку улуттук денгээлге чейин көтөрүлүп, табияттын обьектерин жана кубулуштарын өзгөртүүчү жана адамдардын тагдырына таасир берүүчү кудайлар катары каралышы да мүмкүн"[86].

---

[83] Философия: Проблемы мира, войны, армии и национальной безопасности: учеб. [Текст] / А. Г. Наумлюк, Е. В. Листвина, В. И. Лубяной, Д. В. Михель, С. В. Постников, Р. Г. Хабибулин; под общ. ред. канд. пед. наук, доц. Немчининова А. В. [Текст]. – Саратов: ООО «Амирит», 2015. – 202 с.
[84] Философия: Проблемы мира, войны, армии и национальной безопасности: учеб. [Текст] / А. Г. Наумлюк, Е. В. Листвина, В. И. Лубяной, Д. В. Михель, С. В. Постников, Р. Г. Хабибулин; под общ. ред. канд. пед. наук, доц. Немчининова А. В. [Текст]. – Саратов: ООО «Амирит», 2015. – 202 с.
[85] Жон Самуэль Мбити (1931-2019) – Кенияда туулган христиан философу жана жазуучусу. Ал дайындалган англикан дин кызматчысы болгон жана "заманбап африкалык теологиянын атасы" деп эсептелет.

[86] **dzen.ru›Мбити: Философ, бросивший вызов "демоническому" взгляду на** африканскую религию.

Жазуучу, философ жана президент Л.С.Сенгор (1906-2001)[87] өзүнүн китептери, макалалары жана сүйлөгөн сөздөрү аркылуу дүйнөнү таанып-билүүнүн жана көрүүнүн африкалык негр жолунун уникалдуулугу жөнүндөгү идеяны даңазалайт. Ал заманбап европалык философияны сындап, философиялардын төмөнкүдөй түрлөрүн көрсөтөт:

а) мистикалык философия (индуизм, буддизм, африкалык ишенимдер);

б) пайгамбарлык философия (иудаизм, христианизм, ислам);

в) сынчыл философия**,** гносеологиялык акт менен чектелип, субъект менен объекттин дуализминен келип чыккан окуу[88].

Л.С.Сенгордун оюу боюнча, африкалык философиянын негизги өзгөчөлүгү анын калкынын диний ишенимдеринде жана анын мистикалык табиятында. Башкача айтканда, африкалык адам дүйнөнү мистика, ар кандай образдар жана символдор аркылуу таанып. Интуиция таанып билүүнүн негизги формасы болуп саналат. Бардык нерседе токтоолукту, кыраакылыкты жана прагматизмди талап кылган Батыш философиясынын идеологиясынан Африкалык философияны айырмалап турган нерсе дал ушул.

окумуштуулардын жана эмгектерин изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй **тыянактарды** чыгарууга болот:

1. Ар бир элдин өзүнүн өзгөчөлөнгөн маданияты бар, ар бир өзгөчөлөнгөн маданият өзүнчө философияга ээ;
2. “Адамзаттык маданият” деген түшүнүк абстрактуу түшүнүк, ал улуттук өзгөчөлүккө ээ болгон учурда гана конкрет маданияттын ээсине айланат. Анткени, конкрет маданиятты улут гана түзөт;
3. Европалык маданият – ал романо-германдык топтун маданияты, ал адамзаттык маданият эмес;

[87] Л.С.Сенгор (1906-2001) француздук жана сенегалдык саясаттаануучу, акын жана философ. Сенегал республикасынын Биринчи Президенти (1960—1980).
[88] Корнеев М.Я. Метафизика, эстетика и компаративистика Леопольда Седара Сенгора (рус.) // Мыслители. — 2002. — № 11

4. Евразиялык маданияттын ээси ушул аймакта жашашкан жана аны жаратышкан евразиялык улуттар тобу гана боло алат;
5. Улуттук маданият – ал этнофилософия илими изилдөөчү обьект, ал өзүнүн өзгөчөлүгү менен гана жалпы адамзаттык маданияттын курамын толуктайт.
6. Улуттук маданият гана эмес, ошол маданиятты жараткан элди да изилдеш керек;
7. Этнофилософия жалпы философия илинин бир тармагы катары келечекте өзүнүн татыктуу ордун ээлеши керек.

***

**4-БАПТА** Кыргыз дүйнөтаанымынын антропологиялык маселелерине байланышкан ата-бабалар арбагына сыйынуу культу жана мифо-эпикалык чыгармалардагы "дүйнөлүк адамдын" образы тууралуу маселелер талдоого алынды. Алгач Адамтаануу илими жөнүндө же антропология деп аталган илим тууралу. Антропология — адамды биологиялык, маданий жана социалдык жаныбар катары изилдеген илим. Бул илим адамдын эволюциясынын тарыхын, маданияттын жана коомдук түзүлүштөрдүн өнүгүшүн изилдеп, ар түрдүү маданияттар менен коомдордун салыштырма анализдерин жүргүзөт.

Антропология илими биология, социология, тарых жана башкалар сыяктуу түрдүү илимдерди жана билимдерди бириктирет. Бул антропологдорго адамдарды көп тараптуу кубулуш катары кароого, ошондой эле ар түрдүү маданияттар жана коомдор арасында салыштырма изилдөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Антропология 19-кылымда түрдүү маданияттарды жана элдерди изилдөөчү илим катары пайда болгон[89].

---

[89] Википедия.

Ал эми философиялык антропология – адамдын маңызы жана маанилүү түзүлүшү, анын табиятка, коомго, башка адамдарга, өзүнө болгон негизги мамилелери, анын келип чыгышы, анын болмушунун социалдык жана метафизикалык негиздери, анын жашоосунун негизги категориялары жана мыйзамдары жөнүндөгү илим.

Биз диссертациялык иште негизинен “Манас” эпосуна жана Манастын образына кайрылабыз. Манас — кыргыз элинин улуу баатырдык эпосу, ал дүйнө жүзүндөгү эң чоң поэма болуп эсептелип, эң көлөмдүү варианты “555 миң” ыр сабына чейин жетип, анын үч бөлүгү: "Манас" — 84 83о сап; "Семетей" — 397 775 сап; "Сейтек" — 17 948 ыр саптарынан турат. Бул варианттар улуу манасчы С.Каралаевге таандык.

"Манас" эпосунун өзүн эле алганда, эң чоң көлөмдөгү варианттар төмөнкүлөр:

1. С. орозбак уулу (орозбаков) - 18о 378 сап;
2. С. Каралаевден — 84 83о сап ;
3. М. Чокморов — 1о3 о9о;
4. Жусуп Мамайдан - 53 28о сап.

**"Манас" эпосу** — кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолун ыр менен баяндаган эпикалык чыгарма. Эпосто бир адамдын башынган өткөн тагдыр эмес, бүтүндөй Кыргыз элинин байыртан берки тарыхы чагылдырылган. "Манас" эпосунун жаралуу доору боюнча азырынча негизги үч божомол (гипотеза) бар:

1. орхон-Енисейлик доор (VII-IX к.к.) (проф. М. о. Ауэзов, проф. А. Н. Бернштам),
2. Алтай доору (IX-XI к.к.) (Б. М. Юнусалиев),
3. Жунгар доору (XVI- XVIII к.к.) (проф. А. К. Боровков, проф. И. Л. Климович)[90].

[90] Б. Юнусалиев. "Манас" эпосу 1т. Кириш сөз, -Ф., 1958. 6-б.

Менин жеке пикиримде “Манас” эпосунун жаралышын миң жылдын тегерегинде карасак болот. Бирок, Манастын өзүнүн жашап өткөн мезгилин жана андагы каармандардын жана окуялардын жылдарын бир мезгилге таандык кылып айтуу туура эмес. “Манас” эпосу Кыргыз эли жаралгандан бери айтылып келаткан тарых. Эгер Кыргыздын жаралганына “3” миң жыл болсо, анда эпосто “3” миң жылдык тарых, эгер Кыргыздын жаралганына “7” мин жыл болсо, анда эпосто “7” мин жылдык тарых камтылган. Демек, Элдин ар кайсы кылымдагы басып өткөн жолу жана андагы болуп өткөн орчундуу окуялар эпоско кошулуп отурган. Мисалы, эпосто “Биринчи Адамдын” жаралышынан баштап, кечеги жунгар менен болгон согушка чейинки окуялар камтылган. Салыштырып изилдөөлөрдө биз “Манас” эпосу менен “Билгамеш” (шумер) эпосторунун ортосундагы бир нече параллел окуяларды жана образдагы окшоштуктарды таптык.

«Манас» эпосу жөнүндө» изилдеген окумуштуулардын аттары жана эмгектери манастаануучу М.Мамыровдун “Манас» эпосу жөнүндө”[91] китебинде берилген. Китеп: 1. «Манас» эпосун биринчи жыйноочулар жана изилдөөчүлөр, 2. «Манас» эпосунун советтик мезгилде изилдениши” деген эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм эпосту эң алгач изилдеген окумуштуулар Ч. Валиханов, В. В. Радловдун «Манас» жөнүндөгү жазгандарына арналган.
«Манас» эпосунун советтик мезгилде изилдениши деген экинчи бөлүм түркolog П. А. Фалевдин 1922-ж. «Наука и просвещение» журналына жарыяланган «Кара кыргыздардын жомоктору кандай түзүлөт» деген макаласы жөнүндө учкай сөз кылуу менен башталат да, бул бөлүмдүн басымдуу бөлүгү М. о. Ауэзовдун «Манас» жөнүндөгү изилдөөлөрүнө арналган.

Китептин соңунда С. М. Абрамзон, В. М. Жирмунский, А. Бернштам, Б. М. Юнусалиев, П. Н. Берковдун «Манас» эпосун окуп үйрөнүүгө арналган эмгектерине аннотациялык маанайдагы мүнөздөмөлөр берилет.

---

91 Мамыров М. Манас» эпосу жөнүндө» Фрунзе. 1964. 42-б.

## 1.2. Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнө таанымын изилдөөнүн негизги методологиялык принциптери

Мифоэпикалык дүйнөтааным мифоэпикалык ан-сезимдин пайда болушу менен түз байланыштуу. Мифоэпикалык ан-сезим, мифологиялык аң-сезимдин эволюциялык өнүгүшүндө уруунун архаикалык, хтоникалык мифологиясынан кийин пайда болгон алгачкы коомдун баатырдык аң-сезимди калыптандырган жол менен уланат. Акыры мифоэпикалык аң-сезим өзүнүн эволюциясынын жүрүшүндө, социалдык себептердин таасири астында мифологиядан ажыратылат. Мифологиялык аң-сезим эпикалык аң-сезимге орун бошотот[92].

Бирок, эпикалык аң-сезимдин мифологиялык табияты мифке синирилген эпостун түрлөрүн "мифологиялык-эпикалык ан-сезим" деп өзүнчө бөлүп, жанр катары айтууга негиз берет[93]. Миф жана эпос изилдөөчүлөр: «ар бир эпостун артында диний маанисин жоготкон миф бар» деп белгилешет[94]. Ага улай, эпостун мифологиялык катмарын изилдешкен окумуштуулар эпостун өзү кандайдыр бир деңгээлде мифологиялык окуялардын жыйындысы экенин айтышкан[95].

Миф жана эпос изилдөөчүлөр да эпостун мифологиялык материалга бай экенинен тышкары, эпосто адамдын аң-сезиминин өнүгүүсүнүн жаңы этабын көрүшөт. Эпикалык аң-сезимде «элдик даанышмандыктын чыныгы казынасы, дүйнө жана жашоо жөнүндөгү, адамдын өзү жана анын максаты жөнүндөгү элдик ойлор» бар экендигин изилдөөчүлөрдүн баары бирдей белгилешет[96].

---

[92] Шенкао М.А. О специфике мифо-эпического сознания. "Вестник Российского философского общества" №1, 2011.
[93] Гачев Г.Д. Содержательность художественных форм (эпос, лирика, театр). М., 1968. –С. 24.
[94] Фрейденберг О.М. Поэтика сюжета и жанра. Л., 1936. –С. 258, 261, 281.
[95] Лосев А.Ф. Античная мифология в ее историческом развитии. М., 1957. –С. 70, 72, 78-79; также Лосев А.Ф. Гомер. М., 1960. –С.122, 170-171; также Лосев А.Ф. История античной эстетики (ранняя классика). М., 1963. –С. 102, 144, 165, 195.
[96] Кессиди Ф.Х. От мифа к логосу. М., 1972. –С. 66, 68.

Эпос – биздин замандын мифтен логикага өтүүчү эң маанилүү өткөөл жолу. Дал ушул эпикалык аң-сезимдин ичинде биз биринчи жолу эркин инсанды, анын акыл-эсинин жетилгендигин жана күчүн көрөбүз. Ф.Х Кэссидинин айтканы боюнча, философия мифологиядан эмес, түздөн-түз эпостон өсөт**.** Алгачкы эпикалык салыштыруулар, натурфилософиялык түшүнүктөр жана поэтикалык метафоралар ж.б.у.с. бара-бара кристаллдашып тазаланат[97]. Анткени, эпос өтө жаңы, өтө таза аң-сезим эмес, ал ар дайым мифологиялык элементтер коштогон жанр[98].

Ошентип, изилдөөчүлөрдүн жазгандары боюнча, эпикалык аң-сезим аралаш аң-сезим. Бул аң-сезимдин түпкү архетибин ошол эле мифологиялык ой жүгүртүү принциптеринен издөө керек. Эпостогу ой жүгүртүүнүн материалы жана стили да мифтик көп окшоштуктарга ээ. Бирок эпос, башкача айтканда, мифоэпикалык аң-сезим мифологиялык аң-сезимге окшош эмес[99]. Андан өзүнүн кандайдыр бир денгээлде айырмаланып турган өзгөчөлүктөрү бар жогорку катмар. Биринчиден, миф - уруктун, ал эми мифоэпикалык аң-сезим патриархалдык уруктун, кийинчерээк жамааттардын, ошондой эле жогоруда белгилегендей «топтордун» туундусу. Ал эми, бул жерде “топ” канга байланыштуу эмес, жашоо образы менен байланышкан адамдардын жамааты.

Мифоэпикалык аң-сезимде «эл» деген түшүнүк бар. Андай аң-сезим да элдин каада-салтын, наркын калыптандырат. Эл чындыгы эпосто урук чындыгынан жогору орунга коюлат. Мифо-эпикалык аң-сезимде адам биринчи жолу ата-бабалары, кудайлары белгилеген жүрүм-турум нормаларынан чыга баштайт. Мифте каармандар кудайлар болсо, мифоэпикалык аң-сезимде алар адамдар, же кудайлардан жана адамдардан тараган баатырлар. «Адамдар бардык нерсеге тең ата катарында каршы турган

---

97 Кессиди Ф.Х. От мифа к логосу. М., 1972. –С. 68, 74, 91
98 Гринцер П.А. Древнеиндийский эпос. М., 1974. –С. 282;
99 Шенкао М.А. Журнальный клуб Интелрос. “Вестник Российского философского общества” №1, 2011.

өзүнчө инсандарга айланат»[100]. Эпикалык баатыр өзүнүн жашоо максаттарын, иш-аракеттерин жана жашоо приниципнтерин аң-сезимдүү жасайт. Тагдырдын тоскоолдуктарына карабастан, өзүнүн коомдогу ордун жана жашоодогу максатын түшүнүү үчүн алдыга умтулуу сезимдери каармандарда күчтүү болот. “Бирок бул эркиндик жана өзүн-өзү калыптандыруу кудайдын буйругу менен болгондуктан, баатырлар көп учурда  азаттык үчүн жазаланган тагдырларга туш келет»[101]. Табият сырларын толук өздөштүрө элек болсо да, эпосто адам жаратылыштан коркпойт. Эпостогу адам табияттын кээ бир формаларын, түзүм элементтерин айырмалайт. Ал жаратылыштын мыйзамдарын таанып билет жана эс тутумунда сактайт. Бирок, баары бир адамдын алдында руханий, өзүн-өзү камсыз кылуучу кебелбес ишеним жатат. Эпостун өнүккөн формаларында кудайлар менен күрөшкөндүгү үчүн жазадан качкан каармандардын фактыларына да жолугабыз. Кудайга каршы күрөш – элдин кызыкчылыгы үчүн урук-салттын бузулушунун көрсөткүчү. Кудай менен күрөшүү – бул коомдун салттуу аң-сезимине туура келбеген жаңы жүрүм-турумдун бир түрү. Эпостун каарманы ата-бабаларына караганда эпчил, амалкөй, акылдуу жана кайраттуу болушат. Алар «үй-бүлөнү» сактап калыш үчүн кудайлардын жана ата-бабалардын буйругун аткарып гана тим болбостон, керек болгон учурда аларга каршы күрөшкө да чыгышат.

Кудайдын уулу экенине карабай, эпикалык баатырдын иш-аракеттерине байланышкан жагдайлар адаттан тыш жана сыйкырдуу көрүнүштөргө ээ. Эпостун каарманы төрөлгөндөн көп өтпөй эле басып кетет, же бир адаттан тыш нерсе кылат, же бир чоң максаттарга умтулат. Аны байкап калган баланын атасы уулун жок кылууга аракет кылат. Бирок, баланы сыйкырдуу күчтөр алып кетип, жашырып коюшат. Асырап алган ата-энелер уулун өзүнчө башка бир жерде же өлкөдө багып чоңойтушат. Эпосто баатырдын балалык чагы аз айтылат, көп учурда дастан анын жетилген курагынан башталат.

[100] Лосев А.Ф. Античная мифология в ее историческом развитии. М., 1957. –С. 72.
[101] Кессиди Ф.Х. От мифа к логосу. М., 1972. –С. 85.

Баатыр бат эле эр жетип, мекенине кайтып келет. Бул жерде ал ажыдаарды, алпты, же бийликти басып алган ханды жана элди эзүүчү терс каармандарды жеңип, сулуу ханбийкеге үйлөнөт.

Мифтик-эпикалык аң-сезимдеги мейкиндик жана убакыт түшүнүктөрү көбүрөөк социалдаштырылган. ошентип, мифтеги дүйнөлүк дарактын ордун жердин борбору болгон Дүйнөлүк Тоо же баатыр жашаган жер, же дүйнөлүк эл жашаган өрөөн алмаштырат. Эпостогу дүйнө, тескерисинче, кудайлардын жаратуусу эмес, ал табияттын жаралышын, Угуз хан же Манас сыяктуу дүйнөлүк баатырдын жаралышын кабарлайт.

Демек, мифоэпикалык аң-сезим мифологиялык аң-сезимдин өзгөчө фазасы болуп саналат. Мифологиялык-эпикалык аң-сезимдүү адам өткөндүн квази-тарыхый образдарында ойлонбой, өз элинин жандуу тарыхы менен алектенет жана сезимдик ой жүгүртүү, абстракттуу идеялар менен ой жүгүртөт[102]. Мифоэпикалык аң-сезим –ал аң-сезимдин тарыхка чейинки абалы[103].

Элди этностук топко бириктирген эң биринчи улуу күчтөрдүн бири – бул ишеним. Биринчиден, ал этникалык топтун ар бир инсаны үчүн жалпысынан түшүнүктүү болгон маданий нормаларды: жүрүм-турум эрежелерин, ырым-жырымдарды жана тыйууларды калыптандырат. Мунун баары адамдарды бир этникалык топко бириктирет.

Дин «биргелешип чогу ойлонууга» мүмкүндүк берет, диний догмалар поэтикалык ыргакка ээ тилдин, искусствонун жана ырым-жырымдардын жардамы менен этностук топтун ар бир мүчөсүнө түшүнүктүү жана жакын. Адамзат дүйнө таануу процессинде илимдин ачылышына барабар болгон

---

[102] Богомолов А.С. Диалектический логос. М., 1982. –С. 28-29, 31
[103] Шенкао М.А. О специфике мифо-эпического сознания. “Вестник Российского философского общества” №1, 2011.

эбегейсиз чоң ачылыш жасады - ал көрүнгөн “бул дүйнө” жана көрүнбөгөн “тиги дүйнө” деп дүйнөнү экиге бөлдү. Бирок, эки дүйнө биригип, бир бөлүнгүс Космосту түзгөн, экөө тең бир бүтүндүктү түшүндүргөн. Бул адамдын үйү болгон дүйнөнү башаламандыктан иреттелген системага алып өтүү үчүн зарыл болгон.

Бул тууралуу белгилүү окумуштуу К.Леви-Стросс («Неолит адамы узак илимий салттын мураскери болгон») байыркы адамдардын мифологиялык ой жүгүртүүсү илим сыяктуу эле интеллектуалдык денгээлдеги аргументтерге негизделген деп ырастаган. Анын жазганы боюнча, примитивдүү адам көптөгөн абстрактуу түшүнүктөр менен аралаш жашап, жаратылыш кубулуштарына, анын ичинде жүздөгөн түрлөргө комплекстүү мамиле кылат жана аларды классификациялайт. Леви-Строccтун структуралык антропологиясы, примитивдүү диний ишенимдер өз убагында адамдын дүйнөнү таанып билүү үчүн илимге тете күчтүү интеллектуалдык курал болгонун көрсөтөт. Ал мындай дейт: “Бул жерде айырма логикалык ой жүгүртүүлөрдүн сапатында эмес, логикалык анализге дуушар болгон кубулуштардын өздөрүнүн табияттарында... Прогресс адамдын ой жүгүртүүсүндө эмес, адамзат жашап жаткан дүйнөнүн өзүндө болгон”[104].

Өз кезегинде К.Маркс динди материалдык мамилелердин туундусу катары көрсөтүп, ошону менен диндин адамдарды бириктирүүдөгү активдүү ролун толугу менен четке каккан[105]. Бул вертикал байланыш боюнча да, диндин үстөмдүк кылуу каражаты катары гана эмес, адамдарды «горизонталдык» жамааттар боюнча да байланыштырган күч катары ойноп келген ролун тануу дегендик.  Бул көз караш этнология илиминдеги заманбап изилдөөлөргө да карама-каршы келет.

М.Вебер, өзгөчө ишенимдин көз карандысыздыгын баса белгилеп, «диний идеялардын келип чыгышы экономикага көз каранды болбойт» деп жазган. Ал

[104] Леви-Стросс, К. Структурная антропология [Текст] / К.Леви-Стросс. – М.: Наука, 1983. –С. 287-288.
[105] Маркс, К. Немецкая идеология. К.Маркс, Ф.Энгельс. - М.: Политиздат, 1988. –С. 27-28.

баса белгилегендей, диний идеялар да «улуттук мүнөздүн» ажырагыс бөлүгү болуп саналат, алар өз алдынчалыгын сактайт жана коомдун кыймылдаткыч күчү катары өзүнүн мыйзамдарына ээ[106].

Диний идеялар жеке тажрыйбадан келип чыкпайт, алар биргелешкен ой жүгүртүүдө гана өнүгүп, адамзат тарыхындагы коомдук аң-сезимдин биринчи формасы болуп калат. Диний ой жүгүртүү социоборбордук мүнөзгө ээ, ошондуктан этногенездин алгачкы калыптануу процессинде диний идеялар негизги ролдордун бирин ойнойт. Этнологдор бул идеялар жөнүндө жазгандай, эң примитивдүү дин да социалдык реалдуулуктун символикалык көрүнүшү – ал аркылуу адамдар өз коомун өзүнөн улуу, ыйык нерсе катары түшүнүшөт.

Диний аң-сезим, өзүнө чейинки мифологиялык аң-сезимдин көптөгөн структураларын өзүнө сиңирет, бирок ошентсе да, диндин пайда болушу мифологиялык аң-сезимдин «эволюциясынын» продуктусу эмес, ал дүйнө таанымдын өнүгүүсүндөгү секирик сыяктуу көрүнүш. М.Элиаде бутпарастык маданияттар менен диндердин ортосундагы негизги айырмачылыкты көрсөтөт. Алгачкы адам үчүн бардык нерсенин символикалык ыйык мааниси бар, убакыт да ыйык, ал анда тынымсыз жашайт. Дин – аң-сезимдин сапаттык көрүнүшүнүн башка түрү, анда убакыт “асмандагы” жана “жердеги” болуп бөлүнөт[107].

ошентип, узак убакыттан бери диний изилдөөлөр, илим сыяктуу пайда болгон уникалдуу тарыхый кубулуш катары каралып келген. Илим, Ренессанстын натурфилософиясынан өсүп чыкпагандай эле, дин да, динге чейинки көз караштардан «өсүп» чыккан эмес. Ал эми диндин милдети, Маркс менен Энгельстин идеяларына карама-каршы, наадандык идеяларын ырастоо эмес, адамдардын кудайга болгон ишенимдерин жана мамилелерин

[106] Вебер, М. Протестантская этика и дух капитализма. М.Вебер // Вебер М. Избр. произведения. - М., 1990. - С. 266.

[107] Элиаде, М. Космос и история [Текст] / М.Элиаде. – М.: Прогресс, 1987. –С. 253-254.

рационалдаштыруу болуп саналат[108]. Диндин өнүгүшүн үч чоң доорго бөлүүгө болот:

1. Мамлекетке чейинки мезгилде диндердин пайда болушу жана өнүгүшү;
2. Улуттук жана мамлекеттик диндердин (индуизм, даосизм, иудаизм ж. б.) пайда болушу жана өнүгүшү;
3. Дүйнөлүк диндердин пайда болушу жана таралышы (буддизм, христианчылык, ислам).

Дүйнөлүк диндердин кабыл алынышы же элдин диний ишенимдериндеги өзгөрүүлөр негизинен кылымдар бою тарыхтын жүрүшүн алдын ала аныктаган. Элдердин биригүүсү биринчи кезекте дүйнөлүк диндердин таасири астында болгонун тана албайбыз.

Советтик этнограф С. Токарев классикалык теорияга таянып, экинчи доор «улуттук» жана «мамлекеттик» диндерге туура келет деп жазган. Бирок маркстик теория «дүйнөлүк» диндердин көрүнүшүн так түшүндүрө алган эмес. ошондуктан, изилдөөчүнүн бул көрүнүштү «тарыхый парадокс» деп атаганы кокусунан эмес. Бардык адамдардын Кудай алдында бирдейлиги жана өз ара тең укуктуулугу бул диндердин негизги кыймылдаткыч күчү жана ийгилиги болуп саналат[109]

Тарыхта, көптөгөн ири элдердин калыптанышы жана өнүгүшү дин менен өз ара активдүү аракеттенүүдө өткөн. Бир гана Кытайда бул процессте диндин ордун философиялык идеялардын кеңири топтому ээлеген.

Мисалы, орус элинин калыптанышында жана бул процесстин жүрүшүн аныктаган факторлордун бүтүндөй системасында православие негизги ролду ойногон. Бул процесс 11-15-кылымдардын бардык хроникаларында жана тексттеринде чагылдырылган. Алсак, элди бириктирүүдө эң маанилүү эки

[108] Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2014.
[109] Токарев, С.А. Ранние формы религии [Текст] / С.А.Токарев. – М.: Политиздат, 1990. –С. 21.

түшүнүк — “орус жери” жана “христиан ишеними” негизги мааниге ээ болгон[110].

Ал эми бул процесс биздин республикада уникалдуу, өзүнчө өзгөчөлөнгөн жол менен өтүүдө. Биз бүгүн элибиздин бир гана уруулук эле эмес, диний конфессиялар боюнча да «бөлүнүшүн» баштан кечирип жатабыз. Бул элибиздин байланышын чыңдоого алып келеби? Бул мамлекетибиздин чыңдалышына өбөлгө болобу? Бул суроого жооп берүү үчүн тарыхка кайрылалы.

Элди коммунизмге квазидиний ишеним менен бириктирип турган совет бийлигинин доорунан кийин, элдерди бири-бири менен бириктирип турган бүтүндөй байланыштар системасы кыйрады. Кайрадан элдерди бириктирүү фнукциясы диндерге ыйгарылды. Бирок, мурда бир диндин ичинде болгон кыргыз адамдары эми ар кандай секталарга чачылып, кирип кетти. Аны бул теманы изилдеген окумуштуулар ар кандай себептер менен түшүндүрүшөт. Анда: экономикалык, ыймандык, шарттуулук, маалыматтык ж.б.д.у.с. факторлор бар. Т.Тюлегеновдун көз карашы боюнча, элди бириктирүүчү чечүүчү фактор диндин өзү эмес, Ыйман болуп саналат, анткени эл арасында бул динге ишеним болбосо, ал дин эч кандай реалдуу күчкө жана бийликке ээ боло албайт. Тарыхта уруулар, бүтүндөй элдер таңууланган динден баш тартып, Сибирдин элдериндеги же Иранда шиизмдин пайда болушу сыяктуу дүйнө таанымына жараша ишенимдерин өзгөртүп жиберген мисалдар көп.

Тарыхый процессте коомдун негизин этнос түзөт, бирок этнос өз алдынча жашай албайт. Ага тартип жана көзөмөл керек, аны уюштуруучу фактор – Күч болуп саналат. Коомдун “материалдык” бөлүгүн - Эмгек, ал эми руханий бөлүгүн Ыйман толуктайт. Бул факторлор диний да, динге каршы да (илимий) болушу да мүмкүн. Анын үстүнө К. Маркс айткандай, ишеним «өндүрүштүк

[110] Гумилёв, Л.Н. От Руси к России [Текст]: очерки этнической истории /Л.Н.Гумилев. - СПб.: Юна, 1992. – С. 135.

мамилелердин» туундусу эмес. Негизи, илим-билимге болгон ишеним - өндүрүштүк мамилелердин кыймылдаткыч күчү болуп саналат.

Ыйман адамдын ички руханий дүйнөсүнүн феномени катары диндин негизинде, же өзгөрүп, четке кагылып, бөлүнүп турушу мүмкүн. Улуу англис философу Д.Юм ишенимдин эки мааниси бар деп жазган: биринчи, ишеним ынануу маанисин билдирсе, экинчи учурда ишеним динге болгон көз караштты түшүндүрөт[111].

Учурда, ааламдашуу доорунда, Күч менен Эмгек жасалма теңдештирилип жаткан мезгилде, саясий аренага бүтүндөй улуттардын (этностор) тобу чыгууда. Мында, алардын шериктештери, ар кандай диний уюмдар, анын ичинде ыйман маселесин көтөргөн экстремисттик уюмдар да бар. ошентип, диндин түзүмүн жана функцияларын кылдаттык менен карап чыгып, бир диндин айланасына бир максатка умтулган адамдарды бириктирген уюштуруучулук мүнөзүн да көрөбүз. Башкача айтканда, дин бир гана адамдын Кудай менен байланышын эмес, ал кудайдын «аты менен» адамдардын биригишин камсыз кылган көрүнүш дагы[112].

Изилдөөбүздүн предметине системалуу түрдө токтоло турган болсок, дин дүйнө таанымдын өзөгү катары, өз кезегинде белгилүү бир этностун, элдин, улуттун маданиятынын бир бөлүгү экендигине макул болобуз. Евроборбордук илимдин көз карашынан алганда теңирчиликти изилдөө, ошондой эле түрк-монгол этникалык топторунун көчмөн турмушун түшүнүү өтө кыйын. Дегеле Европа маданияты жана илими үчүн көчмөнчүлүк, азыркы замандын көрүнүктүү тарыхчысы А.Тойинбинин сөзү менен айтканда, “туюкка камалган цивилизация”, ал “тарыхы жок коом”[113]. Европа мекйиндигинде өтө чоң кадыр-баркка ээ бул окумуштуунун айтканынан көрүнүп тургандай, көчмөндөрдүн жашоо образын европалыктар өтө жапайычылык катары

[111] Юнг, К. Архетипы и символы [Текст] / К.Юнг. – М.: Канон, 1991. –66.
[112] Тюлегенов Т. ......................................................Дисс.
[113] Токарев, С.А. Ранние формы религии. С.А.Токарев. – М.: Политиздат, 1990. –С. 194.

сыпатташат. Көчмөндөрдүн ишенимдери акыры шаманизмге, “кара ишенимдин” деңгээлине чейин түшүп кетет.

Бул биздин: эч бир кубулуш өзүнчө жашай албайт, эч нерсе толугу менен жабылып же чектелбейт деген оюбузду ырастайт. Теңирчилик сырттан келген жаңы нерселердин баарын өзүнө эркин сиңирип алган, ошол эле учурда түп-тамырынан бери өзгөрбөс, башкача айтканда, ачык жана динамикалуу дүйнөтааным.

А.Тойинби көчмөндөр цивилизациясы боюнча өзүнүн кескин пикирин айткан. Ал, эмнегедир Европа цивилизациясы, маданияты жана дини толугу менен көчмөндөрдүн динине, Библияга – байыркы көчмөн уруусунун ыйык китебинин негизинде  курулганына көңүл бурбайт.

Ал тарыхчы катары, байыркы еврейлердин ишеними жаралып, түзүлүп, алардын “бакшылары” элдик уламыштарды, тарыхый документтерди, мыйзамдарды, ырым-жырымдарды жана мифтерди чогултуп жатканда, Борбордук Азияда жашап жатышкан түрк тилдүү этностордун арасында диндин да функциясын аткарган – Теңиртаанымы системасы пайда болгонун жакшы билиши керек эле. Анткени, анын жергиликтүү элдердин ишенимдери менен аралашкан “шумердик варианты” бизге тарыхтан жакшы маалым. Адамзаттын тарыхындагы эң алгачкы жана адегенде “кудай” түшүнүгүн билдирген теологиялык термин (”дингир”) катары Теңир теоними өзүнүн басып өткөн узак жолунда абсалюттук Улуу Духтун деңгээлине чейинки жолду басып өткөнүнө карабастан, европалык изилдөөчүлөр Теңиртаанымды “шаманизм! деп атап, аны негизги атрибуту магия болгон уруулук (язычество) диндин деңгээлине түшүрүп келишти. орхон-Энесай жазууларынан бери бизге белгилүү болгондой, Теңир аалам маанисиндеги Асмандын ээсин түшүндүргөн Улуу Кудай, анын көзгө көрүнгөн көрүнүшү – Ааламдын өзү.

Борбордук Азиядагы түрк элдеринин ишенимдерин изилдөө Россия империясынын колониалдык саясатынын жайылышы жана исламдын Борбор Азияга, православие жана ламаизмдин Түштүк жана Чыгыш Сибирге активдүү

«имплантацияланышы» мезгилине туура келгенин эске алуу керек. ошондуктан, арк андай саясий себептерден улам, баскынчылар үчүн элдин эс тутумунан анын өз дининин өчүрүп салуу башкы мааниге ээ болгон. Бактыга жараша, ал колонизаторлордун жана алардын илимпоздорунун көзүнө Тенирчилик аянычтуу абалда көрүнгөн. Бул дүйнөтаанымга ишенгендердин да ыйык жазуулары, храмдары да жок эле. Андыктан аны “шаманизм” (шаманизм) деп түшүндүрүү үчүн, көп деле коркунучтуу кыйынчылык болгон эмес. ошондуктан бул боштукту баскынчылар өздөрүнүн жана өздөрүнө тектеш дүйнөлүк диндердин баалуулуктары менен толтурууга туура келген.

Теңирчиликтин синкретизми универсалдуу, башкача айтканда, ал статикалык эмес, ал ар кандай диндердин жана башка ишенимдердин фрагменттеринин өлүк жыйындысы эмес. Анда улуу идеялардын, көз караштардын, бири-бирине ийгиликтүү «бириккен» культтардын гармониялуу түзүлүшүнөн турат. ошондуктан,  кылымдар бою бир дагы дүйнөлүк диндер жана атеизм аларды түрк-монгол элдеринин аң-сезиминен сүрүп чыгара алган жок.

Теңирчилик көчмөндөрдүн жашоо образы, көчмөн маданияты, ойчул дүйнө таанымы жана көчмөндөрдүн дини менен бирге өткөндүн калдыктары катары кабыл алынган. Бирок, Советтер Союзунун кулашы, марксизм-ленинизмдин үстөмдүк кылган идеологиясынын жок болушу, мурдагы союздук республикалардын эгемендүүлүккө ээ болушу акыры алардын маданиятынын башаты, каада-салты, дини жөнүндө эркин айтууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Дегеле дин таанууга жана идеологиялык проблемаларга карата заманбап философия ага жаңы аныктамаларды берүүдөн качууга аракет кылат. Анткени дүйнөдө элдердин диндери жана ишенимдери көптөн бери калыптанып, такталып калгандай сезилет. Биз азыр “кызыктуу” заманда жашап жатабыз, бул кезде “жергиликтүү” көрүнгөн католик христиандары дзен-буддизмге өтүп, кыргыз мусулман жаштары Иегованын Күбөлөрүнүн секталарына

жигердүү кошулуп жатышат ж.б. Сыягы, бул универсалдуу диний идеялардын жана рухий тажрыйбанын табиятынан улам болсо керек.

Профессор Н.Г. Аюпов Теңир дҾйнтаанымын изилдөөнүн методологиясына карата төмөнкүдөй суроону туура коёт: “Теңирчилик жөнүндөгү билим жаңыбы же бул көрүнүш боюнча биз жоголгон билимибизди кайра калыбына келтирип жатабызбы?”[114] . Бул суроолордун жообу сыртынан эле көрүнүп тургандай жеңил эмес. Ага бир сөз менен эле: “ооба”, же “жок” деп жооп бере салууга болбойт. Албетте, теңирчилик феномени байыркы түрктөрдүн жана монголдордун урпактары болгон биз үчүн ушунчалык жагымдуу жана жакшы болгондуктан, ал жөнүндөгү түшүнүктү “эски” же “жаңы” билим деп түз мааниде ойлонбойбуз. Азыр негизги милдет — али колдогулар жоголуп кете электе, мүмкүн болушунча көбүрөөк материал топтоп, ошону менен бирге аны изилдөөгө ала берүүдө турат.

Европалык формада Түрк маданияты өз философиясын калыптандыра элек болсо да, биз аны жакындан изилдегенибизде биздин байыркы ата-бабалардын убакыт, мейкиндик жана башка категориялар жөнүндөгү түшүнүктөрүнө таң калып, суктанабыз.

Түштүк Сибирдеги түрк элдеринин маданиятын изилдеген новосибирскилик изилдөөчүлөр түрк маданиятында түшүнүктөр эч качан кандайдыр бир конкреттүү терминдерге байланбаганына көңүл бурушканы бекеринен эмес. ошол эле учурда алар түрк дүйнө таанымына карата жалпы мааниге ээ «түшүнүктөргө» караганда, жанычылдык маанисин билдирген «түшүнүк» ылайыктуу деп эсептешет. Демек, түрктөрдүн дүйнө тааным концепциясы жанычыл түшүнүктөрдүн жыйындысы аркылуу калыптанат.

[114] Аюпов, Н.Г. Тенгрианство как открытое мировоззрение [Текст]: дис. … д-ра филос. наук / Н.Г.Аюпов. - Алматы, 2004. –С. 42.

Мисалы, түрк адамы "адам жана жашоо" түшүнүгү менен жашабастан, «адам өмүрү» түшүнүгү менен жашайт[115].

Дүйнөлүк диндерде, христиандыкта жана буддизмде чыныгы материалдык мааниде сүрөттөлгөн кудайлар бар. Библияга ылайык, биз Адам атаны Кудай тарабынан «өз бейнеси менен окшоштурулуп» жаратылганын билебиз[116] Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азиянын бардык жеринен Будданын айкелдерин көрөбүз. Ислам гана биринчи планга абстракттуу Кудай деген түшүнүктү койгон, аны адам сыяктуу, эч бир жандык сыяктуу элестетүү мүмкүн эмес. Анткени образ жанды «талап кылат».

Ал эми христиандар крест жана иконалар тарапка, ал эми буддисттер Будданын эстелигине, мусулмандар Каабага (Киблага) карап сыйынышса, байыркы кыргыздар колдорун асманга көтөрүп, түз эле Көк-Теңирге кайрылышкан. Башкача айтканда, ата-бабаларыбыздын кудайы эң абстрактуу, ар тараптуу жалпыланган диний түшүнүк.

Кыргыздар: «4о пайгамбардан бир Теңир артык», же "Жараткан жалгыз" дешет. М.Кашгаринин "Түрк диалектилеринин сөздүгүндө", Ж.Баласагындын "Кут билим" поэмасында жана А.Югнакинин «Чындыктын белектери» аттуу чыгармасынын текстеринде Жаратуучунун: "Белиг Баят" (мааниси–"эң чоң бай") деген, түрк урууларынын Улуу Кудайынын бир эпитетин билдирген сөз учурайт[117]

Көчмөндөр арасында "Теңири" түшүнүгү кеңири таралганын белгилеп, француз изилдөөчүсү Ж.-П. Ру өз убагында Борбор Азия элдеринин бардык идеологиялык комплекстерин бир «тенгризм» терминин алдында бириктирген[118].

---

[115] Уметалиева-Баялиева, Ч.Т. Этногенез кыргызов: музыковедческий аспект [Текст]: ист.-культурол. исслед. / Ч.Т.Уметалиева-Баялиева. – Бишкек. 2008. –С.243.

[116] Библия. Книги Священного Писания Ветхого и Нового завета [Текст]. - М.: Новая жизнь, 1991. –С. 42.

[117] Древнетюркский словарь [Текст] / под. ред. В.М.Наделяева, Д.М.Насилова. – Л.: Наука, 1969. –С. 79.

[118] Интернет сайт. www.tengrifund.ru /konferencii. 19-24.

Кытай мамлекеттүүлүгүнүн алгачкы калыптануу мезгилдеринде (болжол менен б.з.ч. 16-15-кылымдар) “Тяньцзы” (“Асман уулу”)[119] деп айтылган императордук титул борбордук идея болгон саясий маданият калыптанган. Бул салт кийин Чжоу династиясы (б.з.ч. Х11к.) убагында да уланган. Ушул фактыга байланыштуу профессор А.Дөнөнбаев «Теңир» («Теңгри») теоними кытай тилинен келип чыккан болсо керек деп болжолдойт[120]. Бирок, кийинки кездеги изилдөөлөр Теңир теоними “Дингир” формасында байыркы шумер (б.з.ч. 3-мининчи жылдар) жазууларында учурарын жана ал “Асман куту” катары Борбор Азия аймагында андан мурун пайда болушу мүмкүн экендиги тууралу айтылып келе жатат[121]. А бирок, чынын айтуу керек, бул маселени изилдөөдө «теңир» сөзүнүн генезисин шумер тилинен жана «дингир» сөзүнөн издөө аракети жетишээрлик деңгээлде эмес[122]. ошондуктан, биз кыргыз-шумер параллелдерине өзүнчө токтолдук.

Көкө Теңир аалам маанисиндеги “материалдык асман” эмес, ал биздин көзгө көрүнүп турган Асмандан башка анын көрүнбөгөн жагы болгон руханий асман да. Теңирдин сырткы келбети эч кимге белгисиз. Теңир – ал абсалюттук Улуу Дух. Ал эч жерде “адам” же “айбан” катары көрсөтүлгөн эмес. “Теңир” жана аалам маанисиндеги “Асман” деген сөздөр түрктөр менен монголдор үчүн синоним болгон.

Теңир өз иш-аракеттеринде эркин болгон, бирок адилеттүү, ал сыйлайт жана жазалайт. Элдердин жыргалчылыгы анын эркине жараша болот. “Теңир жалгасын”, “Теңир колдосун”, “Теңир урсун”, “Теңир жазаласын” ж.б.

---

119 Мартынов, А.С. Представление о природе и мироустроительных функциях власти китайских императоров в официальной традиции [Текст] / А.С.Мартынов // Народы Азии и Африки. – 1972. – № 5. – С. 72-82.

120 Дононбаев, А. Институт этнополитической культуры в традиционном кыргызском обществе (по материалам эпоса «Манас») [Текст] / А.Дононбаев // Централ. Азия и культура мира. Междунар. науч.-образовательный журн. – Бишкек, 2006. – № 1/2. – С. 19-20.

121 Алиев, К.М. Культ Тенгири в системе мировоззренческих представлений тюркоязычных народов Северного Кавказа (Проблемы мировосприятия и миропонимания в древности и средневековье) [Текст] / К.М.Алиев // Тюркология-88: тез. докл. и сообщений V Всесоюз. тюркол. конф. (7-9 сент. 1988 г.). – Фрунзе, 1988. – С. 549-551.

122 Сарыгулов, Д. Системный кризис глобального мира и Цивилизация кочевников [Текст] / Д.Сарыгулов. – Бишкек: Б.и., 2001. –С. 70.

айтылган сөздөр бүгүнкү күндө жана Теңирчиликке болгон ишеним менен байланыштуу

орхон-Энесай жазууларында минтип айтылат: “Теңир (Асман) күч бергендиктен, Каган атамдын колу – бөрүгө, душманы койго айланды”[123]. Каганга каршы жасалган кылмыштар же жосунсуз жоруктар Теңир тарабынан сөзсүз түрдө (же анын каалоосу боюнча) жазаланган, анткени кагандын бийлиги аларга Асмандан берилген. Каган Теңирдин эрки менен такка отуруп, Эл башкарган. Андыктан анын жердеги өкүлү катары анын атынан буйрук берип, жарлык чыгарат. Бирок каганды шайлоо укугу уруу башчылары болгон билгилерге, бийлерге жана атак-данктуу, кадыр-барктуу баатырларга тиешелүү болгон. Каган туура эмес өкүм чыгарганда, же салтты, наркты бузганда, Теңир аны акылынан ажыратып, билгилер менен бийлер анын кайра шайланышын талап кылышкан. Каган өлгөндө, жаны булутка айланып, Асманга учуп чыгып кеткен.

Моңголдордо эң жогорку жалгыз кудайга сыйынуу болгондугу жөнүндө маалыматтар «Сырдуу баянда» жазылган. Ал жерде Теңирди Түбөлүк Асман деп да аташат. Чыңгызхан уулдарына кайрылып: “Түбөлүк Асмандын жардамы менен биз жалпы элдик мамлекетибизди өзгөртүп курабыз”[124] дейт. Евроборбордук көз карашты карманган аалымдар: түрктөр өздөрү эч нерсе ойлоп табышкан эмес, алардын колдонгон диндери, салттары баары араптар, перстер, кытайлар жана европалыктар ойлоп тапкан нерселер деген көз караштa калыптандырууга аракет кылып келишти. Мына ушул нерсе, түрк элдеринин өздөрүнүн өткөнүнө кайрылып, кароого мажбурлоодо.

Арадан миңдеген жылдар өттү, бирок ислам менен буддизм сыяктуу күчтүү дүйнөлүк диндер да, Асман Духунун ысмы менен аталып келаткан Теңир-Тоонун аталышын да түрктөр менен монголдордун эс-тутумунан өчүрө алган

[123] Малов, С.Е. Памятники древне-тюркской письменности [Текст] / С.Е.Малов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1951. –С. 37-39.
[124] Сокровенное сказание. Тайная история монголов [Текст] // Журн. Байкал. - Улан-Удэ, 1989. – № 6. – С . 101-143.

жок. Асмандагы Улуу Духтун ысмы - Теңир эч качан “Алла” болгон эмес. Азыр да мусулман кыргыздардын көбү Алла менен бирге сүйлөшүүдө да, жазууда да “Теңирди” колдонушат. Ал эми «Манас» эпосуна кайрыла турган болсок, Жакыптын Кудайга кайрылган эң биринчи сөздөрү «Кудай» жана «Теңир»[125] .

Аллах абстракттуу кудай, ал эми христиан Кудайы антропоморфтук (ал адамды өзүнүн образында жана окшоштугунда жараткан), Будда – кудайлык чындыкка көтөрүлгөн жөнөкөй, өлүүчү касиеттүү, куттуу адам. Атүгүл үч дүйнөлүк диндин кудайларынын сапаттарына берилген ушул бир нече аныктамалар да ар бир этникалык топтун өзүнүн кудайлары жөнүндө өзгөчө идеялары бар экенин көрсөтүп турат.

Тарыхый булактар, байыркы убакта күндүн чыгышын тосуп алуу ырымы болгонун маалымдайт. Эртең менен айылдан чыккан хундар күндүн чыгышын күтүп, айылдын четиндеги дөңгө чогулуп, күтүп турушкан. Анан алар күн чыгып келатканда, колдорун асманга көтөрүп, дуба кылып, тилектерин айтып, сыйнышкан[126]. Түрктөрдүн айтымында, Суунун ээси Жердин ээсине караганда эрте төрөлгөн. Байыркы мифологиялык сюжеттер боюнча, Жердин пайда болушу да Суудан кийин, суугa байланыштуу башталган.

Байыркы көчмөндөрдө, бир жылдын белгиленген күнү бүткүл өлкө боюнча Көкө Теңирге сыйынуу ырым-жырымы өткөрүлгөн. Жакынкы айыл-кыштактардан, шаарлардан миңдеген адамдар өздөрүнө жакын жайланышкан ыйык тоолорго жана дөбөлөргө, дарыялар менен көлдөргө, бак-дарактарга жана булактар чыккан мазарларга чогулушкан. Бул сыйынуулар улуттук майрамга айланган. Ата-бабасынын жериндеги ыйык кайыңдардын түбүндө он миңдеген оттор күйүп, жүздөгөн жылкылар, койлор курмандыкка чалынган. Сыйынуунун негизги максаты – эгиндин түшүмүн, мал-жандын

[125] Манас [Текст] / Сагымбай Оразбак уулунун варианты. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 1 китеп. – 296 б.

[126] Рашид ад-Дин. Сборник летописей [Текст] / Рашид ад-Дин. - М.: Изд-во АН СССР, 1952. – Т., кн.2. –С. 14.

амандыгын, май- сүттүн арбын болушун, адамдарга ден соолук, акыл-эс, тынчтык тилеп, акыйкат ишке жардам берүүнү тилешкен. Эт-аш толгон дасторкондор жайылып, майрам салттуу спорттук оюндар, мелдештер жана ат чабыш менен аяктаган.

Түрк жана Монгол каганаттарынын ата-бабаларынын дининен (теңирчиликтен) баш тартып, дүйнөлүк диндердин кабыл алынышы менен Теңир-Тоодо мамлекеттик масштабдагы жалпы түрктүк сыйынуу ырым-жырымдары токтогон. Ага карабай, жергиликтүү уруулардын сыйынуусу бир топ убакытка чейин улана берген. Бирок, акырындап, эл суюлуп, Теңирге сыйынуу ырым-жырымдары бурмаланып, бузулуп, анан жок болуп, реликтке айлана баштаган.

Азыркы учурда Теңир дүйнөтаанымы биринчиден, Байыркы Месопотамиянын тарыхында түптөлгөн эң байыркы диний системалардын бири катары; экинчиден, кыргыз элинин этнофилософиясынын негизги предмети катары; үчүнчүдөн, тарыхка чейинки бардык элдерге (илимий коомчулукка) мүнөздүү болгон коомдук аң-сезимдин синкреттешкен формасы катары; төртүнчүдөн, шаманизмдин элементтери аралашкан диний ишеним катары; бешинчиден, орто Азияда ислам менен синкреттелген дин катары аныкталат.

Биздин изилдөөбүздүн бул мамилелери жана багыттары төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга апкелет**:**

- Теңирчилик жалпы кабыл алынган мааниде дин эмес, анткени анын ыйык жазуулары, культу жана мечит, чиркөө уюму сыяктуу атрибуттары жок;
- Батыштын маданий артыкчылыгын даңазалаган евроборбордук көз караштан иштелип чыккан ыкмалар теңирчиликти изилдөөгө ылайыктуу эмес;

- Теңирчиликте кудайлардын пантеону болуп, алардын иерархиясы калыптанган. Бирок, исламдын жана буддизмдин таасири менен анын түзүлүшү жана маңыздары өзгөрүп кеткен;
- Исламдын жана башка дүйнөлүк диндердин таасири астында калып, теңирчилик өзүнүн диний компонентин жоготту, бирок түрк-монгол этносторунун байыркы дүйнө таанымынын өзөгүн түзгөн фактор катары учурда илимий изилденүүгө алынып жатат;
- жогоруда айтылгандардын баары теңирчилик көчмөндөрдүн руханий баалуулуктарынын түпкү, нукура жыйындысын билдирет;
- сырттан келген кайсы гана дин болбосун, жергиликтүү салттарга ыңгайлашат, ага карама-каршы келген институттарды сүрүп чыгат жана жаңы динге ийгиликтүү «көнүп» калган башкаларды өзүнө сиңирип алат. Бул учурда этнос сакталып, этнофилософиянын айрым элементтери өзгөрүүлөргө учурайт;
- тескерисинче сырттан келген дин жергиликтүү элдин ишенимин сүрүп чыгарган учурда, алгач тил, тарых, алар аркылуу улуттук аң-сезим жана эс-тутум, алар аркылуу ишеним, ал аркылуу дүйнөтааным, ал аркылуу этноменталитет өзгөрүүгө учурап, улут ассимляцияланып, жок болот.

19-кылымдагы көрүнүктүү англис этнографы жана маданият тарыхчысы Э.Тайлор алгачкы маданияттын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн, аны изилдөө ыкмаларын түшүнүүдө, ошондой эле алгачкы коомдун диний жашоосунун картинасын реконструкциялоодо көп иштерди жасаган. Ал этнографиянын эволюциялык мектебинин негиздөөчүлөрүнүн бири болгон. Чынында, эволюционизм эбегейсиз оң роль ойноп, статиканы гана эмес, маданияттын динамикасын да изилдөөгө мүмкүндүк берди. Эволюционизм менен бирге этнографияга историзм методу келген. Эволюционизмдин өзү этнографиядагы негизги булак болуп калды.

Эволюционизмдин күчү жана анын негизги принциби – өзгөрбөстүк идеясына каршы өнүгүү идеясы. Бул постулат атеисттик ориентацияга да ээ болгон,

анткени чиркөө бардыгын Кудай жараткан жана өзгөрбөйт деп үйрөткөн. ошол мезгилде маданий-тарыхый процесстин жөнөкөйлөштүрүлүшү, маданияттын акырындык менен түз процесс катары өнүгүү идеясы: “жөнөкөйдөн - татаалга, ылдыйдан - жогоруга” принциби эрксизден эволюционизмдин бир алсыз багытына айланган. Демек, адамзаттын тарыхы табигый жана ажырагыс, бирок монотондуу жана аны изилдеп, алдын ала айтууга болот.

***

**3-Бап**. Бул бапта негизинен байыркы кыргыз дүйнөтаанымына байланышкан этнология жана этнофилософия маселелери талдоого алдык.

Илимде, түпкү себептерди изилдебей жана эң негизги суроолорго жооп таппай туруп, майда нерселер менен алаксуу – ал убакытты текке кетирүү менен барабар. Мына ушул көз караштан алганда, этнофилософиянын пайда болуу зарылдыгы эмнеде, ал дүйнөтаанымга байланыштуу эмне маселелерди изилдейт, жашоонун кандай маанилүү суроолоруна жооп берет деген мыйзамченемдүү суроолор туулат.

Жогоруда айтылган суроолорго жооп издөо алгач немис окумуштуусу Г.Рюккерден башталган. Ал “адамзат бир бүтүн организм катары жашабайт, андыктан “дүйнөлүк тарых” деген жок нерсе”[127] деген. Андан кийин орус окумуштуусу Данилевский да дал ушундай эле ойду кайталап: «Жалпы адамзаттык цивилизация деген жок, болушу да мүмкүн эмес, анткени ал ишке ашырууга мүмкүн болбогон жана таптакыр керексиз нерсе»[128] деп жазган. Ушунун баары өзүнүн “аймактык” маданиятын жалпы “адамзаттык маданият” деп жарыялаган жана дүйнөгө жайылткан евроборбордук көз карашка каршы айтылган жооптор.

Европалык эгоцентризмдин маңызы тууралу убагында С.Н.Трубецкой мындай деп айтыптыр: “Эгоцентристтик психологияга ээ болгон адам өзүнүн

[127] Семенов Ю. И. Философия истории. — М., 2003. С. 153.
[128] Данилевский С.Н. Россия и Европа. М. “Книга”, 1991. -С.124.

ким экенин толук аңдабай туруп, өзүн ааламдын борбору, улуу ийгиликтерди жаратуучу, бардык жан-жаныбарлардын ичинен кемчиликсиз эң мыктысы" деп эсептейт. Мисалы, эки макулуктун ичинен анын өзүнө жакыны жана окшошу - жакшысы, ал эми андан алысыраагы - жаманы. ошондуктан, европалык адам таандык болгон ар кандай коом, ал эч кемчиликсиз, өнүгүп-өскөн коом деп таанылат. Анын үй-бүлөсү, табы, уруусу, расасы да - башкалардын баарынан жогору турат" [129].

Евроцентризмдин илимий негизи бар – ал европалык цивилизациянын баалуулуктарын маданий өнүгүүнүн эң бийик чокусу деп жарыялаган эволюциялык доктрина. ошону менен бирге башка бардык маданияттар жана жалпы адамзаттын тарыхы романо-герман дүйнөсүнүн көз карашынан туруп чечмеленет. Натыйжада "адамзат цивилизациясынын өнүгүү тепкичи" келип чыгат.  Анын башында романо-германдар жана алардын маданиятын толугу менен кабыл алган элдер турат[130].

Андыктан, романо-герман эмес ар бир элдин милдети: биринчиден, ар кандай жеке эгоцентристтик сезимди жеңүү; экинчиден, өзүн абстрактуу түшүнүккө ээ жалпы "адамзаттык цивилизацияга" таандык деп эсептеген жана "чыныгы европалык" болууга умтулган агымдардан коргоо болуп саналат. Бул милдетти эки афоризм менен мындай деп айтууга болот: биринчиден, "өзүңдү өзүн таанып бил"; экинчиден, "өзүң кандай болсоң – ошондой бойдон кал". Бул албете, адам же эл өзгөрбөшү керек деген сөз эмес, ал башка бирөөнү туурабай, ар бир индивид өз табиятына жана ата-бабалар салган жолуна жараша өнүп-өсүшү керек деген сөз. Туура өсүп-өнүгүү гана сапаттык өзгөрүүлөргө алып келет.

---

[129] Трубецкой Н.С. Об истинном и ложном национализме // Исход к Востоку.Предчувствия и свершения. Утверждение евразийцев. Кн. 1. - София, 1921. С. 71

[130] Трубецкой Н.С. Об истинном и ложном национализме // Исход к Востоку.Предчувствия и свершения. Утверждение евразийцев. Кн. 1. - София, 1921. С. 71., 74.

Н.Трубецкойдун айтымында, чыныгы улутчулдук, белгилүү бир элдин лидери болгусу келген аракеттер менен шайкеш келбейт. Ал нукура евроборбордук мазмундагы прогресстин теориясынын негизинде эмес, өз элин башка эл жараткан маданият менен алмаштыруу мүмкүн эместигин түшүнгөн жана өзүн-өзү таануу идеясына негизделиши зарыл.

Чыныгы улутчулдук башка элдердин улуттук өзгөчөлүгүнүн жана маданий өзгөчөлүгүнүн баалуулугун жокко чыгарбайт жана төмөндөтпөйт; тескерисинче, ал аларды таанууну талап кылат. Өз элинин маданиятынын гүлдөп-өнүгүшүнө жол көрсөтүү менен чыныгы улутчулдук башка элдердин өнүгүшүнө да көмөк көрсөтөт.

Улуттук маданият гана нукура жана оригиналдуу, ошондуктан ушундай маданият  гана ар кандай маданиятка коюлган этикалык, эстетикалык жана ал тургай утилитардык талаптарга да жооп берет. Адам өзүн өзү таанып билген учурда, же “өзү кандай болсо – ошондой бойдон калган” кезде гана ал чыныгы акылман адамга айланат. Эл да акылман элге айлангысы келсе, жеке адам сыяктуу эле ал да, алгач өзүн өзү таанып билүүсү зарыл[131].

Ар бир маданият уникалдуу, ошондуктан аны башка маданияттын өкүлдөрү толук түшүнүшү мүмкүн эмес. Ар түрдүү маданияттагы адамдардын ортосундагы өз ара түшүнбөстүктүн кесепети башка маданияттын адамдарын “сабатсыз”, “примитивдүү” же аларды “жапайы” деп түшүнүү идеясы болуп саналат[132].

Трубецкой орус элинин маданиятынын тарыхын, тилин жана психологиясын изилдөөгө, ошондой эле “Туран” же “Урал-Алтай” элдеринин славяндарга тийгизген таасирин талдоого да чоң көңүл бурган. Анын оюу боюнча, орустар монгол бийлигинин тушунда “Турандык психиканын эң

[131] Трубецкой Н.С. Об истинном и ложном национализме // Исход к Востоку.Предчувствия и свершения. Утверждение евразийцев. Кн. 1. - София, 1921. С.78.
[132] Трубецкой Н.С. Европа и человечество. - С. 13-14.

жакшы өзгөчөлүктөрүн” кабыл алышкан, алар Россиянын саясатына, динине, тарыхына жана маданиятына оң таасирин тийгизген. ошондуктан, окумуштуунун пикири боюнча, орустар “Турандын таасирин Византиянын таасири менен бирдей мааниге ээ” деп таануусу керек деген.

орус тарых илими, өзүнүн Чыңгызханга карата болгон терс мамилесине карабастан, ал Евразияны бириктирип, ошону менен тарыхый-географиялык милдетти да аткарганын, этноменталитети боюнча европалык элдерден бир топ айырмаланган евразиялык элдердин биримдигин камсыз кылганын моюнга алуусу кажет[133]. Бирок, тилекке каршы Совет бийлиги убагында бул идея антисоветтик идеология катары кабыл алынып, ал тууралуу такыр сөз кылууга мүмкүн болгон эмес. Бул идеяны ишке ашыруу мезгили эми келди. Бирок, кайрадан орус шовинизми алдында калуу коркунучун эстеген башчылар жана интелигенциянын өкүлдөрү бул улуу идеяны ишке ашырууга бирдей аракет кыла албай жатышат.

Л. Гумилев Евразия элдерин, айрыкча көчмөндөрдүн цивилизациясын терең изилдеген, көчмөндөрдү варвар уруулар катары эмес, этногенездин өз алдынча өзгөчөлөнгөн борбору катары караган. Анын пикири боюнча, бул элдердин өзүнүн маданияты, саясий тарыхы, өзүнүн мамлекеттик жана техникалык өнүгүшү болгон.

Ал, В.Вернадскийдин “адам биосферасынын функциясын анын жашоо чөйрөсүнөн жана ишмердүүлүгүнөн тышкары өзүнчө изилдөөгө болбойт” деген тезисин толугу менен кабыл алып: биосферанын ошол бөлүгүнүн тарыхый өнүгүшү жөнүндөгү илимдин алгачкы концепциясы “**адамзаттык**” эмес, “**этнос**” же “**этникалык система**” деген түшүнүк болушу керек деген жыйынтыкка келет. Анын пикири боюнча, “этнос – табигый түрдө оригиналдуу жүрүм-турум эрежелеринин негизинде калыптанган, бири-бирин

[133] Трубецкой Н.С. Об истинном и ложном национализме. - С. 79.

толуктоо сезимине негизделген жана бардык башка топторго карама-каршы турган энергетикалык система (структура) катары жашаган адамдардын тобу”.

Этникалык система – адамдардын биологиялык жактан аныкталган жамааты, алар жашаган ландшафтка ыңгайлашуу зарылчылыгынын натыйжасында пайда болгон, бул - алардын уюшуп жашоосунун стихиялык формасы. Мындай жамааттык жашоо образы жаныбарларда да бар (мисалы, арстандардын же бөрүлөрдүн үйүрү). Бирок адам биосферага гана эмес, ноосферага да таандык болгондуктан, ал маданиятты жаратат, ал маданият этностун калыптанышынын жана сакталышынын шарты катары иштейт.

Гумилев, этникалык орустар, чыгыш славяндардын бир бутагы эле эмес, түрк-славяндардын таасиринин негизинде түзүлгөн өзгөчө этнос деген ойду далилдеген. Бул этникалык топ географиялык жактан токой менен талаанын тарыхый союзу катары калыптанган.

Этногенез энергетикалык процесс, ошондуктан аны биосферада энергиянын бөлүштүрүү мыйзамдарынын негизинде изилдөө керек. Бул үчүн Л.Гумилев энергиянын көлөмүн жана ошол эле учурда “этногенезди күйгүзгөн энергиянын” таасирин билдирген **пассионардуулук** түшүнүгүн киргизген. “Пассионардуулук – бул организмге сырткы чөйрөнүн энергиясын сиңирип алуу жана аны эмгек түрүндө өндүрүп, бөлүп чыгаруу  үчүн жаралган тубаса жөндөм”[134] болуп саналат. Демек, этникалык топтун ынтызарлыгы канчалык жогору болсо, ал ошончолук көп иш аткара алат.

Биохимиялык энергиянын ашыкча болушу менен пассионардуулук максаттуу жөндөмдүүлүккө ээ болот. Супер-стресс, максималдуу көлөмдөгү ишти аткарууга мүмкүндүк берет жана кээде өзүн курмандыкка чалуу көрүнүштөрү менен коштолот. Алар (пассионерлер) алдыга коюлган максатты

---

[134] ГумилевЛ.Н. Этногенез и биосфера Земли. - М., 1989. С.282.,264.

ишке ашырууну башка адамдардын жашоосунан эмес, өздөрүнүн жашоосунан жогору коюшат[135].

«Пассионардуулук аң-сезимдин эмес, аң-сезимдин бөтөнчөлүгү, нерв ишмердүүлүгүнүн спецификалык түзүлүшүндө туюнтулган маанилүү касиет[136]. Пассионардык импульс – бул популяцияда пассионардык белгинин пайда болушун шарттаган жана айрым аймактарда жаңы этникалык системалардын пайда болушуна алып келген микромутация”.

Л. Гумилёвдун көз карашы боюнча, бир жагынан, пассионардуулук стихиялуу көрүнүш. Адамзаттын тарыхы “көрүнүктүү инсандардын” ишмердүүлүгүнө көз каранды эмес. Бирок, экинчи жагынан, пассионардуулук биосферадагы процесстер менен гана аныкталбастан, бар болгон “этникалык доминант” тарабынан уюштурулуп, багытталышы мүмкүн. ошондой эле тарыхый процесс, адамдардын социалдык-маданий өнүгүү пландарын ишке ашырып, тарыхты “жаратуучулар” деп эсептей турган пассионарлардын аң-сезимдүү аракеттери менен да аныкталат.

П.Темпелстин айтымында, банту тилинде сүйлөгөн коомдордун ой жүгүртүүсүндөгү негизги метафизикалык категория Күч болуп саналат. Башкача айтканда, реалдуулук динамикалуу көрүнүш, ал эми Болмуш (бытие) - Күч. Ал, Болмуш менен Күчтүн ортосундагы байланыш боюнча үч түрдүү көз караш бар экенин ырастайт:

- Бардыгы Күчү менен айырмаланат, башкача айтканда, жан-жаныбарлар Күчкө ээ болушу мүмкүн же ээ болбошу да мүмкүн;
- Күч - Болмуштун бир бөлүгү, башкача айтканда, Болумуш Күчтөн чоң жана кеңири түшүнүк, бирок ага көз каранды;
- Болумуш – ал Күч, башкача айтканда, ал Күчтүн өзү.

[135] ГумилевЛ.Н. Этногенез и биосфера Земли. - М., 1989. С.277.
[136] ГумилевЛ.Н. Этногенез и биосфера Земли. - М., 1989. С.277.

Мисалы: Бантулар үчүн Күч Болмуштун зарыл, кайталангыс атрибуту эмес: алардагы «Күч» түшүнүгү биздин философиядагы «Болмуш» түшүнүгүнүн ордун ээлейт. Биздегидей эле аларда да, трансценденталдуу, элементардык, жөнөкөй концепцияга ээ: аларда - "Күч", бизде "Болмуш" бар.

Темпелс, категориялардагы ушундай негизги айырмачылыктардын натыйжасында, акыл-эстин африкалык жашоосу Күчтү түшүнүүнүн жана аныктоонун айланасында түзүлгөн, бирок, ал Батыштын Болмушту түшүнүүгө жана аныктоого жасаган мамилесинен кескин айырмаланып турат, - деп ырастайт[137].

Африкалык этнофилософиянын негиз салуучуларынын бири *А.* Кагаме: оозеки жашап келген «жамааттык философия" жеке адам «жазган» философиядан жогору турат деп эсептеген.

Жогорку сөз оозеки булак менен жазма булактарды колдонууда ар кими өздөрү алып жүргөн илимдин артыкчылыктарын ашыра кеп кылган биздеги санжырачылар менен тарыхчы окумуштуулардын талаш-тартыштарын эске салат. Менин жеке пикиримде да, жазма булак – ал бир адамдын субьективдүү ою, маалыматы. Ал эми оозеки булак – жамааттын пикири, ал көпчүлүк тарабынан такталып, уютулган маалымат. Ал көп адамдын ой-пикиринин синтезделген көрүнүшү. ошондуктан жазма булакка караганда, оозеки булактын обьективдүүлүгү жана чындыгы алда канча ишенимдүү.

Кыргыз элинде оозеки тарых катары айтылып келген санжыра тууралуу да улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун минтип айтканы бар: "Жарыкчылыкта санжыралар болбосо өтүп кеткен убакыт жана муундар жөнүндө кандай көңүлсүз эскерме калаарын көз алдыга элестетип көрүнүзчү... Санжыраларда философия жана фантастика, поэтика жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра - бул элдин улуттук эн тамгасы жана анын таануу белгиси"**.** Бул улуу жазуучунун оозеки тарых тууралуу айткан сөзү.

---

[137] Материал из Википедии — свободной энциклопедии

Дагы бир африкалык этнофилософ Ж.Мбитинин жазганы боюнча, “Дин жеке адамдын маселеси эмес, ал жамааттын бардык мүчөлөрү маакулдашып кабыл алчу иш”. Анын “Африкалык диндер жана философия” (1969) деп аталган китеби, салттуу африкалык диний ишенимдерди сындап: “шайтандын жана антихристиандардын дини” деген христиандык дин өкүлдөрүнүн айтымдарына каршы чыккан биринчи эмгек болгон[138]. Бул эмгегинде ал: “Африканын салттуу диндери да христиан, ислам, иудаизм жана буддизм сыяктуу эле сый-урматка татыктуу” экенин баса белгилеген[139].

Ал бул эмгегинде 3оо ашык африкалык диндер тууралуу маалыматтарды жыйнап, илимий талдоого алган[140]. Мисалы, Игбо дини - ал изилдеген салттуу африкалык диндердин бири; алардын салт-санаасы баары алардын маданиятына синирилген. Түпкү ата-бабалардан оозеки кабыл алынган бул салт оозеки процесс аркылуу муундан муунга өтүп келген. Алардын каада-салттары табышмактуу **онтологиялык** кубулуштардын тегерегинде калыптанган.

Игбо дини боюнча адамдардын жашоосу мистикалык континуумду түзүп, алардын ата-бабаларынын жандары төрөлө элек адамдар менен байланышат. Игбо дини салттуу дүйнөлүк диндин бардык өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде анын ишенимдерин, ыйык мифтерин, оозеки сапаттарын, анын жолдоочуларынын жүрөгүнө күчтүү таасир берген жагымдуулугун, жогорку даражадагы ритуалдык салттар жана шамандардын кызмат кылуусу сыяктуу башчылардын, көптөгөн дин кызматкерлери менен магдардын катышуусун толугу менен камтыйт. Игбо дини салттуу эмес **прозелитизм** диндеринен айырмаланып, анда өз динин башкаларга үгүттөгөн кечилдер жана

---

[138] *Мбити, Джон (1980). "Столкновение христианской веры и африканской религии". Христианский век (27 августа–3 сентября): 817-820. Архивировано с оригинала 31 марта 2006 года. Проверено 23 марта 2006 года.* Онлайн-версия опубликована Religion Online.
[139] Нзвили, Фредрик (8 октября 2019 г.), "Кения скорбит по покойному профессору. Сэмюэл Джон Мбити", Всемирный совет церквей.
[140] Нзвили, Фредрик (8 октября 2019 г.), "Кения скорбит по покойному профессору. Сэмюэл Джон Мбити", Всемирный совет церквей.

миссионерлер жок. Алар дүйнөнү жана баардыгын башкарат деп эсептеген жогорку Духка ишенишет.

Христиандар 1857-жылы Игбо жерине келип, аларга өз динин таратып башташкан. Игбо дининин салттуу ыр музыкаларын жана бийлерин адеп-ахлаксыз деп эсептешкен христиан дин өкүлдөрү аларга өз дининин ырым-жырымдарын жасоого тыйуу салышкан. Бул игбо менен христиандардын ортосундагы диний чыр-чатакка өбөлгө түзүп, Африканын салттуу диндери менен христиан диндеринин тирешине алып келген[141].

Африкалык онтология болмуштун маңызы болгон тирүүлүктүн күчүнө негизделген. Сенгор үчүн бул идея ата-бабалардын рухтары жана Жер менен адамдын мистикалык никеси аркылуу байланышкан космостук күч түрүндө көрүнгөн сүйүү идеясы саналат. Сенгор биринчи кезекте жалпы адамзаттык баалуулуктарга басым жасап, адамдарды сүйүү аркылуу бириктирүү идеясын алдыга коёт. Жаратылыш менен байланышын үзө элек африкалык жашоону абстрактуу эмес, динамикалуу чулу көрүнүш катары сезет. Мифологияда ал **анимизм, инициация** жана **тотемизм** практикаларында чагылдырылат. Дүйнөгө болгон мамиленин негизги формасы катары таанып билүү же басып алууну эмес, биргелешип жашоого эффективдүү катышууну сунуш кылат. Анын негизинде африкалык социализмдин жамааттык жана тилектештик концепциясы түзүлгөн. Л. Сенгор анын төмөнкү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтөт:

1. Дүйнө рефлексивдүү акт аркылуу «өз алдынча» пайда болот, башкача айтканда, ал ойлонбойт, ал өзүнүн жашап жатканын сезет;
2. Таанып билүү башканы сезүү аркылуу келет;

---

[141] Океке, Чуквума О.; Ибенва, Кристофер Н.; Океке, Глория Точукву (2017). "Конфликты между африканской традиционной религией и христианством в Восточной Нигерии: пример игбо". *SAGE Открыт*. 7 (2): 215824401770932. doi:10.1177/ 2158244017709322.

3. Таанып-билүү актысы бир эле учурда бул дүйнөнү аңдап билүү жана жаратуу аркылуу дүйнө менен гармонияда жашоо принцибин ишке ашырат[142].

Африкалыктарга эмоционалдык таанып-билүү мүнөздүү, ал эми европалыктар үчүн дискурсивдүү-логикалык таанып-билүү негизги болуп саналат. Африкалык негир табияттан тышкаркы нерселерди көрүп, трансценденттик кубулуштарды сезе алат.

Мына ушул көз караштан алганда, кыргыз философиясын “эпикалык философия”, же “эпикалык айтуучунун философиясы” деп мүнөздөө туура болор эле.  Анткени, кыргызды эл кылып, улут катары калыптандырып келген дүйнөтааным дал ушул “Манас” эпосу баш болгон эпикалык чыгармаларда жана төкмө акындар алып жүргөн ырчылык өнөрлөрдө жатат. Касиеттүү, таланттуу адамдарды түшүндүргөн кыргыз тилиндеги “ырчы” сөзү, байыркы санскрит тилинде “риши” формасында айтылып “акын”, “акылман”, “көзү ачык”, “олуя” ж.б. мааниледи билдирген[143]. Ырчылар кимдер экени тууралуу Блаватскаянын айрыкча “Тайная доктрина”[144] деген китебинде абдан кеңири берилген. Ал китепте алар кудайдын “элчилери”, “түп аталар”, адамзатты цивилдүү жашоого үйрөткөн “улуу устаттар” катары сүрөттөлөт.

1963-жылы Москвада өткөн Бүткүлсоюздук илимий конференцияда абхаз окумуштуусу З.Анчабадзе минтип айткан: “Биздин кээ бир фольклорист коллегаларыбыз (бул сөз Е.Мелетинскийге да тиешелүү) эпосту эле эмес, эпосту жараткан элди жана эпос жаралган мезгилге таандык тарыхый окуяларды терең жана оолуттуу изилдеш керек экенине жакшы көңүл бурбай келатышат”[145]. Мына ушул сөздүн өзү этнофилософия илиминин керектигин

---

[142] Корнеев М.Я. Метафизика, эстетика и компаративистика Леопольда Седара Сенгора (рус.) // Мыслители. — 2002. — № 11.
[143] 1. Мифы народов мира. Т-2. М. Советская энциклопедия. 1992. -С.384. Гл.ред. С.А.Токарев.; 2. Блаватская Е.П. Теософский словарь. М. Ассоциация Духовного Единения “Золдотой век”. 1994. -С.410.
[144] Блаватская Е.П. Тайная доктрина. Синтез науки, религии и философии. Т-2. М. “Т-Око” 1991.
[145] Абдырахманов Т. Феномен эпического народа XX1 века. \\журнал “Манас ааламы №4. 2017. Бишкек.”Турар”.-С. 20.

тастыктайт. Мисалы, түрк тилинде сүйлөгөн элдеринин бири деп эсептелгени менен кыргыз манасчылары жараткан “Манас” эпосу башка тектеш элдерде айтылбайт. Миңдеген жылдар бою элдер аралаш жашап, бирок бул улуу эпосту бир гана эл жаратып, сактап, айтып келатышы – ал аны изилдөөгө алуу зарылдыгын белгилеген фактор экени талашсыз. Демек, бул өзгөчөлүктү философиялык аспектиден изилдөө этнофилософиянын предмети экенин да эч ким тана албастыр.

Салттуу философияны (этнофилософияны) илимдин бир тармагы катары калыптандыруу боюнча, акылмандардын ойлору бирдей эле: анткени, ар бир элдин философиясынын артында алардын космологиясы, башкача айтканда дүйнөтаанымдары жатат. ошондуктан, салттуу философияга обзор берүү – ал ар бир элдин этнофилософиясын же дүйнөтаанымын билүү үчүн эң сонун факты болуп саналат. Анткени, салттуу диндердин этнофилософиясы негизги диний принциптер боюнча алганда, теоборбордук коомду жана маданиятты аныктайт.

Философ В.В.Петрова өзүнүн этнофилософия боюнча жазылган эмгегинде минтип жазат: “Этнофилософия илим катары али толук калыптанып бүтө элек, бул илим этностун маданияттагы ролу менен аныкталат. Этнофилософия, этнофилософиялык билимге этностун зарылдыгы бар экенин негиздөөгө тийиш”. Бул илим - этностун өзүн өзү таанып билүү, “өз рухунун терендигин өз алдынча андап-түшүнүүгө болгон муктаждыгын канааттандырууга багытталган. Этностун керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган мындай ой жүгүртүү чындыгында этнофилософиялык ой жүгүртүү болуп саналат”[146]. В.Петрованын этнофилософия тууралуу ой жүгүртүүлөрү терен жана колдоого татыктуу. Мисалы, ал этнофилософияда тилдин ролу жана аны изилдөө негизги маселлердин бири экенин белгилейт: “Этникалык топтун тили элдин дүйнө таанымын чагылдырган фольклордук

[146] Петрова В.В. Роль этнофилософии в развитии этнического философствования: теоретический аспект. Национальная ассоциация ученых (НАУ). Философские науки 3 (19). 2016.

тексттерде берилет". "Тил, фольклор жана дүйнө тааным этнофилософиянын изилдөө предметинин негизги элементтери болуп саналат. Тилсиз, фольклорсуз, дүйнө таанымсыз келечектеги этнос жана анын философиясы да болбойт. Башкача айтканда, тил категориялардын калыптанышына негиз болсо, фольклор этностун ой жүгүртүүсүн чагылдырат, ал эми дүйнө тааным этносту философиялык ой жүгүртүү менен байланыштырат"[147].

**4-БАПта**

Кыргыз адабиятынын теңдешсиз шедеври жана терең философиялык идеялар синирилген улуу чыгарма "Манас" эпосунун башкы каарманы Манастын образы шумер жана арий мифтеринин каармандары менен салыштырылып талдоого алынат. "Манас" эпосу Кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгүн аныктоодо, улуттук аң-сезимин калыптандырууда жана улуттук эс-тутумун сактоодо негизги ролдо ойногон идеология. Ал - Элге кызмат кылуу, Мекенди коргоо, Мамлекетти чыңдоо идеяларына суугарылган эпос.

"Манас" эпосундагы негизги философиялык идеялардын бири – эркиндик жана адилеттик үчүн күрөш идеясы. Эпостун башкы каарманы Манас Ошпурда кой кайтарып жүрүп, 40 баланы жыйнап, аларга кылыч чапканды, жаа тартканды үйрөтүп, лидерликтин, баатырдыктын үлгүсүн көрсөтөт. Ал чачылып кеткен кыргыз урууларын жыйнайт. Эпос бир эпизоддо Манастын чыныгы лидер экенин минтип сүрөттөйт:

"Алтайдан келди бир чоро,
Алтай келген чорого,
ат жакшысын мингизди,
тон жакшысын кийгизди.
Асеми көздү талдырган,
ак өргөөгө киргизди.
Аны менен эр Манас,

147 Национальная ассоциация ученых (НАУ). 3 (19). 2016. Философские науки.

өзүнүн арыстандыгын билгизди!”.

Бир мезгилде чон атасы Ороз хан өлүп, душман капыстан басып кирип, хандын жаш балдары жетим калып, душманга каршылык кыла албай, алдырып койгон ата журтун Манас эрезеге жетип, эр болуп калган кезде ата журтун баскынчылардан бошотууну ойлонуп, баатырларды жыйнап, Алтайда эл алдында ант берет:

Атамдан калган Аксыкент[148]
Алтайда барып албасам,
Төбөсү ачык Көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун!

Манас чачылып кеткен элди жыйнаган баатыр. Эпосто ал минтип баяндалат:

Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди
Душмандын буту баскыча
Асыл кыргыз элимди
Тебелетип койгуча,
Кор кылып карап жаткыча,
Төрөлбөй туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Аткарбасам антымды
Төшү түктүү жер урсун!
Төбөсү ачык Көк урсун!
Көкө Теңир өзү урсун!

Мындай кайрат, мындай аракет жана өз өмүрүн курмандыкка чалган эрдик башкаларда жок. Бул эрдиктин эң мыкты үлгүлөрүнүн бири. Бул баатырларды жоого, эркектерди намыска чакырган үн. Эпосто Манас Элин баштап келип, акыры Анжиянды душмандан тартып алат.

[148] Эпосто “Анжиян” деп берилет. АНдиян Фергпана өрөөнүндө пайда болгон киинки шаарлардан. Аксыкен шаары эн эски шаар жана борбор шаар болгон. Бирок, жер титирегенгден кийин анын аталышы унутулуп, анын ордун Анжиян ээлеп калган.

Манас ички духту, эрдикти, кайратты жана улуу идеалга берилгендикти чагылдырып, бардык замандардын муундарына үлгү болор улуу образ. Бул философиялык идея ар бир адамдын жашоосунда боштондук жана адилеттүүлүк үчүн күрөштүн мааниси зор экенин баса белгилеген чакырык.

"Манас" эпосу – кыргыз элинин терең ой-пикирин, нарк-насилин чагылдырган, улуу философиялык идеяларга бай көөнөрбөс эпикалык чыгарма. Эпосто жаштарды тарбиялай турган акылмандардын учкул ойлору жана баатырлардын көптөгөн өрнөк иштери чагылдырылган.

«Манас» кыргыздын улуттук маданиятынын, каада-салтынын символу жана сактоочусу. Бул эпос кыргыз элинин тарыхынын жана маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат, ал ата-бабалардын дөөлөттөрүн жана даанышмандыгын бизге жеткирип, бизди өткөн, азыркы жана келечек муундар менен байланыштырат.

Кыскартып айтканда, "Манас" эпосунун философиялык идеясы – жаштарды эрдик жасоого, эркиндик үчүн күрөшүүгө, жаратылышка этият мамиле кылууга, адеп-ахлакты жана маданий мурастарды сактоого үндөөдө турат. Ал адамдарды терең философиялык ой жүгүртүүгө үндөгөн, жашообузду жана коомубуздун өнүгүүсүнө жол көрсөткөн, асыл баалуулуктарга жана бекем принциптерге ширелген эпос.

Манас - Кыргыз элин жок болуудан куткаруу үчүн анын бактысына жаралган улуу лидер. Бул адамдын баскынчылардан кутулууга умтулуусу, адилеттикти жана чындыкты коргоосу жана эркиндик үчүн күрөшү улуу үлгү. «Манас» эпосунда эркиндик жана адилеттик үчүн болгон күрөш негизги орунду ээлеп, эпостун бүтүндөй маңызына айланат.

Манас элди өзүнүн айланасына бириктирип, бир максатка жетүү үчүн зарыл болгон ынтымакты жаратат. Ал эркиндикке жана адилеттүүлүккө жетүү үчүн биримдиктин маанилүүлүгүн баса белгилеп, жердештерин күрөшкө шыктандырат.

Эпосто табияттын кооздугу такай жогорку денгээлде сүрөттөлүп ырдалат. Мисалы толуп-ташып турган жайлоо: “Адырдан аркар куйулуп, адырдын чөбү суйулуп. Будурдан бугу куйулуп, будурдун чөбү суйулуп” ж.б. деп сүрөттөлөт. Бул сүрөт адамдын кубанычын, табиятка болгон адамдык суктануусун билдирет. Адам кайгырганда: “кайын ыйлап, тал ыйлап, карарган жандын баары ыйлап” табият адам менен кошулуп, кайгыга батат. Бул идея адам менен айлана-чөйрөнү гармониялуу байланыш түзүүгө чакырат.

Эпостун каармандары улууларга болгон сый-урматты, кичүүлөргө болгон ызатты көрсөтүшөт. Аялдардын акылын жана сулуулугун баалашат.

“Манас” эпосу – улуттук эстутумдун, асыл мурастардын сактоочусу. Ал кыргыз элинин эрдиктери, маданий өзгөчөлүктөрү, жашоо образы тууралуу кеп кылат. Эпос кылымдар бою калыптанган кыргыз маданиятынын негизин түзгөн баалуулуктарды чагылдырат.

«Манас» эпосунда эрдик жасоо, кыйынчылыктарды жеңүү - негизги философиялык идеялардын бири. Эпостун каармандары көптөгөн сыноолорго, кыйынчылыктарга кабылышат, бирок аларга каршы күрөштө баатырдыкты, эрдикти жана туруктуулукту көрсөтүшөт. Эпостун каармандары алдына койгон максаттары үчүн кыйынчылыктардан коркпой, тобокелчиликке барышат. Алар коркунучтарга жана жоготууларга карабастан, душмандар менен салгылашып, тоскоолдуктарды жана кыйынчылыктарды жеңип чыгышат.

# 2-БАП.

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНЫН ТЕоЛоГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## 2.1. Теңир жана язычество

Эл ичинде: “Ким Кудайды унутса, Кудай да аны унутат” деген сөз айтылат. Бул сөз миңдеген жылдар мурун Египеттин Ыйык текстеринде: “Ким өзүнүн кудайын тааныбаса, анда ал бир күнү камыш кыйылгандай кыйылып түшөт. Ким өзүнүн кудайына сыйынбаса, анда анын акырындап күч-кубаты кетип, алдан тайып, асмандагы жылдыз өчкөндөй өчүп, түнкү туман таркагандай иизсиз, жытсыз билинбей тарап болот”[149] деп жазылган. Мына ушул сөз адамдарды жана элдерди ойго сала турган сөз. Демек, текст боюнча ой жүгүртсөк, ар бир эл өзүнүн кудайына сыйыныш керек. Ким өз кудайына сыйынбаса, анда бир күнү камыш кыйылгандай кыйылып түшөт. Асмандагы жылдыз өчкөндөй – өчөт, түнкү туман тарагандай тарап, иизсиз, жытсыз жок болот. Эгер артка кылчайып, тарыхка көз жүгүртсөк, анда дүйнөнүн көп элдери өздөрүнүн кудайларын унутуп, манкурт болуп калышканын көрөбүз. Алардын арасында биз-кыргыздар да барбыз.

Суроо туулат: Бүгүн биз - мусулманбыз, кудайыбыз – Алла. Бирок ислам дини – биздин өзүбүздүн динби, Алла - биздин өзүбүздүн кудайбы? Анткени, жогорку сөз ар ким “өзүнүн” кудайына сыйыныш керек деген сөздү айтып жатат. Тексти караңыз: “Ким өзүнүн кудайынан коркпосо, анда ал бир күнү камыш кыйылгандай кыйылат”.

Азыр эстесек: Биздин өзүбүздүн дин Тик дүйнөнү – “үч” катмардан, Түз дүйнөнү – “үч” бөлүктөн турат деп тааныган дин болчу. Тагырак айтканда, Тик дүйнө: Жогорку, Төмөнкү жана ортоңку, ал эми Түз дүйнө: Чыгыш, Батыш жана ортоңку же Борбор деп аталган бөлүктөрдөн турган. Дүйнөнү ушундай

---

[149] Рагозина З.А. История Халдея. -М. 1998. -С.299.

кабылдоо ал биз жашап турган Күн системасына эле эмес, бүтүндөй ааламга бирдей тиешелүү. Биздин байыркы ата-бабалар көзгө көрүнүп турган Космосту, Көкө Теңир деген ат менен белгилүү болгон Абсалюттук Духтун көрүнүшү, анын денеси катары кабылдашкан. Алар Ааламды жандуу зат деп түшүнүшкөн. Көке – "ата", Теңир – "кудай", демек мааниси: "Ата Кудай". Биздин ата-бабалар өзүнүн кудайы болгон Көкө Теңирге кантип сыйынышкан, аны эмне үчүн унутушту? Эмне үчүн Көкө Теңирдин ысмы Алла менен алмашып, айтылып калды? Эл исламды өз эрки менен кабылдаганбы же зордук-зомбулук менен кабыл алганбы? Көкө Тенирдин ысмын Алла менен алмаштырып, биз эмнеге ээ болдук, кандай ийгиликтерге жетиштик? Аны колдонууда проблемалар барбы же жокпу? Эгер биздин элдин кайсы бир бөлүгү кайрадан Көкө Тенирге сыйынуу салтын улайбыз десе, ага эмнелер тоскоол болушу мүмкүн, эмне үчүн каршы болушу мүмкүн? Тенир философемасынын маңызын эмне түзөт? Суроолор көп. Биз бул суроолорду эмне үчүн берип жатабыз? Анткени, азыр биз козгогон суроолорду орустар да көтөрүп жатышат. Анын себеби эмнеде?

Мисалы, кытайлар авраамдык диндерден өздөрүн алыс кармаганга аракет кылышат, индустардын арий элементтери аралашкан өздөрүнүн диндери жана ишенимдери бар, араптар менен түрктөр Мухаммеддин жолу менен баратышат, албетте, бул маселеде африкалык негирлерди бир нерсе деп айтыш кыйын. Кийинки учурда, арий урпактарынын арасында христиандык диндерге ишенүү сезимдери улам убакыт өткөн сайын жоголуп баратканы байкалууда. Эмне үчүн? Ага бир нече себептер бар. Алар төмөнкүлөр:

1.Инжилде айтылган кудай – еврейлердин кудайы. Мисалы, анда минтип айтылат: "...сен Израилдин аксакалдары менен Египеттин падышасына барып: Еврейлердин кудайы сизден суранды..." (Исх.3,18) деп айтасың.

2.Матфейдин маалыматы боюнча Христос минтип айткан: "Мен Израил үйүнөн чыккан еврейлерге гана жиберилгенмин" (Матф. 15,24)

3.Апостол Павел мындай дейт: “Иудей болгондун артыкчылыгы эмнеде, же сүннөткө отургузулгандын эмне пайдасы бар? Артыкчылыктары абдан көп, айрыкча (“тандалган эл” катары) аларга кудайдын сөздөрүн жеткирүү милдети ишенип берилген” (Рим. 3,1-2).

4.Бүгүнкү күнү христианчылык Россияда “иудейхристианчылыгы” деген мааниլерде айтыла баштады. Мисалы, Патриарх РПЦ Алексей 11 1991-жылы 13-ноябрда Нью-Йорктогу борбордук синагогдо, иудей раввиндерине кайрылып сүйлөгөн сөзү: “Урматтуу туугандар, силерге биздин ата-бабаларыбыздын Кудайынын атынан шолом айтам жана силерге сүйүү, тынчтык каалайм!”[150]

Бүгүнкү күнү ДНК илиминин кээ бир маалыматтары менен кошо тарыхка, динге, жалпы эле дүйнөтаанымга байланышкан маселелер да кошо көтөрүлүүдө. Арийне, ал арий тегинен тараган элдердин арасында айрыкча дин маселеси менен байланышта чыгууда. Мисалы, арийлер кудай алдында да, өлүм алдында эч нерседен коркушпайт. Анткени, семит диндеринен айырмаланып, арий дини Кудайдан коркуу сезимин ишеним катары жайылткан эмес. Ушул маселеге байланыштуу белгилүү немис окумуштуусу Г.Ф.К. Гюнтер минтип жазат: “Адам - Кудайдын кулу” деген ишеним семит элдеринин диндерине мүнөздүү. Ваал, Адон, Мелех, Раббат ж.б. Кудай – кожоюн, ал эми ал жараткан адам – анын кулу экенин дайым баса белгилешет. Индогерман элдери кудайга сыйынып жатканда, чын дилинен ага урматтоо сезими менен кайрылат: римдиктер аны “колере”, эллиндер – “терапевейн” дешет. Ал эми семит элдеринде “сыйынуу” деген сөз “абад” деп айтылып, мааниси “мен сенин кулуңмун” дегенди түшүндүрөт. Алсак, Анна өзүнүн уулун Яхве кудайына кул катары белекке берет (1-я Самиула, 1,11). Давид өзүнүн кудайына “мен сенин кулуңмун” деп сыйынат (2-я Самиула, 7,18). Соломон да өзүнүн кудайына сыйынып жатканда ушул сөздөрдү кайталайт (2-

[150] “Московские новости” №4, от 26-января 1992 г. \\ Пензев К.. Арийская теорема. М. Алгоритм.ЭКСМО. 2009. -С.235-236.

я Царств, 3,6). Яхве - “каардуу” кудай (2-я Моисея 23,27; Исайя 8,13). Индогермандар эч качан өздөрүнүн кудайларын ушундай “коркунучтуу” көрүнүштө элестетишкен эмес[151].

ошентип изилдөөчүлөрдүн жазгандарына караганда, семит элдеринин диндери: “Адам – Кудайдын кулу” деген ишенимди жайылтат. Ал эми арий элдеринин диндери: “Адам – кудайдын уулу” деген ишенимди бекемдейт. Бул ишенимдердин бузулушу же алмашып калуусу ошол элдердин бузулушуна жана адашуусуна алып келет. Андан улам, еврейлер өздөрүнүн кудайы-Яхвеге, ал эми арийлер өздөрүнүн кудайлары Сварог, Перун жана Велеске ишениши керек[152]. Анткени, арийлер Кудайга “кул болуу” ишенимин эмес, Кудайга анын “урпагы” катары кызмат кылуу ишенимин тутунушкан. ошол үчүн алардан улуу акылман акындар жана эч нерседен тайманбаган, коркпогон баатырлар көп чыккан.

***

Теңир философемасы тууралуу кеп кылардан мурун бул терминдин өзүнүн түпкү маанилери тууралу сөзгө токтололу. Сөздүктөрдө ага мындай деп аныктама берилет: Философема (Аристотель: “силлогизм”) - философиялык маселелер же изилдөөлөр, талдоолор, учкул сөздөр, философиялуу ой-пикирлер жана илимий жыйынтыктар. Философемага ылайык байыртан айтылып келаткан мындай сөз бар: “Бардык адамдар өлүшөт. Гректер – адамдар. Демек, гректер да өлүшөт”. Бул термин илимий адабияттарда ар кандай окуунун өзөгүн түзгөн философиялык идеянын негизги көз карашын билдирүү үчүн колдонулган. Кээде чындыкты түшүнүүнүн мурунку жолу катары философеманы мифологема менен карама-каршы коюшат, анда мифологема мистикалык жана символикалык мүнөздөгү ой жүгүртүү катары түшүндүрүлөт. Убакыттын өтүшү менен философема философ тарабынан киргизилген жана анын окуусу менен байланышкан кыска билдирүүнү, же

[151] Пензев К.. Арийская теорема. М. Алгоритм.ЭКСМО. 2009. -С.236-237.
[152] Пензев К.. Арийская теорема... -С.237.

тереӊ мааниге ээ болгон философиялык мүнөздөгү, кээде ал тургай популярдуу жанрга таандык ар кандай учкул ойлорду билдирет. Айрым философтор: “философема ар кандай чечмелеп, талдоого боло турган тереӊ символикалык мааниге ээ көркөм образ” деп да айтып жүрүшөт.

---

Мына ушундай салттуу көз караштан улам, Тенир философемасы тууралу сөз кылганда, биз эмнелерди айтабыз? Тенир философемасынын негизги философиялык өзөгүн эмне түзөт? Тенир философемасынын эволюциялык жолу кандай болгон? Аны алгач изилдешкен окумуштуулардын ал тууралу ойлору кандай эле жана ал ойлордун азыркы илимий-философиялык көз караштардан кандай айырмалары бар?

Биздин пикирибиз боюнча, тар маанисинде Тенир философемасынын өзөгүн руханий жана материй маанидеги “ааламды” билдирген “асман ээси” жөнүндөгү түшүнүк аныктайт. Бирок, бул бир гана диний түшүнүк эмес. Тениризм – диний түшүнүктөн алда канча кеӊири маани-мазмунду ичине синирген дүйнөлүк дүйнөтааным. Философияда “дүйнөлүк дүйнөтааным” деген термин жок, бирок, биз аны атайын, Тенир дүйнөтаанымы биз билгенден да терен окуу жана кенири түшүнүккө ээ деисттик дин экенин ачып берүү үчүн колдонуп жатабыз. Илимий изилдөөлөрдө: “уруулук дин” (ор: “язычество”), “улуттук дин” жана “дүйнөлүк дин” деген терминдер бар. Ырас, андай болсо, дүйнөтаанымды да ушундай терминдер менен белгилөө ката болбойт. Антип айтып жатканыбыздын себеби: Тениризм, алгач изилдеген окумуштуулардын көбү айтышкандай, цививлизацияга чейинки ишенимдин алгачкы денгээлин түшүндүргөн “уруулук” (ор: язычество) же бир элге тиешелүү “улуттук”эмес, Евразия мейкиндигинде байыртан бери жашап келе жаткан көптөгөн көчмөн элдерди бир улуу идеологияга бириктирген жана алар түзгөн мамлекеттерде диний кызматты да аткарган дүйнөлүк дүйнөтааным болгон. Бирок, диндерди жана дүйнөтаанымдарды изилдешкен окумуштуулардын эмгектеринен биз Тенир дүйнөтаанымы тууралу жогоркудай (“дүйнөлүк дүйнөтааным”) аныктаманы окуй албайбыз. Тескерисинче, Тенир дүйнөтаанымы уруулук

диндердин (“Язычество”) деңгээлиндеги ишеним катары айтылат. А, чынында кандай? Язычество деген эмне?

Язычество - “жапайылардын дини” дегенди түшүндүргөн уруулук ишеним болуп саналат. Сөздүктөрдө бул термин авраамдык диндерден башка диндерди түшүндүрүү үчүн колдонулат. Көп учурда аны адистер христиан динине чейинки көп кудайга ишенүү салтын ушул термин менен бөлүп айтышат.

Язычество термини славян чиркөөсүнүн диний кызматкерлери ойлоп тапкан термин, ал «язык» деген сөздөн алынган. Бул термин адегенде «эл» дегенди түшүндүргөн. Эски Инжилдин заманында еврейлер өзүнөн башка тили, дини, каада-салты жана жалпы маданияты бөлөк элдердин баарын «язычниктер» деп аташкан. Иудейлерден бул термин христиан лексиконуна кирген. Азыр эми бул термин «элди» же «расаны» эмес, өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар христиандык эмес диний окууларды жана дүйнөтаанымдарды түшүндүрөт. Кыскасы авраамдык окуулардын принциптерине каршы келген башка элдердин жашоо образдары жана диний ишенимдери баары язычествого кирет.

Иудаизм дүйнөлүк диндердин жана маданияттын тарыхында өзгөчө ролду ойногонун танууга болбойт. Бул диндин аталышы («иудаизм») б.з.ч. 6-кылымдарда чыныгы еврейлердин диний ой жүгүртүүлөрүн грек тилинде сүйлөгөн «эллинчил» еврейлерден айырмалаш үчүн келип чыккан. А чынында иудаизм еврей элинин дини катары, еврей элин тандап алган  жана Синай тоосунун чокусунда Яхве кудайы Муса пайгамбарга өзүнүн мыйзамдарын берген доордон бери, христианизмге чейин эле белгилүү болгон. Кудайдын тапшырмасы боюнча, «тандалган эл» катары еврейлер Яхвенин сөзүн дүйнөгө таратуу миссиясын ишке ашырат деген идеологиянын жайылтышкан. Бирок, Яхвенин сөзү христиан дининин ыйык негиздерине жана анын баасыз мурастарына айлангандан кийин иудаисттер христианизмден ажырап

кетишкен. Христостун окуусун кабыл албаган еврейлер[153] азыркы учурда да өзүнүн ритуалдары, каада-салттары, майрамдары, календары жана эрежелерин сактаган иудаизмдин талмуддук формасын карманышат.

Белгилүү динчил философ П. Флоренскийдин жазганы боюнча, язычество: «… жалган дин, жалган ишеним. Ал адамзаттын алгачкы доорлоруна мүнөздүү, диний баш-аламандыктан чыга албай кыйналып жаткан, чыныгы диндин бурмаланган, бузулган жана бөлүнүп чыккан көрүнүшү». Анда, "оңдолгон", "толукталган" дин катары иудаизмден бөлүнүп чыккан христианизм кандай дин? Же "оңдолгон динге" кошулбай "оңдолбогон" бойдон калган иудаизмди кайсыл жагына кошобуз: "чыныгы дингеби" же "язычествогобу"? Же, кыскача айтканда: биринен бири бөлүнүп чыккан бул эки диндин кайсынынысы – "чыныгы", кайсынысы – "язычество"?

Язычествонун көптөгөн түрлөрү бар. Мисалы, ага: көп кудайга ишенүүчүлүк, магия, сатанизм, шаманство, атеизм, материализм ж.б. кирет. Бул агымдардын өздөрүнүнүн көптөгөн белгилери бар: натурализм, бутка сыйынуу, магизм, мистицизм ж.б.

ошентип, бүгүнкү диний түшүнүк менен айтканда, язычество:

1. Христиандар үчүн христианизмге кирбеген диндердин баары язычество. Мисалы, христиандар үчүн бир гана кудай бар, ал – Иисус Христос. Андан башка кудай жок, демек, башка кудайларга сыйынуу - ал туура эмес. Негизинен Библиянын осуяттары да ушинтип айтат.
2. Көп кудайга сыйынгандардын баары - язычниктер.
3. Ыйык китептерде айтылбаган чиркөөнүн ырым-жырымдарынын мистикалык күчтөрүнө сыйынуу. Демек, христиандардын арасында да

[153] 1970-жылкы эл саноо боюнча, дүйнөдө 12 миллион еврей бар. Анын ичинен 6 миллиону АКШда, 2 миллиону - Изираилде, 4 миллиону Чыгыш Европанын ар кандай өлкөлөрүндө жашашат. Экинчи дүйнөлүк согуштун убагында (1939-1945жж.) Гитлер режими 6 миллион еврейди кырып, жок кылган.

билбегендиктен язычествонун элементтерин (шам жагуу, дуба окуу ж.б.) алып жүргөндөр бар. Андай көрүнүш мусулмандардын арасында да кезигет (ташка, сууга сыйынуу ж.б)[154].

Эгер логика боюнча ой жүгүртсөк, анда «эски» окуунун жаныланган уландысы катары иудаисттер христианизмди кабыл алышып, Христостун жолу менен кетишиши керек эле. Бирок, еврейлер антишкен жок, өздөрүнүн эле мурунку улуттук дини менен калып калышты. Христиандар менен мусулмандардын көз карашы боюнча, бул албетте туура эмес. Демек, алар чыныгы окууну таанbackбаган «язычниктер» аталышы керек болчу. Бирок, дүйнөлүк диндердин лексиконунда азырынча аларга ошондой аныктама берген терминдер жок. Мунун өзү кандай формада жана мазмунда болбосун авраамдык диндердин эреже, салттары туура, ал эми авраамдык эмес диндер туура эмес же толук эмес дегенди билдирет. Анын ичинде, албетте, Тенир дүйнөтаанымы да бар. Биздин, язычествонун аныктамасына көбүрөк токтолуп калганыбыздын себеби да ушул. А чынында, Тенир дүйнө таанымы авраамдык диндер «язычество» деп атаган диндерден кескин айырмаланат. Тарыхка көз салсак, авраамдык диндердин тамырында, тескерисинче дал ушул Тенир дүйнө таанымы жатканын көрөбүз. Ал тээ шумерлер менен семиттер аралашып, аккад деп аталган жаны элди пайда кылган замандан башталат. ошол мезгилдерде семиттер жашаган жерлерде Тенир/Дингир ысмы Элу/Илу деген кудайдын ысмы менен алмашат. Кийин шумерлердин акырындап, жергилтиктүү эл менен аралашып кетиши менен бир убакта “Дингир.Ка” деп аталган шаар аталышы кийин “Баб-Илу” деп өзгөрүлөт. Демек, убакыттын өтүшү менен Дингир «кудай» деген маанини гана билдирбестен кудайдын «ысмын» да түшүндүрүп калганынан кабар берет.

[154] Электрондук версия: https://www.pravmir.ru/yazychestvo/

Евроборбордук көз караш Теңир дүйнөтаанымын шаманизмге жакын, кээде аны алгачкы уруулук (язычества) ишенимдин бир формасы катары карайт да, анан ошол эле убакта анын маанисин “асман” деп чечмелейт”[155].

Ф. Энгельс: “Мамлекеттик динге айланган ишенимди “уруулук ишеним” (ор: язычество) деп айткан туура эмес” деген. Мына ушул көз караштан алганда, өз алдынча жашаган көчмөн ордолордо гана эмес, бир нече көчмөн ордолорду бириктирген “федеративдүү” жана “конфедеративдүү” түзүлүштөгү каганаттарда да диний идеологиянын ролун аткарган Тенир дүйнөтаанымы “дүйнөлүк диндердин” денгээлиндеги функцияга ээ болгон. Анткени, ал байыркы хундардан баштап, орто кылымдагы Монгол империясынын мезгилине чейин Евразия мейкиндигинде жашашкан түрк-монгол элдерине жалпы тиешелүү болгон “дүйнөлүк” дин менен “дүйнөлүк” дүйнөтаанымдын ролдорун синкреттешкен формада бирдей аткарып келди. отурукташкан элдерде дүйнөтаанымдын өзөгүн ошол элдин дини түзөт, ал эми көчмөн элдерде дүйнөтаанымдын өзөгүн ошол элдин дүйнөтаанымынын өзөгү болгон “философема” түзөт. Бул динден айырмаланып, илимий көз карашка жакын түшүнүк. отурукташкан элдерден айырмаланып, көчмөн элдердин көз карашы, көкүрөгү жана алар түзгөн коом кандай ачык болсо, алардын дүйнөтаанымдары да ошондой прагматикалуу, ошондой эле ачык болгон. отурукташкан элдерге караганда, көчмөн элдердин ой жүгүртүүлөрүндө илимий ой жүгүртүүнүн элементтери арбындык кылган. Табияттан берилген дал ошондой ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү жана ой жүгүртүү үчүн убакыттын кенендиги алардын ачык дүйнөтаанымын калыптандырган. Көчмөндөр алгач айбан жаныбарларды колго үйрөтүү менен бирге көп өтпөй эле металды (жез, коло, темир) иштетүүнү өздөштүрүшкөн. Археологиялык фактылар алгачкы металды иштетүү салты Алтай-Урал тоолорун аралап жашашкан турандыктарда пайда болгонун тастыктоодо[156]. Дыйканчылыкты өнүктүрүү

---

[155] Аюпов Н., аты аталган эмгегинде, -С. 71.
[156] Зайцев А. Руководство всемирной истории. Древняя история Востока. С-Петербург. Изд. Л.Ф.Пантельева.1879. -С.22

менен отурукташкан элдер соода кесибин пайда кылышса, малды колго үйрөтүү жана металды иштетүүнү өздөштүрүү менен көчмөн элдер жоокердик өнөрдү кесипке айлантышкан. Айрыкча жылкыны колго үйрөтүү (б.з.ч. 4 мининчи жылдар) менен аралык кыскарып, көчмөн адам үчүн географиялык мейкиндикти таанып билүү мүмкүнчүлүгү кенейген. Малчы адамдар мейкиндикти кыска убакыттын ичинде басып өтүү, кийин жоокердик кесиптин өркүндөшү менен алыскы аралыктарда жашашкан элдерди да басып алып, багынтып, баш ийдирип жашоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушкан. Бул процесс, азырынча тарыхка белгисиз миндеген жылдарды кучагына алган.

Ушул убактагы көчмөн адамдардын дүйнөтаанымы жана ишенимдери Асман менен Жердин, Киши уулу менен Жаратылыштын биримдигин шарттаган. Алар дүйнөнү үч катмардан турат деген ишенимди пайда кылышкан. Бул түшүнүк жашоонун өзүнөн келип чыккан. Адам өзү жашап жаткан чөйрө менен аны куурчап турган дүйнөнү үч бөлүктөн турган Тик жана Түз дүйнө катары кабылдап, ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүргөн. Табигий диндин[157] жана табигий дүйнөтаанымдын алгачкы элементтери пайда боло баштаган. Адамдардын арасынан чыккан алгачкы акылман адамдар: “Айды, Күндү, Асманды ким жараткан? Адам кантип жаралган? Бул ааламды жараткан жана кармап турган кандай күч бар?” деген суроолорго жооп издешкен. Мына ушундай ой жүгүртүүлөр убакыттын өтүшү менен Теңир философемасынын өзөгүн түзгөн жана аны “дүйнөлүк диндин” ролун аткарган дүйнөлүк дүйнөтааным катары калыптандырган.

## 2.2. Теңир дүйнөтаанымынын тарыхы жана эволюциясы (Кыргыз-Шумер мифоэпикалык параллелдер)

[157] Табигий дин – байыркы мезгилдерде табигий жол менен пайда болгон дин, ал Табиятка сыйынуу салты менен да байланыштуу.

Атактуу С.Н.Крамер жазгандай: Тарых Шумерден башталат[158]. Адамзат тарыхындагы алгачкы цивилизация дал ушул Месопатамия жеринде пайда болгон. Дал ушул шумер мифологиясында “Дингир” деген сөз учурайт, ал Асман-Жерди, бизди куурчап турган Дүйнөнү жана Биринчи Адамды жараткан Өлбөс жандарга карата айтылып, мааниси “кудайды”[159] билдирет.

Шумерлердин келип чыгышы тууралу маалыматты ыйык китептерден издешкен окумуштуулар такташа албай, акыры айласы кеткенде, көпчүлүгү аларды сары расага таандык эл деп эсептешип, алар Сеннаар жерине Урал-Алтай тоолорунун ортосунан орун алган Туран аймагынан келишкен деген жыйынтыкка келишкен. Илимпоздордун айткандары боюнча, сары раса адегенде Азиянын батышында жайланышкан, ал жерде алар жүздөгөн кылымдар жашап, адамзат цивилизациясына айыл чарбаны иштетүү, үй куруу, жазуу, математика, астрономия ж.б. көптөгөн илимдердин негизин түптөштү. Акыры убакыт келип, аренага ак раса чыкты. Алар сары расанын ойлоп тапкандарын өздөштүрүшүп, чыгармачылык менен аны ушул күнгө чейин улантып келатышат.

Тарых илими, азыркы адамзат цивилизациясына негиз салган бул атактуу эл (шумерлер) кайдан, кантип келген деген суроого толук жооп бере элек. Бул эл ыйык китептерде айтылган Каин тукуму эмеспи деген дагы бир суроо бар? Семиттердин китептеринде Каин эки бир туугандын улуусу болчу. Эн кызыгы семиттер ар дайым турандыктар менен жанаша жашап келишкен. Алар менен кошуна жашашкан семиттер шумерлердин уламыштарын, илим-билимдерин, искуствосун, адабиятын бүт өздөштүрүп отурушкан. Бирок, алар тууралуу эч жерде эскеришкен эмес. Семиттер келишкенде кезде, түбү Туран аймагынан Сеннаар аймагына келип жашап калышкан шумерлердин калыптанып калган жогорку маданияты бар эле[160]. Шумер тарыхын жана цивилизациясын изилдешкен окумуштуулар, айрыкча кийинки кезде аларга

[158] Крамер С.Н. История начинается в Шумере. М. “Наука”. Главная редакция восточной литературы. 1991.
[159] Крамер С.Н. История начинается в Шумере.... -С.92.
[160] Рагозина З.А. История Халдеи...-С.126-29.

кошулуп жатышкан түрк-монгол аалымдары (алардын арасында кыргыз-казак жазуучу-илимпоздору да бар) шумерлерди Алтай же Туран аймагынан барышкан элдер деп эсептешет жана шумерлер түрк-монгол элдеринин байыркы бабалары болушкан деген версияны баса белгилеп айтышат[161].

Шумерлер байыркы элдер катары Тигр менен Евфрат дарыяларынын ортосундагы өрөөндөрдө адамзат тарыхындагы алгачкы шаар-мамлекеттерди түзүшкөн. Ар бир шаар-мамлекеттин өзүнүн кудайлары, башчылары, баатырлары, уламыштары жана өзүнчө сыйынган куттары (культ) болгон. Биздин заманга чейинки 3-миңинчи жылдыктын аягында жалпы шумердик пантеон болгон эмес, бирок кээ бир кудайларга (Ан, Ки, Энлил, Энки, Инанна, Нанна, Нингирсу) ушул аймактардагы элдердин баары сыйынышкан.

Аккаддар шумерлер менен семит урууларынын аралашмасынан пайда болгон эл, семиттер байыркы замандан бери шумерлер менен кошуна жашап, аралашып келишкен. окумуштуулардын басымдуу бөлүгү аккадыктарды семит тилдүү эл деп белгилеп, аларды семит тегине таандык кылып көрсөтүшөт. 3-миңинчи жылдыктын 2-жарымында Месопотамияны Аккад шаарынын башкаруучусу Сархан (Саргон) «Шумер жана Аккад падышалыгын» бириктирген (кийин Вавилондун пайда болушу менен бул аймак Вавилония деп аталып калган). Мына ошол мезгилден баштап, шумер маданияты акырындык менен ассимиляциялана баштаган. Аккадыктар өздөрүнүн көптөгөн кудайларын шумерлерден өздөштүрүп алышкан. Шумер мезгилинен айырмаланып, алардын убагында кудайларды бириктирүү жана “негизги бир кудайды” (монолотрия) бөлүп көрсөтүү идеясы күчөгөн.

А Зайцевдин жазганы боюнча, байыркы Азиянын мейкиндигинде жашашкан элдерди башкаруу укугу алгач турандыктарга таандык болгон жана бул аймактагы алардын бийлиги дээрлик бир жарым миң жылдан ашуун

---

161 1. Сулейменов О. Аз и Я. Алма-Ата. “Жалын”. 1990. -С.518-586; 2. Айтымбетов О. Кара Кыргыз. 2-т. Бишкек. “Бийиктик”, 2007. 443-492-бб.; **3. Сыдыкова К. Шумерлер жана кыргыздар**.......?;

убакытка созулган[162]. ошол байыркы замандарда Месопатамиянын түндүк-чыгыш тарабында жайгашкан “Элам” деп аталган тоолуу өлкө бар болчу. Ал, ал кезде “Аншан” деген аталыш менен белгилүү болгон. Дал ушул өлкөнүн эли да Туран аймагынан келгени илимде аныкталган. Бирок ал аймакта да, шумерлердин жашаган же аралап өткөн иизи табылган эме.

Өз убагында: шумерлер Индиянын түндүк тарабынан келиши мүмкүн деген да ойлор сунуш кылынган. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн жазгандары боюнча, шумерлердин Индия менен байланышы болгон, бирок, окумуштуулар шумер тилинде “арыстан” деген сөздүн жок экенин байкашкан. Демек, шумерлердин түпкү ата-журтунда арыстандар жашаган эмес. Арыстанды алар Месопатамияга келгенден кийин гана көрүшүп, аны “лик-маг” (“чоң ит”) деп айта баштashкан[163].

Албетте дагы бир фактынын бири - Халдей жеринде металлдын кенинин жок экендиги. Изилидөөлөргө караганда, шумерлер бул аймакка келгенге чейин эле металл ээриткенди билишкен. Месопатамияга металлды алар сырттан алып келишкен. Ал эми тарыхтан металлдын байыркы очоктору Алтай аймагынан табылган жана анын кени аерде абдан көп болгон[164]. Дал ушул чөлкөмдөн чыккан элдер илгертен эле жезден жана темирден ар кандай согуш куралдарын, алтын менен күмүштөн дүйнөнү таң калтырган зергер буюмдарды жасашкан. Ал эми шумерлер келгенге чейин Алдынкы Азия “коло” жана “темир” эмне экенин билген эмес. Ушунун баары шумерлер Алтай аймагынан келгенин тастыктап турат. Демек, Библияда айтылган “темир уста” Тувалкаин жана анын урпактары дал ушул Туран аймагынын түндүк-чыгышында жашаган деп тыянак чыгарууга болот[165].

[162] Зайцев А. Руководство всемирной истории. Древняя история Востока. С-Петербург. Изд. Л.Ф.Пантельева.1879. -С.66-71.
[163] Рагозина З.А., С-132, История Халдея, М., 1998.
[164] Зайцев А. Руководство всемирной истории. Древняя история Востока. С-Петербург. Изд. Л.Ф.Пантельева.1879. -С.66.
[165] Рагозина З.А., С-133, 289, История Халдея, М., 1998.

Кийинки изилдөөлөр, шумерлер түрк элдеринин түпкү ата-бабалары болушу мүмкүн деген болжолду көбүрөөк кеп кылууда. Айрыкча, бул көз караштты, ошол эле Совет бийлигинин убагында биринчи болуп ачык айтып чыккан жана салыштыруу усулу менен лингвистикалык изилдөөлөрдү жүргүзгөн көрүнүктүү акын жана тарых иликтөөчү олжас Сулейменов болду. Бул ойлор жана далилдер анын өйдө жакта биз атын атаган чыгармасында[166] жарыяланган. Айткан ойлорунун тууралыгын жана айрым бир сөздөрдүн праформалары тууралу ал өзүнүн кийинки көп жылдык “Язык писма”[167] деген китебинде да тастыктады. Мына ошондон улам, “Теңир” (Дингир) теонимин Эки Дарыя (Месопатамияга) аралыгына дал ушул Туран аймагынан шумерлер алып барышкан” деп биз ишенимдүү айта алабыз.


“Халдей эли ал турсун диний ишеними боюнча да, көпкө чейин урал-алтайлык элдер катары кала беришкен”[168]. Бирок, семиттердин шумерлерди айланып жана аралашып жашай башташы менен алардын дүйнө таанымы да акырындап өзгөрүп, өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүн жоготуп отурушкан. Бара-бара көп кудайдын ордуна бир кудайга сыйынуу ишеними орун ала баштайт. Акырындап Туран кудайларынын ысымдары семит тилине которулуп, семит кудайларынын ысымдары (Дингир=Илу) менен алмашат. Семит жрецтери шумерлердин миф-уламыштарын чогултуп, аларды кайрадан иштеп чыгышат. Семит уруулары менен аралашкан аккаддар акыры Саргондун тушунда түндүк Месопатамиядагы өнүккөн күчтүү өлкөгө айланат.




Жогорку “жылдыз тамга” Дингирди түшүндүрөт. Ал ошол эле убакта асман ээси - Ан кудайынын да белгиси. Шумер пантеонунда Ан - эң жогорку кудай,

166 Сулейменов О. «АЗ и Я». -Алма – Ата, “Жалын”. 1990. –С. 567.
167 Сулейменов О., «Язык писма», 317-21-беттер, Алматы – Рим, 1998ж.
168 Рагозина З.А., С-305, 315-16, История Халдея, М., 1998.

кудайлардын атасы, Көктүн кожоюну болуп саналат. Негизи бул белгинин өзү (𒀭) асмандагы “жылдыз”. Ал эми ушундай эки белги (𒀭𒀭) “жылдыздуу асманды” түшүндүрөт.




| | |
|---|---|
|  | diĝir (dingir) |
|  | dim$_3$-me-er (ES) |
|  | dim$_3$-me$_8$-er (ES) |
|  | dim$_3$-mi-ir (ES) |
|  | di-me$_2$-er (ES) |

Адамдар байыркы замандан бери Асманды кудай катары санашкан. Мисалы, Диңгирдин, “асман ээси” экенин билдирген башка евразиялык кудайлар менен байланышын да эске алсак, кыргыздар – Теңир, түрктөр - Тенгри, тувалар – Дэнгэр, хакастар – Тигир, сахалар – Тангара, кытайлар – Тянь, жапандар – Тенно, ал эми чуваштар – Тура деп айтышкан[169]. Ал эми байыркы индустар – Дьявус, гректер – Зевс, скандинавиялыктар один дешкен.

Ан шумер пантеонунда ардактуу, биринчи орунду ээлеген башкы кудай, асман ээси, эн башкысы - кудайлардын атасы. Анын Жер планетасындагы башкаруучу балдары болуп, Энлил менен Энки саналат. Алардын ысымдарынын алдында “en” белгиси кошулуп жазылат. Ушул пантеондун

[169] Теңир теоними жана анын философиялык аныктамалары. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2023. № 1 С. 187-191. www.elibrary.ru/item.asp?id=53852488

ичинде бир гана Ан өзүнө өзү кожоюн. Ал эми Жердин ээси – Ки, Асмандын кожоюну – Андын аялы, алар экөө биригип, бүткүл дүйнөнү түзөт жана жаңы дүйнөлөрдү жаратышат.

Жылдыз тамга (𒀭) кудайдын ысмынын алдында жазылганда “дингир” деп окулат да - “кудайды”, ал эми өз алдынча турганда “Ан” деп окулуп, “асманды” түшүндүрөт. Башкача айтканда, Кудайдын ысымына кошулуп жазылган учурда “жылдыз тамга” – Диңгир, ал эми өз алдынча жазылганда учурда ал жылдыз тамга - Ан. Бул – Дингирдин “Асман” жана “Кудай” деген түшүнүктөр менен байланышкан алгачкы мааниси.

Ан белгиси, качан Дингир деп окула турганын ар кандай көз караштан чечмеленген текстер бар. Мисалы, шумерлер бир эле сөздү жазууда ар кандай символдорду колдонушкан. Анан дагы, шумер тили бир нече диалектилерге бөлүнгөнүн да эстен чыгарбоо зарыл. Эң байыркы архаикалык тил “Эме сал” деп аталган. Шумер тилинин бул диалекти диний тексттерде гана колдонулган. ошол текстерде жылдыз тамга “Димир” деп окулат. Андан улам, ушул архаикалык тилдеги бул сөздүн түпкү мааниси эмнени билдирет деген суроо туулат? Көптөгөн көз караштардын ичинен, архаикалык тилде деле бул сөздүн түпкү мааниси “асман кудайын” билдирген деп айтылган илимий болжол чындыкка жакын. Кийин гана ал өзгөрүп, Ан - асман ээсинин ысмын, ал эми Диңгир жалпы эле “кудай” деген маанини түшүндүрүп калган. Бирок, мезгилдин өтүшү жана жалпы дүйнөтаанымдын өзгөрүшү менен алгач “кудай” маанисин билдирген Дингир кийинчерек “аалам” маанисиндеги асман кудайынын ысмын түшүндүргөн теонимге айланган.

Шумеролог З.Сетчиндин изилдөөсү боюнча Дингирдин “пиктографиялык жазуу” түрүндө көрүнүшү “учу шиш учуп бараткан ракетаны” элестетет. Демек мунун өзү байыркы элдер өздөрүнүн кудайларын алыскы “жылдыздардан учуп келишкендер” деп түшүнүшкөнүн билдирет[170].

---

[170] Сетчин З. Двенадцатая планета. М.,ЭКСМО, 2006. -С.181.

Кудайлардын башка планетадан келишкени тууралуу маалымат “Торада” да учурайт: “Кудуреттүү Кудайдын балдары – периштелер Аза менен Азаэль жер үстүнө түшүп келишип, материалдашкан денеге ээ болушкандан кийин адамдардын кыздарына үйлөнүштү. Алардан кийин алп адамдар төрөлдү”[171]. “Торага” комментария берген экинчи бир тексте: “Кудуреттүү кудайдын балдары болгон Биринчи адамдар жердеги адамдардын сулуу, сымбаттуу, ден-соолугу мыкты кыздарын зордук менен алышып, аларга үйлөнүштү. Алардан, кийин адамдардын эсинде көпкө сакталган атак-даңктуу, алп адамдар төрөлдү”[172].

“Торада” айтылган маалыматтардын дээрлик баары шумер текстеринде учурайт. Шумер текстеринде: “Ал убакта жер үстүндө алп адамдар жашашчу. Алар кудайлардын балдары менен адамдардын кыздарынан төрөлгөн зор денелүү, күч-кубаттуу, илгертен атак-даңктуу кишилер болчу” деген жазуу кезигет. Ыйык китептерди изилдеген окумуштуулар негизинен андагы айтылгандардын көбү байыркы башка булактардан, тагырак айтканда шумер текстеринен алынганын аныктап, ал тууралу тынбай жазып да келатышат. ошентип, ойду жыйынтыктаганда: Байыркы элдерди башкарган атактуу акылман, баатыр хандар Асмандан келген “кудайлардын балдары” менен Жер үстүндөгү жашаган адамдардын кыздарынан төрөлгөн урпактар болушкан.

Шумер мифтеринде адегенде Асмандан жиберилген хандык бийлик Эриду шаарында орногону тууралуу айтылат. Кийин ал Бадтибир шаарына көчүрүлгөн. Бул маалымат “Хандардын тизмеси” деп аталган тексте жазылган. Анда: ордо башка жакка көчүрүлгөндөн кийин хандар “эн” (“кожоюн”) титулун алып жүрүшкөнү айтылган. Алардын ичинде бир улуу падышанын ысмы “дингир” деген титул менен кошо айтылганы тууралу да маалымат бар[173]. Дал ушул факты, мындай салт тээ алыскы Чыгышта жашаган көчмөн

[171] Книга книг. В классическом истолковании. Бытие. Выпуск 1. Тель-Авив-Нью-Йорк-Монреаль-Иоганнесбург. 1985. -С.111. Перевел и составил Б.Хаскелевич.
[172] Книга книг…. -С.113.
[173] Сетчин З., Двенадцатая планета, С-261, М.,ЭКСМО, 2006.

хундарда да болгонун эске салат. Аларда Мады (Моде) кагандан баштап, кээ бир шаа бийлер (“шаньюй”) “Асман уулу” (Тениркут) деген улуу даражаны алып жүрүшкөн. Ал эми хундардын түндүгүндө жашашкан динлиндер өздөрүнүн башчыларын “Асмандын улуу уулу” деп айтышкан.

Шумер текстери менен Ыйык китептердеги маалыматтарды салыштырып изилдешкен окумуштуулардын көпчүлүгү Топон суuга чейин жашаган библиялык “он патриарх” (Адамдан Нойго чейин) шумерлердин “Хандардын тизмесиндеги” “он ханга” туура келет деген бир пикирге келишкен. ошол “Тизмедеги” он хандын ичинен акыркы эки хандын гана “дингир” жана “эн” деген титулдары жок. Алар: Зиусудра (Утнапишти) жана анын атасы Убартуту. Анткени алар текстерде “адамдар” деп айтылат. Дал ушул эки адам Библияга “Ной” жана анын атасы “Ламех”[174] деген ысым менен өзгөрүлүп түшкөн. Демек, топон суuга чейин жашаган “он хандын” сегизи “дингир” деген ыйык даражаны алып жүрүшкөн жана аны менен алар өздөрүн “асмандан келгендерге” тиешелүү жандар экенин билдиришкен.

З.Сетчин ошондой эле “Библиядагы” бейиш багын билдирген “Эдем” деген сөз аккаддардын “ойдунду” билдирген “эдину” деген сөзүнөн алынганын жазат. Ал эми бул сөз шумер текстеринде кудайлар жашаган жерди (Е.Дин) билдирет[175]. Бул жерде: “Е” – “үй”, “Дин” – “адилеттүүлөр”, демек “Един” – “адилеттүүлөр жашаган үй”, “кудайлар жашаган жер”[176] деген мааниге ээ. З.Сетчиндин изилдөөсү боюнча, эгер адегенде “Дин.Гир” пиктографиялык жазууда “оттуу ракета менен учуп келгендер” дегенди билдирип, “учу шиш, учуп бараткан эки баскычтуу ракетаны” элестетсе, кийин пиктографиялык белгилер клинопистик жазуулар менен алмашканда “учуп бараткан ракета” – “жылдыз” формасындагы тамгага айланып, “кудуреттүүлөр” (орус: “божественные”) дегенди түшүндүрүп калган. Ал эми бул түшүнүк Ассирия менен Вавилондо андан да тарып жана бурмаланып, мурун Дин.Гир деп

[174] Сетчин З., Двенадцатая планета, М.,ЭКСМО, 2006. -С. 411.
[175] Сетчин З., Двенадцатая планета. М.,ЭКСМО, 2006. -С-299.
[176] Сетчин З., Божество 12-й планеты, М.,ЭКСМО, 2006. -С.33.

окулган “жылдыз” тамга эми аккад тилинде “Илу” деп окула баштаган. Анын мааниси “бийик бойлуулар” дегенди билдирген.

З.Сетчиндин жазганы боюнча, Ыйык китептердеги “Элохим”[177] – ал шумердик “Дингирдин” (“Дин.Гир”) эле өзү[178]. Жогорку маалыматтан улам Дингир кудайдын өзүн эле эмес, кудайдын ысмы экенин да билебиз. Адамды “өздөрүнө окшотуп” жараткан кудайлар да ушулар. Адамдарды башкаруу үчүн Жерге Энлил, Энки, Нинмахтарды жиберген да дал Ан кудайы башында турган ушул кудайлар. ошондуктан кудайлардын канынан жаралган Адам өзүн дайым Ааламдын бир бөлүгү сезип, Өлбөстүккө, Түбөлүк жашоого умтула берет.

Кудайдын белгиси катары “жылдыз” качан, кимдерден баштап колдоно баштаганы же кудайды түшүндүргөн символго айланганы да өтө маанилүү. Ал тууралу көрүнүктүү окумуштуу З.А.Рагозина минтип жазган: “Байыркы классикалык дүйнөдө халдей бакшылары эң мыкты “жылдыз санагычтар” деп эсептелинген. ...Алардын диний ой жүгүртүүсү да, өздөрүнүн түпкү ата-бабалары турандыктардан бир топ айырмаланган. Мисалы, турандык ата-бабаларынан өзгөчөлөнүп, халдейлер кудайларды Жерден эмес, Асмандан издешкен. Алардын ишеними боюнча “7” жылдыз Кудайдын Көктөгү көрүнүшү катары саналган. Алар - Ай, Күн жана дагы беш жылдыз: Меркурий, Венера, Марс, Юпитер, Сатурн. ...Бул дүйнөтаанымды өз кезегинде семит элдери шумер менен аккаддардан өздөштүрүп алышып, ага өздөрүнүн түшүнүгү боюнча жан киргизишкен. Алар да “жылдызды” Кудайды түшүндүргөн белги катары колдоно башташкан. Эгер шумер-аккаддарда “жылдыз” тамга Дингирдин белгиси катары каралып, андан Асман ээси - Ан кудайынын башка формада берилген символун көрүшсө, семиттер аны өз тилинде “Илу” же “Эль” деп окушуп, “жылдыз” тамгадан алар өздөрүнүн кудайы – Илуну көрүшкөн. Кудайдын ушундай аталышы кийин калган семит

[177] “Элохим” кээде кыскача “Эл” деп да айтыла берген. Кийин андан “Аллахтын” ысмы келип чыккан – Б.Т.
[178] Сетчин З., Божество 12-й планеты, С-33-34, 70, М.,ЭКСМО, 2006

элдерине “Илу-Илах-Элу-Элах-Эллохим” формаларында жайылып, бүгүнкү күнү ал “Аллах” айтылышында  ислам кудайынын ысмын билдирери бизге жакшы маалым[179]. Бирок, “жылдыз” тамга качан, кандайча “ай” тамга менен алмашып калганын биз азырынча билбейбиз?

Шумер текстеринде: “Ал убакта жер үстүндө алп адамдар жашашчу. Алар кудайлардын балдары менен адамдардын кыздарынан төрөлгөн зор денелүү, күч-кубаттуу, илгертен атак-даңктуу кишилер болчу” деген маалымат айтыларын, ал маалымат “Библияда”: “Кудайдын балдары адамдардын сулуу кыздарынан тандап, аларды аялдыкка алышты” деп баяндаларын жогоруда кеп кылганбыз. Дал ошол “алп адамдар” шумер текстери боюнча - Дингирдин, семит пайгамбарларынын текстери боюнча Илунун же Элохимдин балдары болгон[180]. Албетте, бул маалыматтар Топон сууга чейинки мезгилдерге таандык.

Шумердик “Хандардын тизмесинде” айтылган маалымат боюнча Киш шаарын “23 хан” башкаргандан кийин ордо Эанага көчүрүлгөн. Мунун айтып жатканыбыздын себеби - Эана Урук шаарындагы “Ан кудайынын үйү” (хырам-зиккурат) турган, кудайга сыйынуучу ыйык жер болчу. Урук шаарынын аты Библияда “Эрех” деп берилет. Бул жерде Эана хырамынын башкы бакшысы, Күн кудайы Утунун уулу – Мескиаггашерден “жарым кудай” касиетине ээ адамдардын династиясы башталат. Анын тагын уулу Энмеркар мурастап алып, өз убагында ал жерге Урук шаарын курат. Анын ордун Энмеркардын уулу – Лугалбанда ээлейт. Андан кийин азырак убакыт Урукту Думузи башкарып, андан кийин Лугалбандын уулу – Билгамеш такка отурат.

З.Сетчиндин жазганы боюнча, түпкү теги кудай менен байланыштуу болгону үчүн шумер жазуучулары кээде Билгамештин ысмына да “дингир” сөзүн кошуп (орус: “префикс”) жазышкан[181]. Дагы бир жолу кайталап айтсак,

---

[179]Рагозина З.А.,  С-219,  История Халдея, М., 1998.
[180] Сетчин З., Божество 12-й планеты, С-85, М.,ЭКСМО, 2006.
[181] Сетчин З., Божество 12-й планеты, С-144, М.,ЭКСМО, 2006

дал ушундай салт тээ алыскы Чыгышта жашаган көчмөн хундарда жана динлиндерде да болгон. Мунун өзү, бул салтты шумерлер түпкү ата журтунан, Туран аймагынын бир чөлкөмү болгон Алтайдан алып келиши мүмкүн деген болжолду пайда кылат. Кийин түрк кагандары: “Теңирден кут берилгени үчүн” хандык такка отурдум” деп байыркы бабаларынын салтын кайталап айтышкан. Бул жерде сөз жөн эле хандык такка отурганында эмес, албетте, кеп анын Теңир кудайынын ысмы жана анын эрки менен байланышканында болуп жатат.

Чынында Билгамештин энеси Нинсун “кудай аял” эле. Ал эми атасы – Лугалбанда, Билгамеш төрөлгөн учурда хырамдын башкы бакшысы, Урук шаарынын башчысы болчу. ошондуктан эпосто Билгамештин: “үчтөн экиси – кудай, үчтөн бири - адам”[182] деп айтылат. “Хандардын тизмеси” боюнча Билгамеш “126” жыл такта отурган, ал биздин эсеп менен “21” жылга барабар[183].

Адамзаттын тарыхында эң биринчи эпикалык чыгарма катары таанылган “Билгамеш” эпосу мифологиялык дүйнөтааным менен эпикалык дүйнөтаанымдын ортосундагы өткөөл доорду көрсөтөт. Эгер мифтин башкы каарманы – кудай болсо, эпостун башкы каарманы баатыр болуп саналат. Билгамештин образында мифо-эпикалык каармандын образы бар. ошол себептен эпосто  Билгамештин: “үчтөн экиси – кудай, үчтөн бири - адам”[184] деп айтылат.

Биз Билгамештикиндей мифо-эпикалык каармандын образын “Манас” эпосунун башкы каарманы Манастан гана көрөбүз. Ал: “Асман менен Жердин тирөөсүнөн, Айың менен Күнүңдүн бир өзүнөн жаралган”[185] каарман. Кыргыз дүйнөтаанымындагы Кудайга гана тиешелүү айтылчу “айкөл” деген эпитет кыргыз эпикалык чыгармалардагы улуу каармандардын арасынан бир гана

[182] Эпос о Гильгамеше. Санкт-Петербург. Изд-во Азбука, 2023. -С.96, 134,146.
[183] Сетчин З., Божество 12-й планеты, М.,ЭКСМО, 2006. С-145.
[184] Эпос о Гильгамеше. О все видавшем. -М. Изд-во Эксмо, 2005. -С.37, 120, 159.
[185] СО. Манас. 1-китеп.-Ф.: Кыргызстан. 1979. 283-б.

ушул Манаска карата айтылат. Билгамеш сыяктуу эле Манастын да: үчтөн экиси – кудай, үчтөн бири адам.

Харран – Месопатамиядан Жер ортолук деңизине, андан нары Египетке кетип бараткан кербен жолдо жайланышкан. Бүгүнкү күнү Харран эски аталышын сактап калган, Түркиянын түштүгүндө жайланышкан ири шаар. Дал ушул шаарда Аврам атасы Фарра менен бирге жашаган. Ушул жерде, 1,5 мин жылдан кийин Эсархаддон Египетти басып алышы керек экени жөнүндө аян алынган; а Набонид болсо падыша болуп шайланып, такка отурган.

Ыйык китепте, Жакып бир жолу Вирсавиядан чыгып, күн батып бараткандыктан, Харранга кире берген жерге келип, эс алуу үчүн токтогону баяндалат. Илгери чон атасы Авраам да дайым нары-бери өтүп бараткaнда, ушул жерге келип бир токтоп өтчү экен. Чарчап келген неме, башына бир ташты жаздап, бат эле уктап кетет. Түш көрөт:

“Түшүндө шатыны көрөт, шатынын түбү жерде, учу асманга тийип турат; ошол шаты менен периштелер асманга чыгып, кайра жерге түшүп атышат. Шатынын үстүндө Кудай отурат, ал Жакыпка мындай дейт: “Мен сенин атаң - Авраамдын кудайымын жана Исактын кудайымын. Сен азыр жаткан жерди сенин урпактарына берем, сенин урпактарың кумдай көбөйүп, денизге карай, түндүккө, чыгышка, түштүккө тарайт. Дүйнөнүн бардык элдери сага жана сенин урпактарыңа баталарын беришет; кайякка барбагын мен сени менен бир болом, сени сактайм; менин сага айткандарым ишке ашмайынча, мен сени жалгыз калтырбайм, анан сени кайра ушул жерге алып келем”.

Жакып уйкусунан ойгонуп: “Бул жер кудайдын назары түшкөн жер экен, мен аны билген эмесмин. Бул жер өтө сүрдүү көрүнөт; бул жер кудайдын үйү, асмандын дарбазасы турган жер экен” деди. Анан эртен менен Жакып турду да, башына койгон ташты эстелик катары жогору коюп, ага май куйуп, бата кылды. Анан ал жерди “Вефиль” деп атады (“Библия”, глава 28.)[186].

[186] Сетчин З., Божество 12-й планеты, С-262, М.,ЭКСМО, 2006.

З.Ситчин жазгандай, Кудай менен болгон бул жолугушууну бүгүнкү көргөн адам НЛону көрдүм деп айтмак. Айырмасы - Жакып өзүнүн көргөнүн: “Мен – Дингирмин, мен сенин атаң – Авраамдын, Исактын кудайымын” деп түшүнгөнүндө. Ал эми periштелер жөн эле periштелер эмес, кудайдын periштелери экенинде. Вефиль (Бет-Эл) – “Эл кудайынын үйү”, б.а. “Элохимдин үйү”[187].

Вавилон шаары алгач “Тин-тир-ки” деп аталып, аккад тилинде “Жашоонун орду” дегенди түшүндүргөн. Ал кийин: “Ка-Дингирра” же “Ка-Димирра” деген аталыш менен алмашып, “Кудайдын дарбазасы” дегенди билдирип калган. Семиттер келип, аны өз тилинде “Баб-Илу” (орус: “Вавилон”) деп аташкан. “Библия” боюнча да бул шаар адегенде байыркы Сеннаар өлкөсүнө тиешелүү болгон[188].

Бирок, З.Ситчин өзүнүн эмгегинин аяк жагында мындай жыйынтык чыгарат: “Элохим өлбөс кудай эмес, өлбөс кудай ал - “кудайлардын кудайы”, “кудайлардын кожоюну” – Иегово (ор: Яхве). Мисалы, 82-Псалмада Иегово башка кудайлардын үстүнөн үстөмдүк кылып минтип сүйлөйт:

Мен силерге айтсам: силер – кудайларсыңар,

Улуу Кудайдын - уулусуңар баарыңар;

ошондуктан адам сыяктуу өлөсүңөр силер да,

Хандарга окшоп силер да кетесиңер бийликтен.

ошентип З.Сетчиндин жазганы боюнча, Иегово “Асман менен Жерди гана эмес, Элохимди жана  ануннактарды” да жараткан улуу Кудай[189]. Бирок, “Дингир” деген сөз өлбөс жандарга карата айтылып, мааниси “кудай”[190] дегенди түшүндүрөрү тууралу С.Крамер өзүнүн эмгегинде айткан. Анан дагы, Иеговонун кандай кудай экени жөнүндө еврейлер өздөрү эле эмес, бүгүнкү

---

[187] Ошол жерде. 262-бет.
[188] Рагозина З.А.,  С-198,  История Халдея, М., 1998.
[189] Сетчин З., Божество 12-й планеты, С-394, М.,ЭКСМО, 2006.
[190] Крамер С.Н. История начинается в Шумере.... -С.92.

күнү бүт дүйнө эли жакшы билишет. Иеогово улуу кудай эмес, ал шайтандын образын алып жүргөн Иблис экени тууралуу далилдеп жазган эмгектер[191] да бар. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин Иегового еврейлердин өзүнөн башка эч бир эл сыйынбайт. Эми, З.Ситчин жазгандай, "өлгөн кудайлардын" же "өлө турган кудайлардын" катарына кирген "Элохим" менен "Дингир" тууралу айта турган болсок, анда окумуштуулардын көбүнүн пикири боюнча, Элохим 1,5 миң жылдан ашуун убакыттан бери "Аллах"[192], ал эми Дингир (шумерлерди кошпогондо) түрк-монгол элдеринин арасында дээрлик 2 миң жылдан ашуун убакыттан бери "Теңир" (Тенгри) деген аталыштар менен жашап келатышат. Аллах кудайынын атын айтып, бүгүн дүйнөнүн "үчтөн бири" намазга жыгылууда. Ал эми исламдын таасири менен кийинки миң жыл ичинде артка сүрүлүп кеткен Теңир дүйнө таанымы бүгүн жалпы улуттук философиянын илимий негизи катары "кайра жаралуу" процессин башынан өткөрүп жатат. Ага кийинки кездеги түрк жана монгол элдеринин илимий-чыгармачыл чөйрөсүндө өтүп жаткан эл аралык илимий конференциялар, семинарлар жана тегерек столдордогу талкуулар күбө.

ошентип, аягында мындай жыйынтыкка келебиз:

1. Шумертаануучу З.Сетчиндин жазганы боюнча, "Библиядагы" бейиш багын билдирген "Эдем" деген сөз аккаддардын "ойдуңду" билдирген "эдину" деген сөзүнөн алынган. Ал эми бул сөз шумер текстеринде кудайлар жашаган жерди "Един" (Е.Дин) билдирген[193]. Бул жерде: "Е" – "үй", "Дин" – "адилеттүүлөр", демек "Един" – "адилеттүүлөр жашаган үй", "кудайлар жашаган жер"[194] деген мааниге ээ. Бул текстен биз "адилеттүүлүк" алгач кудайларга тиешелүү сапат болгонун байкайбыз.

2. Алгач пиктографиялык жазууда "Дин.Гир" "оттуу ракета менен учуп келгендер" дегенди билдирип, "учу шиш, учуп бараткан эки баскычтуу

[191] Сапанов З. Кыдыр санжырасы. Бишкек. 2016.
[192] Рагозина З.А., С-219, История Халдея, М., 1998
[193] Сетчин З., Двенадцатая планета. М.,ЭКСМО, 2006. -С-299.
[194] Сетчин З., Божество 12-й планеты, М.,ЭКСМО, 2006. -С.33.

ракетаны” элестетсе, кийин пиктографиялык белгилер клинопистик жазуулар менен алмашканда “учуп бараткан ракета” – “жылдыз” формасындагы тамгага айланып: “кудуреттүүлөр” (орус: “божественные”) дегенди түшүндүрүп калган.

3. Ал эми бул түшүнүк Ассирия менен Вавилондо андан да тарып жана бурмаланып, мурун Дин.Гир деп окулган “жылдыз” тамга эми аккад тилинде “Илу” деп окула баштаган. Анын мааниси “бийик бойлуулар” дегенди билдирген.

4. З.Сетчиндин жазганы боюнча, Ыйык китептердеги “Элохим”[195] – ал шумердик “Дингирдин” (“Дин.Гир”) эле өзү[196]. Жогорку маалыматтан улам Дингир кудайдын өзүн эле эмес, кудайдын ысмы экенин да билебиз.

5. Адамды чоподон “өздөрүнө окшотуп” жараткан, анан анын тукуму көбөйүп кеткенден кийин аларды башкаруу үчүн кайра учуп келишкен кудайлар да ушулар. Кийин “Асман уулдары” менен “Жер кыздары” кошулуп, алардан төрөлгөн алп адамдардан элдерди башкаруучулар чыгышат. ошондуктан кудайлардын каны аралашып жаралган адамдар өзүн дайым Ааламдын бир бөлүгү сезип, Өлбөстүккө, Түбөлүк жашоого умтула берет.

## 2.3. Тенир дүйнөтаанымынын космологиясы жана анын дуалисттик мүнөзү

Тенир дүйнөтаанымын изилдөөчүлөр жазгандай, Теңирчилик – дүйнөлүк диндердин эң биринчиси жана эң байыркысы. Ал бир гана түрк тилинде сүйлөгөн элдердин жамааты эмес, жалпы Алтай тил тобуна кирген байыркы Туран элдеринин руханий окуусу.

[195] “Элохим” кээде кыскача “Эл”, “Элу” деп да айтыла берген. Кийин андан “Аллахтын” ысмы келип чыккан – Б.Т.
[196] Сетчин З., Божество 12-й планеты, С-33-34, 70, М.,ЭКСМО, 2006

Тенир таанымга дүйнөнү дуалисттик[197] көз караштa кабыл алуу мүнөздүү. Бул принцип, элдик этнотүзүлүштө болдобу, же мамлекетти башкаруу системиасында болобу, бузулбай сакталат. Мисалы. “Манас” эпосунун бир жеринде минтип айтылат:

Он жагында баатырдын

отуз эки ханы бар.

Сол жагында отурган

Кырк баатырдын баары бар[198].

Кыргызстанда Тениртаанымдын дуалисттик мүнөзү тууралу алгачкы айтылган сөз белгилүү ойчул жазуучу Ч.Өмүралиевге таандык. Ал өзүнүн “Тенирчилик”[199] аттуу илимий-популярдуу жанрда жазылган китебинде Тенир дүйнөтаанымын кытайлык Дао дүйнөтаанымы менен салыштыра отуруп, Дао сыяктуу эле Тениричиликте да улуттук дүйнөтаанымдын негизин түзгөн жол философиясы жатканын айткан. Анын (Тенирчиликтин) дуалисттик мүнөзүн жана андан улам агып чыккан Үчилтик түшүнүгүн кенири кеп кылып, жол философиясына “чалгын чалган”. Анын жазганы боюнча: Тенирчилик - чулу бир системага өсүп жеткен универсалдуу, диалектикалык дүйнөтааным. “Каякка барсаң да, каякты карасаң да, турат. Басасың – урунасың, кол сунсаң - кармайсың”. “Тениричилик - ал дал ошол Кан Жолдун илими. Булуттуу Көктүн жолу, муңдуу Чөптүн жолу, экөөнүн арасын жалгаган Киши уулунун жолу. Ушул Үч жолду жууруган Кан Жолдун ааламы”[200]. ошентип Адамдын жолу – эки жолдун (Көк менен Жердин) ортосундагы жол. оң менен Солдун, Чыгыш менен Батыштын ортосундагы жол. ошол үчүн таштагы жазуу: “Үстүдө – Көк, астыда кара буурул Жер жаралганда, ортодо Киши уулу жарык дүйнөгө келген”[201] деп сайрап турат.

---

[197] Теңир дүйнөтаанымынын дуалисттик мүнөзү. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2023. № 1. С. 182-186.
[198] СО. Манас 4-китеп.Фрунзе. Кыргызстан. 1982. 20-б.
[199] Өмүралиев Ч. Тенирчилик. Бишкек, “Крон” фирмасы. 1994. –С.25.
[200] Өмүралиев Ч. Тенирчилик. Бишкек, “Крон” фирмасы. 1994. –С.24.
[201] Орхон-Енисей текстери. Фрунзе. “Илим” басмасы, 1982. -С.62.

Ошентип, теонимдин мааниси асман менен жерди гана эмес, көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн дүйнөлөрдүн да биримдигин билдирген түшүнүктөрдү камтыйт. Асманды "теңир" деп түшүнүү – ал ката, Асман анын "жарымы", анын бийикте жайланышкан "духовный" бөлүгү гана.

Бирок, көптөр үстүрт кеп кылышкандай, Тенир дүйнөтанымында оң менен Сол, же Көк менен Жер бири-бирине каршы эмес. Тенир дүйнөтаанымында: Жакшы менен Жаман, Ысык менен Суук, Күн менен Түн бири-бирин толуктайт. Философ Т. Эгембердиев жазгандай: "Теңирчиликте карама-каршылыктар бири бирине каршы эмес, бири экинчисин жокко чыгарбайт. Теңдик бузулганда гана карама-каршылыктар бири бирине каршы болушат. Теңдикке жетери менен кайрадан гармония өкүм сүрөт. Карама–каршылыктар ал Теңирдин мыйзамы, бүткүл аалам ушул мыйзам менен жашайт. Дал ушул "биримдик", "синтез" Теңирдин маңызын түшүндүрөт. Башкача айтканда, Тең – ал карама-каршылыктардын жолугушуусу, ал Биримдик, бүтүндүк[202].

Жеке менин көз карашым боюнча, конференциядагы оригиналдуу докладдардын бири Токторбай Урманбетовго таандык. Ал кийинки учурларда түрк элдеринин түпкү тегине, арий маселелерине байланышкан бир канча кызыктуу лингвистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүп келатканы илимий чөйрөдө жакшы маалым. Мында да автор, Теңирдин этимологиясы боюнча, анын "сууга" байланышкан мааниси тууралу кызык ойун айтат. Ал да Теңир дүйнөтаанымынын дуалисттик мүнөзүнө басым жасайт. Анын жазганы боюнча: "По мифу, сначала была только вода – Тен. она разделилась на две части и приняли: верхняя – отцовское (мужское) начало (Тен (и)р, нижняя материнское (женское) начало – Тен (и)з. оба вышли из одного корня – Тен - вода»[203].

---

[202] Эгембердиев Т., Сб. с.139.
[203] Урманбетов Т. Истоки Тенгризма, Сб.стат.по Тенгр.,, -С. 174.

Негизи ааламдын суудан келип чыкканы тууралуу көп элдердин мифтеринде айтылат. ошондуктан, Т.Урманбетовдун оюн биринчи айтылып жаткан сөз катары кабыл алуу туура эмес. Бирок, Тенир дүйнөтаанымынын негизи катары жана анын этимологиясын суу менен байланыштырып айтуу – биринчи. Демек, автордун ою боюнча, Тен+ир = Асмандагы суу, Тен+из = Жердеги суу. Башкача айтканда, Теңир – «эр суу», Теңиз – «үр суу». Автор өз оюн андан нары улап, суу аталыштарына байланыштуу сөз айткан Т.Е. Корниловдун эмгегине шилтеме берет да минтип жазат: Дану (авеста.), Дон (осетин), Дьян (кытай) – ушул сөздөрдүн баары “сууну” түшүндүрөт[204]. Ушуну менен эле катар автор Сайан-Алтай аймагындагы топонимикалык терминдерге да көңүл бурат: Арадон, Судон, Чадон ж.б. Андан сырткары, жапан тилинде –“тонэ”, айны тилинде–“тоней”, же “тонай”, тунгус-манжур бутагына тиешелүү эвенк тилинде – “тонер”, “тунер” (анын варианттары: “тонар”, “тунар”, “тенер”, “тинер” ж.б.), баары “суу”, “дарыя”, “көл” деген маанилерди билдирет. Андан нары автор, полинезиялык Тане, Тангароа – “деңиз кудайларынын” ысымдары экенин кеп кылат[205]. А чынында, Дүйнөнүн кайсы бөлүгүн албайлы, кайсы материкке кайрылбайлы, алгачкы коомдогу жашаган адам үчүн суу эң башкы керектөөчү нерсе болгон. Суусуз жашоону элестетүүгө мүмкүн эмес, ошондуктан алар үчүн баары суудан келип чыккан. Ал турсун эч ким, эч нерсе жок кезде да суу болгон. Байыркы шумерлердин түшүнүгү боюнча, адамдар айлана-тегерегин суу каптап турган жети түркүктүү тоосу бар аралда жашашкан. Жер алдындагы океандын ээси болуп Эа саналган[206].

Алтай элдеринин дүйнөтаанымында Теңир улуу абсалюттук дух катары каралат да, үч катмардан турган Тик дүйнөгө үч кудай ээлик кылат. Алар: Үлкен, Умай жана Эрлик. Үлкен асманды, адамды, жарыкты, дүйнөдөгү бардык жакшылыктарды жараткан улуу кудай. Дүйнө бөлүштүрүлгөндө ага

[204] Корнилов Т.Е., Евразийские лексические параллели, Чебоксары, 1973г., с.46.
[205] Урманбетов Т., Истоки Тенгризма, Сб.стат.по Тенгр.,с.175.
[206] Евсюков ВВ. Мифы о мироздании. -М. Изд. Политичесокй литературы. 1986. -С.12.

Жогорку дүйнө таандык болот, ошондуктан ал бизге Асман ээси катары белгилүү.

Миф боюнча Үлкен менен Эрлик – эгиздер. Улуу Кудай (Теңир, Үч Курбустан) ушул эки духту жаратып, анан ал экөөнүн колу менен бүт ай-ааламды жаратат. Үлкен жарыкка байланышкан бардык жакшылыктарды, ал эми Эрлик анын карама-каршы түгөйү катары караңгылыкка байланышкан дүйнөдөгү бардык жамандыктарды жаратат. ошону менен ал Жер алдындагы дүйнөнүн ээсине айланат. Ал кара буканы тескери минип, айбалта менен камчыланып жүрөт.

Болжол менен Тенир дүйнөтаанымынын түзүлүшүн ушундай схема түрүндө аныктасак болот:

1-этапта:

ТЕНИР

ҮЛКЕН...........+...........ЭРЛИК

(От)............+.............(Суу)

КИШИ УУЛУ

Кыргыздар: “эки жарты – бир бүтүн” деп айтат. Демек, эркек – ал бүтүн адамдын жарымы, анын экинчи жарымы – аял. Бири-бирине карама-каршы экөө кошулуп, бир бүтүн адамды түзүшөт. Анткени, Адам деген сөздүн ичинде “аял” жана “эркек” деген эки сөз бар. Ушул эки жарты кошулуп, бир бутунго айланышат да, үчүнчү жанды пайда кылышып, артыкчылыкка ээ болушат.

Салыштырып айтсак: «Ян» жана «Ин» сапаттарынан турган Дао сыяктуу эле, Теңир да «Эр» жана «Үр» сапаттарынан турат. Жандуу Дүйнөдө: Эр – «Эркек башат», Үр – «Ургачы башат» же «Эр башат», «Үр башат» деп айта берсек болот. Жансыз Дүйнөдө: Эр – «оң энергия», Үр – «Сол энергия». Схема боюнча «Эр» тарап – «оң», «Үр» тарап - «Сол». Бирок, оңдун өзүнүн ичинде да «оң-солу», Солдун өзүнүн ичинде да «оң-солу» бар. Мисалы, схемда

көрүнүп тургандай: Асман – оң, Жер – сол, же: «Асман – Ата, Жер - Эне». А бирок, ошол эле убакта Асман өзү чексиз эки сапаттан турат. Мисалы: «күндүзгү асман» - «түнкү асман», же «жарык асман» - «караңгы асман» же «ачык асман» - «бүркөк асман» ж. б. Биз Асмандын эки сапатынын символу жана Теңир ишениминин байыртан белгилүү Көктөгү атрибуттары катары Күн менен Айды алдык. Бул жерде Күн – Атанын, жарыктын, ысыктын, ак, көк жана кызыл түстөрдүн, жаз ортосунан күз ортосуна  чейинки мезгилдин же жайдын ж.б. символдорун билдирет. Ал эми Ай – Апанын, караңгынын, муздактын, кара түстүн, күз ортосунан жаз ортосуна чейинки мезгилдин же кыштын ж.б. белгиси. Биздин ата-бабалар Күн менен Айды «адамзаттын атасы жана энеси»[207] деп айтышкан.

Жер өзү чексиз эки сапаттан турат. Мисалы: «тоо» - «талаа» же «көлдүү жер» - «чөлдүү жер», «ачык жер» - «токойлуу жер» ж.б. Биз Жердин эки сапатынын символу жана Теңир ишениминин байыртан бери белгилүү Жердеги атрибуттары катары от менен Сууну алдык. Бул жерде от – Атанын, жарыктын, ысыктын, ак, көк жана кызыл түстөрдүн ж.б. символдорун билдирет. Ал эми Суу – Апанын, караңгынын, муздактын, түссүздүктүн, же кара менен көк түстөрдүн ж.б. белгиси. «Ата» деген сөздүн уңгусунда «от», «Апа» деген сөздүн негизинде байыркы арий тилдериндеги «сууну» түшүндүргөн «ап» деген сөз жатат.

Ушул эле убакта ушулардын баары өз алдынча «материядан» жана «духтан» турат. Мисалы, оттун материясы анын «жалыны», духу анын «ысыгы». Сууну материясы - анын «агымы», духу анын «муздагы» ж. б. ошентип, биздин байыркы ата-бабалардын түшүнүгү боюнча, «Биринчи Адам» - «Асман менен Жердин», «Күн менен Айдын», «от менен Суунун»[208] кошулушунан жаралган. Дал ушул карама-каршылыктардын биригүүсү –

[207] Байтур А., Кыргыз тарыхынын лекциялары, 1-китеп, Мамлекеттик “Учкун” концерни, 1992 ж., 121-бет.
[208] Мисалы: Байыркы скиф мифи боюнча, Биринчи адам – Таргитай, чагылган (от) кудайы – Папай менен Борисфен дарыясынын (суу) кызы – Апинин кошулушунан жаралат.

жашоонун жолун улаган үчүнчүнү пайда кылып, түбөлүк өнүгүүнү камсыз кылат.

Адам тукуму да, Айбан тукуму да, Өсүмдүктүн уругу да бирдей эле принцип менен көбөйүп, түбөлүк тукумун улап кете берет. Б. а. «Эр сапат» менен «Үр сапат» кошулуп, ортодон Бала жаралат. Бала өзү: «Уул бала» жана «Кыз бала» деген «эки сапаттан» турат. Экөө өсүп жетилет да, Уул бала – «Эр уулга», Кыз бала – «Үр кызга» айланат. Жетилген экөө убагы келгенде кошулушат. Экөө кошулуп, балалуу болушуп, «Ата» жана «Апага» айланышат. Чынында, Эр уул менен Үр кыздын кошулушу – адегенде алар «Ата» жана «Апа» болду дегенди билдирбейт. Анткени, аларды «Ата» жана «Апа» деп Бала гана айтат. Демек, Бала төрөлгөндөн кийин гана алар «Ата» жана «Апага» айланышат. ошондуктан Адамдын жаралышы үчүн Кудай же анын «Эки Сапаты» кандай рол ойносо, Адамдын тукумунун уланышы үчүн Бала ошондой эле ролду ойнойт. Анткени, биздин байыркы ата-бабалар айткандай: «Баланы – Ата, Атаны Кудай жараткан». Бул сөздүн ары жагында: “биздин “түпкү атабыз” – Кудай” деген ой жатат. ошол үчүн илгери биздин ата-бабалар: «Адамды Кудайдын кулу» дебестен, «Адамды Кудайдын баласы» деп айтышкан. Көкө Тенир деген сөздүн бир мааниси “көк асманды” (Көк Тенирди эмес) эмес, “Ата Тенир” (кыпчак: көке –“ата”-А.А.) деген маанини түшүндүрөт.

Семит элдеринин мифологиясы боюнча, Адам «топурактан» жаралса, Арий элдеринин мифологиясы боюнча, Адам Асмандан түшүрүлгөн, ал Кудайдын уулу, же Тибет илиминин тили менен айтканда “аватар”. ошондуктан биздин Эл Теңирге кандай сыйынса, Ата-бабаларынын арбактарына ошондой эле сыйынып келишкен. Бул түптөн үзбөй улап келаткан улуу салт. ошондуктан кыргыз: “Ата менен Апаны сыйлаган - Кудайды урматтаган менен барабар” деп айтат. Демек, Ата менен Апаны тааныган - Кудайды да таанийт. Же Кудайды тааныган Бала, эч качан Ата менен Апаны кор кылбайт. Же тескерисинче, Ата менен Апаны капа кылган

Баланы эч качан Кудай кечирбейт. Анткени, Ата менен Апа – Баланы Кудай менен байланыштырып турган “Көпүрө”. Көпүрө «Кудай» жана «Эл» деген эки, «жандуу» асканы туташтырып турат. Көпүрө бузулганда, байланыш үзүлөт. Бул, өзүнүн ким экенин билбей жана андан улам коомдон ордун таппай, Баланын адашуусуна, акыры «эр киши» же «үр киши» катары өзүн жоготуусуна алып келет. «Адашуу» же «өзүн жоготуу» - массалык көрүнүшкө айланганда, Улут «улут» болуудан калат, Эл жок болот.

Т.Эгембердиев жазгандай, жашоо карама-каршылыктардан турат. Ансыз болбойт. Бирок, жашоонун мыйзамдары өзүнөн өзү бири бирине карама-каршы эмес. Карама –каршылыктар бири бирин толуктап, бир бүтүндүктү пайда кылат. Күн менен түн, өмүр менен өлүм, жай менен кыш бири бирине карама-каршы эмес, алар Теңирдин мыйзамына ылайык өз кезеги менен бири бирин алмаштырып турушат. Бири бирисиз алар толук эмес. Күндүн бүтүшү менен анын ордуна Түн келет, Түндүн бүтүшү менен кайра Күн чыгат, ушинтип экөө бири - бирин толуктап, чексиз алмаштырып отурат[209].

Бул балким басып алган көчмөндөр менен жергиликтүү отурук элдин ортосундагы күрөш болушу да мүмкүн? Андай болсо, анда дин бурмаланып, натыйжада мааниси кемип калган. Анткени, Ангра Мандын жок болушу деген сөз – ал өлүмдүн жок болушу дегенди билдирет. Түбөлүк Өмүр гана өкүм сүрөт. Өлүм кантип жок болот? Кантип түбөлүк Күн тийип турат, кантип Түн жок болот?  Бул да туура эмес жашоо. Тескерисинче, гармониянын бузулушу, тең салмактуулуктун жок болушу, адилетсиздиктин өкүм сүрүшү деген сөз. Анткени, Дүйнө «эки башаттан» турат. Анын бир башатынын жок болушу, эртеби-кечпи экинчи башатынын жок болушуна да апкелет.

Теңир дүйнө таанымында күрөш ичте жүрөт, сыртынан гармония, тынчтык өкүм сүрөт. Теңир дүйнө таанымында бири бирин жок кылуучу күрөш эмес, бузулуп бараткан тең салмактуулукту сакташ үчүн болгон күрөш

[209] Эгембердиев Т., Сб. с.139.

алдыга чыгат. Адилеттүүлүк орногондон кийин күрөш башка формага өтөт. Бул кээде толкуп, кээде тынч мемиреген абалга келген деңиздин көрүнүшүндөй көрүнүш. Деңиз тынчып турганда, анын ичинде сыртынан он эсе күчтүү толкун жүрөрүн аныкташкан окмуштуулар. Дал ушул сыяктуу, күрөш ичте жүргөндө, сырт тынч алып турат, күрөш сыртка чыкканда ич тарап тынчтыкта болот.

Теңир дүйнө таанымынын бул сырлары эки элде (иран менен кытай) бурмаланып, кемип калган. Теңир дүйнө таанымында күрөш да, бири бирине карама-каршы эки духтун биримдиги да бар. Талант Эгембердиев жазгандай: “Теңирчиликте карама-каршылык жок. орун алмашуу гана бар. Күндүн ордун Түн, кайра Түндүн ордун Күн басат. Ушинтип түбөлүк айлануу мыйзамы жашайт. Күн узарганда, Түн кыскарат, Түн узарганда Күн кыскарат. Жаздын ордун Жай, Жайдын ордун Күз, Күздүн ордун Кыш, Кыштын ордун кайра Жаз басып, бул жерде айлануу мыйзамы иштейт. Теңир дүйнө таанымында ар нерсенин өз орду бар, ар нерсе өз ордунда жашайт. Өзүнүн кызматын кылат. Теңир дүйнө таанымында Жай менен Кыш бири-биринин ордун талашып каршылашпайт. Кыштын өтө суугу кандай жаман болсо, Жайдын өтө ысыгы андан бетер жаман. Бул Жакшынын жаманы, Жамандын да жакшысы бар дегенди билдирет. ошол үчүн Кыргыз: “Жакшынын бир аты Жаман” дейт. Же: “Жаман айтпай жакшы жок” дейт.

Эркекти жок кылып аял кантип жашайт? Же Аялды жок кылып, Эркек кантип тукум улайт? Дал ушул сыяктуу эле, Ангра Мандын өзүнүн орду бар. Суук болгону үчүн биз Ысыктын эмне экенин билебиз. Түн болгону үчүн Күндүн кадырын баалайбыз. Түндүн ишин Күн кыла албайт. Муздактын ишин Ысык жасай албайт.

Эркек менен аял табиятынан эки башка жандар болгондуктан таптакыр бири-бирине карама-каршы, түбөлүк душмандашкан, ошол эле убакта түбөлүк

бири-бирине көз каранды, бири-бирин толуктаган эки бөлүктөн турат[210]. Алар бири-бирисиз толук эмес, бири-бирисиз жашай да алышпайт. Кыргыз элинде: “эки жарты, бир бүтүн” деп айтылган сөз бири-бирине карама-каршы жаралган бул эки жан жашоодо бири-бирин толуктаган “эки жарты” экенин билдирет. Анткени, бир жартыда жок касиет, экинчи жартыда бар. Жарты өзүндөгү жарымды толукташ үчүн экинчи жарты менен кошулуп, анын жарымы менен бириктириш керек. ошондо жашоо да, дүйнө толук, толгон көрүнүшкө келет.

Эркек табиятынан ишмер, айкол, ак көңүл, жардам берүүгө, кызмат кылууга даяр, күч-кубаттуу, принциалдуу, токтоо, ошол эле убакта каардуу, таш боор, мыкаачы, канкор натура. Ал аялдын назик, боорукер, сулуу, жумшак, энелик сезимдери менен толукталган учурда гана коомго пайдалуу иштерди жана улуу ачылыштарды жасайт.

## Үлкен – Жогорку Дүйнөнүн ээси

Библияда: асман, жер жана жер алдындагы дүйнө деп Тик дүйнө үчкө бөлүнөт да, жер алдындагы дүйнөгө суу тиешелүү айтылат. Анткени, миф боюнча адегенде суу болгон, анан суунун бетинде жер пайда болгон. ошондуктан алгачкы мифологиялык дүйнөтаанымда Суунун ээси – жер алдындагы дүйнөнүн ээси катары да каралат. Негизи арий элдерине Тик дүйнөнү: Асман-Жер-Суу деген аталыштар бөлгөн дүйнөтааным мүнөздүү. Биздин оюбузча, Дүйнөнүн дал ушундай принциптин негизинде “үч” катмардан турушу - алгачкы, түпкү дүйнөтааным. Ал эми алардын “майдаланып”, жер астындагы суунун өзүнчө, жер үстүндөгү суунун өзүнчө, же жер үстүндөгү кудай менен жер астындагы кудайлардын башка-башка болушу – ал кийинки көрүнүш. Биз ошол үчүн жогоруда аттарын атаган үч кудайдын функциялары тууралу гана кеп кылабыз.

---

[210] Рагозина З.А. история Халдеии.... –С.227.

С.А. Токарев: Үлкен, Алтайды байыртан бери жердеп келаткан түрк урууларынын бири болгон кыпчак уруулары сыйынган кудай болсо керек?- деп болжолдойт. Анын оюн бекемдеген Н.А. Алексеев минтип жазат: “Үлкенгө - монгол мезгилине чейин Алтайда жашаган түрк уруулары сыйынган. Эл оозунан жазып алган маалыматтарга караганда, ал кыпчактар менен төрдөштөрдүн (алт: “төдөш”) сыйынган кудайы болгон”. Үлкенди Мурад Ажы да “кыпчак кудайы” деп эсептеген. Көпчүлүк изилдөөчүлөр: Эрлик – байыркы түрк уруулары сыйынган согуш кудайы экени далилденген, андай болсо, анын эгизи болгон Үлкен да, байыркы түрк уруулары сыйынган кудайлардын бири экени шексиз дешет. Үлкен менен Эрлик тууралуу айтылган уламыш-мифтердин дээрлик баары алардын Теңир дүйнөтаанымына тиешелүү кудайлар экенин тастыктайт. Алтай камдары Теңирди Биринчи, образдуу элестетүүгө мүмкүн эмес Улуу Кудай катары, ал эми Үлкен менен Эрликти образдуу элестетүүгө мүмкүн болгон экинчи катардагы кудайлар катары эсептешет[211].

Тенир адамга белгисиз бир Нурдан пайда болгон Улуу Кудай. Алтай шамандарынын бир уламышында Үлкен “Түбөлүк Көк Асмандын уулу” деп сыпатталат. “Түбөлүк Көк Асман” – улуу кудай Көкө Тенирдин байыркы эпитеттеринин бири. Ушул маалыматтардан улам Үлкен менен Эрликтин атасы Көкө Тенир экенин билебиз. Ушул эле уламышта Үлкен менен Эрлик бир тууган кудайлар деп айтылат. Эки бир тууган духтар Ак-Карага бөлүнгөн дүйнөнү жаратышат жана ар кими өздөру жараткан дүйнөлөрдүн ээлери болуп саналышат.

Бул эки бир туугандын ортосунда түбөлүк каршылашуу жана гармонияда болуу процесстери жүрөт. Алар бири-бири менен кармашып жатып, Ааламды, Өмүр-Өлүмдү жаратышат. Эки бир тууган дуалисттик дүйнөтаанымды пайда кылган дүйнө элдеринин мифтерине мүнөздүү эгиздер

[211] См.: Томские епархиальные ведомости. 1912. № 14, а так же АШ 298.

жөнүндөгү мифтердин персонаждары болушат. Алардын бири дүйнөдөгү бардык жакшылыктарды жаратса, экинчиси дүйнөдөгү бардык жамандыктарды жаратат. Алар такай бири-бири менен каршылашып, кайра гармонияда болуп турушат. Бирок, алар бири-бирисиз жашай алышпайт жана дүйнөлүк жашоонун маңызы да болбойт (МНМ 1, 174).

---

Алтай мифтери боюнча, Эрлик – “жер астындагы дүйнөнүн ээси” болсо, Үлкен - “жер үстүндөгү дүйнөнүн ээси”. Якуттарда жана кээ бир алтай урууларында Асманга сыйынуу ырым-жырымын өткөрүүгө Ак Шаман же Аксакал гана укуктуу болгон[212]. А. Дыйканбаеванын жазганы боюнча, Улуу Түрк Биримдигинин кыйрашы менен көчмөн элдер уруу-урууларга ажырап, Асманга сыйынган Ак шамандар жоголгон да, ар бир уруунун өзүнүн бакшылары - “кара шамандар” пайда болгон[213]. Сыягы бир кезде бир уруунун, же элдин кудайы болгон Үлкен, кийин улуу Түрк империясынын чачырашы менен ай-ааламды түшүндүргөн Теңир алыстап, абстрактуу кудайга айланып, Үлкен анын ордун ээлеп, “асман ээсинин” ролун аткарып калган сыйактанат? Анткени, орхон-Энесай жазмаларында Үлкендин ысмы жок.

Алтай жана Хакас элдеринде асмандын ээси болуп Үлкен эсептелет[214], ал Асмандын 9-кабатында жашаган антропоморфтук көрүнүшкө ээ улуу кудай. Хакастарда Үлкендин ысмы “Худай” деген формада да белгилүү. Анын антиподу болуп, жер түбүндөгү өлкөнүн ээси – Эрлик саналат.

Үлкен тууралу байыркы жана орто кылымдардагы жазма эстеликтерде кабарлар жок экенин жогоруда айттык. Бул кудай жөнүндө А.В.Анохин[215], С.Ландышев, В.Вербицкийдин[216] жыйнаган материалдарынан кеңири маалыматтарды билүүгө болот. Анын уул-кыздарынын санын эч ким так билбейт. Көп учурда, анын “9” уулу, “9” кызы бар экени айтылат.

[212] Потапов Л.П., Алтайский шаманизм, Л.,1991г.. с.122.
[213] Дыйканбаев А., Сб.стат. по Тенгри, с.158.
[214] Потапов Л.П., Алтайский шаманизм, Л., 1991г., с.244-245.
[215] Анохин А.В., Материалы по шаманству у алтайцев, Л., 1924г., с.9-13.
[216] Вербицкий В., Алтайские инородцы, М.,1893г., с.89, 97.

Л.П.Потаповдун алтай бакшыларынан жыйнаган материалдары боюнча, Үлкендин: Пактыган, Пырчаган, Яжиган, Кыргыс-Хан, Аба-Пуграган, Карчы, Каным, Тазыган, Тезим[217] деп аталган 9 уулу бар.

Үлкендин этимологиясы боюнча бир пикир жок. А. Инандын жазганы боюнча, бул теонимдин этимологиясы тууралуу көптөгөн болжолдор айтылганы менен маселе ушул убакка чейин ачык бойдон калууда[218]. Кыргыз жана казак тилдеринде "Үлкөн" деген сөз: "улуу", "чоң", "зор", "алп" деген маанилерди билдирет[219]. Элдик этимология боюнча, бул сөз "улуу күн" деген мааниге ээ. Биз да ошондой болушу мүмкүн деп ойлойбуз? Анткени, шамандардын барабандарында ал "күн баштуу" адам көрүнүшүндө сүрөткө тартылат. Ал: "ак", "көк", "ак жарык", "нурлуу", "жаркыраган", "күндү жана айды жылдыруучу", "чагылгандуу", "күйгүзүүчү"[220] деген эпитеттерге ээ.

Сыягы, бул кудайдын ысмы түрк-монгол тилдериндеги "улуу", "абдан зор" деген маанилерди билдирген "үлкен" (кырг: "үлкөн"), же байыркы түрк тилиндеги "жылдыздуу асман" маанилерин түшүндүргөн "үлкер"[221] (кырг: "үркөр") деген сөздөр болсо керек"[222].

Жогоруда: Үлкендин ысмында байланыштуу айтылган эпитеттер ("ак", "көк", "нурлуу", "жаркыраган" ж.б.) анын жарыкка байланышкан маанилерин билдирип турат деп белгилегенбиз. Үлкендин табиятын изилдеген окумуштуулар да, анын ушундай сапаттарын баса көрсөтүшүп, минтип жазышат: "В частности, один из эпитетов Үлгеня – "лучистый" (сустуг) – прямо обозначает солнечную природу божества. На рисунке шамана лучистый Үлген нарисован как человек с головой – солнцем"[223]. Изилдөөчүлөр окунев эстеликтеринде ушундай антропоморфтук көрүнүштөгү күн баштуу адамдардын сүрөттөрү көп экенин жазып жүрүшөт. Биз да, мына ушул факт

---

[217] Потапов Л.П., Алтайский шаманизм, Л., 1991г., с.246.
[218] Инан А., Tarihte ve Bugun Samaanizm, Анкара, 1954г., с.31.
[219] Дыйканбаев А., Сб.стат. по Тенгри, с.161.
[220] Мифы народов мира, 2-т. М., СЭ., 1992ж.,546-бет.,гл.редактор С.А.Токарев.
[221] Казахско-русский словар1, Алматы, 2001г., с.911.
[222] Бутанаев В.Я., Бурханизм тюрков Саяно-Алтая, Абакан, 2003г.,с.103.
[223] Традиционное мировозрение тюрков Южной Сибири, Новосибирск, Наука, Сибирское отд., 1989г., с.100.

Үлкен кудайынын ысмынын чыныгы маанисин ачат деп ойлойбуз. Кыргыз тилинде ал: "чоң", "зор", "улуу күн" деген маанилерге ээ. ошентип, адегенде, "жарыктын", "күндүн" кудайы болгон Үлкен кийин бардык жакшылыкты жараткан Асман кудайына айланган. ошондо да, ал өзүнүн мурунку "нурга" байланышкан негизги эпитеттерин жоготпой сактап калган.

Кээ бир окумуштуулар анын ысмын алтай тилиндеги "өлгөн"[224] деген сөздөн улам пайда болсо керек деп ойлошот. Ушундай эле ойду маркум Мурад Ажы да кайталаган[225]. Ал Үлкендин образын Улустун улуу күнү (21-март) келүүчү Кыдыр атанын жана байыркы "өлүп, кайра тирилүүчү" египеттик осирис кудайынын образдары менен алмаштырып алган. Бирок, мындай маанидеги ысым анын "жаратуучулук" табиятына туура келбейт.

Ал эми бурят элинин мифологиясы боюнча "Улгэн эхэ" деген ат менен Жер-Эне[226] кудайы белгилүү болгон. Ушундай эле "аял кудай" катары ал телеуттардын шамандык мифологиясында да катталган. Алардын мифологиясында, кээде ал: "анэм яючи", б.а. "жаратуучу-эне"[227] деп айтылат.

Үлкен "алтын тоонун чокусунда", "алтын дарбазалуу", "алтын так орнотулган", "алтын сарайда" отурат. Кээ бир варианттарда анын: Темир-каан, Солтыган, Дажиган деген "үч" уулу бар, "үч" баш кийим кийген, "үч жүздүү", "аппак сакалы бар карыя"[228] кейпинде сүрөттөлөт. Анын жогорудагы: "ак нурлуу", "көк нурлуу" жана "жаркыраган" деген эпитеттери, Үлкен – "күндүзгү асмандын" кудайы экенинен кабар берип тургансыйт? Ал Адамды жана Жер үстүндөгү адамга "пайдалуу" жан-жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү жараткан кудай. Ал эми "зыяндуу" жаныбарлардын баарын Эрлик жараткан. Мына ушул ой, бизди, алгачкы учурларда, "күндүзгү асмандын" ээси – Үлкен, "түнкү Асмандын" ээси – Эрлик болсо керек, кийинчерек, Үлкен асманда калып, Эрлик Жердин түбүнө түшүп кеткен

---

[224] Вербицкий В.И., Словарь алтайского и аладагского наречий тюркского языка, Казань. 1884. -С.410.
[225] Ажы М. Полынь половецкого поля. М. ТОО "ПИК-КОНТЕКСТ". 1994. -С.236.
[226] Манжигеев И.А., Бурятские шаманистические и дошаманистические термины, М., 1978г., с.79.
[227] Анохин А.В., Душа и ее свойства по представлениям телеутов, СМАЭ.-Л.,1929г., Т.6.,с.131.
[228] Мифы народов мира, 2-т. гл.ред. С.А.Токарев, М., СЭ., 1992г., 546-бет.

окшойт” деп болжолдоого түртөт? А чынында, “ак”, “көк” түстүү нерселердин баары - Үлкенге, “кара” түстүү нерселердин баары Эрликке таандык. ошондуктан Асмандын “ак” жана “көк” түстүү, жарык тарабы – Үлкендики, караңгы тарабы - Эрликтики. Дал ошол сыяктуу эле Жердин да жарык жагы - үстү Үлкендин, караңгы тарабы - түбү Эрликтики. Башкача айтканда, “күмүш түстүү күнү” бар асман - Үлкендики, “алтын нурлуу Айы” бар Асман - Эрликтики. Анткени, Эрлик дайым эле жамандык жасаган дух эмес. Ал, “жаман айтпай жакшы жок” дегендей, жамандык жасап атып, жакшылык кылат. Мисалы, Адамды жаратып жатканда, анын денесин – Үлкен жасайт, а жанын Эрлик салат. ошол үчүн адам өлгөндө, анын жанын Эрлик алып кетет. Жылаандын шилекейи - билбеген адамга уу, билген адамга - дары. Дал ошол сыяктуу эле жакшылыктын баарын эле жарык жасабайт, караңгынын жарыкка бергис жакшы жактары да көп. Башкасын айтпаганда да, караңгы болбогондо, жарыктын жарык экенин эч ким билмек эмес? Ысыктын ысык экенин суук бар үчүн билебиз. ошентип, Үлкендин “күнүн”, Эрликтин “түнү” толуктап, экөө биригип, бир улуу кудай - Теңирдин маңызын түшүндүрүп турат.

“Асты” жана “үстү” деген түшүнүктөр тууралу кеп кылганда гана биз Асманды - Үлкенге, Жерди Эрликке таандык кылып сүйлөйбүз. А чынында, Асман да, Жер да экөөнө бирдей таандык. Экөө алардын (Асман менен Жердин) өздөрүнө тиешелүү дүйнөлөрүндө гана бийлик жүргүзүшөт. Бул түшүнүктөр кийин аралашып кеткен болуу керек. Асманда да, Жерде да экөөнүн өз-өз орундары бар. Экөөнүн бийлиги жана дүйнөлөрү биригип, Улуу Көкө Теңирге таандык. Башкача айтканда, бул “эки дух”, бир улуу кудай Теңирдин бири бирине карама-каршы жана бири-бирин толуктаган негизги “эки сапаты”. Бул Теңиризмдин дуалисттик мүнөзүн аныктаган эн башкы фактор.

Түрк–монгол элдеринин дүйнөтаанымдарындагы Үлкен менен Эрлик, биз “эр” жана “үр” деп жазып жүргөн, же кытайдын “янь” менен “инь” сапаттарын билдирген принциптер сыйактуу. Ушундай принциптер Ирандын зороастризм

दининде “Ахурамазда” жана “Ахураман” духтары аркылуу салынган. Үлкен менен Эрлик,  янь менен инге окшоп, бири – асманды, экинчиси жерди түшүндүрөт да, ошол эле убакта  Ахурамазда менен Ахураман сыяктуу бирине жарык, бирине караңгы дүйнө таандык болот.

Үлкендин табиятын изилдеген окумуштуулар, бул улуу кудай бир убактарда карама-каршы жыныстыкка ээ болгон дух экенин белгилешет. Салттуу дүйнөтааным боюнча, улуу кудай тарабынан алгачкы жаратылгандар синкреттик образдарга ээ болушкан. Алар эркек-ургачы, жакшы-жаман, астыңкы-үстүңкү болуп бөлүнүшкөн эмес. ошондуктан адегендеги улуу кудайлар “ата-апа”, “өмүр берүүчү жана өмүрдү алып кетүүчү” сыяктуу карама-каршы функцияларды бир алып жүрүшкөн. Кийин гана аткарган кызматтары, мүнөздөрү, жыныстык белгилериж.б.  боюнча бөлүнө баштаган[229].

Антикалык мифти изилдеген А.Ф.Лосев минтип жазат: “Все существующее оказывалось живым, живущим и умирающим, т.е. все являлось мифом, и притом материальным материнским мифом о всепоглошающей и все порождающей Матери-Земле. Здесь нет места ни для Зевса, ни для какого-нибудь универсального мужского божества. Универсальна тут только обшеродовая жизнь, или, в переводе на язык мифологии, только Мать-Земля”[230]. ошентип алгачкы мифологиялык түшүнүк боюнча, жаратуучулар да, жаратылгандар да эркек жана аял деп бөлүнгөн эмес. Бул “эки белгини” бир гана кудай алып жүргөн.

Алтай-Сайан элдери бул улуу кудайдын ысмы менен өздөрүнүн бийик тоолорун да аташкан. Мисалы, В.Я.Бутанаевдин жазганы боюнча, “Кузнец Алатоосу - “Үлгениң сын” деп айтылып, “Улуу кырка тоо”[231] маанисин билдирген. Демек, “Үлкен кырка тоосу” ошол эле убакта “Улуу кырка тоо”

---

[229] Традиционное мировозрение тюрков Южной Сибири, Нововсибирск, Наука, Сибирское отд.,1989г.,с.41.
[230] Лосев А.Ф., Античная философия и ее историческом развитии, М.,1957. -С.94.
[231] Бутанаев В.Я., Традиционная кул1тура и быт хакасов, Абакан, 1996г., Хакасское книжное изд-о, С.17.

маниси менен айтыла берген. Мындан биз үлкендин ысмынын мааниси – “улуу”, “чоң”, “зор” ж.б. билдирерин билебиз.

Ал (В.Я.Бутанаев) өзүнүн “Бурханизм Саяно-Алтая” деген эмгегинде Үлкен тууралу кеңири кеп кылат. Ал минтип жазат: “Алтай жана түштүк хакас элдеринин мифологиясы боюнча, асманда жашагандардын ханы болуп Үлкен-хан (варианттары: Үлген, Үлгелиг, Үлгер, Үлгерлиг) деп айтылат. Анын ысмы Ак-Кудайдын[232] аты менен бир катарга коюлат. Үлкен-хан “асман аттары” деп эсептелген, майда, жыбыраган жылдыздары жайнаган асман сыйактуу көк чаар жылкылардын ээси[233] болуп да саналат. ошентип, миф боюнча, жер үстүндөгү анын ордосу Хоорай тоолорунун арасындагы “Үлкен кырка тоосу” деп аталган тоо болгон.

Үлкендин “алтын так” орнотулган “алтын сарайы” “тогуз кабат асмандын үстүндө” болгону менен, анын Жерде жашай турган да “орду” бар. Жогоруда В.Я. Бутанаев белгилегендей, жердеги тагы турган аймак “Үлкендин кырка тоосу”, же “Улуу Тоо” деп аталат.

Адамдар Үлкен менен Эрликке арнап курмандык чалышканда, ар бирине өздөрүнүн малдарын союшкан. Мисалы, Үлкен кудайына арнап жылкы союлган. Анткени, жылкы адамга жагымдуу ысык дем менен дем алган жаныбар. Ал эми Эрликке бодо мал (уй) союлган. Себеби, кара мал муздак дем менен дем алган жана өлүмгө себепкер жаныбар. Ал тууралу окумуштуулар минтип жазышат: “Так, например, коровы, считавшиеся животными Эрлика, наделялись холодным дыханием и способностью пророчить смерть”[234]. Ал эми “конь же, напротив, предназначался небесным божествам и обладал горячим, благотворным для человека дыханием”[235].

[232] Миф боюнча, Кудай-хандын жашаган алтын сарайы Алтын-Тоонун чокусунда жайланышкан. Ага асманда жашашкан кудайлар баары кызмат кылышат. Кудай-хан дал ушул - өзүнүн жашап жаткан алтын сарайында алгачкы Эркек менен Айалды жаратат.
[233] Катанов Н.Ф., Образцы народной литературы тюркских племен, живущих в Южной Сибири и Дзунгарской степи, Ч. 9. –СПб.,1907г.,с.564.
[234] Традиционное мировозрение тюрков Южной Сибири, Новосибирск, Наука, Сибирское отд., 1989г., с.83.
[235] Ошол эле жерде, с.83.

* * *

Биздин Үлкен кудайына мынчалык көп токтолуп калганыбыздын себеби, анын бир уулунун ысмы “Кыргыс-Хан” деп айтылат. Башкача айтканда, “алтайлыктардын ишеними боюнча Көктүн ээси - Үлкендин тогуз уулунун бири “каардуу Кыргыз-хан” экен. Ал адамдардын үстүнөн караган, башчылардан адилет башкаруу принциптерин талап кылган жана алардын тагдырын чечкен башкы сот болуптур”[236]. ошентип, Алтай-Сайан элдеринде айтылган мифте айтылган маалыматка караганда, Кыргыздын атасы “асман кудайы” Үлкен болуп саналат. А балким, Кыргыз элиндеги: “Асман-ата, Жер-эне” деген сөз ошол Үлкен кудайы жаралган замандан бери айтылгандыр? Кандай болгон учурда да, Үлкен жөнүндөгү миф, бизге, Кыргыздын эмне деген эл экенинен жана түпкү теги кайдан чыкканынан кабар берип турат.

* * *

Дүйнөнүн көп элдеринин мифологиясында Асман – эркектин, Жер – аялдын ролун аткарат. Түндүк Американын индеецтери да Асманды – “ата”, Жерди “эне” деп айтышат. Индустардын мифологиясында да, Асман кудайы Жер кудайына үйлөнөт. Грек мифологиясы боюнча, асман кудайы –Уран эркек, жер кудайы Гея - аял. Шумер мифологиясында асмандын ээси – Ан – эркек, Жердин ээси – Ки – аял.

Кытай мифологиясы боюнча, асман – янь - ата, жер – инь - эне. Ал эми асмандан жааган жамгыр асмандын уругу. “В давние времена, когда еще не было ни земли, ни неба… из хаоса возникли два божества, они создали небо и землю и тогда отделились женское (инь) и мужское (янь) начала”[237]. Индус Ведаларында да Асман менен Жер эрди - зайыптар болуп саналат. Ал эми Иран мифологиясы боюнча, адегенде Жер - Асмандын “карындашы” болгон.

---

[236] Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И., «Эне-Сай кыргыздары: фолклор жана тарых», Бишкек, 2002ж., 37-бет. Изд. Кыргызстан – Сорос фонду, кыргызчага котор. О.Каратаев. Ушул эле авторлордун орус тилинде: «Хакасский исторический фолклор» деген эмгеги, Абакан,2001г.,с.28. изд. ХГУ им. Н.Ф.Катанова.

[237] Шахнович М.И., Первобытная мифология и философия, Л., 1971г., с.194.

Кыргыз тилинде кудайдын бир аты “жараткан”. “Жараткан кудай өзүң колдо” деп кайрылышкан биздин ата-бабалар Теңирге. Кыргыздар да: «Асман – ата, Жер - эне» деп сүйлөшкөнү менен Тенирди ай-ааламды жараткан улуу кудай катары таанышкан. Эн кызыгы - Энесайдагы кыргыздар өздөрүн: “Биз кудай менен тоонун боорундагы үңкүрдө жашаган уйдун катышынан келип чыкканбыз”[238] деп айтышкан. Ал кудайдын ысмы Үлкен экенин жогоруда айттык. Башкача айтканда, алдыда кеп болгондой, Кыргызды жараткан кудайдын ысмы – Үлкен. Бирок, асмандын ээси болгон Үлкен менен Жердин ээси болгон Эрликти улуу кудай Көкө Теңир жараткан. Тагырак айтканда, Үлкен - Теңир жараткан “эки” Улуу Духтун бири. Сөзүбүздүн аягын кыскартып айтсак, кыргыздардын атасы Жарыктын ээси - Үлкен, ал эми Үлкендин атасы – Көкө Теңир!

## Эрлик – Төмөнкү Дүйнөнүн ээси

Бурят-монгол версиясы бойунча Эрлик-хандын атасы болуп Гужир-хан (Гужир-тенгри) деген кудай эсептелет. Башка бир версия бойунча, Эрлик-хан бир тууганы Кудай-хан экөөсү Алтай аймагында жашаган түрк-монгол элдерине кенири белгилүү кудай Үч-Курбустан жаратканы айтылат. Үч-Курбустандын эн башкы өзгөчөлүгү “үч жүздүү” кудай болуп саналат. Ал көзгө көрүнбөгөн, элеси белгисиз, асманда жашаган улуу кудай. окумуштуулардын изилдөөсу бойунча, Гужир-хан менен Үч-Курбустан ар кайсы эле ар кандай ысымга ээ болгон бир эле кудайдын эки ысмы болушу мүмкүн. Алар асманды, айды, күндү, бүт дүйнөнү жана тогуз бурханды жаратышат.

Жогоруда айтылгандай, Эрлик-хан менен Кудай-хан бир тууган кудайлар. Бирок, алар мезгили келип, дүйнөнү бөлүштүргөндө, Кудай-хан Жер бийлигине ээ болот да, Эрлик-хан көзгө көрүнбөгөн, астралдык дүйнөнү

[238] Кызласов Л.Р., История Южной Сибири в средние века, 32-бет, М., “Высшая школа”, 1984ж.

башкарып калат[239]. Эрлик (монг: Эрлэг; хак: Ирлик; каз: Ерклик; кырг: Эрлик хан; алт: Эр-Каан; якут: Арсан Доолай) – түрк-монгол мифологиясында Жер түбүндөгү дүйнөнүн ээси, өлгөн адамдар жашаган өлкөнүн падышасы[240].

Үлкенге караганда Эрликтин образы түрк-монгол элдеринин арасында кенири тараган. Анын ысмы байыркы орхон-Энесай жазмаларында да учурайт. Эрликтин образы келип чыгышы бойунча байыркы уйгур мифологиясындагы тозоктун ээси – Эрлик каган менен байланыштуу болушу мүмкүн[241]. Деги эле түрк-монгол элдериндеги Эрлик хандын образы негизинен бири-бирине окшош. Демек, алардын баарынын түпкү теги бир.

Эрликти монголдор Номун-хан дешет, анын образы буддистердин мифиндеги тозоктун падышасы - Яманын образына окшош. Яманы алар “ишенимдин башчысы” жана “мыйзамдын ханы” деп айтышат. Тибет тилинде Чойжал (“Чойгйал”) да “мыйзамдын ханын” билдирет. Буддистер Эрлик-хан бир убактарда чон билимге жана күч-кубатка ээ кечил (монах) болгон деп айтышат. Бирок, жалгандан айыпталып, өлтүрүлгөн делет. Башы алынган монах буканын башын өзүнүн башынын ордуна жабыштырып, өлбөй калат да, күнөөлүүлөрдү айоосуз жазалаган Түпкү өлкөнүн падышасы болуп калат.

Будда иконаларында Чойжал (Эрлик) сүрөткө көк түс менен бойолуп, мүйүздүү бука баштуу адам кейпинде тартылат. Анын үч көзү бар: алар өткөндү, учурду жана келечекти көрөт. Чойжалдын атрибуттары болуп: баш сөөктөн жасалган кесе, асаба тайак, курч кылыч, аркан, жер түбүнүн байлыктарынын ээси экенин билдирген жасалгалар, бал китеп, күнөөнү ченеп тарта турган тараза, өлгөн адамдын күнөөлүү экенин аныктаган күзгү болуп саналат.

---

[239] Происхождение Эрлик-хана и его культа.\\ Древние Боги Сибири: Тэнгри, Умай, Кудай, Кызаган, Эрлик-хан, Мерген. *Урало-алтайская мифология: символ и архетип., А.М.Сагалаев., Новосибирск., Наука.91;*

[240] Мифологический словарь /Гл. ред. Мелетинский Е.М. — М.: Советская энциклопедия, 1990 г. — 672 с.

[241] Итин Вивиан. Страна Гонгури. — Новосибирск: Западно-Сибирское кн. изд-во, 1983. — С. 144.

Бурят элинин мифинде Эрлэн хан жер түбүндөгү дүйнөнүн жөн эле башчысы эмес, ал өлгөндөрдү соттогон сот жана Күн Чыгыштагы жаман хандарды башкарган падыша катары байандалат.

Алтайлык бакшылардын элестетүүсү бойунча, Эрликтин далысын жапкан узун кара чачтары, кулактарына жеткен кара тармал жана койуу муруттары, тизесине жеткен сакалы  бар антропоморфтук көрүнүштөгү дух. Ал жети айунун терисинен тигилген тон кийип, жети кара бобрдын үстүндө уктайт. Кылычы жашыл темирден, а кесеси адамдын баш сөөгүнөн жасалган. Ал кээде калагы жок кара кайыкты айдап, жер түбүндөгү денизде сүзүп жүрөт. Изилдөөчүлөр, бир убактарда ал ак боз ат минип жүргөн экен дешет. Бирок, алданып калып, ошондон кийин мүйүзү жок кара букага артын карап минип, айбалта менен камчыланып жүрөт.

Эрликтин жер түбүндөгү өлкөсү күн батышта жайланышкан, ага жердин тешиги аркылуу кирет. Кээ бир маалыматтар, Эрликтин өлкөсү “9” катмардан турат, анда анын “9” уулу жашайт деп маалымдайт. Алтайлыктар Эрликтин бардык уулдарынын ысымдарын билишет, баарына сыйынышат жана алардын ар бирине арнап курмандыктарды чалышат. Мисалы, Эрликти алар кээде “Кара Нама” деп айтышат.

Мифология бойунча, Түпкү дүйнөдө да өзүнүн күнү жана айы бар, бирок алардын жарыгы алсыз болгондуктан, бүлбүлдөп гана көрүнүп, ал өлкөдө түбөлүк күүгүм өкүм сүрөт. Жер алдындагы дүйнөнүн кире беришинде кара көбүк болуп, кара казанда толо суу кайнап турат. ошондой эле адамдардын көз жашына толгон саз жана көл, өлгөндөрдүн денесинин кесип алган жеринен аккан кандан жана өзүн өзү өлтүргөндөрдүн канынан пайда болгон кызыл көл бар. Ары барганда, аттын куйругунун кылындай ичке көпүрөнү жана түбү түпсүз кара көлдү көрөт адам. Көлдүн ары жагында өлгөн адамдардын аймагы жайгашкан. Ата-бабалардын арбактары жашаган аймактан ары Эрлик-кандын тун уулу Темир-кандын кыздары турушат. А Темир-кан өзү болсо, алдында ат мамысы бар чон боз үйдө жашайт.

Эрликтин турагы адамдардын көз жашы аккан Тойбодум деген дарыянын жээгинде кара-көк темирден салынган сарай. Дарыянын эки жээгин аттын куйругунун кылындай ичке көпүрө кошуп турат. Ал көпүрөнү дьутпа деген желмогуздар кайтарып турушат. Ал эми Эрликтин сарайын атайын бөлүнгөн кароолчулар кайтарышат.

Эрлик өзүнүн күч-кубаты жана бийлиги боюнча Үлкен менен тен кудай. Үлкен сыйактуу эле ал да ааламды жараткан ишке активдүү катышат. Шамандар ага атасына кайрылгандай: “ата Эрлик” деп кайрылышат. Эрликтен алар башка дүйнөлөргө сайакаттап бара турган баасыз белектерди алышат. Биринчи кам (шаман) өзүнүн белеги менен барабанын (тунур) Эрликтен алган.

Хакастардын[242] элестетүүсү бойунча Эрликтин көрүнүшү түрү суук желмогузга окшош. Эки көзүнүн ортосу бир карыш, эки кулактарынын ортосу 2 метрден ашык, башы боз үйдүн түтүн чыккан түндүгүндөй чоӊ, мандайы казандын түбүндөй дөӊ. Ал белине жеткен кара сакалын сапсайтып, колунда кара жылаан камчысын алып, дайым кара аргымак минип жүрөт.

Эрлик хандын ысмы коркунучтун кудайы катары кыргыз бабаташтардагы жазууларда да кезигет. Хакастар анын ысмын башкача Чир Худайы (“Жер кудайы”) деп, ал эми бакшылар Эрликти “Ата хан” (“улуу ата”, “хан ата”) деп айтышат. Чир Худай жер түбүнүн жетинчи (же “тогузунчу”) кабатында жашайт. Эрлик хандын жашаган сарайы жети дениздин (же тогуз) кезигишкен чатында, суусунан от чыккан, ууланган дениздин жээгинде салынган жети бурчтуу жез үй болуп саналат. Хакастар акырын соккон желаргыны жер түбүндөгу дүйнөнүн ээси Эрлик хандын деми деп түшүнүшкөн. ошондуктан жылуу желаргы жүрүп турганда, оозду ачып дем албаш керек дешкен алар. Эгер ошол абадан жутуп алса, адам шал болуп, ооруп калышы мүмкүн. ошондуктан шал ооруусу хакасча “тан сапханы” (“жел

[242] https://dic.academic.ru/dic.nsf/ruwiki/14640

тийүү”) деп аталат. Эрлик хан адамдын кайсыл тарабынан дем алса, жел ошол тараптан согуп, адамдын ошол капталы шал ооруу менен ооруйт.

Кудай менен кошо Эрлик да жерди жаратууга активдүү катышат. Ал дениздин түбүнө түшүп, ылай алып чыгат. Кудай, Эрлик алып чыккан ылайдан жерди жаратат. Бирок, Эрлик алып чыккан ылайдан оозуна бир бөлүгүн бекитип алып калат да, Кудай (Үлкен) жараткан жердин үстүнө бүркүп жиберет. Натыйжада жердин үстүндө тоолор, дөндөр, саздар пайда болот. ошону менен Эрлик Кудайдын жасаган сыйдам, тегиз жерин өңгүл-дөңгүл кылып салат.

Эрлик бир күнү Кудайдан убактылуу күн менен айды сурап алып, кайра бергиси келбей, катып жүрөт. ошондо Кудай аны тартып алып, асманга учуп чыгат да, Күн менен Айды көк асманга кагып, катырып таштайт. Мифтеги бул маалымат Күн менен Ай Үлкенге (Кудай) таандык же Үлкен кудайы жараткан заттар дегенди айтат.

Эрлик бир жолу Үлкен жараткан адамды кайтарып турган итке тамак берип, алаксытат да, адамдын ичине үйлөп жиберет. Аны менен ал кудай жасаган адамды бузуп, денесине түк өсүп чыгат. ошондон кийин адам сакал-мурутун алып, тазаланып жүрчү болот. Ушундай акмакчылыгы үчүн Үлкен Эрликти асмандан жерге кубалап, артынан өзүнүн баатыры Мандыширди жиберет. Мандышир Эрлик менен кармашып, аны акыры жеңип чыгат. Мандышир менен болгон согуштан кийин Эрлик Үлкенден бир аз жер берчи деп суранат, бирок Кудай ага жер бербейт. ошондо, Эрлик жок дегенде мен тайагымды сайып койо турган жер бер деп суранат. Үлкен маакул болуп, ага тайагын сайып койо турган жер берет. Эрлик тайагын жерге сайып, кайра тартып алганда, жердин ичинен Эрликтин тайагы менен кошо адамга жугуштуу ар кандай жаман оорулар кошо суурулуп чыгат. ошондон кийин Үлкен аны кызматкерлери менен кошо жердин үстүнөн жердин түбүнө кубалап жиберет. ошондон кийин Эрликтин кызматкерлери адамга ар кандай зыйандарды алып келген, аны кээде бактысыздыкка туш кылган

жамандыктарды жасаган жиндерге айланышат. Эрликтин кызматкерлери болуп, өлгөн адамдардын жана шамандардын арбактары – көрместер саналат. Эрлик төө, уй сыйактуу жаныбарларды жана айу, кашкулак, сокур чычкан, чочко сыйактуу жырткыч айбандарды жаратат. Керей-хан жана Караша хан сыйактуу баатырларды жаратат.

Эрлик такай Үлкен менен атаандашып жүрчү. Бир жолу, дуба окуйлу, кимдин кесесиндеги гүл өсүп чыкса, ошол Жараткан улуу Кудай болсун дешти. Эрликтин кесесиндеги гүл өсүп чыкты, бирок, Үлкен транс абалында отурган Эрликке байкатпай өзүнүн кесесин анын кесеси менен алмаштырып, гүлдү уурдап кетти.

Эрликтин өлкөсүндө баардыгы бар: байлык да, бакыт да, жыргал да, кубаныч да, күлкү да, кыйналуу да, көз жаш да, музыка да, ыр да, жомок да, бий да бар. Ал жерге туш келген адам каалаганын тандап алса болот[243]. Тубалардын ишениминде Эрлик асман кудайларынын бири (“үч курбустан”) болуп эсептелет. Бурят ишениминде Эрликтин ысмы “канкор” дегенди түшүндүрөт.

Жыйынтык. Биз, Теңир философемасы тууралуу мурунку жазма булактардагы жана бүгүнкү күнү анын түрк-монгол элдеринде сакталган элементтерин эске алып, төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз жана келечекте ушул багытта изилдөөлөрдү жургүзүү туура деп ойлойбуз:

Биринчи, көпчүлүк окумуштуулардын айткандары боюнча, “Теңир” менен “Аалам” синоним түшүнүктөр. Андай болсо, Теңирди “абсалюттук Дух”, Ааламды – “абсалюттук Дене (материя)” деп түшүнүү туура. Б. а. Теңир – Ааламдын духовный мааниси, Аалам – Теңирдин материалдык көрүнүшүн түшүндүрөт.

---

[243] Будаин Р. Неономады - великая степь. дух единения. Интернет.

Экинчи, Алтай-Сайан элдериндеги сакталган салт боюнча, Теңир Абсалюттук Дух катары эки сапаттан турат. Алардын аттары түрк - монгол элдеринин ишениминде “Үлкен”[244] жана “Эрлик”[245] деп айтылат. Б.а. Теңир өзүнүн “жакшы” жана “жаман” сапаттарын экиге ажыратып, Үлкен менен Эрликти жаратат.

Үчүнчү, ырас Абсалюттук Дух экиге ажырагандан кийин, анын материалдык көрүнүшү болгон Аалам да: “Асман”[246] жана “Жер”[247] деген аталыш менен экиге бөлүнөт. Дух менен Материя бир бүтүн болгондуктан, бөлүнгөн ар бир материалдык бөлүкчө, өзү менен кошо бөлүнгөн духовный касиет менен бир жашайт. Б.а. Теңир тарабынан өзүнө берилген касиет боюнча Үлкен – “Асмандын”, Эрлик – “Жердин” ээсине айланат. Аны биз, Үлкен менен Эрлик жөнүндө баяндалган мифологиялык маалыматтардан улам жакшы билебиз.

Төртүнчү, өз кезегинде Асман эки сапаттан турат. Ал жөнүндө “Күн”[248] жана “Ай”[249] тууралуу айтылган мифтерде баяндалган. ошондуктан биздин ата-бабалар, Асман сыяктуу эле, Күн менен Айга да, Теңирдин көзгө көрүнгөн сырдуу касиеттери катары сыйыныша берген.

Бешинчи, Асман сыяктуу эле Жерде да эки сапат бар. Алар: “от”[250] жана “Суу”[251] деп аталат. Бул экөө тең биздин байыркы ата-бабалар ыйык туткан заттар. Жер менен бирге эле экөө тең Теңирдин сырдуу касиеттерин билдирген материялар.

Алтынчы, Теңирдин Жердеги көрүнүшү – ал “Адам”[252]. А чынында, Асман менен Жер кандай мааниге ээ болсо, Адам да ошондой эле мааниге ээ. Байыркы түрк мифологиясы: “Үстүдө көк Асман, астыда кара буурул Жер

[244] Мифы народов мира, т – 2, с – 546, ст: Ульген.
[245] Мифы народов мира, т – 2, с – 667, ст: Эрлик.
[246] Мифы народов мира, т – 2, с – 206, ст: Небо;
[247]Мифы народов мира, т – 1, с – 466, ст: Земля.
[248] Мифы народов мира, т – 2, с – 461, ст: Солярные мифы
[249] Мифы народов мира, т – 2, с – 78, ст: Лунарные мифы
[250] Мифы народов мира, т – 2, с – 239, ст: Огонь.
[251] Мифы народов мира, т – 1, с – 240, ст: Вода.
[252] Мифы народов мира, т – 1, с – 39, ст: Адам.

пайда болгондо, ортодо Киши уулу жарык дүйнөгө келген"[253] деп, Асман менен Жердин бир катарында Киши уулу тууралу жөн жеринен кабар берип отурган жок. Анткени, Теңирдин эркисиз Адам жаралбагандай эле, Адамсыз Теңир да эч кандай мааниге ээ эмес. Теңирдин эрки менен жаралган жандардын ичинен Адамдан башка эч бирөөсү анын бар экенин билбейт? Ага Адамдай маани берип, ыйык тутуп, Ага Адамдан башка эч бир жаныбар сыйынбайт. Анткени, Анын бар экенин жүрөгү сезсе да, акыл-эси болбогондуктан аңдап биле албайт. ошондуктан Адам Асманды – "ата", Жерди "эне"[254] деп атат. Анткени, Теңирдин эрки менен Адам - ал Экөөнүн (Асман менен Жердин) "ортосунда" жаралган.

Жетинчи, жогоруда Теңирдин "денеси" - Аалам, же Ааламдын "жаны" Теңир экенин айттык. Дал ушул сыяктуу эле, Теңирдин Жердеги "микрокөрүнүшү" катары, Адам да духовный түшүнүктөн жана материалдык көрүнүштөн турат. Ушул "эки сапат" тең Адамда бар. Башкача айтканда: биринчиден, Адам: "Жандын" жана "Дененин" биримдиги. Экинчиден, эгер Теңирдин духовный табияты "жакшылыкты" жана "жамандыкты" жаратуучу "эки духтун" (Үлкен менен Эрлик) ишмердиги аркылуу көрүнсө, Адамдын духовный табияты Адамдын өзүнүн "жаратуучу" жана "кыйратуучу" касиеттери аркылуу аныкталат. Үчүнчүдөн, Теңирдин материалдык көрүнүшү болгон Аалам "Асман" жана "Жер" формаларында экиге ажырагандай эле, Адамдын материалдык көрүнүшү да: "Эр киши" жана "Үр киши" деп бөлүнгөн эки сапаттан турат. Жөнөкөй тил менен айтканда, алар: "эркек" ("эр+көк") жана "ургачы"("үр+кыз-ы", же "үр+хас-ы" – "бейиштин кыздары") деп аталышат.

Биздин пикирибизде, Теңирдин маанисин, Адамдын дал ушул "эр" жана "үр" деп айтылышына байланыштуу изилдөө туура. ошондо анын чыныгы сыры, өзүнүн жердеги көрүнүшү болгон Адам менен бириккен мааниси ачылат. Б.а. байыркы ата-бабаларыбыздын Асманга сыйынганын жана Эр эл болгонун

[253] Орхон – Энесай жазууларынан, Чоң Жазуу...............................
[254] «Асман ата, Жер эне», байыркы арий мифи.

эске алып, Теңир: «Теӊ+Эр (алт: ар-ир)» деген эки сөздүн курамынан турат деп ойлойбуз? Анын биринчи бөлүгү (“теӊ”) – “бирдей”, “окшош” деген маанилерди билдирсе, экинчи “эр” деген сөзү кээ бир түрк тилдеринде “ир адам”, “жоокер адам”, “баатыр адам” дегенди түшүндүргөн. ошондо кыскача анын биринчи мааниси: “Таӊ+Эр”- “Асман Эр”, “Нурлуу Эр” дегенди билдирсе, экинчи мааниси “Эгиз Эр” деген маанилерди берет.

## 2.4. Туран – Теңирдин өлкөсү жана Тенир философемасынын таралуу арелы

Көптөр “Туранды - миф” дешет. “Жок ал болгон, ал тарихий факты” дешет экинчилери. Кимиси туура? Кимиси чындыкка жакын сөздү айтып жатат? Аны азырынча так айтыш кыйын? Бирок, биздин кийинки изилдөөлөр жана жаңы өнүгүп жаткан генетика илиминин кээ бир жыйынтыктары, совет идеологиясы тыйуу салган айрым бир темалар боюнча жаңы бир ойлорду айтууга мажбурлоодо. А чынында, маселенин баары ал мифтердеги Түрк элдеринин түпкү мамлекеттүүлүгүнө байланышкан маалыматтарда жатат. Ушул жерде бир суроо пайда болот: “Эмне үчүн Иран мамлекети жашап турганы үчүн Күр (1) негиздеген байыркы арий өлкөсү “чындык” катары кабыл алынат да, ошол эле мифте айтылган Тур негиздеген “Туран мамлекетинин” болгону чындык катары кабыл алынбайт? Же эмне үчүн ар кандай мезгилде ар кандай аталганына карабай Иран мамлекетинин байыркы тарыхы “Авестада” айтылган мифтерден башталат да, ал эми ошол эле булакта айтылган турлар (“көчмөн арийлер”) түрк элдеринин ата-бабалары катары айтылбайт? Авестада анын ысмы – Арий деп айтылат. А чынында анын кыргызча жана туура айтылышы: “Күр” болуш керек. Казак тилинде “к-х” менен сүйлөнгөн сөздөр кыргыз тилине өткөндө “к” тыбышы түшүп: “Хазыр-азыр”, “хайдар - айдар”, “хурметти - урматтуу” деп сүйлөнөт. Дал ушул сыяктуу эле “күр-үр, кир-ир, кэр-эр, кар- ар” ж.б. болуп айтыла берет. Менин жеке пикиримде, Иран

мамлекетинин аталышы Күрдүн ысмына байланыштуу келип чыгат[255]. Башкача айтканда, ал алгач “Күр+ан” (“Күрдүн өлкөсү”) деп айтылып, анан: “Күран”- “Үран” – “Эран” - “Иран” делип өзгөрүлгөн (примеч. авт. Б. Т.)]. Совет бийлиги да өз убагында Хакасиядагы бир уруунун аты[256] СССРдин аймагындагы бир нече жер-суу аталыштары “туран”[257] деп айтылып турганына карабай, ал сөздүн өзүн жана ага байланышкан тарыхты изилдөөгө тыйуу салган. ошол үчүн бул сөзгө (“туран”) байланышкан тарых али күнгө чейин белгисиз бойдон калууда. Анын себебин көбүбүз билебиз, бирок дайым эле ачык айта бергибиз келбейт. Түрк элдеринин түпкү тегине болгон мындай кайдыгер мамиле шовинисттик мүнөз күткөн евроборбордук көз караштагы окумуштууларга таандык. А болбосо, биздин кийинки кездеги салыштырып изилдөөлөр “тур” менен “түрктүн” түбү бир экенин көрсөтүүдө. Перс мифтеринде байыркы улуу державалар болгон Туран менен Ирандын тарихий байланыштары жөнүндө айтылган көп маалыматтар бар. Мисалы, “Авеста” боюнча Трайтаона дегендин Сайрима, Тур жана Арий деген үч баласы болот. “Шах намэде” Трайтаонанын ысмы – Феридун[258], балдарынын аттары: “Сальм, Тур жана Эраж”[259] деп жазылган. Башкача айтканда, Фирдоуси Трайтаонанын ысмын – “Феридун”, Сардын ысмы – “Сальм”, Күрдүн (Арий) ысмын – “Эраж” деп берген. окумуштуулар аны көбүнчө “Сар” формасында жазышат. Биз да ушул ойго кошулабыз. “Күр” (ир: Хур). Мифте, карыган Трайтаона өзүнүн империясына тиешелүү аймакты үч уулуна бөлүп берет. Сарга - Европа элдери, Турга - орто Азия жана Чыгыш Түркстан, ал эми Күрдүн энчисине Иран жана Арабстан тиет. Балдардын атынан улам кийин алардын бийлеген жерлери да: “Сарматия”, “Иран” жана “Туран” деп аталат. Бирок, биздин

[255] Алымбаев А. Тенир теониминин таралуу ареалы жана ага сыйынуу ырым-жырымдары. Вестник КР 1 (1) 2023. С. 93-103. www.elibrary.ru/item.asp?id=54278884
[256] Бутанаев В. Я., Бутанаева И. И. Энесай кыргыздары: фольклор жана тарых. - Бишкек: “Кыргызстан-Сорос” фонду, 2002. –С.173. (кыргызчага которгон О. К. Каратаев).
[257] Татаринцев Б. “Туран и Уюк” – откуда произошедшие слова? // Улуг Кем: лит.-худож. Альм. - 1994. - № 28. - 1994. - С. 99–101.
[258] Мифы народов мира. Энциклопедия: в 2 т. - Т. 2: К — Я / Гл. ред. С.А. Токарев. - изд. 2 - е. - М.: Советская энциклопедия, 1992 . -С.523.
[259] Мифы народов мира. Энциклопедия: в 2 т. - Т. 2: К — Я / Гл. ред. С.А. Токарев. - изд. 2 - е. - М.: Советская энциклопедия, 1992 . -С.523.

изилдөөлөр, Сарматия кийинки доорлорго таандык аталыш экенин көрсөтүүдө. Скиф жери жана Батыш Европанын түндүк-чыгыш бөлүктөрү "сарматия" деп аталганга чейинки Сардын өлкөсү азыркы Чыгыш Түркстан аймагында болгон. Байыркы грек тарыхчылары алгачкы Сардын өлкөсүн: “Серика”, “Серендия” деп аташкан. Биз дал ушул аймактагы Сардын өлкөсүн – “Саран” деп жазуу туура деп ойлойбуз. Илимий изилдөөлөр “Авестадагы” “күлүк ат минген турлардын” аты перс булактарында - “сактар”, грек булактарында - “скифтер”[260] деп берилгенин маалымдайт. Башкача айтканда, перс булактарындагы “сактар” менен грек булактарындагы “скифтер” бир эле эл, алар Авестада “турлар” деп аталышат. Ал эми жогоруда кеп кылгандай, Иран мифтери боюнча “турлар – Турдун урпактары”. Демек, “Авестада” “турлардын өлкөсү” деп аталган – “Туран”, кийинки айтылган перс булактары боюнча – “сактардын”, грек булактары боюнча “скифтердин өлкөсүн” түшүндүрөт. Л. Гумилевдин жазганына караганда, тарыхка “арий” деген ат менен түшкөн орто Азиянын байыркы элдери “турандыктар” жана “ирандыктар” деп диний ишенимине карата ушундай аталышкан[261]. Тагырак айтканда, эски ишеним менен калгандар “турандыктар”, Заратуштураны ээрчип, жаңы динге сыйынып кеткендер “ирандыктар” деп аталышкан[262]. Бирок, ирандык арийлер түбү Турандан “сүрүлүп кеткен” элдер экенине карабай, батыш жана иран окумуштуулары турларды (сак, сармат, скиф) “иран тилинде сүйлөгөн элдер” деп жазып келатышат. Бул белгилүү тарых иликтөөчү Мурад Ажы жазгандай: “...чындыкка такыр коошпогон миф. Эгер, так айта турган болсок, анда байыркы ирандыктардын өзү “түрк тилинде сүйлөгөн элдер болгон” деп жазышыбыз керек[263]. Биз, евробордук көз караштагы окумуштуулар биринен бири көчүрүп, жазып келаткан бул терминди (“иран тилинде сүйлөгөн”) “арат же арий тилинде сүйлөгөн элдер” деген термин менен алмаштырып сүйлөөнү сунуш кылабыз. Бир сөздү

[260]История Казакстана (Очерки). – Алматы: Даур, 1993. -С.30.
[261] Гумилев Л. Н. Этногенез жана жердин биочөйрөсү. - Б.: Ариал-Принт, 1999. -С.575.
[262] Гумилев Л. Н. Древняя Русь и Великая степь. - М. : Мысль, 1989. -С.46.
[263] Аджи М. Тюрки и мир: сокровенная история. - М.: АСТ, 2004. -С.190.

алмаштыруу менен биз тарых илимин “жаңы, туура багытка” бурабыз. ошондо тарыхка жалпы “арий” деген аталыш менен түшкөн байыркы көчмөндөрдүн ирандыктар менен турандыктарга канчалык деңгээлде тиешеси бар экени же тагырак айтканда, кимиси “чыныгы арийлер” экени же турандык арийлер кайсы тилде сүйлөшкөнү ачыкка чыгат. Л. Гумилевдун оюн улантып айтсак, анда: Туран - мурункудай эле “Турга (Теңирге) сыйынган элдердин өлкөсүн”, ал эми Иран - жаңы ишенимдин башкы кудайы болгон - “Күргө сыйынган элдердин өлкөсүн” билдирген Күр, иран тилинде: “Хур” деп айтылат. Фирдоуси турларды “түрктөрдүн ата-бабалары” катары карап, Туранды – “түрктөрдүн өлкөсү” деп жазган. Ал эми көпчүлүк окумуштуулар болсо: “Туранды” “Түркстандын” синоними катары кароо туура эмес”[264] дешет. Гениалдуу акындын айтканы туурабы же тарыхчы окумуштуулардын жазгандары туурабы? Эмне үчүн өмүрүн Ирандын байыркы тарыхын изилдөөгө арнаган жана аны поэзияга айлантып, улуу чыгарма жараткан перс акыны: “Турларды – түрктөрдүн ата-бабалары”, ал эми “Туранды - түрктөрдүн өлкөсү” деп айтты экен? Балким анын түпкү негизинде бир чындык бардыр? Бир нерсени эске алыш керек: бул жөн эле бир акындын сөзү эмес, бул Ирандын байыркы уламыш, мифтерин жыйнаган жана тарыхын изилдеген гений акындын сөзү! Бул - кечеги эмес, миң жыл мурунку сөз! Бизге жеткен маалымат боюнча, ал өзүнүн атактуу “Шах намесин” жаратуууга дээрлик 4о жылга жакын өмүрүн арнаган. Жогоруда белгилегендей, байыркы перс булактары турларды “сактар” деп атайт да, сактар үч бөлүктөн турарын кабарлайт. Ал маалымат боюнча сактар: “парадарайа сактары”, “хаумаварга сактары” жана “тиграхауда сактары” деп үчкө бөлүнүшкөн. Тарых илиминде: парадарайа сактары - Сыр менен Аму дарыянын этектеринде, Арал деңизинин жээктеринде, хаумаварга сактары - Мургаб өрөөнүндө, ал эми тиграхауада сактары - Сыр Дарыяны бойлоп, Теңир-Тоо аймагында[265] жашашканы жазылган. Жогорку маалыматка караганда, “Туран” - Алтай, орол жана Памир

---

[264] Якубов Ю. Религия древнего Согда. – Душанбе: Дониш, 1996. -С.11.
[265] История Казакстана (Очерки). – Алматы: Даур, 1993. -С.30.

тоолорунун ортосундагы аймак. Л.Гумилев, Туран деп азыркы орто Азия жана ооганстан территорияларын айтат[266]. Ю. Якубовдун жазганы боюнча "географиялык түшүнүктөгү Туран" ар кайсы учурда ар кандай маанини билдирген. Мисалы, байыркы замандарда "Туран" деп азыркы Иранга тиешелүү Хоросандан, ортосунда ооганстан, орто Азия жана Казакстан өлкөлөрү жаткан Тибетке чейинки аймак аталган. Бара-бара бул түшүнүк тарып, ал орто Азияны эле түшүндүрүп калды[267]. Башкача айтканда, анын айтканы боюнча, бүгүн "Борбордук Азия" деп айтылып жаткан аймак байыркы замандарда "Туран" деп аталган. В. Бартольдун көз карашы боюнча "ахамениддердин жана араб бийлигинин мезгилинде Иран менен Турандын саясий чекарасы бир нече жолу өзгөрүүгө дуушар болгон. Адегенде Алдыңкы Азия менен бир бүтүн саясий мамиледе болгон Маверанхр, X кылымдан баштап орто Азия элдеринин бийлигине баш ийип калды. Андан улам тынч мезгилдерде Иран жана Туран элдеринин чекарасы катары негизинен Аму-Дарыя эсептелген"[268]. Логашова Биби-Рабиганын жазганы боюнча да, Туран - орто Азия жана Казакстан регионун билдирет. Ал өз көз карашын Авестадагы: "Арианам-Вайжа, Гава Сугда, Моуру, Бахди, Нисайя, Харойва, Вайкарта, Урва Вехркана, Хареквати, Хайтумант, Рага, Чахра, Варена, Хапта-Хинду, Рангха" өлкөлөрүнүн жайланышкан ордуна карата негиздеген[269]. Чынында аттары аталган жогорку арий өлкөлөрү дээрлик баары ушул Борбор Азия аймагында жайланышкан. Биздин бул макалада айта турган максатыбыз: Турандын этимологиясын кыскача изилдөөгө алып, анан "Туран" менен "Түркстан" аталыштарынын "айырмасы" жана "окшоштугу" эмнеде экенин жана ушул убакка чейин "Чыгыш Иран элдери" деп айтылып жана жазылып келаткан байыркы Туран өлкөсүнүн Теңирге жана Түрк элдерине кандай тиешеси бар экенин далилдөө болуп саналат. орус жана Иран окумуштууларынын

[266] Гумилев Л. Н., География этноса в исторический период, Л.: Наука, 1990. -С.215.
[267]Якубов Ю. Религия древнего Согда. – Душанбе: Дониш, 1996. -С.5.
[268] Бартольд В. В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. – Т.1. - М.: Изд-во Восточной литературы, 1963. -С. 114.
[269] Логашова Биби-Рабига. Из истории персидского эпоса (Туран). // Иранда "Иран жана Туран дүйнөсү" аттуу конференсияда окуган макаласы.

айткандарына караганда: “Турлар – “түрк” эмес, Туран – “Түркстан” эмес”[270]. Демек, байыркы Туран өлкөсүнүн азыркы Түрк элдерине эч кандай тиешеси жок!? Алар – “чыгыш ирандыктар”. Бирок, биздин изилдөөлөр, тотем маанисинде: Түркстан – “бөрүлөрдүн”[271], Туран – “турлардын өлкөсү”[272] дегенди түшүндүрөрүн айтууда. Биз, “түрк” этноними: “бөрү”, “карышкыр” дегенди түшүндүрөрү тууралу айткан илимий макалабызда “түрктүн” “бөрү” мааниси кыргыз тилиндеги анын “күчүгүн” билдирген “бөлтүрүк” деген сөздө сакталганын жазганбыз. Башкача айтканда, биздин илимий изилдөөбүз боюнча: Бөлтүрүк – “бала түрүк”, “бала карышкыр” деген сөз. Демек, “түрктүн” мааниси – “бөрүнү” билдирет[273]. Туран аталышы да биздин оюбузча этнотопонимдик мааниге ээ. Индоевропа элдеринин көбүнүн тилдеринде “тур” – “жапайы буканы”[274] билдирет. Эң кызыгы, бул сөз кыргыз тилинде да ушул мааниге ээ. Мисалы, кыргыздын бир бөлүгү бодо малдын музоосун “торпок” деп айтат. Ал: “тур - бука” деген сөздөрдөн куралган. Бул сөз тилден тилге өткөндө ошол элдин тил мыйзамына жараша: “тор-бука”, “тор-бык”, “тор-бог” ж.б. болуп өзгөрүлүп айтыла берет. Андан улам, тотем маанисинде Туран – “торпоктордун өлкөсү”, этноним маанисинде Туран - “огуздардын өлкөсү” дегенди түшүндүрөрүн билебиз. Кыргыз санжыраларында да, түрк элдеринин түпкү жалпы аты – “огуздар” деп айтылат. Демек, Туран - “жапайы буканы” ыйык туткан байыркы араттардын (көчмөн огуздардын) өлкөсүн түшүндүргөн деп айта алабыз. Эгер тарыхка “арий” деген аталыш менен түшкөн байыркы көчмөн араттардын (5) да башкы тотеми “бука” болгонун эске алсак, анда бул элдин (арийлердин) этникалык жалпы аты “огуздар” болгон деген жыйынтыкка келебиз. Дал мына ушул маанисинде гана биз: “Тур

---

[270]Масов Р. М. - Таджики: история с грифом “совершенно секретно”. - Душанбе: Центр издания культурного наследия, 1995 -С.14. 28.

[271] Турал Б. “Түрк этнониминин этимологиясы”. // Турал. Б. Огуздар. - Бишкек.: “Мегамедиа”, 2008. -С.192.

[272] Гамкрелидзе Т. В., Иванов В. В. Индоевропейский язык и индоевропейцы. – Тблиси: Изд. Тблисского университета, 1984-С.515.

[273] Худокулипур А. “Географические и культурные границы кипчаков”. Статья. \\ Материалы круглого стола: “Историко-культурные взаимосвязи Ирана и Дашт-и-кипчака в Х111-ХY111вв.”. - Алматы.: 2004-С.197.

[274] Гамкрелидзе Т. В., Иванов В. В. Индоевропейский язык и индоевропейцы. – Тблиси: Изд. Тблисского университета, 1984. -С.515.

– “түрк” эмес, Туран – “Түркстан” эмес” деген сөзгө кошулабыз. Ал эми түрктөр менен огуздар түбү бир эл экени илимде белгилүү. Менин жеке пикиримде, “арий” этноними түрк-монгол элдеринде “арат” формасында сакталган. Анда улуу Фирдоуси жазгандай: “Туранды “түрктөрдүн өлкөсү” деп түшүнүү ката эмес. Сөзүбүздүн акырында: “Турлар кимдер, Туран – кимдердин өлкөсү?” деген суроого: Турлар – “көчмөн огуздар”, Туран – “көчмөн огуздардын өлкөсү” деп жооп беребиз. Кээ бир байыркы уруулар: “багыш”, “бугу”, “кытай”, “кутчу”, “бөрү” деп тотем аты менен аталган сыяктуу эле турлар да “тур” (“жапайы бука”) тотеминен улам ушундай аталышы мүмкүн? Кийинки кездеги илимий изилдөөлөр - түрк элдеринин түпкү ата-бабалары болгон жана эң алгачкы Түрк мамлекеттерин түзгөн Угуз каган менен Эр Манастын түпкү теги “огуздар” деп аталган көчмөн арийлерге (турларга) барып такаларын көрсөтүүдө. Мунун өзү, “турандык” Таргитай сыяктуу эле “ирандык” Трайтаона да, түпкү теги боюнча огуздар болгон деген илимий болжолду ортого жылдырат. Турандын дагы бир мааниси – “Теңирдин өлкөсү” дегенди түшүндүрөт. Кыргыздар – Теңир, түрктөр — Танри, кипчактар - Тенгри, татарлар — Тэнгри, ойроттор (алтайлыктар) — Тенгри, Тенгери, якуттар— Тангара, кумыктар — Тэнгири, балкар-карачайлар — Тейри, монголдор — Тэнгер, чуваштар — Тур деп айтышкан. Жогоруда көрүнүп тургандай, Тенирдин чуваш тилиндеги айтылышы – Тур. Лингвист окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда, түрк тилдеринин ичинен булгар тобуна[275] жаткан чуваш тили Түпкү тилге тиешелүү көптөгөн өзгөчөлүктөрдү сактап калган тил болуп саналат. Ушул пикирден улам, кээ бир илимпоздордун арасында: “Тур – Тенирдин праформасы” деген көз караш калыптанган. Демек, Иран мифологиясында айтылган түпкү баба – Турдун ысмын ошол эле убакта түрк тилиндеги Теңир кудайынын ысмы катары түшүнүү ката эмес. Бул көрүнүш, фарангиз окумуштуусу Ж.А.Гобино жазгандай: улуу бабаларын “кудайларга” айланткан араттарга (арийлерге)

[275]Сартбаев К. Тюркологияга киришүү. – Фрунзе: Мектеп, 1987. -С.239.

тиешелүү өзгөчөлүк[276]. Андан улам, дүйнөлүк тарых илиминде: “турлардын өлкөсү” дегенди түшүндүргөн “Туран” этнотопонимин ошол эле убакта “теотопоним” маанисинде “Теңирдин өлкөсү” деп түшүнсөк да болот. Жогорку ойду, атактуу тарыхчы Л. Гумилевдун ирандыктар менен турандыктар тууралу өзүнүн «Этногенез жана жердин биочөйрөсү» деген эмгегинин түшүндүрмөсүндө минтип жазган пикири менен да толуктай алабыз: «Иранды Туранга каршы коюу, тагырак айтканда, зороастризмди кабыл алган отурукташкан арийлерди дөөлөргө сыйынууну сактап калышкан көчмөн арийлерге карама-каршы коюу («идеологиясы» - Б.Т.) арабдар басып алганга чейин (Y11 к.) маанисин жоготкон эмес»[277]. Л.Гумилев экинчи бир эмгегинде, ушул эле оюн улантып минтип жазат: «жаңы ишенимди кабыл алгандар – ирандыктар, ал эми эски ишенимин сактап калгандар - турандыктар»[278] деп аталып калышты». Бул пикирди тажик окумуштуусу Рахим Масов минтип толуктады: «Арийлер менен турлар өздөрүнүн тили, ишеними жана расалык көрүнүшү боюнча бир эле эл болгон»[279]. Бул албетте, туура эмес. Л. Гумилев жазгандай: ирандык арийлер менен турандык араттар «тили жана расалык көрүнүшү» боюнча бир эл болушканы менен ишенимдери боюнча эки башка элдер болушкан. Ирандык арийлер Ахура Мазда аттуу күн кудайына сыйынган жаңы динди кабыл алышып, ал эми турандык араттар улуу Теңирге сыйынган көчмөн элдер боюнча кала беришкен. ошентип, башка элдер, Ахура Маздага сыйынган ирандык арийлерди - «хорлор», ал эми Тенирге сыйынган турандык араттарды «турлар» деп айтышкан. Мисалы, биз айткан маселе жөнүндө окумуштуу Л. С.Васильев минтип жазган: «Александр Македонскийден кийинки замандарда эллин маданиятынын таасири тийбеген периферияны, б. а. Жакынкы Чыгыштын негизги бөлүгүнө тиешелүү элди “хорлор” дешкен. Хорлор менен полистерди бири-бирине карама-каршы

[276] . Гобино Ж. М. Опыт о неравенстве человеческих рас. - М.: Одиссей ОЛМА-ПРЕСС, 2001. -С.315; 326; 392.
[277] Гумилев Л. Н. Этногенез жана жердин биочөйрөсү. - Б.: Ариал-Принт, 1999. -С.232.
[278] Гумилев Л. Н. Древняя Русь и Великая степь. - М. : Мысль, 1989. -С.46.
[279] Масов Р. М. Туран – это не Туркестан. // Авеста в истории и культуре Центральной Азии. - Отв. ред. А. Раджабов. - Душанбе, 2001. -С.14.

коюунун натыйжасында акыры этникалык термин “эллин” социалдык терминге айланып: кадыр-барктуу, ар кандай артыкчылыктарга жана байлыкка ээ, бийликте турган адамдарды - «эллиндер», ал эми ар кандай элдерден жана уруулардан турган, айрыкча айыл – кыштактардын элин «хорлор» деп аташкан[280]. Грек тарыхчысы Плиний, Иран менен Туран элдери тууралу андан да кеңири маалыматты берет: «Дарыянын (Яксарттын) бул жагында скиф уруулары жашашат. Перстер өздөрүнө жакын жашаган уруунун аты боюнча аларды сагдар (сактар) деп аташат, илгерки жазуучулар – аромийлер дешкен. Скифтер болсо, перстерди хорзарлар дешет» [Плиний.]. Биз, Теңирдин чуваш тилинде айтылышы «Тур» экенин жогоруда сөз кылдык. Ал эми Ахура Мазданын ысмы, күн кудайы Хурдун ысмына байланыштуу келип чыкканы илимде жакшы белгилүү. Байыркы перс тилинде: “Хур” же “Хор” формаларында айтылган күн кудайынын ысмы, кыргыз тилинде “Күр” деп сүйлөнгөн. Эгер, Ирандын жергиликтүү эли болгон хорлорду - “Күрдүн урпактары”, же “Ахура Маздага сыйынган эл” деп билсек, анда турларды – “Турдун урпактары” же “Тенирге сыйынган эл” деп кабыл алуу керек. Бул учурда, Туранды – “Турдун өлкөсү” же “Теңирдин өлкөсү” деп түшүнүүгө туура келет. Анткени, “күн кудайы” Күрдүн атынан улам, “Иран” (К-үран) өлкөсүнүн аталышы кандай пайда болсо, “Туран” өлкөсүнүн аталышы да Турдун же Тенирдин ысмына байланыштуу дал ошондой эле пайда болгон. ошентип, биз, Борбор Азиянын байыркы “Туран” аталышын ордуна келтирүү менен дээрлик 4 - 5 миң жылдык тарыхый эс-тутумду жана түпкү дүйнөтаанымга байланышкан анын байыркы аталышын калыбына келтиребиз.

***

Тенир дүйнөтаанымынын таралуу ареалы. Угуз бабабыздын жердеген жери каер? Ушундай суроо сөзсүз болот, ошондуктан ага жооп берүү керек. Анткени, ансыз биз Тенир дүйнөтаанмынын пайда болгон жана калыптанган чөлкөмүн таба албайбыз. Абулгазынын санжырасы боюнча, Түркkө “Йафес

[280] -С.147.

уулу” деп ылакап ат коюшту. Ал адептүү жана акылдуу киши эле. Атасынан соң көп жерлерди кыдырып көрдү да, бир жерди жактырып, анда турду. Бу күндө ал жерди Ысык-Көл дээр. Кереге үйдү ошол чыгарды…Атасынан соң бүтүн элге падыша болду. Ар тоосу жана Кер тоосу бу заманда Улуг тоо жана Кичик тоо делет, аны жайлар эле. Кыш болгондо Кара-Кум жана Сыр-Суунун жакасын кыштаар эле”[281].

Бул маалымат боюнча, Угуз бабабыздын ысмы “Түркөө” айланып, ал Ысык-Көлдү жактырып, журт кылып турганы байандалат. Бирок, ага эмне үчүн “түрк” ысмы берилгени белгисиз? Балким, Угуз бабабыздын колдоочусу “көк жал бөрү” болгондон улам ушул атка консо керек? Анткени, биздин изилдөөбүз боюнча, “түрк” “бөрүнү” билдирерин жогоруда кеп кылганбыз.

Тоголок Молдонун санжырасы боюнча, “Бүт түрк балдары Түрктөн таралып, Алтайдан, аягы Түркстанга чейин туруп, өнүп-өскөн. Бул жерлер түрк жердеп турган себептен Түркстан деген атак коюлган. Раматлик Түрк атабыздын алтын жасаты атагы дайын, айтылуу Керкүлдө калган. Бул кезде Керкүл атагы калып, Ысык-Көл аталат”[282]. Тоголок Молдонун санжырасы боюнча, Угуз хан Түрктүн “сегизинчи” муундагы урпагы. Чоюн Өмүралиев жазгандай, “эми оозеки тарыхтын башына келсек, эски түрктөр эң эртеги замандарда Ар-Тоо жана Кер-Тоо деп аталган жерлерди жайлашканын көрөбүз”[283].

Рашид ад-Дин боюнча, Угуз кагандын (Түрк ата) ысмы “олжайту хан” деп берилет. Ал “дархан талаалык эле; жайлоосу ор жана Кер аталган өтө бийик тоолордо болчу”[284]. ошентип ар кандай “ылакап ысымдар” менен айтылган Угуз кагандын жердеген жери Ысык-Көл өрөөнү болгон. Улуу бабабыз дал ушул Ыйык Өрөөндө Теңир дүйнө таанымына негиз салган. Ысык-Көл – “Ыйык Көл” атагын алып жүргөнү да ошондон. Дал ушул жерде Теңир дүйнө

[281] Кыргыздар, 10 - том, 8-бет.
[282] Тоголок Молдо, Тарых,түпкү аталар, Кыргыздар деген китепте, 2-том, Бишкек,Кыргызстан,1993ж., 5-бет.
[283] Кыргыздар, 1-том, 389-бет.
[284] Рашид ад-Дин, Сборник летописей, СПб.,1858г., с.13.

таанымына кут куюлганы үчүн Ыйык Көлдү айланта куурчап турган тоолор "Теңир-Тоо" ысмына ээ болгон. Байыркы ата-бабаларыбыз сыйынган анын улуу чокусу ушул убакта да "Хан Теңир" атын алып турат. Ал эми ислам дининин кабыл алынышына байланыштуу  Теңир-Тоо аты кийин "Алланын" ысмы менен алмашып калды. Б.а. биздин Улуу Тоонун кыргызча аталышы – "Теңир Тоо", кытайча  аталышы – "Тянь-Шань", ал эми арабча аталышы – "Алла Тоо". Үчөөнүн тең маанилери: "кудай тоо", "асман тоо", "ыйык тоо", "улуу тоо" дегенди билдирет[285].

Эң кызыгы, орус тарыхчысы А.П.Чайковскийдин эмгегинде дал ушул Ысык-Көл өрөөнү арий элдеринин "түпкү ата журту"[286] катары айтылат. ошол маалыматка негиздеп, биз арийлердин өз аты "огуздар" деп аталган эл болсо керек деп болжолдогонбуз?

Теңир теоними түрк-монгол элдеринин тилдеринде: "тенгери, тенгри (алтай.), тегри (шор.), тигир, тер (хакас), дээр (туба), тура (чуваш.), тангара (якут), тэнгэр (монгол), тэнгэри, тэнгри (бурят.), тэнгэр" (калмак)[287] формаларында сүйлөнөт. окумуштуулардын айтууларына караганда бул теоним байыркы көчмөн хун тилинде "ченли", кытай тилинде "тянь", шумер тилинде "дингир"[288] формаларында айтылып, теонимдин мааниси "асманды" түшүндүргөн. Андан башка бул теоним байыркы болгарларда "тангра", ал эми Полинезия элдеринде "Тангароа", "Тангалоа", "Каналоа"[289] формаларында белгилүү. ошентип "теңир" теоними   чыгышы жапан элинен тарта, түштүк-чыгышы Полинезия, түштүк- батышы азыркы Ирак, батышы Балкан жарым аралына чейин таралганын көрөбүз. Качан таралган, кандайча таралган, аны кимдер алып барган - ал азырынча бизге белгисиз?

Ч. Өмүралиевдин жазганы боюнча, "Идеи Тенгрианства распространены также на далеких островах Полинезии, где Теңир произносится как Тангароа,

[285] Б.Турал, Улар учкан тоолор, Бишкек, Бийиктик, 2002ж., 70-бет.
[286] Чайковский А.П., Родина народов арийской расы, 1859г.,
[287] Мифы народов мира, 2 - т.,500-бет., гл.ред.С.А.Токарев,М.,СЭ,1992г.
[288] ошол эле жерде, 500-бет.
[289] Стингл М., "Таинственная Поинезия", М., Наука, Гл.ред. восточной литер., 1991г., с -151.

Тинирау, Синилау, Тин, Син. И дело здесь не только в схожести самом названии, но и в понимании сущности его, которая в той или иной мере была сохранена в одном ареале больше, ярче, в другом – смутно, но в понимании сущности, и Единности Тенгри они – схожи. Чтобы быть убедительным я хочу привести пример не из нашего фольклора, а из фольклора вышеназванного далекого народа – полинезийцев”[290].

- Сморти, вот они боги,
- Боги – внутри, боги – вовне,
- Боги – вверху, боги – внизу,
- Боги – покровители океана,
- Боги – покровители земли,
- Боги, воплошенные, боги невоплошенные.
- Боги – пожирающие людей,
- Боги – спасающие людей,
- Боги тьмы, боги света, боги десяти небес,
- Можно ли перечислить всех богов?
- Боги неисчислимы![291].

Биз бир кудай – Теңир тууралу сөз кылып жатабыз, ал эми бул жерде сөз “көп кудай” тууралу жүрүп жатат. Мунун кандай байланышы бар? Биз, бул суроого жооп кылып, Теңир дүйнө таанымынын монгол элинде сакталган вариантын мисалга келтиребиз. Монгол варианты боюнча, “99 тенгри” бар. А чынында, бул бир эле Теңирдин 99 аты. Бир улуу кудай бар, калгандары түрк тилине которгондо: тоонун, суунун, оттун ж.б. ээлери, б.а. духтар. Бир элден экинчи элге өткөндө, сөзсүз бир нерселер кемийт, же бир нерселер кошулат, же жергиликтүү элдин дүйнөтаанымына карата өзгөрүлөт. ошентип бир нерсенин экинчи варианты пайда болот. Бул жерде да дал ошондой эле көрүнүш болууда. Д.Сарыгуловдун жазганы боюнча, “все мировые религии и этические

[290] Өмүралиев Ч., Сб.,с.85.
[291] Бул цитата Ч.Өмүралиевдин текстинен алынды, с.85.

учения появились на Востоке. Это бесспорно обясняется тем, что фундаментом и источником этих религий и учений стало Тенгрианство, которое уже в 1Y и 111 тысячилетиях до н.э. широко распространилось на Ближнем Востоке (шумеры, от которых семитские народы позаимствовали основы иудаизма и христианства, персы – основы зороастризма), Центральной и Восточной Азии (Буддизм, Конфуцианство, Даосизм, Синтоизм и др.)[292].

Бичуриндин маалыматы боюнча, “Теңир түшүнүгү жөнүндөгү ар кандай ишенимдердин бүтүндөй системасы байыркы түрктөргө чейин эле хунндарга, усундарга, сянбилерге, гаогюйликтерге жана Борбордук Азиянын бир катар элдерине таралган”.

Теңирчилик – дуалисттик көз караштагы дүйнө тааным экенин биринчилерден болуп, казак элини көрүнүктүү акыны жана тарых изилдөөчүсү олжас Сулейменов айткан. Ал Совет мезгилинин убагында улуу империянын идеологиясын чаң-тополоңго түшүргөн «АЗ и Я» аттуу китебинде Теңир дүйнө таанымы тууралу айтканын жогоруда келтиргенбиз. Аны кайра кайталап айтуунун зарылдыгы жок деп ойлойм.

Дуалисттик дүйнө тааным байыркы арийлерге таандык ишеним болгонун окумуштуулар жазып жүрүшөт. Р. Н. Безертиновдун жазганы боюнча, “Йер (Земля) и Тэнгри (Дух Неба) у тюрков воспринимались как две стороны одного начала, не борющиеся друг с другом, а взаимопомогающие”[293]. Андан нары анын ою боюнча, Адам жер үстүндө төрөлүп, жер үстүндө жашайт. Жер анын жашоо чөйрөсү. Өлгөндөн кийин жер аны жутуп алат. Жер үстүндө жашаган башка жаныбарлардан айырмаланып турушу үчүн Жер ага материалдык көрүнүш (оболочко), ал эми Тэнгри ал төрөлүп жатканда ага кут берип, өлгөндөн кийин аны кайра өзү алып кетет. Ал өзүнүн бул оюн орхон-Энесай

[292] Сарыгулов Д., Сб., с.117-118.
[293] Безертинов Р.Н., Тенгрианство……1997г., с.71.

жазууларындагы айтылган фактыларга негиздейт: “Человеческие сыны все рождены, чтобы умереть в  установленное Тэнгри время”[294].

Аз болсо да, Көкө Теңирге элдер кайсы мезгилде, кантип сыйынышканы тууралу маалыматтар бар. Мисалы, Чжоушу жазмаларында байыркы түрктөр тууралу минтип жазылган: “Каждый год каган вел знатных людей в пещеру предков, чтобы принести жертвы, а в среднюю декаду 5-го месяца они собирались на р. Тамир, чтобы принести жертву богу Тэнгри”[295]. Р.Н.Безертиновдун жазганы боюнча, бул салт бүгүнкү күндө да алтай элдеринде сакталып, Улуу Көкө Теңирге курмандык чалуу ырым-жырымдарын  өткөрүү улантылып келатат. Айталык хакастар, жылда июнь айынын орто чендеринде (5-1о июнь аралыгында) Теңирге сыйынуу ырым-жырымдарын өткөрүшөт[296].

Бул салт түрк-монгол элдери тарабынан дээрлик бир жарым миң жыл бою (б.з.ч. 2к. – 14к. чейин) улантылып, жылда аткарылып келди. Улуу Духка (Көкө Теңирге) сыйынуу ырым-жырымы кагандардын, хандардын башчылыгы алдында өткөн. Анткени, каганга бийлик Теңир тарабынан берилгендиктен, мамлекет ичинде ал биринчи ыйык, касиеттүү адам катары саналып, улуу Бакшынын ролун да аткарган.

Ак боз атты курмандыкка чалып, Көкө Теңирге сыйынуу ырым-жырымын өткөрүү үчүн каган баш болгон билги, төрө жана бийлерден турган башкаруучу катмар Өлкөнүн ыйык тоосу эсептелген Улуу Тоонун бир белгиленген чокусун көздөй  жөнөшкөн. Мамлекеттин калган адамдары (жалаң эркектер), жергиликтүү  урук, уруу бийлеринин жетекчилиги алдында, жер-жерлерде өздөрүнүн ыйык тоолоруна, же мазарларына жыйылышып сыйынуу салтын аткарышкан. ошентип, бир жылда бир жолу бир күндө бүт Өлкөнүн эли Көкө Теңирге арнап курмандык чалып, жалпы журтка бактылуу

[294] Орхон – Энесай жазууларынан.
[295] Безертиновдон алынды, 1997г.. с.74 -75.
[296] Безертинов Р.Н. тенгрианство..1997г., с.75.

жашоо жана түбөлүктүү тынчтык, улутка улуу биримдик жана күч-кубат, аны башкарган кагандарга жана хандарга алысты көрө билген акыл-эс, кыл учундай, кылыч миизиндей адилет бийлик, эрлерге элге атак-даңк алып келген эрдик суранышкан.

Р. Н. Безертиновдун маалыматы боюнча, ырым-жырым тоонун чокусунда, ал жерде өскөн "төрт кайыңдын" ортосунда өткөн[297]. Чогулгандар чокуга чоң от жагышып, күн чыгышты беттеп турушкан да, чыгып келаткан Күнгө үч жолу (кээде жети, кээде тогуз жолу деп айтылат) жүгүнүп таазим кылышкан. Мисалы, качы жана белтир хакастары сыйынууга баратып, баш кийимдерине "ак" жана "көк" түстөгү эки чүпүрөктү байлап алышат. Анан ал чүпүрөктөрдү ырым-жырым өтүп жаткан жердеги өскөн кайыңдын бутактарына байлашат. Алар да салт боюнча, ырым-жырымдарын тоонун чокусунда, ал жерде өскөн Бай теректин (кайыңдын) тегерегинде өткөрүшкөн. Эгер кайың өспөсө, анда этектен тамыры менен көчүрүп келип тигишкен. Эгер ал жылы ал кайың көктөбөй калса, анда кийинки жылы жазында башка кайың көчүрүп келип отургузушкан. Бул "Бай кайың" Асман менен Жерди бириктирип турган Өмүр Дарагынын ролун аткарган.

Айыл жерлеринде курмандыкка арнап кой, козу чалынган. Ар кайсы элдерде анын анча-мынча айырмачылыктары болгон менен негизинен ак, же көк түстөгү жандыктар союлган. Анан улуу отту тегеренип минтип айтышат:

- Тогуз жалбырагы менен ыйык кайың, Теңир!
- Тогуз козуну курмандыкка чалдык биз, Теңир!
- Жамгыр сурайбыз өзүңдөн Теңир!
- Түшүм сурайбыз Теңир өзүңдөн!
- Жашообуз жакшы, бактылуу болсун Теңир![298]

[297] Безертинов Р.Н. тенгрианство..1997г., с.76.
[298] Безертиновдон алынды, 1997г., с.78.

Андан кийин “кичи оттордо” бышырылган эттерди жешет да, калган калдыктары, сөөктөрү жана союлган малдын териси чоң отко өрттөлүп, жерге көмүлүп ташталат.

Р.Н.Безертинов минтип жазат: “Всевышнему Тэнгри поклонялись, поднимая руки вверх, и клали земные поклоны, чтобы Тэнгри дал хороший ум и здоровье, помогал в справедливом деле; другого не просили”[299]. Ырым-жырым өтүп бүткөндөн кийин, ага катышкандар кийинки жылы бул сыйынуу ырым-жырымын ким, кайсы урук өткөрөрү сүйлөшүлгөн. Тоонун чокусунда оюндар ойнолгон эмес. Кудайга сыйынгандар ылдый түшкөндөн кийин гана майрам уланып, ар кандай улуттук оюндар, мелдештер өткөрүлгөн.

**Жыйынтык**:

1. Теңир дүйнө таанымынын чыгыш канаты – Дао, батыш канаты – Зороастризм. Эки Канатта тең Теңир дүйнө таанымынын “дуалисттик” мүнөзү так сакталган.
2. Дао – Асманды кудайга айлантып, аны диний - философиялык окуу катары өнүктүргөн. А чынында, Асман - ал Теңирдин бир гана көрүнүшү
3. Дао – “янь” менен “индин” гармониясына умтулат. Эки башталыштын гармониясы ааламдын тынч жашашын жана өнүгүүсүн камсыз кылат. Бул эки башаттын ортосунда күрөш жок. Кытай окуусу мына ушул жерден аксайт. Анткени, Теңирчиликтин маңызында күрөш бар.
4. Зороастризм – Теңирдин “күнгө” байланышкан маанисин өстүрүп, аны улуу дин катары калыптандырган.
5. Зороастризм – Ахура Мазда менен Ахура Мандын (Ангро Майнью) күрөшүн баяндайт да, акыры Ахура Мазда жеңип чыгат. Жер үстүндө жыргал жашоо орнойт. Бирок, зороастризмде эки духтун гармониясы жөнүндөгү сөз жок. Бул дин мына ушул жерден сылтыйт. Башкача

[299] Безертинов Р.Н. Тенгрианство…..1997г., с.72.

айтканда, Иранга кирген арийлер, Теңирчиликтин күрөшүү идеясын өнүктүрүшүп, гармонияга умтулуу идеясын жок кылып алышкан.

6. Тенир философемасы өз ичине “Асманды” гана эмес, “Жерди” да кошо камтыйт. Кенири маанисинде, Тенир “18 миң ааламдын” көрүнгөн жана көрүнбөгөн жактарын бириктирип, ичине батырган түшүнүк.
7. Теңиртаануу системасында асмандын ээси катары – Үлкенди, Жердин ээси катары Эрликти айтышат. Бул экөөсү «кичи кудайлар», Тенирден кийинки мааниге ээ улуу «духтар». Тенир дал ушул экөөнүн энергиясы менен ай-ааламды жаратат. Дао дүйнөтаанымында бул эки улуу духтун иштерин “янь” жана “инь”[300] деп аталган эки күч ишке ашырат.

Зороастризмде бул салт Ахура Мазда менен Ангра Манга таандык.

Теңирге салыштырмалуу, Үлкен менен Эрликтин ысымдарынын таралуу ареалынын «тардыгы», ал - алардын кийинки мезгилдерде келип чыкканын көрсөтөт. Тагырак айтканда, адегенде, Теңир жараткан “эки духтун” ысымдары болбогон окшойт?[301] ошондуктан, биз аларды мындан ары: “Эр” жана “Үр” деп атоону сунуш кылар элек. Анткени, биздин болжолубузда Теңирдин ысымдарында байыркы аруу[302] элдерине байланышкан “компоненттер” жатат. Мында Эр – “Эр уулга”, Үр – “Үр кызга” байланышкан сапатты, башкача айтканда, бул сөздөр антропоморфтук мааниде “Эр башатты” жана “Үр башатты” түшүндүрөт. Кеңири маанисинде, биз бул эки терминге кытайдын янь жана инь[303] сөздөрүнүн маанилерин беребиз. ошондо яндын маанисин - эр, индин маанисин - үр түшүндүрүп калат.

300 Лукьянов А.Е. Истоки Дао. Древнекитайский миф. М:. “Инсан”, 1992. -С.22.
301 Бирок бул эки духтун (Үлген менен Эрликтин) ысымдары мага грек мифологиясындагы «күн кудайы» - Гелиос менен «согуштун кудайы» - Арестин аттарын эске салат. Булардын ысымдары гана эмес, аткарган функциялары да окшош (?).
302 Менин жеке пикиримде, европа тилиндеги «арий» термини, түбү түрк тилиндеги «ар», «аруу», “эр”, “ир”, “үр” деген сөздөрдө жатат. Анткени, бул сөздөрдүн айтылышы гана эмес, маанилери боюнча да окшош. Ал эми Европа тилинде бул сөздүн этимологиясынын али күнгө чейин табылбай келатышы – бул сөздүн түпкү теги түрк тилдеринде жаткандыгын билдирет. Бул сөз «ар» формасында айтылганда «эр адамды» (Т.Урманбетов), «аруу» формасында айтылганда «таза» деген маанини билдирет.Мисалы, кыргыз тилинде: «Ар намыс», же «Эр намыс» деп айтыла берет.
303 Чынында «ян» менен «ин» универсалдуу мааниге ээ. Аларды бир сөз менен мааниси мындай деп айтуу кыйын. Биз негизинен бул эки сөз(ян менен ин) бири-бирине карама-каршы түшүнүктөрдү билдирерин билебиз. Көп учурда, бул сөздөрдү туюп-сезүү менен гана айырмалоого болот.

Дагы бир айтып кете турган нерсе, духтардын “эркек”, “ургачысы” болбойт. Алардын “жакшы” жана “жаманы” болот. ошондуктан, биз кээде “эр дух”, же “үр дух” деп сүйлөй турган болсок, анда бул сөздөр алардын “эркек”, же “ургачы” сапатын эмес, алардын “жакшылык жасоочу” (“добрый дух”) жана “жамандык кылуучу” (“злой дух”) сапаттарын түшүнүүбүз керек. Же: отту – эр десек, сууну – үр деп айтабыз. Башкача айтканда: күн – эр, түн – үр, асман – эр, жер – үр, ысык - эр, муздак – үр ж.б.

Байыркы арий империясынын чачырашы менен улуу кудайдын ысмын көтөргөн уруулар, аны өзү менен кошо алып кетишкен да, анын ордун «экинчи» катардагы, бийликке келген уруктун “колдоочу духу” (“кудайы”) ээлеп калган. Менин оюмча, Үлген менен Эрлик дал ушундай учурда Теңирдин “ордун” ээлешкен. А балким бул дуалисттик бийликтин өкүм сүрүшүн чагылдырган көрүнүштүр? Анда, Үлкен – «брахман», Эрлик – «кшатрий» бийлигинин өкүлү болушу мүмкүн? Анткени, негизинде брахман – “жаратуучу”, кшатрий – “кыйратуучу” бийлик. Башкача айтканда: бири – акыл-эстин, экинчиси – күч-кубаттын ээси.

Алгач Күндүн, анан Асмандын, акырында Ай-Ааламдын кудайына айланган Теңир сыяктуу эле, бир убактарда бири – “жакшылыктын”, экинчиси – “жамандыктын” духу болгон Үлкен менен Эрлик, акырындап, Теңирди ээрчип, бири – Асман, экинчиси – Жер ээлерине (кудай эмес) айланып, Теңир менен бирге алар да узун эволюциялык жолду басып өткөн.

3-**глава**

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНЫН ЭТНОФИЛОСоФИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

Алтай–Сайан элдеринин мифтери боюнча Үлкен кудайынын уулу - “Кыргыз хан” деген хандын жана “Кыргыз төс” деген кудайдын ысмы белгилүү[304]. Мына ушул факторлордун өзү Кыргыз этнониминин этимологиясын дагы тактоо менен бирге анын мифологиялык, этнологиялык жана философиялык маңызын кошо талдоого алуу керек экенин көрсөтөт.

Кытай тарыхчылары кыргыздарды түрк тегине жаткан элдерден бөлүп: “Ак жуумал, сары чач, көк көз Кыргыз (“гяньгун”) эли келип чыгышы боюнча “бөрү” тегине жатпайт. Кыргыздар Кудай менен тоодогу үңкүрдө жашаган Уйдун катышынан келип чыккан”[305] деп жазышкан. Ал эмне деген кудай экенин Алтай-Сайан аймагында жашашкан элдердин мифтеринен билебиз. Алардын ишеними боюнча Көкө Теңирден кийинки “**Үлкөн**[306] кудайынын тогуз уулунун бири–адамдардан салтты, наркты сактоону жана эл башчыларынан адилеттүү башкарууну талап кылган “каардуу” Кыргыз хан экендиги айтылат. Асман кудайы - Үлкендин “тогуз уулунун”[307] ичинен ал бүткүл адамзаттын үстүнөн сот бийлигин жүргүзүү укугуна ээ болгон”[308]. Демек, Кыргыз хандын дүйнөдөгү жашап жаткан адамдардын тагдырын аныктаган, күнөөсү жокторду жалган жалаадан, негизсиз доодон бошоткон, ал

---

304 Каратаев О., Эралиев С., Этнографиялык сєздїк, 285-бет.

305 Кызласов Л.Р. История Южной Сибири всредние века, М., 1984ж., Кысшая школа. –С. 32. \\ 8-к. Ю-ян цзацзу, Гл-4. –С.2.

306 Адабияттарда “**Ульген”** деп айтылат. Анын маанисин көпчүлүк изилдөөчүлөр, анын ичинде М. Ажы да “өлгөн” деген сөз менен байланыштырат. В. Я Бутанаев анын мааниси “**чоў”, “улуу**” дегенди билдирет дейт. Менин жеке пикиримде да В.Я. Бутанаевдин пикири туура. Бул сөз казак тилинде жогоруда биз бергендей “**Үлкөн**” формасында сакталган.

307 Кээ бир варианттарда “алты”, “сегиз” уулу бар деп айтылат.

308 Бутанаев В. Я., Топонимический словарь Хаксско-Минуисинского края, Абакан, 1995г., **с-192**.; Бутанаев В.Я., И.И. Бутанаева, Энесай кыргыздары: фолклор жана тарых, Бишкек, 2002-ж., Сорос фонду, **37-бет**, кырг которгон О. Каратаев.

эми жалган айткан, чыккынчылык кылган адамдарды күнөөсүнө жараша жазалаган чексиз бийлиги болгон.  Мындай улуу бийлик дүйнөнүн башка элдеринде кудайларга гана таандык. Андан улам, Кыргыз эпоними алгач байыркы бир ак сөөк урууга таандык кудайдын ысмы болгонун болжолдоп билүүгө болот. Ал “асмандын ээси”, жогорку дүйнөгө таандык ай, күн, жылдыздардын жана дүйнөдөгү жакшылыктардын баарын жараткан Үлкен кудайынын уулу болгондуктан ушундай улуу, дүйнөлүк бийликке ээ болуп олтурат. Демек, Кыргыз хан - ортонку дүйнөнүн ээси болгон Киши уулдарынын үстүнөн бийлик жүргүзгөн жана алардын тагдырын аныктаган Улуу каган болгон.

Ал энесинин теги боюнча да, Кыргыз хандын кудайлар дүйнөсүнө таандык каарман экенин тастыктайт. Мисалы, мифте анын энеси “тоонун боорундагы үңкүрдө жашаган инек (уй)” экени айтылат. окумуштуулар “бул бодо малдын кайсы түрүнө жаткан уй болду экен” деген суроо беришип, бирок ага жооп таба алышкан эмес. Түздүктө жашаган бодо малдан айрымаланып, тоонун боорунда жана чокуларында бир гана топоз жайылып, оттойт. Топоздун ургачысын кыргыздар “инек” деп айтышат. Андан улам, биз мындан ары төмөндө жашаган уй жана сыйырдан айрымалап, Кыргыз хандын энеси тууралу сөз болгондо, аны “инек” деп жазабыз. Демек, бул - Кыргыздын энеси кара малды тотем тутунган “тоолук огуз уруусунун кызы” болгонун билдирет.

Энесай кыргыздарынын кагандары башкы тотем катары барсты ыйык тутушкан. ошондон улам, Үлкөн кудайынын же анын уулу – Кыргыз хандын тотем образындагы көрүнүшү  “барс” болушу мүмкүн деп ойлойбуз? Анда байыркы кыргыздардын келип чыгыш теги болжол менен мындай болот: Кыргыздар - тотеми “барс” болгон Үлкөн кудайы менен тотеми “уй” болгон тоолук огуз уруусунун кызынан тараган эл. Бул Кыргыздын байыркы хан тукумунан тараган ак сөөк эл экенинен кабар берет.

Ар бир элдин өзүн өзү таанып билүү процесси убакыт боюнча узакка созулган, мейкиндик боюнча кеңири аймакты камтыган түшүнүккө ээ. Ал эми

ар бир элдин өзүн өзү таанып билүүсү – ал башкы, негизги мааниге ээ. Ансыз элдин дүйнөтаанымы калыптанбайт. Мисалы, Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында: ”Кыдыр колдогон Кыргыз”[309] же “Эр Кыргыз” же: “Улуту - Кыргыз эл экен, улугу – Манас эр экен” деген сөздөр айтылат. Ал эми, “Кыргыз кандай эл экен?” деп, Баласагындын ханы Акунбешим чалгынга барып келген Сары кыяр деген аярынан сураганда, анын айткан кеби бул:

Ала мөңгү тоо ашып,
Тоо көрө элек экенбиз.
Айгайлашып урушуп,
Жоо көрө элек экенбиз.
Ат арытып сапардан
Жол көрө элек экенбиз
Арбын черүү, улуу топ
Кол көрө элек экенбиз.
Ар тараптан арбыган
Эл көрө элек экенбиз.
Агып-ташып каптаган
Сел көрө элек экенбиз.
Айтканынан кайтпаган,
Ажалдан башын тартпаган,
Эр көрө элек экенбиз.
Өпкө чайкап, кан ичип
Өт көрө элек экенбиз.
Өзөн күйүп туташкан
Өрт көрө элек экенбиз.
Башыбыздан ар ишти
Өткөрө элек экенбиз.
..................................

[309] Кээде – “кызырлуу Кыргыз”, “Кыдыр колдогон касиеттүү эл” деп айтылат.

Ат көтөрбөй пил минген
Жөө көрө элек экенбиз
Көпкөк темир кийинген
Дөө көрө элек экенбиз
....................................
Сакал менен мурутту
Тереби деп ойлоймун.
Сазайыңды колуңа
Береби деп ойлоймун.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Кереби деп ойлоймун.
Аркабыздан аз күндө
Келеби деп ойлоймун[310]

Кыргыз ушундай баатыр эл болгон. Мунун өзү биринчиден, Кыргыз чын эле өзгөчө бир миссия менен жаралган "Кыдыр колдогон касиеттүү эл" экенинен кабар берет; экинчиден, улуттук аң–сезими жогору, өнүккөн этнос экенинен кабар берет. Башка элди айтпаган учурда да, бул башка элдин өкүлү аркылуу Кыргыз элинин өзүнүн өзүнө берген баасы.

***

Мифтерде айтылган маалыматтар боюнча аалам маанисинде айтылган Дүйнө үч катмардан турат. Жогорку катмар – ал асман, Күн ээлик кылган өлкө; ортоңку катмар – Киши уулу жаралган жана жашаган дүйнө, Тоо өлкөсү, бул дүйнөдө айбан жаныбарлар да жашайт; Төмөнкү дүйнө – Суу өлкөсү, ажыдаар, жылаандар жашаган карангы дүйнө. Түрк элдеринин ишеними боюнча, суу жерден мурун жаралган жана жер суунун үстүндө турат. Эгер грек мифологиясында суу жана суунун ээси – Посейдон ортонку дүйнөнүн ээси, ал

[310] Орозбаков С., Манас, Фрунзе, "Кыргызстан", 1980ж., 2-том, 97-99-беттер.

эми Аид – төмөнкү дүйнөнүн ээси катары айтылса, биздин элдин ишениминде төмөнкү дүйнө суу стихиясынга таандык.

Ушул үч катмар дүйнөнүн өзүнүн ээлери бар. Тотем көрүнүшүндө: Жогорку дүйнөнүн ээси – Алп Кара куш (ак шумкар, көк шумкар, бүркүт ж.б.), Төмөнкү дүйнөнүн ээси – Кара чаар ажыдаар (Куу, бука ж.б.), ал эми ортонку дүйнөнүн ээси – Жолборс (арыстан, кабылан ж.б.).

Тенир ишеними боюнча Кудайдын адам көрүнүшүндө үч касиети бар: Ата, Апа жана Бала.  Атанын түпкү касиети – от, анын айтылышында “от” (от+а = ата) мааниси жатат. Апанын түпкү касиети – Суу, анын айтылышында “суу” (ап, об+а) мааниси бар. Скиф мифи боюнча Биринчи Адам – Таргитай оттун жана чагылгандын кудайы – Папай менен Борисфен дарыясынын кызы – Апиден төрөлөт.

Христиан ишеними боюнча Кудайдын үч жүзү бар: Ата, Бала жана Ыйык Дух. Ата эч кимден төрөлбөйт жана эч кимден келип чыкпайт. Бала Ата Кудайдан төрөлөт. Ыйык Дух Ата Кудайга тиешелүү касиет. От күйүп, андан жарык чыгат, бирок, от менен жарык экиге бөлүнбөйт. Дал ошондой эле Ата, Кудай жараткан Бала да атасынан бөлүнбөйт[311]. Эки башка инсан, бирок, бир улуу Кудай. Үчтүк касиет бардык диндерде жана ишенимдерде бар. Тик жана Түз дүйнө багыттары боюнча да, дүйнө үч бөлүктөн турат. Ал турсун диний маани берилген Адамдын сөзүнө тиешелүү да минтип айтылат: “Адегенде Сөз болгон, Сөз – Кудайдын сөзү болгон, Сөздүн өзү кудай болгон” (Ин. 1:1).

Байыркы арийлерге мүнөздүү үч канаттан турган скиф коомунун касталык түзүлүшү космостук моделдин көчүрмөсү сыяктуу көрүнөт. Алар дал ушундай түзүлүштү коомдун жыргал жашашынын жана өлкөнүн өнүгүшүнүн шарты катары түшүнүшкөн. Тарыхый булактар ушундай коомдук түзүм мифтерде эле эмес, скиф коомунун өзү ушул моделде  болгонун бизге

[311] Иоанн Дамаскин. Точное изложение православной веры. Кн. 1, гл. 8, с. 20—21; гл. 13, с. 46.

жеткирди[312]. Кырымдан жашашкан скифтер: “хан скифтер”, “көчмөн скифтер” жана “дыйкан скифтер” деп үчкө бөлүнүшкөн.

Ортоазиялык сактар да үч бөлүктөн турган. Биз аларды жайланышкан орду боюнча, минтип атайбыз: “Тениртоолук сактар” (“Saka tigrahauda”), “Сырдарыялык сактар” (“Saka tyaiy paradraya”), “Амударыялык сактар” (“Saka haumavarga”). Алардын перс булактарындагы аталыштары: “Тениртоолук сактар” (“Saka tigrahauda”), – “шоңшогой баш кийим кийген сактар”, “Сырдарыялык сактар” (“Saka tyaiy paradraya”) – “дарыянын ары жагында жашашкан сактар”, “Амударыялык сактар” (“Saka haumavarga”) - “хоама ичимдигин жасашкан сактар”.

Эгер Кырым жарым аралынын түндүгүндө жашашкан “хан скифтер” үч коомдук катмардан турган бир хандыкты түзүшсө, ортазиялык сактардын үч канаты ар кими өз алдынча болуп, үч хандыкты түзүшкөн. Бирок хан скифтердин коому сыяктуу эле, сактардын коому да үч катмардан турганы шексиз. Анткени, алардын түбү бир – баары турандык көчмөн арийлер болушкан.

Мисалы, Геродот жазып алган миф боюнча, скиф коомунун ушундай бөлүнүшү скифтерге Асмандан берилген. Алардын өздөрүнүн айтканы боюнча, алардын түпкү бабасы – Таргитайдын атасы чагылгандын кудайы – Папай менен энеси Борисфен дарыясынын кызы – Апи деген болгон. Таргитайдан үч уул төрөлгөн: Липоксай, Арпоксай жана Колоксай. Бир күнү табышмактуу сыр, жышаан берилип, алардын жерине Асмандан үч алтын буюмдар түшөт. Алар: алтын кесе, айбалта жана камыт менен соко эле. Алтын буюмдарды алыш үчүн адегенде балдардын улуусу – Липоксай жакындап барат. Ошол маалда буюмдардан жалын чыгып, Липоксай ага алганга болбой турганын түшүнөт да артка чегинет. Андан кийин ортончу уул – Арпоксай буюмдарга жакындаганда да, ушундай көрүнүш кайталанат. Буюмдарга

[312] Раевский Д.С. Очерки идеологии скифо-сакских племен. М. Изд. “Наука”. Главная редакция восточной литературы. 1977. -С.148

балдардын эң кичүүсү – Колоксай барганда, эки агасына көрүнгөн көрүнүш кайталанбайт. Асмандан берилген жышаанды түшүнгөң Таргитай алтын буюмдарды үч баласына бөлүштүрөт. Улуу баласына “алтын кесе” тиет, ортончу уулуна соко менен камыт берилет. Кичүү уулуна айбалта мурасталат. Ушул буюмдар аркылуу алардын жана алардан тараган урпактардын кийин аткарчу кызматтары жана касиеттери аныкталат. Атасынын насааты боюнча, улуу уулу - Липоксай (“тоо ханы”), балдардын улуусу катары Руханий бийликти мурастайт да, ал жана андан тараган урпактар атасынын жолун улантып, Кудайга сыйынган учурда дайым ак түстөгү кийим кийинип, бакшылык (жрецтик) кызматты аткарышы керек болот. Экинчи уулу – Арпоксайга (“суу ханы”) соко менен камыт ыйгарылат да, ал атасынын насааты боюнча Материалдык байлыкты мурастап, суунун түсүн түшүндүргөн көк түстөгү кийим кийинип, мал багып, дыйканчылык кылып жашоону салт кылат. Үчүнчү уулу – Колоксайга (“Күн хан”) айбалта берилип, ал Жоокердик бийликти алат да, ал жана анын урпактары дайым кызыл түстөгү кийим кийинип, элди-жерди коргоо милдетин алат. Арий коомдорунда башкы бийлик жоокерлер катмарынан чыккандарга таандык болот. Асмандан берилген жышаан боюнча, башкы бийликти Колоксай алат. Ал да үч уулдуу болуп, хандыгын өзүнүн үч уулуна бөлүп берет[313].

Сак-скифтерден, ар кандай авторлор тарабынан жазылып алынган ушундай уламыштын 5 версиясы бизге белгилүү[314]. Алардын экинчисинде скифтер грек мифиндеги улуу баатыр Гераклдын Скиф деген уулунан тарайт. Бул версия боюнча, Геракл кетип баратып, кийин балдарым жетилгенде, касиетине жана жөндөм-шыгына жараша бөлүштүрүп бер деп, аялына үч алтын буюм таштайт: “кесе”, “кемер” жана “жаа”[315]. Балдардын улуусу –

[313] Раевский Д.С. Очерки идеологии скифо-сакских племен. М. Изд. “Наука”. Главная редакция восточной литературы. 1977. -С.20.
[314] Раевский Д.С. Очерки идеологии скифо-сакских племен. М. Изд. “Наука”. Главная редакция восточной литературы. 1977. -С.20.
[315] Раевский Д.С. Очерки идеологии скифо-сакских племен. М. Изд. “Наука”. Главная редакция восточной литературы. 1977. -С.22.

Агафирс кесени, ортончу уулу – Гелон кемерди, балдардын эң кичүүсү жана күчтүүсү Скиф жааны мурастап, башкы бийликтин ээси болуп калат.

Дал эле ушундай уламыш орто кылымда огуздарда да айтылган. Огуз элинин эпосу “Огуз намеде” Угуз кагандын биринчи аялы Нурпериден – үч уул төрөлүп, аларга – “Күн хан”, “Ай хан” жана “Жылдыз хан”, экинчи аялы – Суупериден үч уул төрөлүп, аларга “Көк хан”, “Таг хан” жана “Денгис хан” деген ысымдар берилет. Скиф уламышында айтылган Таргитайдын үч уулунун ысымдарынын маанилери Угуз хандын экинчи аялынан төрөлгөн балдардын ысымдарына туура келет. Мисалы: Липоксай – “Таг хан”, Арпоксай – “Денгис хан”, Колоксай – “Көк хан”[316].

Дал ушул хан скифтердин уламышында айтылган үч уулдун ысымдары кыргыз санжырасында: Тагай бий, Көлөй бий жана Көгөй бий деп айтылат. Менин таятамдан жана аксылык Сарлан бийдин урпактарынан жазып алган маалыматтар боюнча: Тагай бийден – “багыштар”, Көлөй бийден – “саруулар” жана Көгөй бийден “кыпчактар” тарайт[317].

Эң кызыгы - дал ушул Кырымда жашаган байыркы хан скифтердин уламышы кыргыз санжырачылары өздөрү айтып, бирок, өздөрү мааниси эмне экенин билбеген санжырадагы бир табышмакты жандырат. Кыргыз санжыраларынын дээрлик баарында Кыргыз атадан (кээде: “Долон бий”) тараган жогорку үч уулдун (Тагай бий, Көлөй бий, Көгөй бий) “түстүк” ысымдары: “Ак уул”, “Көк уул” (“Куу уул”) жана “Кызыл уул” түрүндө сакталган. Бул түстүк ысымдар скиф мифи боюнча, Таргитайдан үч уулу – Липоксай, Арпоксай, Колоксайга, огуз эпосу боюнча Угуз хандан – Таг хан, Денгис хан жана Көк ханга, кыргыз санжырасы боюнча, Кыргыз атадан (Долон бийден) Тагай бий, Көлөй бий жана Көгөй бийге мурасталып берилген. Ушул маалыматты сактап келгени үчүн эле санжырачыларга улуу урмат-сый

[316] Огуз наме, М., 2000. Байыркы уйгур тилинен орус тилине которгон А.М. Щербак.
[317] Маалыматчылар: 1. Мырзагулов Алымбай азыркы Аксы районунун Авлетим айылында жашап, 1986-жылы 86 жашында көзү өткөн. 2. Сартбаев Малабек, Аксы райолнунун Кара-Жыгач айылында жашап, 2008-жылы 82 жашында дүйнө салган. \\ Автордун жол дептеринен.

көрсөтүп, алардын баасыз эмгеги үчүн таазим кылышыбз керек. Анткени, байыркы ата-бабалардан берилген бул улуу мурасты бир гана кыргыздар аны бүгүнкү күнгө чейин бузбай, санжыраларында айтып, сактап келишти. Мен дал ушул маалыматка негиздеп, 2016-жылы өзүмдүн тарых боюнча, жазган кандидаттык диссертациямда "кыргыздар Тенир-Тоодо жана Кырымда жашаган хан скифтердин урпактары болушу мүмкүн" деп жазган элем. Албетте, ага аттуу-баштуу тарыхчы окумуштуулардын көбү каршы болушкан. Бүгүнкү күнү кыргыздар хан скифтердин урпактары экенин ДНК илими далилдеп жатат. Ал тууралуу орус профессору А.Клесовдун жана жаш казак окумуштуусу С.Жаксылыковдун изилдөөлөрү күбө.

Кырымда жашашкан хан скифтердей эле орто кылымдарда огуздар ("ош огуздар", "даш огуздар": "оң", "сол"), түрктөр ("он канат", "сол канат", "ордо"), кийин монголдор ("барунгар", "зюнгар", "ордо") да өз коомдорун түпкү ата-бабалардан тараган урпактар боюнча "оң", "сол" жана "ичкилик" деп бөлүп, жайгаштырып келишкен. Көп изилдөөчүлөр айтып жүрүшкөндөй, бул аталыш ("оң"-"сол") аскердик курамдан улам эмес, байыркы арий коомунун ушундай түзүлүшүнөн улам келип чыккан. Аскердик аталыштар түпкү ата-бабалар мурастаган орундар боюнча: Оң улус эли - "Оң канат", Сол улус эли - "Сол канат" жана Ички улус эли "Ичкилик" болуп түзүлгөн. Же түстүк аттары боюнча мамлекеттери: "Ак ордо", "Көк ордо" жана "Кызыл ордо" деп аталган.

Биз бул бапта Кыргыздын үч канатынын үч тотеми ("бугу", "бука", "бөрү") тууралуу кеп кылууну чечтик. Анткени, дал ушул үч тотем аркылуу да Кыргыздын үч канатынын салттуу орду жана кылган кызматтары аныкталган.

Дал ушундай Тик жана Түз дүйнө моделдери Кыргыздын этнотүзүлүшүндө да сакталган. Ал түпкү аталарынын ысымдары (Көгөй бий, Тагай бий жана Көлөй бий) менен Тик дүйнөнү чагылдырса, оң, Сол жана Ичкилик деп бөлүнүшү менен Түз дүйнөнү чагылдырат. Тик дүйнө (Манас:

бүркүт, жолборс жана ажыдаар) сыяктуу эле Түз дүйнө бөлүктөрү (бугу, бука жана бөрү) да тотемдик белгилерге ээ. Биз азыр сөз кыла турган үч улуу тотем байыркы арат (сак, сармат жана скиф) мифтеринде да мыкты чагылдырылган. Дал ушул үч тотем белгилери кыргыз урууларында ушул күнгө чейин сакталып келатат. Кыргыз улуу жана уютку эл экенин анын тотемдик белгилери да аныктап турат.

## Ак уул жана анын тотеми Бугу жөнүндө

Ак уулдун Жогорку дүйнөгө таандык тотеми – "ак шумкар", төмөнкү дүйнөгө таандык тотеми– "ак жылаан", ал эми ортонку дүйнөгө таандык тотеми – "бугу" (багыш), жоокердик тотеми - арыстан. Үч тотем тең Тоо стихиясы менен, руханий байлык менен байланышкан. Ошондуктан Ак уулдун урпактарына дин бийлиги, каада-салтты сактоо, идеологиялык иштерди жүргүзүү милдети тагылуу менен бирге илимий-чыгармачылык касиет тартууланган. Ак уулдун урпагы болгону үчүн Чынгыз хандын эң башкы туусунун түсү да тогуз чоктуу ак түстөгү туу болгон. Ак уулдун тарыхы негизинен Монгол империясын түзгөн уруулар менен байланышкан. Биз ал тууралуу өзүбүздүн кандидаттык диссертациябызда[318] талдоого алып, ушундай жыйынтыкка келгенбиз. Анда Ак уулдун урпактары алып жүргөн **Ак Түс** тууралуу:

1.Этникалык тарыхта: Ак түс - оң Канаттын түпкү атасы – Тагай бийдин[319] түсү. Анын байыркы огуз доорундагы түпкү түстүк аты – "Ак гуз". Бүгүнкү кыргыз санжырасындагы айтылышы – "Ак уул". Ал грек эпосунда – "Ахилес"[320], кудайлардын ичинен Зевстин түсү[321], скиф санжырасында –

[318] Алымбаев А. (Байас Турал). Мифтер жана уламыштар – кыргыз элинин келип чыгышы боюнча тарыхый булак. Бишкек. 2016.
[319] Сөз мифтик Тагай бий (Липоксай, Таг хан ж.б.) жөнүндө болуп жатат.
[320] Гомер, Иллиада эпосунун баатыры. Кыргызча айтылышы – "Акуул" - Б.Т.
[321] Зевске –Жогорку дүйнө таандык. Бирок ал Олимп тоосунун чокусунда отурат.Тотем кейпине келгенде "ак букага" айланат.

“Липоксай”, орто кылымдагы огуз санжырасында – “Таг хан”, ал эми казак санжырасындагы айтылышы - “Улуу жүз”. ж.б

2.Асман көрүнүшүндө: Ак түс - Күн Чыгыштын белгиси. Таң атып келе жаткан тарап. Б. а. Асмандын күн чыгып келе жаткан жагы. ж.б

3.Диний түшүнүктөрдө: Ак түс - Кудайдын ыйыктык жана тазалык менен байланышкан ысмы. Б.а. Улуу Тоонун чокусу менен байланышкан маанилери ж.б

4.Жер-суу аталыштарында: Ак түс - Теңир-Тоо жана анын ак кар баскан бийик чокулары. Ак булут, ак кар, ак суу, ж.б.

5.Адамдын көрүнүшүндө жана мүнөзүндө: Ак түс – көздүн агы, ак ниет, ак көңүл, ак тилек, тазалык, чындык жана кубаныч. Жаш курагы боюнча “ак сакал” адам ж.б

6.Кийимдерде жана буюмдарда: Ак түс - Ак калпак, ак жоолук, ак олпок, ак күбө, ак бараң, ак келте, ж.б.

7.Жан-жаныбарларда: Ак түс - Ак боз ат, ак шумкар, ак буура, ак жылаан, ак ит, ак кептер, ж.б

8.Тамак-ашта: Айран, сүт, кымыз, ак алма, ак гүл, ж.б

9.Миф-жомоктордо: Ак дөө. Эрдин уругу ак. ж.б

1о.Мамлекеттик түзүлүштө: Ак ордо, ак өргө. ж.б

11.Башка элдерде: Кытайда жана Азиянын кээ бир өлкөлөрүндө “ак түс”- аза күтүүнүн белгиси. Байыркы славяндар да ак түстү ушундай кабылдашкан. Кыргыздар болсо, кудайга арнап ак боз атты курмандыкка чалышкан. Жоо каптап киргенде да, ак боз аттын жалын кызылга боёп чабарман жиберишкен. Арабдар жана жалпы мусулман калкы өлгөн адамдын сөөгүн ак кепиндеп көмөт. Өз өлүмү менен өлгөн адамды “ак өлүм менен өлдү” деп коюшат кыргыздар ж.б.

12. Ак уулдун тотеми: Ак Бугу же Ак Багыш. Негизи он Канат урууларынын тотеми кайберен тукумуна жаткан жаныбарлар.

Бугуга жана багышка сыйынуу салты өтө байыркы салттардын бири болуп саналат. Анын тамыры байыркы таш доорундагы алгачкы адамдардын

тотемдик ишенимдерине барып такалат[322]. Ушул көз карашка байланыштуу азыркы учурда тарых жана филология тармактарында өтө көп материалдар топтолгон. Мисалы, Башкыр мифологиясында бугу солярдык салтка байланышы бар, асмандан түшкөн ыйык жаныбар катары эсептелет[323]

Күн-бугу индоевропа, Кавказ, Урал-Алтай жана Түндүк Америкада жашашкан индей элдеринин мифтеринде кеңири маалымат берилет. Ханты-мансы элдеринин мифтеринде күн кудайы канаттуу бугу минип алып, асман менен чыгыштан батышка өтөт[324].

Археологиялык материалдар сак-скиф элдеринде бугу күндүн символу болгонун баяндайт[325]. Түрк-монгол элдеринин мифтеринде бугунун жерден асманга чыгып кеткени тууралу көп айтылат. Кыргыз, алтай, туба, казак, калмак жана бурят элдеринин уламыштарында Үч архар (үч бугу деп да айтыла берет) мергенчилерден качып, асманга чыгып кетишет да, жылдыздарга айланып туруп калышат[326]. Жапандардын синто хырамдарында бугу кудайлардын жерге жиберген өкүлү катары айтылат[327]. Көп элдердин мифтеринде бугу (багыш) адамдын сөзүн түшүнгөн жана кез-кезде адам кейпине келген жаныбар катары каралат.

Кыргыз санжыраларында “Бугу эне” же “Мүйүздүү эне” тууралуу айтылган уламыш кенири белгилүү. Ал уламышта адам кейпине келген башында мүйүзү бар касиеттүү эне катары белгилүү[328].

---

[322] 1. Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности
и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983. -С.128-132; 2. Котов В.Г. Мифологическая стратиграфия эпоса .Урал батыр. // Башкирский фольклор. Уфа, 2000. Вып.4. -С.103; 3. Мелетинский Е.М. Палеоазиатский мифологический эпос. Цикл ворона. М., 1979. -С.209.

[323] Киреев А.Н. Этногенетические легенды и предания башкирского народа // АЭБ. Уфа, 1971. Т.IV. -С.61.

[324] Мифологический словарь. М., 1991. -С.433, 595.

[325] Чибиров Л.А. Аграрные истоки культа животных у осетин // СЭ. 1983.
№1. -С.95.

[326] 1. Мифологический словарь. М., 1991. -С.599-600; 2. Омакаева Э.Ц., Бадгаев Н.Б. Тюркская и монгольская космонимия //Языки, духовная культура и история тюрков: традиции и современность. Труды международной конференции. М., 1997. Т.3. -С.121; 3. Петров К.И. Об общности урало-алтайских, индоевропейских и др.языков // АЭБ. Уфа, 1971. Т.IV. -С.265

[327] Всемирная история. Становление государств Азии. Минск, 1999. Т.5. -С.505.

[328] 1. Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983. -С.128=132; 2. . Мифологический словарь. М., 1991. -С. 382

Лапландардын арасында Ак бугу тууралуу уламышта ал башында кыз экени айтылат. Нганасандардын ишениминде жердин ээси бугу кейпиндеги кудай[329]. Тунгус-манжур элдеринин айтымдарында башкы кудай Буга мусун жапайы бугу кейпинде элестетилет[330]. Ал эми кет элдеринде бугу кубула турган касиети бар башкы кудай Естин кызы[331].

Кытай пантеонундагы көп кудайлар ар кандай түстөгү жана тукумдагы бугу кейпинде кабыл алынган. Мисалы, Лун падышаларынын башында бугунун мүйүзү болгон[332].

Индус мифтеринде Вишну кудайнын жердеги көрүнүшү болгон Кришна аны бугу экен деп ойлогон мергенчинин огунан ажал табат[333].

осетин элинин эпосунда  нарттардын күчтүү Ахсартагкат уругунун энеси Дзерасса кез-кезде Бугу кейпине келет[334]. Байыркы славяндардын элдик ырларында Дунайдын ээси алтын мүйүздүү бугу экени баяндалат[335]. Грек мифологиясында аӊ улоонун пири – Артемида адегенде жейрен (марал) кейпинде жүргөн[336]. Байыркы Галлияда жашаган кельттердин мифологиясында малдаш урунуп отурган бугу жер түбүндөгү өлкө – Цернундун ээси[337]. Борбордук Америкада жашашкан индейлердин ишениминде аӊ улоонун пири Мишкоатль алгач бугу кейпинде болгон[338].

Алгач адамдын бугудан келип чыкканы тууралуу ишеним байыркы хундардын, түрктөрдүн, уйгурлардын, кандылардын жана кыпчактардын дүйнөтаанымына тиешелүү уламыштарда да айтылат. Алсак, кыргыздардын бугу уруусу өздөрүнүн түп энеси катары бугуну эсептеген[339].

---

[329] Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С.507.
[330] . Мифологический словарь. М., 1991. -С. 102.
[331] Мифологический словарь. М., 1991. -С.212.
[332] Мифологический словарь. М., 1991. -С.326.
[333] Мифологический словарь. М., 1991. -С.299.
[334] Мифологический словарь. М., 1991. -С.186.
[335] Мифологический словарь. М., 1991. -С.198.
[336] Мифологический словарь. М., 1991. -С.33, 261.
[337] Мифологический словарь. М., 1991. -С.605.
[338] Мифологический словарь. М., 1991. -С. 372.
[339] 1. Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983. -С. 128-132.; 2. Зуев Ю.А. Киргиз-буруты (к вопросу о тотемизме и принципах этнонимообразования) // СЭ. 1970. №4. -С.76.

Бугу Алтай-Сайан элдеринде да ыйык жаныбар катары белгилүү[340]. Мисалы монголдордун түпкү энеси да Гоа Марал[341]. Бугу ошондой эле осетиндердин түпкү бабасы[342]. Балким, сак-скиф элдеринин аталышы (“саг”-“бугу”) осетин тилиндеги бугуну билдириши мүмкүн?[343]

Ар кандай магиялык ритуалдар жана диний ишенимдер тотемдерди мифтик бабалар катары кабыл алуу салтын калыптындырган. Адамдар алар жетим балдарга жана жардам сурап кайрылган адамдарга колдоо көрсөтөт деп ишенишкен. Тотемдер адамдардын жашоосуна таасир берген[344].

Байыркы сак, скиф, сармат, славян, кытай, астек жана Алтай-Сайан элдеринде тотем колдоочу дух катары ишенимге ээ болгон. Аялдар төрөттөн кыйналган учурда, якуттар анын жанына бир бугунун колу-буттарын байлап жаткырып коюшкан. Бугунун дем алып жатканы аялдын төрөтүн жеңилдеткен[345]. Байыркы кытайлардын ишеними боюнча, бугу кейпиндеги мифтик жаныбар Цилин асмандан бала алып келет[346]. Ал эми сак, сарматтар менен скифтерде бугу Өмүр дарагы менен Кудай-эненин функцияларын аткарат[347]. Ыйык бугуга сыйынуу салты батыш гундарга да белгилүү болгон. Касиеттүү бугунун жол көрсөтүүсү менен гундар Батыш Европага дениз аркылуу өтчү жолду табышкан[348]. Ал эми кыргыз[349], алтай, тофалар, туба,

---

[340] Кузеев Р.Г. К этнической истории башкир в конце I - начале II тысячелетия н.э. // АЭБ. Уфа, 1968. Т.III. -С.246.
[341] Мифологический словарь. М., 1991. -С.98.
[342] Зуев Ю.А. Киргиз-буруты (к вопросу о тотемизме и принципах этнонимообразования) // СЭ. 1970. №4. -С.76.
[343] Чибиров Л.А. Аграрные истоки культа животных у осетин // СЭ. 1983. №1. -С.95.
[344] Сагитов М.М. Культ животных в башкирском фольклоре // Исследования по исторической этнографии Башкирии. Уфа, 1984. -С.77.
[345] Алексеев П.А. Ранние формы религии у тюркоязычных народов Сибири. Новосибирск, 1980. -С. 138.
[346] Мифологический словарь. М., 1991. -С.607.
[347] 1. Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983. -С.128-132.; 2. Чибиров Л.А. Аграрные истоки культа животных у осетин // СЭ. 1983. №1. -С.95.
[348] Серошевский В.Л. Якуты. Опыт этнографического исследования. Спб., 1896. Т.I. -С.118.
[349] Мифологический словарь. М., 1991. -С.382.

хакас, шор[350], балкар, карачай[351] ж.б. көп элдер үчүн бугу колдоочу дух катары ишенимдин ээси.

Тотем менен катар эле касиеттүү бугунун фетиштери да кеңири колдонулган. Алгачкы адамдар бугунун айрым бир органдарын (башы менен мүйүздөрүн) да ыйык деп эсептешип, алар да адамдарга күч-кубат берет, жолду ачат деп ишенишкен. Кыскасы, ыйык бугунун касиеттери адамдардын жакшы жашоосуна таасир этип, аларга дайым колдоо көрсөтөт. Бугунун мүйүздөрү турган үйгө жин-шайтандар, жаман духтар жологон эмес. Касиеттүу тотем колдогон адамдардын иштери жакшы болуп, бактылуу жашап, ооруу-сыркоолордон сырткары болгон, кырсыктар кыйгап өткөн[352]. Бугунун мүйүзү менен жүнү чуваштарды да ар кандай жамандыктардан коргогон[353]. Археологиялык казуулар учурунда окумуштуулар мүрзөлөрдөн бугунун мүйүздөрүн, тиштерин табышкан. Норовлийн дөңүн (Монголия) казган учурда бугунун сөөктөрүнөн жасалган ар кандай буюмдар менен кошо отурган калыбында башына бугунун мүйүздөрүн кийген адамдын сөөгү табылган[354].

Сак-скифтердин доорунда Түштүк Сибирь жана орто Азия элдери бугунун сүрөттөрүн жана анын ар кандай позадагы көрүнүштөрүн орнаментке түшүрүшкөн жана анын тулкусун  алтындан, күмүштөн, жезден куюп жасашкан[355].

Өтө байыркы доорлорго таандык таштардын бетине, үнкүрлөрдүн ичине бугунун тартылган сүрөттөрү табылган. Мисалы, алгачкы палеолит дооруна таандык ориньяк (Франция) мезгилиндеги (б.з.ч. 4о-3о миң жылдар мурун)

---

[350] Васильев В.И., Шитова С.Н. Башкирско-самодийские взаимосвязи (к проблеме этногенеза башкир) // Вопросы этнической истории Южного Урала. Уфа, 1982. -С.28-30.
[351] Мизиев И.М. Балкаро-карачаевские и древнетюркские фольклорные параллели в свете этнической истории // Фольклор народов РСФСР. Уфа, 1985. Вып.12. -С.23-24.
[352] Полевой дневник Илимбетовой А.Ф. 2000 г.-С.64.
[353] Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности
и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983.-С.128-129.
[354] Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С.480.
[355] Авижанская С.А., Бикбулатов Н.В., Кузеев Р.Г. Декоративно-прикладное искусство башкир. Уфа, 1964. -С.86.

бугунун графикалык сүрөттөрү[356], же Мадлен мезгилине (б.з.ч. 2о-12 миң жылдар мурун) тиешелүү Ласко үнкүрүнөн[357] жана Сент-ойлалиден[358], же Мае д, Азилден[359] (Франция) табылган бугунун сүрөттөрүн айтууга болот.

Ушул мезгилдерге таандык үнкүрдөн табылган бугунун мүйүздөрүн башына кийген сыйкырчынын (Франция), бугу баштуу аскага тартылган адам сыяктуу орандын түштүгүндөгү (Алжир) жаныбардын сүрөттөрүн[360] айтууга болот. Кийинчерек неолит мезгилдеринде бугунун сүрөттөрүн адамдар идиштерге тарта башташат. Ага Телль-Хассун жана Телль-Халафтагы (б.з.ч. V миң жыл мурун. Сирия) табылган идиштердеги сүрөттөр күбө[361].

Бугунун сүрөттөрүн онега көлүнүн (б.з.ч. III-II миң жылдар мурун ) жээктеринен, Скандинавия аскаларынын беттеринен көрүүгө болот. Бугунун сүрөттөрүн тартуу салты коло жана алгачкы темир доорунда да үзүлгөн эмес. Сак-скиф доорунда бугунун ар кандай кыймылдагы сүрөттөрү жана тулкусу алтындан куюлган тумарлар Евразия аймагын кучагына алган “айбанат стилин” кооздогон негизги обьектердин бирине айланган[362]. Бугунун алтындан жасалган тулкулары тумар катары бүт көчмөн уруулар жашаган аймакта колдоочу дух катары кызмат аткарган. ошентип ар кандай көрүнүштөгү бугунун сүрөттөрүн тартуу жана алтындан, жезден куюлган тулкуларын тумар жана сыйынуу обьектиси катары колдонуу салты алгачкы палеолит доорунан баштап, биздин күнгө чейин үзгүлтүксүз уланып жашап келатат. Ал эми анын таралуу ареалы түштүк-батышы Атлантика менен Түндүк Африкадан тартып, чыгышы Тынч океанга чейинки мейкиндикти камтыйт. Бирок, бугуга сыйынуу салты качан, каерде, ким тарабынан

---

[356] 1. Першиц А.И., Монгайт А.Л., Алексеев В.П. История первобытного обшества. М., 1982. -С. 109-110.; 2. Файнберг Л.А. Раинепервобытная община охотников, собирателей, рыболовов // История первобытного общества. Эпоха первобытной родовой общины. М., 1986. -С. 130.
[357] Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С. 89.
[358] Герберт Кюн. Гравировка ледникового периода в Шулерлохе // Первобытное искусство. Новосибирск, 1976. -С. 64.
[359] Першиц А.И., Монгайт А.Л., Алексеев В.П. История первобытного обшества. М., 1982. -С.109-110.
[360] Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С.110.
[361] Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С.217.
[362] 1. Окладникова Е.А. Наскальные рисунки в долине р.Дялангаш (Горный Алтай) // Первобытное искусство. Новосибирск, 1976. -С.95.; 2. Пшеничнюк А.Х. Сокровища древних кочевников Южного Урала //Ватандаш. 1998. №1. -С. 166.

башталганын жана ал кандайча келип чыкканын, кантип калыптанганын так айтуу кыйын? окумуштуулардын айрымдары анын алгачкы тамырын угро-фин тобунан издесе, экинчилери - Иран, үчүнчүлөрү - Кавказ, төртүнчүлөрү Алтай аймагынан издешет. Ар кандай пикирлерден улам, алгачкы искуствого таандык жаныбарлардын сүрөттөрүн тартуу идеясын бир жактуу магия же динге байланыштыруу туура эместей көрүнөт[363]. ошол эле убакта, алгачкы коомго таандык искуствонун бул түрүнүн келип чыгышында магиянын ролу зор болгонун танууга болбойт. Удан олжолуу кайтуу үчүн алгачкы коомдун аңчылары магиялык күчтөргө кайрылганы шексиз[364]. ошол эле убакта адамдардын кандайдыр тобу аны баба-тотем катары кабыл алып, ага сыйынып башташкан.

Тотем катары бугуну ыйык тутуу салты Кыргыз курамында ушул күнгө чейин сакталып келе жатат. Айрыкча ыйык, касиеттүү жаныбар ак бугунун образы кыргыз элдик оозеки чыгармаларда арбын чагылдырылган.

Көп элдерде бугу жол баштоочу, же жол көрсөтүүчү катары, жакшылыктын жышааны катары айтылат. Мисалы, чуваш жомокторунда эки бир тууган мергенчи бугуну ээрчип, Сур токоюна кирип барышат. ошол жер аларга жагып, алар ошол жерде жашап калышат[365].

Карачай-балкар уламышында Боташ деген мерген бир бугуну ээрчип отуруп, азыркы Кубан жана Теберды жерине келип, ушул жерди конуш кылат[366]. Эски венгер жазмаларында Менрот деген түпкү атанын Хунор жана Могор деген эки уулу анчылык кылып жүрүп, бир бугуну ээрчип отуруп, Азов булуну аркылуу өтүүчү жаңы жолду ачышат да, ал аркылуу өтүшүп, жаны

[363] Токарев С.А. Проблемы общественного сознания доклассовой эпохи //Охотники, собиратели, рыболовы. Л., 1972. -С.279.
[364] Окладников А.П. Удивительные звери острова Ушканьего и периодизация петроглифов Приангарья // Первобытное искусство. Новосибирск, 1976. -С. 54.
[365] Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983. -С.128-129.
[366] Мизиев И.М. Балкаро-карачаевские и древнетюркские фольклорные параллели в свете этнической истории // Фольклор народов РСФСР. Уфа, 1985. Вып.12. -С. 24.

жерди конуш кылып туруп калышат[367]. Ушул сыяктуу эле окуя ханты-мансыларда[368] жана батыш гундарда[369] да айтылат. Прокопий Кесарийскийдин маалыматын талдоого алып, башкыр этнографы Р.Г. Кузеев мындай жыйынтык чыгарат: Батыш Сибирь, Урал жана Түндүк Кавказ элдеринин мифтериндеги жол баштаган бугу Борбор Азияда жашаган байыркы хундарга таандык[370]. Жол баштаган бугунун образы байыркы индус элинин "Рамаяна" эпосунда[371] жана байыркы грек мифтеринде[372] да кездешет. окумуштуулардын пикирине караганда, скиф искусствосундагы чуркап бараткан бугу да дал ушул жол баштаган бугунун образын чагылдырат[373]. Биздин пикирибиз боюнча, жол баштаган бугунун тамыры арий мифтерине барып такалат.

Хань дооруна (б.з.ч. 3к.) кытай элинин оозеки чыгармаларында Ак бугу минип алып, асман менен учкан өлбөс баатыр Ванцзы Цяо тууралу айтылат. Бугу ошондой эле кытай мифологиясында Лусин (лу – "бугу", син – "жылдыз") аттуу кудайдын унаасы[374].

Байыркы кельттердин мифтеринде бугу жер алдындагы дүйнөнүн ээси катары кызмат  кылат. Демек, бугу – тотем, бугу – тотем ата, бугу – ыйык жаныбар, бугу – кудай, бугу – баатыр, бугу – колдоочу, бугу – сактоочу, бугу – жол баштоочу, бугу – кудайлар минчү унаа ж.б.

Урал баатыр эпосун жараткан эл бугуга да, жылаанга да сыйынышкан эмес. Урал аймагында жашашкан элдерден жыйнап алган чыгармалардын негизинде ой жүгүртсөк, бир убакта бул чөлкөмдө жылаанга сыйынган эл

---

[367] Кузеев Р.Г. К этнической истории башкир в конце I - начале II тысячелетия н.э. // АЭБ. Уфа, 1968. Т.III. -С.245.; 2. Сагитов М.М. Сходные черты в культе животных в башкирском и венгерском фольклоре //Материалы VI Международного конгресса финно-угроведов. М., 1989. Т.l".-С.359.

[368] Кузеев Р.Г. К этнической истории башкир в конце I - начале II тысячелетия н.э. // АЭБ. Уфа, 1968. Т.III. -С.246.

[369] 1. Прокопий из Кесарии. Война с готами. М., 1959. -С.385-386.; 2. Соловьев СМ. История России с древнейших времен. М., 1988. Т. 1-2. -С.115-116.

[370] Кузеев Р.Г. Древнебашкирские предания о нахождении новой родины и их северокавказские параллели // Всесоюзная научная сессия, посвященная итогам полевых, археологических и этнографических исследований 1970г. Тезисы докладов. Тбилиси, 1971. -С. 50.

[371] Мифологический словарь. М., 1991. -С.464, 468.

[372] Кун Н.А. Легенды и мифы Древней Греции. Ростов-на-Дону, 2000. -С. 129-130.

[373] Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983. -С.128-129.

[374] Мифологический словарь. М., 1991. -С. 327.

менен бугуга сыйынган элдин ортосунда катуу кагылыштар болгонун билүүгө болот. Эносто Урал баатыр жылаанга жардам берип, бирок, бугуга жардам бербейт.

Эгер ракшас-бугу менен арийлердин легендарлуу Рама баатырынын алдында жол баштаган бугу жана шамалдын кудайы Ваю минген бугуну салыштырсак, байыркы Индиянын жергиликтүү калкы алгач бугуга сыйынышпаганын көрөбүз. Шамалдын кудайы Ваю түндүк-батышты башкарат, демек, арийлер Индияга түндүк-батыштан келишкен деп болжолдоого болот.

Шумер-аккад мифтеринде бугу тотеми терс образга ээ. Эки Дарыя аралыгында жашаган элдердин мифтеринде жана искуствоолорунда биз арстан баштуу мифтик бир куштун бугуларды чапчып, жеп жатканын көрөбүз[375]. Бул сүрөттөн, арстан баштуу кушка сыйынган элдин бугуга сыйынган элдин үстүнөн болгон үстөмдүгүн көрүүгө болот.

Бугу тотемине сыйынуу салты грек мифтерине Кичи Азиядан барып кошулган. Анткени, бугуга байланышкан культтардын баары гректерди Кичи Азия менен байланыштырат.

Чыгыш Европанын  түндүгүнө, анын ичинде Скандинавияга биринчи жолу адамдар мезолит мезгилинде келишкен. Бул мезгилде Евроазиянын түштүк аймактарында жашашкан элдерде бугу тотемине сыйынуу салты калыптанып калган мезгил болчу[376]. ошондуктан Сандинавия мифологиясында бугу Дүйнөлүк дарак Иггдрасилдин[377] тамырын жеп жаткан кара күч түрүндө көрүнөт. Лапланддардын мифологиясында да бугу ар кандай нерсеге кубулуп, айлануучу кара күчтүн ээси. Негизи Чыгыш Европанын байыркы эли үчүн бугу тотемдик культтун обьектиси эмес[378].

[375] Мифологический словарь. М., 1991. -С.46.

[376] 1. Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С. 153.; 2. Мажитов Н.А., Султанова А.Н. Нстория Башкортостана с древнейших времен до XVI века. Уфа, 1994. -С. 11.; 3. Окладников А.П. История Якутии. М., Л., 1965. Т.1.-С.172-173.; Першиц А.И., Монгайт А.Л., Алексеев В.П. История первобытного общества. М., 1982. -С.92.

[377] Мифологический словарь. М., 1991. -С.230.

[378] Савватеев Ю.А. Наскальные изображения Финляндии // Первобытное искусство. Новосибирск, 1976. -С.124, 136.

Бүгүнкү күндөгү тарых илиминде бугу тотемине сыйынуу салты Борбордук Азияда калыптанган деген көз караш негизги болуп саналат[379]. Албетте бул көз карашты археологиялык, этнографиялык жана фольклордук фактылар да тастыктайт. Тагырак айтканда, Бурети (Ангара), Мальта (Иркутск) жана Чжоукоудянь (Кытай) аймактарында табылган алгачкы бугунун сөөктөрү адегенде бугу тотемине сыйынуу салты дал ушул аймактардагы анчылыкка чыккан мергенчилердин арасында пайда болгон деген көз караштын бекемдейт[380]. Дал ушул көз караш изилдөөчүлөрдү Азия материгинен Америка дүйнө бөлүгүнө алып өтөт. Бүгүнкү күндөгү окумуштуулардын пикири боюнча азиялык анчылар Беринг кысыгы аркылуу Жаңы Дүйнө бөлүгүн өздөштүрүү б.з.ч. 2о-1о-миңинчи жылдары башталган. Бул процесс бир нече миндеген жылдарга созулган. Адамдар толкун-толкун болуп, алгач анчылардын салган жолу менен кийинки толкундар мурунку кеткен урууларлын жолу менен кетишкен[381]. Алгач жапайы бугулардын изин кубалап өткөн мергенчилер, кайрылып келип, анан андан ары улам терендеп, улам арылап бара берген.

ошол эле учурда Батыш Азиянын, Кавказдын байыркы тургундарынын арасында бугу культунун келип чыгышы биз айтып жаткан түндүк элдерине тиешелүү гипотезаны артка жылдырат. Батыш Европада табылган бугу культунун издери жергиликтүүбү же сырттан алып барылганбы деген суроону

---

379 1. Васильев В.И., Шитова С.Н. Башкирско-самодийские взаимосвязи (к проблеме этногенеза башкир) // Вопросы этнической истории Южного Урала. Уфа, 1982. -С.28-30; 2. Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983. -С. 128-132; 3. Котов В.Г. Мифологическая стратиграфия эпоса .Урал батыр. // Башкирский фольклор. Уфа, 2000. Вып.4. -С.103; 4. Кузеев Р.Г. К этнической истории башкир в конце I - начале II тысячелетия н.э. // АЭБ. Уфа, 1968. Т.III. -С.246; 5. Кузеев Р.Г. Древнебашкирские предания о нахождении новой родины и их северокавказские параллели // Всесоюзная научная сессия, посвященная итогам полевых, археологических и этнографических исследований 1970г. Тезисы докладов. Тбилиси, 1971. -С. 50; 6. Мелетинский Е.М. Палеоазиатский мифологический эпос. Цикл ворона. М., 1979. -С.209; 7. Окладникова Е.А. Наскальные рисунки в долине р.Дялангаш (Горный Алтай) // Первобытное искусство. Новосибирск, 1976. -С.95.

380 1. Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С.113.; 2. Семенов Ю.И. Как возникло человечество. М., 1966. -С.330.

381 1. Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С.123.; 2. Першиц А.И., Монгайт А.Л., Алексеев В.П. История первобытного общества. М., 1982. -С.80-81.; 3. Файнберг Л.А. Раинепервобытная община охотников, собирателей, рыболовов // История первобытного общества. Эпоха первобытной родовой общины. М., 1986. -С. 130.

ортого таштайт. ошентип, бугу тотемине сыйынуу салтынын алгач каерде пайда болгонун так айтуу кыйын. Кээ бир окумуштуулар тотемдик ишенимдер алгач анчылык кылган жана мал баккан адамдардын арасында пайда болгон, демек, тотемдик ишенимдердин алгачкы ата журту Борбор Азия болуш керек деген көз караштЫ айтышат. Анда, Алдынкы Азияга алгач тотемдик ишенимдер негизи болгон дүйнөтаанымын кайсыл эл же кандай уруулар алып барышкан деген суроо келип чыгат? Азырынча бугу культунун эки борбору тууралуу гана сөз кылууга болот. Бирок, ошентсе да, ал эки борбордун тамыры бир болуу керек?

Ошентип тотемдик ишенимдин иииздери бизди болжол менен 4о-35 миң жыл мурун пайда болгон Хомо сапиенстин мезгилин эске салат. Анын пайда болгон чөлкөмү кайра эле бизди Батыш Азиянын жана Жер ортолук деңиздин аймактарына алып келет. Бул көз караш Кавказ менен Кырымдан чыккан жогорку палеолиттин мергенчилери алгач батыш менен түндүктү өздөштүргөн деген ойго басым жасайт. Кийинки мезгилдеги ДНК илиминин ачылыштары, адамдар мөңгүнүн жана муздун ээриши менен түштүк-батыштан түндүк-чыгышты карай жылышкан деген версияга алып келүүдө.
Борбордук Азияны тотемдик ишенимдин калыптанган очогу катары карашкан окумуштуулар Алдынкы Азия факторун жокко чыгарышпайт. Андыктан өз мезгилинин талаптарына толук жооп берген универсалдуу дүйнөтааным катары тотемдик ишенимдердин эки очогун (Алдынкы Азия жана Борбор Азия) тамыры бир, бир улуу дарактын эки бутагы сыяктуу кабыл алууну туура деп эсептешет. Жалпы тотемдик ишенимдин ичинде өз алдынча калыптанган бугу культунун да “европалык” жана “азиялык” борборлору бирдей таанылат.

Мадлен доорунда анчылыктын негизги обьекти бугу болгонун окумуштуулар бирдей белгилешет. Ал адамга жашоосун уланткан негизги тамак болгон. Эти жана майы тамак болсо, териси - кийим, жаанын жиби, мүйүзү менен сөөктөрү курал-жарак жасоодо пайланылган[382].

---

[382] 1. Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С.75.; 2. Першиц А.И., Монгайт А.Л., Алексеев В.П. История первобытного обш,ества. М., 1982. -С.109.

Илим азырынча бугу культуна сыйынган алгачкы эл кайсы тилде сүйлөгөнүн так айта албайт. окумуштуулар борбору Борбор Азия же Алдынкы Азияда болгон ностраттык пратилде сүйлөшкөн[383] дешет. Бирок, бир нерсени эске алып койуу зарыл: бугу тотемине сыйынуу салты арийлер келгенге чейинки Индия, байыркы шумер, аккад жана байыркы грек-ахейлерде болгон эмес. Анын иизи Афразиат элдердинде да жок. Ушул көз караштын өзү бугуга сыйынуу салты алгач арий урууларында пайда болгон деген ойду бекемдейт. Ал эми алгачкы арийлер малчы, көчмөн элдер болушкан. Алар алгач өздөрү басып алган Индо-Иран аймактарына бугуга сыйынуу салтын да ала барышкан[384]. ошондон баштап, бугуга сыйынуу салты арийлер менен кошо Батышка, Чыгышка жана Түндүккө тараган. Бул процесс толкун-толкуну менен миңдеген жылдарга созулган. Акыркы толкун (б.з.ч. 1-миңинчи жылдар) ал көчмөн арат урууларына (арий: сак, сармат жана скиф) таандык. Бугуга сыйынуу салты б.з.ч. IV-III кылымдардан баштап азайа баштайт. Бугунун сүрөтү салынган алтын-күмүш билериктер, сыргалар жана ар кандай кооз буюмдар азайып отуруп, б.з.ч. III-II к.к. анын ордун **бука** менен **ат** сүрүп чыгарат[385].

Бул маалыматты б.з.ч. IV-III кк. Алтай дөбөлөрүнөн табылган археологиялык табылгалар ырастайт. Анда, адам менен кошо көмүлгөн, бугу бет кабы кийгизилген аттардын баштары табылган[386]. Бул фактылар бизге белгисиз бир уруулар Түштүк Урал, Батыш Сибирь жана Борбор Азия аймактарына карай жылышканын жана алар бугу тотемине сыйынган жергиликтүү калктар менен аралашканын маалымдайт.

Келгиндер кандай текке тиешелүү адамдар болушканы тууралуу бирдей пикир жок. Эгер Кара-Абыз маданиятына тиешелүү археологиялык

[383] 1. Шнирельман В.А. Демографические и этнокультурные процессы эпохи первобытно родовой общины // История первобытного общества. Эпоха первобытной родовой общины. М., 1986. -С. 471.; 2. Лингвистический энциклопедический словарь. М., 1990. -С.339.

[384] Лингвистический энциклопедический словарь. М., 1990. -С.188.

[385] Егоров Н.И. По следам златорогого оленя // Межэтнические общности и взаимосвязи фольклора народов Поволжья и Урала. Казань, 1983. -С.128-132.

[386] Сефероглу Ш., Мюдеррисоглу А. История тюркских государств. (Опыт этнографического исследования) // Ватандаш. 1999. №10.-С.112.

казуулардагы бугу символунун жок болушун кээ бир окумуштуулар Түштүк Уралга карай угро-фин урууларынын жер которушу менен байланыштырышса[387], башкалары Алтайдагы бугу бет кабы менен табылган аттардын башы хундардын басып алышын билдирет дешет[388].

Ушул көз карашка байланыштуу бир нерсени айта кетүү зарыл: **Биринчи,** келгин элдер менен жергиликтүү элдердин ортосундагы ынтымак дайым эле жакшы болгон эмес, тескерисинче, көп учурда айоосуз уруштар менен коштолгон. Жергиликтүү эл каршылык көрсөтүп, баскынчы келгиндер аларды катуу кыргынга алган учурлар көп болгон. **Экинчи**, келгин элдер ар дайым жергиликтүү элдердин же аралашуудан улам пайда болгон жаңы элдердин дүйнөтаанымынын өзгөрүшүнө жана калыптанышына чоң таасирин тийгизген. Уламыш-мифтердеги кээ бир каармандар үчүн бугу ыйык жаныбардын ролунда ойносо, башка уруунун адамдары катардагы жаныбарлардын бири катары бугуга ыйык мамиле жасашкан эмес. Кандай болгон учурда да, кыргыздар үчүн бугу (багыш) кыргыз дүйнөтаанымын калыптандыруудагы туруктуу элементтердин бири болгон. Андан улам төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз:

1. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында (“Манас”, “Семетей”, “Жоодарбешим” ж.б.) бугу (ак бугу) тууралуу айтылат. Бугунун пайда болушу, баланы эмизиши, бугунун адамга айланышы бул тотемдин өтө байыркы ишенимдин обьектиси болгонунан кабар берет;

2. Кыргыз ичиндеги “бугу”, “багыш”, “сарбагыш”, “солто” (монг: “цолто”- бугу), “Сайак” (арий: “саг” - бугу), катаган (монг: “бугу-катаган”) уруу аталыштарынын жана “Бугубай”, “Багыш”, “Булан” деген ысымдардын

[387] Пшеничнюк А.Х. Кара-абызская культура (население центральной Башкирии на рубеже нашей эры) // АЭБ. Уфа, 1973. T.V. -С.232, 240.

[388] 1. Сефероглу Ш., Мюдеррисоглу А. История тюркских государств.
(Опыт этнографического исследования) // Ватандаш. 1999. №10. -С.112; 2. Троицкая Т.Н. К вопросу о взаимосвязях населения новосибирского Приобья с уральскими племенами в эпоху раннего железа // АЭБ. Уфа, 1971. T.IV. -С.93, 97.

болушу – баары бугу менен байланышкан байыркы тотемдик ишенимдердин элементтери. Бугу адамдарга балалуу болууга жана айалдардын аман-эсен көз жарып алышына да жардамы тиет;

3. байыркы кыргыздарга ыйык тотем катары бугунун этин жегенге тыйуу салынганы шексиз. Бугунун мүйүздөрүн үйдүн кире беришине кадап, кагып койуу – анын колдоосуна, сактоосуна ээ болуу дегенди билдирген. Бул байыркы мезгилдердеги фетиштик культка таандык ритуалдар;

4. Килемдердеги жана шырдактардагы бугунун сүрөттөрү жана бугунун мүйүздөрүн элестеткен ойумдар, баары бугу тотеминин элестерин чагылдырат;

5. түрк-монгол элдеринин көбүндө бугу тотемине сыйынуу элементтери сакталган. Бугу кээ бири уруулар үчүн алардын түпкү бабасы же энеси (бугу уруусу) болуп эсептелет. Бугу, теги асман менен байланышкан жаныбар, түп эне же түп ата, күндү карангы ордон алып чыгуучу, ай, күн жана от менен байланышкан касиеттүү, ыйык жаныбар.

## Көк уул жана анын тотеми Бука жөнүндө

Көк уулдун (Куу уул) Жогорку дүйнөгө таандык тотеми – куу, төмөнкү дүйнөгө таандык тотеми– ажыдаар, ал эми ортонку дүйнөгө таандык тотеми – бука, жоокердик тотеми - кабылан. Сол Канаттын туусунун түсү – көк. Негизинен материалдык байлык Көк уулдун урпактарына таандык. Анткени, анын касиети суу стихиясы менен байланышкан, тотеми көк бука же уй.

Анда Солдун түсүнүн символикалары эмнени билдирерине көнүл бөлөлү. КӨК ТҮС:

1.Этникалык тарыхта: Сол Канаттын түпкү атасы – Көлөй бийдин түсү. Анын байыркы огуз доорундагы түпкү түстүк аты – “Көк гуз”. Бүгүнкү кыргыз санжырасындагы айтылышы – “Көк уул” (“Куу уул”). Ал грек эпосунда –

“Гектор”[389], кудайлардын ичинен суу кудайы Посейдондун[390] түсү, скиф санжырасында – “Арпоксай”, орто кылымдагы огуз санжырасында – “Тенгиз хан”, ал эми казак санжырасындагы айтылышы - “орто жүз”.

2.Асман көрүнүшүндө: Көк түс - төбөдөгү асмандын түсү. Чак түштөгү асман. Б. а. Асмандын так ортосу.

3.Диний түшүнүктөрдө: Көк түс – Кудайдын бийиктик жана терендик менен байланышкан ысмы. Б. а. анын ысмынын асман жана мухит менен байланышкан маанилери.

4.Жер-суу аталыштарында: Көк түс -Теңир-Тоонун ак кар, көк муз каптаган чокулары. Көк түс – “карага” өтүп да айтыла берет: Кара тоо, кара суу, кара булут.

5.Адамдын көрүнүшүндө жана мүнөзүндө: Көк түс – көздүн көгү, көк жалдык мүнөз, беттегенин бербеген өжөр (көк адам). “Эр болсоң көк бол, сөзүңө бек бол”. Ант: “Көк кирип, кызыл чыксын”. Жаш курагы боюнча “көк сакал” адам.

6.Кийим-кечекте: Көк түс – көк калпак (кайруусу көк баркыт менен капталган калпак, экинчи айтылышы - кара калпак), көк туулга, көк рапыс тон.

7.Жан-жаныбарларда: Көк түс - Көк бука; мифтик көк бука жер шарын мүйүзүнө көтөрүп турат. Көк бөрү – Түрк каганатын негиздеген уруунун тотеми. Көк тулпар, көк шумкар, көк ит, көк кептер же көгүчкөн. Көктүн кара түскө өтүп айтылышы: кара дөө, кара буура, кара чаар жылаан, кара чаар кабылан,

8.Тамак-ашта: Көк түс - Көк чөп, кара аш, кара өрүк,

9.Миф-жомоктордо: Көк түс - Көк дөө.

1о.Мамлекеттик түзүлүштө: Көк түс - Көк ордо, көк чатыр.

11.Башка элдерде: Көк түс – аралашма түс: ал суюлуп отуруп - ак түскө, коюлуп отуруп – кара түскө өтөт. Көк түс кээ бир элдерде аза күтүүнүн белгиси. Күйөөсү кайтыш болгон аял кыркы чыккыча - кара, жылдыгы берилип, ашы өткүчө - көк киет ж.б.

[389] Кыргызча айтылышы – “Көктур” – Б.Т.
[390] Посейдон – деӳиз кудайы.

12.Тотеми: Көк бука. Негизи Сол Канат урууларынын тотемдери суу стихиясы менен байланышкан жаныбарлар.

Кытай тарыхчылары кыргыздарды түрк тегине жаткан элдерден бөлүп: “Ак жуумал, сары чач, көк көз Кыргыз (“тяньгун”) эли келип чыгышы боюнча “бөрү” тегине жатпайт. Кыргыздар Кудай менен тоодогу үңкүрдө жашаган Уйдун катышынан келип чыккан”[391] деп жазышкан. Ал эмне деген кудай экенин Алтай-Сайан аймагында жашашкан элдердин мифтеринен билебиз. Алардын ишеними боюнча Көкө Теңирден кийинки “**Үлкөн**[392] кудайынын тогуз уулунун бири–адамдардан салтты, наркты сактоону жана эл башчыларынан адилеттүү башкарууну талап кылган “каардуу” Кыргыз хан экендиги айтылат. Асман кудайы - Үлкендин “тогуз уулунун”[393] ичинен ал бүткүл адамзаттын үстүнөн сот бийлигин жүргүзүү укугуна ээ болгон”[394].

Бир жомокто бука: “мени хандын кызына үйлөндүр” деп айтат. Биринчи күн жатарда бука терисин чечип, келишкен сымбаттуу жигитке айланат. Бирок, жигит уктаганда кыз туруп, эртен дагы букага айланбасын деп, терини өрттөп салат. Жигит туруп, кыз терисин өрттөп салганын көрөт да, куугa айланып, асманга учуп кетет[395]. Бул жерден да, биз суу стихиясы менен байланышкан ортоңку дүйнөнүн жаныбары – “бука”, суу стихиясы менен байланышкан Жогорку дүйнөнүн жаныбары- “куугa” айланып кеткенин көрүп атабыз.

Евразия элдеринин жомокторунда жана уламыш-мифтеринде буканын адамга, адамдын букага айланган сюжеттери көп учурайт. Түрк-монгол элдеринин ишенимдеринде күчтүү шамандардын, Тибет-бирма элдеринин ишенимдеринде ата-бабалардын арбактары - масангилердин, индуизмде –

---

[391] Кызласов Л.Р. История Южной Сибири всредние века, М., 1984ж., Кысшая школа. –С. 32. \\ 8-к. Ю-ян цзацзу, Гл-4. –С.2.
[392] Адабияттарда “**Ульген”** деп айтылат. Анын маанисин көпчүлүк изилдөөчүлөр, анын ичинде М. Ажы да “өлгөн” деген сөз менен байланыштырат. В. Я Бутанаев анын мааниси “**чоў”, “улуу**” дегенди билдирет дейт. Менин жеке пикиримде да В.Я. Бутанаевдин пикири туура. Бул сөз казак тилинде жогоруда биз бергендей “**Үлкөн**” формасында сакталган.
[393] Кээ бир варианттарда “алты”, “сегиз” уулу бар деп айтылат.
[394] Бутанаев В. Я., Топонимический словарь Хаксско-Минуисинского края, Абакан, 1995г., **с-192**.; Бутанаев В.Я., И.И. Бутанаева, Энесай кыргыздары: фолклор жана тарых, Бишкек, 2002-ж., Сорос фонду, **37-бет**, кырг которгон О. Каратаев.
[395395] БНТ. Волшебные сказки. Сказки о животных. Уфа, 1989. Т.4. -С.126-127.

өлгөндордүн жаны букага же уйга айланып кетет. Кытай баатырлары, жарым кудайлар, түп аталар Ли Бин жана Сюй-Чжэньцзюнь да ушундай эле касиетке ээ[396].

Шумер мифтеринин биринде абанын кудайы – Энлил от көздүү букага айланат[397]. Ал эми шумер эпосундагы Билгамештин досу (аккад: Гильгамеш) Энкидунун көрүнүшү: жарымы - бука, жарымы - адам[398]. Күн кудайы – Шамаш, Билгамештин түшүнө бука кейпинде кирип, асмандан түшүп келет[399]. Хет элинин мифтеринде тоолорду мүйүзү менен сүзүп жылдырган мүйүздүү кудай - адамга, же тоодой алп букага айланат[400]. Байыркы семит урууларынын кудайларынын бири – Илунун (финик: Эл, иврит: Элохим) экинчи ысмы – Бука. Ал эми Угарит поэмаларынын биринде бука жогорку семит кудайы – Илунун атасы делет[401]. Кээ бир окумуштуулар бул кудайдын ысмын исламдагы Аллах теоними менен байланыштырышып, “Илу” анын ысмынын алгачкы айтылышы[402] деп болжолдошот.

Иран мифологиясы боюнча, ыйык ата журт Ариана-Вайжанын улуу букасы–Гопатшах, Биринчи адам Гайомарта менен окшоштурулат[403]. Байыркы индус гимндеринде биринчи падыша Притхи уй кейпиндеги жердин суроосу боюнча Биринчи Адамды торпок кейпинде жаратат[404]. Грек мифологиясында, Агенора падышанын айдай сулуу кызы Европаны ала качарда, башкы кудай, кудайлардын падышасы Зевс да ак букага айланып, асмандан жерге түшүп келет.

---

[396] 1. Абдулкадир Инан. Шаманизм тарихта Ьэм беген. 0фв, 1998. -С.107.; 2. Журба Т.А. Образ коня в сибирском шаманстве // Второй Международный конгресс этнографов и антропологов. Резюме докл. И сообщ. Уфа, 1997. 4.2. -С.112.; 3. Мифологический словарь. М., 1991. -С.316, 326, 336, 350, 522.
[397] Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. Ростов-на-Дону, 2000. -С.41.
[398] Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1. -С.407.
[399] Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. Ростов-на-Дону, 2000. -С.84.
[400] Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. Ростов-на-Дону, 2000. -С.98, 106.
[401] Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. Ростов-на-Дону, 2000. -С.144.
[402] Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. Ростов-на-Дону, 2000. -С.118, 128, 144.
[403] Мифологический словарь. М., 1991. -С.158.
[404] Мифологический словарь. М., 1991. -С. 450.

Эки бир тууган Хасан жана Хусаин жөнүндөгү тууралуу жомокто жер титиреткен зор бука аялга ашкандан кийин эгиз балдар жарык дүйнөгө келишет[405].

Табын жана Канглы урууларынын курамындагы Башмак (бир жылдык торпок) уругунун аты, кээ бир башкыр уруулары байыркы убакта өздөрүнүн келип чыгышын бука менен байланыштырышканын кабарлайт[406].

Евразия жана Африка элдеринин мифтеринде жана жомокторунда эл башкарган баатырлар жана кудайлар уйдан же букадан төрөлүшкөнү тууралуу маалыматтар кенири учурайт. Байыркы түрк урууларынын ичинен огуздар, бурят урууларынын ичинен эхирит менен булагаттар, тибет урууларынын ичинен нголоктор менен цяндар, ошондой эле байыркы кытай (ханзу) уруусу Ся бука менен топозду өздөрүнүн түпкү ата-бабалары катары эсептешкен[407].

Армян элинин эл башкарган эгиз баатырлары Ерванд менен Ервaз букадан төрөлгөн балдар деп баяндалат[408]. Ал эми Корей элинин мифи боюнча, күн-аял уйдун кызы[409]. Веда гимндеринде бороондун жана чагылгандын кудайы маруттар ала уй көрүнүшүндөгү кудайдын балдары[410]. Байыркы индус фольклорунда Уй Биринчи Адамдын энеси[411] деп айтылат. Сурабхи жөнүндөгү уламышта, душманды талкалап, кубалаган укмуш баатырлар уйдан төрөлүшөт[412]. Ушундай эле миф хуррит[413] мифологиясында да учурайт. Угарит кудайы – Балу уй менен катышып, торпоктун атасы болот. Ал эми египеттиктердин башкы кудайы, кудайлардын падышасы Ра - “Асман Уйунун баласы”[414]. Скандинавия элдеринин мифи боюнча, кудайлардын

[405] БНТ. Богатырские сказки. Уфа, 1988. Т.3. -С.288-292.
[406] Кузеев Р.Г. Очерки исторической этнографии башкир. Уфа, 1957. 4.1. -С.53, 56.
[407] Мифологический словарь. М., 1991. -С. 104-105, 214, 407
[408] Мифологический словарь. М., 1991. -С.211.
[409] Мифологический словарь. М., 1991. -С.215.
[410] Мифологический словарь. М., 1991. -С. 350.
[411] Мифологический словарь. М., 1991. -С. 455.
[412] Мифологический словарь. М., 1991. -С.125.
[413] Мифологический словарь. М., 1991. -С.624.
[414] Мифологический словарь. М., 1991. -С.460.

түпкү бабасы, башкы кудай одиндин чон атасы Бури, абдан зор Уй муздак ылайды жалагандан пайда болот[415].

Бир жагынан баатырлар жана кудайлар Уйдан же Букадан төрөлүшсө, экинчи - башка бир мифтерде уйду же буканы кудайлар жаратат. Байыркы индус мифиндеги таңкы асмандын кудайы - Ушас "уйлардын энеси" деп айтылса, чагылгандуу булуттун жана жамгырдын кудайы – Паржанья "буйволдордун атасы" делет[416]. Ал эми Крит өлкөсүнүн каныкеси Пасифая, падыша Миностон "бука баштуу Минотаврды" төрөйт[417].

Фольклордук чыгармаларды талдашкан окумуштуулар уй же бука тууралуу мифтер негизинен "эненин" же "атанын", башкача айтканда, сүт менен азыктандыруучу тарбиячынын кызматын аткарарын айтышат. Хет уламыштарында бир күң аял кудайдын уулунан бир уул төрөйт, аны кудайлар жашашкан алыс жерге алып барышып, уйдун сүтү менен азыктандырышат[418]. Атактуу Фирдоусинин "Шах наме" дастанында да мифтик падыша Феридун төрөлгөндө аны энеси Бирмайе деген уйдун сүтү менен багып[419], грек мифинде Посейдондун эгиз уулдары Беот менен Эол уйдун сүтү менен чоңоот. Ал эми Аудумла деген уй жер жүзүндөгү элдердин түпкү атасы болгон скандинавиялык Имирди өзүнүн сүтү менен эрезеге жеткирет[420].

Тотем катары уй же бука жол баштайт, баатырларга байлык берет: малдын тукуму көбөйөт, жетим балдарды кырсыктардан, ач калуудан коргойт, түшүмдүүлүктү жогорулатат, элге жыргал жашоо апкелет.

Башкыр элинин эпосунда Урал баатырдан женилген Катила падышанын букасы Урал тоолорунун этегине өз уруусун баштап, алып келет[421]. Башкыр элининин ишениминде "коңур бука" же "конур уй" малдын санын көбөйтүп, тукумун жакшыртат. Конур уйдун сүтү дары деп эсептешет башкырлар, ошол

[415] Мифологический словарь. М., 1991. -С. 103.
[416] Мифологический словарь. М., 1991. -С.428, 566.
[417] Мифологический словарь. М., 1991. -С.431.
[418] Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. Ростов-на-Дону, 2000. -С. 107.
[419] Галлямов С. Башкорды от Гильгамеша до Заратустры. Уфа, 1999. -С.30.
[420] Мифологический словарь. М., 1991. -С.71, 244.
[421] БХИ. Эпос. Беренсе китап. 0фо, 1972. -С.131.

үчүн алар коңур түстөгү уйлардын тукумун үзүшпөйт жана жакшы сакташат[422]. Жакшы тукум берген уйлардын же букалардын моюнуна тумар тагышат. Ал эми сойгон учурда уйдун да, буканын да жыныс органдарын итке беришпейт, аны короо сарайдын бир жерине терең казып, жерге көмүшөт. Буканын тукумун эркектер бышырып жешет, ал эркектерге күч-кубат берет. Башкырлардын ишеними боюнча, уй түшкө кирсе байлык, кирешe болот. Алар уйду же буканы сатканда, жибин беришпей, үйүнө алып кетишет. Алар жип менен кошо мал, байлык кетип калат дешет.

Якуттардын ишеними боюнча, өлгөн бука өзү менен кошо кутту алып кетиши мүмкүн. Сайан-Алтай элдери көк буканы ыйык тутушат, алардын ишенимдери боюнча көк бука байлык, бакубат жашоо апкелет[423]. Ригведада космикалык уй анын изин баскан адамга зор күч-кубат берет[424].

Байыркы индус мифинде уй кейпиндеги Дакшина деген кудай аял да адамдарга байлык, бакыт апкелет. Ал эми Сурахи деген уй өз ээсинин ар кандай каалоосун аткарат. Авестада Буканын жаны менен Эне уйдун жаны улуу кудай Ахурамаздага кайрылып: “жердеги хандарга адилет башкаруу бер”, “эл арасына тартип бер” деп суранышат[425].

Библияда бакшылардын башчысы, еврей урууларынын биринин бийи - Аарон, Ханаанга барчу жолду көрсөтсүн деп, өз эли үчүн буканын тулкусун алтындан куюп, кут кылат[426].

Бир мифте Зевстин небереси Илге бакшы: ала уйду ээрчип бар да, ал токтогон жерге шаар кур, ал кийин Грецияны атак-данкка бөлөйт дейт. ошентип, оракулдун айтканы менен Ил ала уй токтогон жерге Троя шаарын курат[427].

Б.з.ч. 1Y мин жылдар мурун бейишти элестеткен Бахрейин аралындагы Дилмун шаарынын кире беришиндеги имараттардын алдында зор букалардын

---

[422] БЫТ. Эпос. Уфа, 1987. Т. 1. -С.507.
[423] Сэгитов М. Боронго башкорт кобайырлары. Офе, 1987.-С.196.
[424] Всемирная история. Становление государств Азии. Минск, 1999. Т.5.-С.416-417.
[425] Мифологический словарь. М., 1991. -С.137.
[426] Библейские легенды. Пересказ М.Письменного. М., 1991.-С.82.
[427] Кун Н.А. Легенды и мифы Древней Греции. Ростов-на-Дону, 2000.-С.257.

статуялары шаарды кайтарып турушкан[428]. Ушундай канаттуу букалардын зор эстеликтери Ассириянын борбору Ниневия шаарын да коздоп, атак-данкка бөлөгөн[429]. Ошондой эле Крит аралындагы Минос падышалыгын да (б.з.ч. 2 мин ж.ж. мурун) ар кандай кырсыктардан жана жамандыктардан коргоп турушкан зор букалардын эстеликтери табылган.

Индус мифтери боюнча, буканын жыныс органы күч-кубаттын, уруктун жана молчулуктун символу.

Дүйнөлүк мифологияда бука (уй) суу стихиясы менен байланышат. Бир башкыр эпосунда Акбозат, Шүлген көлүнөн өзүнүн үйүрү менен кошо бир бада уйларды ээрчитип, жээкке чыгып келет[430]. Дагы бир мифте чөл менен суусаган элди ээрчитип бараткан бука  бир жерге келип, туяктары менен жерди чапчып, суу чыгарат[431]. Чуваш мифтеринде көлдүн ээси бука кейпиндеги дух болот. Түрктөр да Карахисарга жакын жердеги Ойнар көлүнүн ээси бука образындагы дух дешет[432].

Кыргыз элинин ишениминде жерди көк бука мүйүздөрүнө көтөрүп турат. Анын мүйүздөрү талып, көтөрүп турган жерди бир мүйүзүнөн экинчи мүйүзүнө которгондо, жер титирейт[433]. Алтай элдеринин бир мифи Тенир жерди жаратарда, ылайды океандын түбүнөн буканын терисине ороп, алып чыкканын кабарлайт. Ушундай эле сюжет кыргыздарда, казактарда[434], калмактарда, осетиндерде, ингуштарда, чечендерде ж.б. да айтылат.

Ыйык жаныбар катары бука кудайлар, жарым кудайлар, баатырлар минип жүргөн унаа катары да кызмат кылат. Мисалы, бука - даосизмдин негиз салуучусу акылман Эр Линин (Лао цзы)[435], индус кудайы - Шиванын[436],

---

428 Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1.-С.441
429 Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1.-С.432.
430 БЫТ. Эпос. Уфа, 1987. Т. 1.-С.140.
431 Солэймэнов Э., Рэжэпов Р. Башкорт халкыныц архаик эпосы. 0фе, 2000.-С.82.
432 Гордлевский В.А. Избранные сочинения. Т.III. Из османской демонологии. М., 1962.-С.132.
433 1. Надршина Ф.А. Исторические корни башкирских преданий и легенд //Башкирский фольклор: исследования последних лет. Уфа, 1986.-С.19.; 2. Полевой дневник Илимбетовой А.Ф. 2000 г.-С.72.
434 Надршина Ф.А. Исторические корни башкирских преданий и легенд //Башкирский фольклор: исследования последних лет. Уфа, 1986.-С.19
435 Мифологический словарь. М., 1991.-С.69-70.
436 Мифологический словарь. М., 1991.-С. 624.

байыркы Египет кудайы Ранын[437], байыркы еврей кудайы Яхвенин[438] минип жүрүүчү унаасы.

Бука байыркы көп элдерде, мисалы, шумер-аккаддарда[439], еврейлерде[440], ирандыктарда[441], гректерде[442], анттарда[443] ж.б. кудайга арнап курмандыкка чалынчу башкы жаныбар болгон. Башкырларда да бука курмандыкка чалынган негизги жаныбар катары эсептелген[444].

Бука менен ойноо Чатал-Күйүктөгү (Кичи Азия) жана Крито-Микен доорундагы сүрөттөрдө (б.з.ч. Ү11 мин жылдар мурун) чагылдырылган[445]. Жомоктордо адам жечү букалар тууралуу да маалыматтар айтылат. Башкырлардын Кинйэгол (Кинзягул) деген жомогунда бир бай кызматчысын өлтүрүп, өлүгүн буканын алдына таштайт[446]. Ал эми Алтай-Сайан элдеринин мифтеринде, жер түбүндөгү дүйнөнүн ээси - бука баштуу Эрлик кудай түндө жер түбүнөн чыгат да, канга тойуш үчүн сулуу аялдарды жана эркектерди өлтүрөт.

Байыркы гректердин мифтеринде, Крит аралындагы өлкөгө, ар бир тогуз жылда бир жолу жетиден он төрт улан-кыздарды бука-адам Минотаврга жегенге жөнөтүп турушкан. Бука ошондой эле жер түбүндөгү алтын-күмүштөр жаткан жерди кайтарган жаныбар болуп да саналат. Кээ бир чыгармаларда бука терс каармандарга кызмат кылат. Мисалы, Урал баатыр падыша Катиланын кызынын сунушун четке каккандан кийин, намыстанган падыша ага каршы тоодой болгон бир буканы жиберет. Урал баатыр буканы

---

437 Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1.-С.318.
438 Мифологический словарь. М., 1991.-С.231
439 Галлямов С.А. .Урал батыр. и шумерский эпос о Гильгамеше //Башкирский фольклор. Уфа, 2000. Вып.4.-С.130.
440 Библейские легенды. Пересказ М.Письменного. М., 1991.-С .32.
441 Мифологический словарь. М., 1991. -С. 482.
442 Кун Н.А. Легенды и мифы Древней Греции. Ростов-на-Дону, 2000.-С.33.
443 Карамзин Н.М. История государства Российского. В четырех книгах. Ростов-на-Дону, 1994. Книга первая.-С.87.
444 Грязнов М.П. Бык в обрядах и культах древних скотоводов // Проблемы археологии Европы и Северной Америки. М., 1977.-С.81-88.
445 Грязнов М.П. Бык в обрядах и культах древних скотоводов // Проблемы археологии Европы и Северной Америки. М., 1977. -С.86.
446 Селэймэнов Э. Экиэттэ хэкикэт (Башкорт халкыныц кенкуреш экиэттэренец жанр составы, сюжет торлолого, тормош ерлеге). Эфе,1997.-С.283.

мүйүзүнөн кармап, жерге тизесинен киргенче ныгырат да, үстүнкү тиштерин сындырып, мүйүздөрүн ийретип, ийип салат. Ошондон кийин буканын үстүнкү тиштери жок болуп, мүйүздөрү ийрейип калган экен[447].

Көп жомоктордо хан кызын бериш үчүн баатырларга бир мүйүзү асманга жеткен, бир мүйүзү жерди чийген тоодой болгон буканы жеңе турган шарт койот. Баатырлар буканы өлтүрүп, же женип, хандын кызына үйлөнүшөт[448]. Кудайлар менен баатырлардын бука менен болгон күрөшү Евразия элдеринин оозеки чыгармаларында кеңири таралган сюжеттердин бири болуп саналат. Баатыр менен буканын кармашы тууралуу сюжет эң алгач б.з.ч. 111 миң жылдар мурун шумерлердин “Билгамеш” эпосунда да чагылдырылган. Анда эпостун башкы каарманы - Билгамеш досу Энкиду экөө Инаннанын сунушун четке кагып, таарынтып койгону үчүн, кызынын суранычы менен асмандан Ан кудайы жиберген бука менен кармашып, аны жеңишет[449]. Сыягы, шумерлер бул сюжетти түпкү ата журту Алтайдан алып кетишсе керек? Анткени, дал эле ушул сюжет кийин арий мифологиясында Жарыктын жана Жайыттын кудайы Митра менен буканын кармашы катары айтылат[450]. Ахурамазда жараткан Биринчи бука Ахриман (башка вариантта Кави Усан) тарабынан өлтүрүлөт[451]. Грек мифологиясында Геракл адегенде бука кейпиндеги дарыянын кудайы – Ахелайды, кийин Крит букасын жеңип, аны минип алып Микен шаарына келет[452]. Титан Прометей болсо, жапайы буканы кармап, ага камыт кийгизип жер айдайт[453]. Ал эми Тесей болсо, Марафон букасын, андан кийин бука кейптүү Минотаврды өлтүрөт[454].

Скандинавия мифологиясында чагылгандын жана бороондун кудайы Тор коркунучтуу бука менен кармашып, аны женет[455]. Ушундай эле сюжет

---

[447] БХИ. Эпос. Беренсе китап. 0фо, 1972.-С.57-58.
[448] БНТ. Богатырские сказки. Уфа, 1988. Т.3.-С.199, 208.
[449] Эпос о Гильгамеше. М.изд. ЭКСМО. 2005.-С.99-102.
[450] Мифологический словарь. М., 1991.-С.500.
[451] Галлямов С. Башкорды от Гильгамеша до Заратустры. Уфа, 1999.-С.22, 38, 64.
[452] Кун Н.А. Легенды и мифы Древней Греции. Ростов-на-Дону, 2000.-С.133, 152.
[453] Кун Н.А. Легенды и мифы Древней Греции. Ростов-на-Дону, 2000.-С.76.
[454] Кун Н.А. Легенды и мифы Древней Греции. Ростов-на-Дону, 2000.-С.133, 182, 184.
[455] Мифологический словарь. М., 1991.-С.546.

Тува жана Алтай элдеринин жомокторунда да айтылат - баатырлар тоодой зор букалар менен алышып, аларды женип, өздөрүнө жардамчы кылып алышат[456]. Байыркы кытай мифологиясында Хоу-И адам жегич буканы өлтүрсө, Ли Бинь бука кейпиндеги дарыянын ээсин өлтүрөт[457].

Ошентип, Бука Евразия элдеринин мифтеринде жана жомокторунда эки түрдүү кызмат аткарат. Бир жагынан ал түп ата, ыйык жаныбар, адамдарды колдоочу жана сактоочу, аларга байлык, бийлик апкелүүчү болсо, экинчи жагынан Кара Жин катары карангынын жана түпкү дүйнөнүн ээси. Бул карама-каршылыктар букага сыйынган элдер менен букага душман элдердин ортосунда илгертен эле ар кандай уруш-талаштар жана согуштар болгонун кабарлайт. Мисалы, пайгамбар Муса букага сыйынуу салты менен күрөшсө, башкы бакшы Аарон буканын жактоочусу болгон[458].

Букага сыйынуу салты Азия, Европа, Африка элдерине кенири тараган. Ал ушул мейкиндикте жашашкан элдердин дүйнөтаанымында диний-мифологиялык багыттагы система болгон. Букага сыйынуу салты алгач каерде пайда болгон? Алгач археологдор б.з.ч. 45-37 миң жылдар мурун көмүлгөн ыйык буканын сөөгүн Палестинадан табышкан[459].

Жогоруда Бука суу стихиясы менен байланышкан жаныбар экенин айтканбыз. Ал эми суу болсо, андан баары жаралган Биринчи элемент[460]. Бүгүнкү күнү кайсы эл биринчи болуп букага сыйынганын айтыш кыйын. Илимде алгачкы палеолит доорунан баштап, бул аймакта жалпы этномаданий жана тили бар ностраттык тилде сүйлөшкөн элдер жашашкан.  Бул мезгилде букага сыйынган элдердин борбору Алдынкы Азия болгон. Б.з.ч. XI-VIII кылымдарда журт которуп жашашкан элдер бул салтты Түндүк Африка, Алдынкы Азияга жана Борбор Азияга алып кетишкен.

---

[456] Сэгитов М. Боронго башкорт кобайыр^ары. Офе, 1987.198.
[457] Мифологический словарь. М.1991.-С.
[458] Библейские легенды. Пересказ М.Письменного. М., 1991.-С.83.
[459] БСЭ.М., 1973. Т.П.-С.443.
[460] Мифологический словарь. М.1991.-С.661., 666.

Ошентип букага сыйынуу салты көпчүлүк илимпоздордун айтуулары боюнча, афразиаттык мейкиндикте жашаган байыркы Египет жеринде пайда болгон. Эгер протошумер жеринде буканын табылган сөөктөрү б.з.ч. 1Y мин жыл мурунку мезгилге таандык болсо, Жогорку Египетте букага сыйынуу салты б.з.ч. Y1-Y мин жылдар мурунку мезгилдерге таандык[461]. Эң кызыгы Егиипет пантеонуна таандык "17" кудай букага сыйынуу салты менен байланышкан. Ал эми "13" кудайдын сырткы кейпи - бука же уй. Кудайлардын падышасы, улуу кудай – Ра болсо, Асман уйунунан төрөлгөн алтын Торпок[462]. Башка элдерде кудайлар букага же адамга айланса, Египетте бука менен уй өздөрү кудайлар болуп саналат. Окумуштуулар байыркы элдер алгач айбан жаныбарлар кейпиндеги кудайларга сыйынышканын далилдешкен[463].

Акырында айта турган сөз: башка элдерге караганда байыркы Египетте букага сыйынуу салты эрте аныкталган. Египет мифтеринде бука (осирис же анын букасы Апис) кейпиндеги Төмөнкү дүйнөнүн "ээси" же өкүлү катары учурабайт. Ал турсун букалар алгач Жогорку дүйнөнүн ээлери болушкан. Египетте ошондой эле баатырлар менен букалардын күрөшү тууралу байандаган сюжет да жок.

Мифологияда буканын түсү да чон мааниге ээ. Мисалы, чуваш мифоллогиясында "конур бука" ыйык жаныбар катары эсептелсе, кытай мифологиясында кудайлар же баатырлар "кара букага" же "кара уйга" айланышат. Эрликти өлтүргөн Ямантака кара көк түстөгү бука. Жер түбүнүн ээси -Эрликтин, тибеттик жамгыр кудайы - Лунун, индус кудайы - Яманын жана Лао цзынын минген букалары кара түстө болушкан[464]. Байыркы Египетте да "кара бука" ыйык деп эсептелген. Кудай деп эсептелген Апис, Бухие, Мневис – кара түстөгү букалар болушкан.

---

461 Всемирная история. Каменный век. Минск, Москва, 2000. Т.1.-С.199,203.
462 Мифологический словарь. М.1991.-С.52, 88. 105, 258, 262, 366, 372, 405, 509, 586, 589.
463 Першиц А.И., Монгайт А.Л., Алексеев В.П. История первобытного обш,ества. М., 1982.-С.4.

464 Мифологический словарь. М., 1991.-С.311, 324, 639, 649

Алгачкы букага сыйынуу салты калыптанган жерде адамдар кандай түстөгү букага же уйга сыйынышканын так айтыш кыйын. Мисалы, түндүк нилоттордо суудан биринчи чыккан уй ак түстө болгон[465]. Грек мифологиясында күн кудайы Гелиостун букалары да ак түстүү букалар. Анын уулу Авгийдин 3оо ак, 2оо кызыл букасы болгон. Окумуштуулардын жазгандары боюнча, байыркы Египетте кара түстөгү уйлар же букалар аз болгон, ошондуктан алар аны ыйык тутушкан болуу керек?

Мифологиялык дүйнө таанымда уй – түшүмдүн, молчулуктун, байлыктын, жыргал жашоонун символу. Египеттик мифтердин бириндe, үстүнө Күн кудайы – Раны тургузуп алган Уй океандан сурулуп чыгат да, Көккө көтөрүлүп, Асманга айланып кетет[466]. Менин пикиримде, дал ушул египет мифинин сюжети Туран аймагындагы Тамгалы аскасындагы таштарда сүрөт көрүнүшүндө тартылып турат. Асмандын ээси жана улуу кудайлардын энеси - Хатхорду да египеттиктер "касиеттүү уй" образында элестетишип, аны, эки мүйүзүнүн ортосуна тегерек күн орнотулган "көк уй"[467] көрүнүшүндө сүрөткө тартышкан.

Тотемдик ишеним боюнча байыркы арийлердин энеси да - "касиеттүү уй"[468]. Бүгүнкү күнгө чейин индус брахмандарынын уйга "ыйык, касиеттүү жаныбар" катары мамиле жасаганы да ошол "арий" деген ат менен тарыхка түшкөн байыркы ата-бабалардан калган салт. Бука же уй – хундар менен скифтердин да башкы тотеми болгон. Хундар өздөрүн "касиеттүү уйдун балдарыбыз"[469] дешкен. Грек мифологиясында Бука – улуу кудай Зевстин, ал эми Уй - байбичеси жана көптөгөн кудайлардын энеси Геранын тотеми"[470].

Байыркы доорлордо ыйык букага сыйынуу салты өтө кеңири аймакка (Чыгыш, Борбордук, орто, Алдынкы, Батыш, Түндүк Азия, Чыгыш Европа,

---

465 Мифологический словарь. М., 1991.-С.406.
466 Мифы народов мира. Энциклопедия. 2-т., М., СЭ, 1992. -С.5.
467 Көк уй – "асман уй" (орус: "небесная корова").
468 Буровский А., Арийская Русь, М., "Яуза", "ЭКСМО", 2007. -С.11.

469 Буровский А., Арийская Русь, М., "Яуза", "ЭКСМО", 2007. -С.77.
470 Демин В.Н., История гиперборейи, М.. "Вече". -С.61.

Түндүк Африка ж.б.) тараган жана көп элдерде Кудай "бука" образында кабыл алынган. Ал эми бука өзү болсо, Асмандын символун билдирген. Окумуштуу Н.Мацокиндин пикири боюнча, бука тотеминин айкелдери жер шарынын ар кайсы чөлкөмдөрүнөн табылып жатканына карабай, алардын баары бир тамырга келип такалат"[471]. Эгер жогорку окумуштуунун: "Бука же Уйга болгон тотемдик ишеним түбү бир тамырдан тарайт" деген илимий болжолун эске алсак, анда байыркы кыргыздар - байыркы египет, грек же немис жана индус брахмандары менен тамырлаш деп айтууга негиз пайда болот.

Евразия аймагындагы Афанасьев, Самар, Абашев жана Андронов маданияттарына (б.з.ч. III – II мин жылдар мурун) таандык дөбөлөрдөн букалардын сөөктөрү табылган. Ушул аймакта жашашкан элдердин арасында түрк уруулары байыртан эле башчылык катмарда болушканы белгилүү. Ошол үчүн алардын мифтеринде баатырлар дайым букаларды жеңишет. Андан улам аягында төмөндөгүдөй жыйынтыкка келебиз:

1. Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында, салттарында буканын адамга айланышы тууралуу сюжеттер жана мотивдер кенири чагылдырат. оозеки чыгармаларда Буканын аялга үйлөнүп жашашы, же уйдан төрөлгөн бала, же уй багып алган бала ж.б. айтылат.
2. Жомоктордо, уламыштарда жана ишенимдерде зооантропоморфтук букалар же уйлар адамдарды жана бадаларды колдоочу, жол баштоочу, адамдарга байлык, бакыт тартуулоочу пирлер ролунда көрүнөт. Мифтерде бука же уй байлыктын жана жыргал жашоонун символу катары чагылдырылат.
3. Байыркы элдердин салттарында, уйду же буканы курмандыкка чалууну чагылдырган элдик оюндарда, байыркы букага сыйынуу ырым-жырымдары, курмандыкка чалынган буканын этин жалпы эл келип жеген салттын элементтери жатат.

---

[471] 1. Сборник статей профессоров и студентов, приуроченный в XY111 годовщине основания Восточного института, Владивосток, 1917. -С.48.; 2. Айтмуратов Д., Тюркские этнонимы, Нукус, Каракалпакстан, 1986. -С.135.

4. Мифте бука же уй суу стихиясы менен байланышат: алар суудан чыгышат, же туяктары менен жерди казып, суу чыгарышат, сууларды буруп, каналдарды казышат. Жогорку фактылар балыктын жонунда туруп, жерди көтөрүп турган алп буканы эске салат, же Жерди жаратуу үчүн кудай ылайды океандын түбүнөн буканын терисине салып суунун үстүнө көтөрүп, алып чыгат. Бул мифтердин баарынын башаты – "баары суудан келип чыккан" деген байыркы Египет, Месопатамия, Иран, Индия жана Греция мифтеринде жатышы мүмкүн.
5. Балким байыркы кут букага сыйынуу учурунда адамдар адамды курмандыкка чалган салт болушу да мүмкүн? Анткени, кээ бир элдердин жомокторунда адам жеген бука тууралу да айтылат.
6. Элдик оозеки чыгармаларда буканын образы жиндерди коргоочу күч катары да чагылдырылат. Баатырлар букалар менен кармашат (Урал баатыр, Карача баатыр ж.б.). Бул сюжеттин байыркы үлгүлөрүн (б.з.ч. 3 мин жылдар мурун) шумер-аккад эпосторунан көрөбүз. Буканын мындай эки образда чагылышы – байыркы букага сыйынган жана ага баш ийгиси келбей, каршы чыккан элдер менен болгон кагылышуулардын чагылдырылышы деп ойлойбуз.
7. Алгачкы элдердин мифтеринде бука адамга гана эмес, кудайга айланганын же кудайлар өздөрү бука кейпинде болушканын да көрөбүз. Эгер бугу же багыш көп учурда бакшы адам (жрец) образында берилсе, Бука баатырлар менен кармашкан Кара Күч же улуу кудайлардын тотеми катары берилет. Сыягы бул байыркы башкаруучу топтун тотеми болгондон улам, тагырак айтканда, дал ушул тотемге сыйынган уруу башчы эл болгонун билдирет. Аны биз дал ушул букага байланышкан мифтерден жана "огуз наме" эпосунда чагылдырылган Угуз кагандын образынан билебиз.

## Кызыл уул жана анын тотеми – Бөрү жөнүндө

Кызыл уулдун Жогорку дүйнөгө таандык тотеми – бүркүт, төмөнкү дүйнөгө таандык  тотеми– сары жылаан, ал эми ортонку дүйнөгө таандык тотеми – бөрү, жоокердик тотеми - жолборс. Негизи түпкү арат (сак-сармат-скиф) санжыралары боюнча, башкы бийлик (хандык бийлик) үч бир тууганды ичинен Кызыл уулга таандык. Кызыл уулдун стихиясы от (күн). Байыркы арат бабаларыбыздан тартып бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз салты кичүү уулду "үйдүн ээси" ("ата журттун ээси") катары эсептейт. Улуу уулдардын баары үйлөнүп-жайлангандан кийин ата үйүнөн бөлүнүп сыртка чыгып, өз алдынча түтүн булатып кетишет. Бир гана кичүү уул үйлөнүп жайлангандан кийин да ата үйүндө кала берет. Бул салт арат коомунда башкаруу системасына да салынган. Ошол үчүн миф-уламыштарда улуу уул мураскор экенине карабай, көп учурда кичүү уул ата бийлигин да мурастап калат. Кызы уулдун түсү эмнени билдирет. КЫЗЫЛ ТҮС:

1.Этникалык тарыхта: Кызыл түс - Ичкиликтин түпкү атасы – Көгөй бийдин түсү. Анын байыркы огуз доорундагы түпкү түстүк аты – "Кыр гуз"[472]. Бүгүнкү кыргыз санжырасындагы айтылышы – "Кызыл уул". Ал грек эпосунда – "Геракл"[473], грек кудайларынын ичинен кызыл түс кимге тиешелүү экенин белгисиз[474], скиф санжырасында – "Колоксай", орто кылымдагы огуз санжырасында – "Көк хан", ал эми казак санжырасындагы айтылышы - "Кичи жүз".

2.Асман көрүнүшүндө: Кызыл түс - Күн батыштын белгиси. Кеч кирип бараткан тарап. Б. а. Асмандын күн батып бараткан жагы. ж.б

3.Диний түшүнүктөрдө: Кызыл түс - Кудайдын жарык жана ысык менен байланышкан ысмы, б.а. анын күнгө жана отко байланышкан маанилери. ж.б

4.Жер-суу аталыштарында: Кызыл түс -  Эң биринчи болуп күн тийген жана эң акыркы болуп күн баткан Теңир-Тоонун улуу чокуларынын түсү. ж.б

[472] Күр – "кызыл", күрөў (күр-өў) – "күр-түс" – кызыл түс. Кырмызы – кызыл ж.б.
[473] О. Сулейменовдун жазганы боюнча Гераклдын түрк элдеринде айтылган аты – "Көр - оглу". Менимче анын түпкү туура айтылышы – "Күр-оглу" (Кызыл уул).
[474] Анткени үчүнчү кудай – Аид, жер алдындагы дүйнөнүн кудайы. Анын түсү- кара. Грек мифологиясында Асмандын кудайы менен Тоонун кудайы – бир, Зевс.

5.Адам көрүнүшүндө жана мүнөзүндө: Кызыл түс – көздүн кызылы (кареги), “Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң”. “Көк кирип, кызыл чыксын” деп антташкан ата-бабаларыбыз. Жаш курагы боюнча “кара сакал” (“жерде сакал”) адам. Кызыл - күрөштүн жана кармаштын, төрөлүүнүн жана өлүүнүн, жандын жана кандын, жаштыктын жана сүйүүнүн түсү. Ал эң башкысы - кыймылды жана тирүүлүктү түшүндүрөт ж.б.

6.Кийим-кечекте: Кызыл түс – кызыл калпак (кайруусу кызыл баркыт менен капталган), кызыл тебетей, кызыл жолук жалжалым, кызыл көйнөк делбир. Ошентип кызыл түс - күч-кубаттын жана сулуулуктун, гүлдөөнүн жана толуп-ташуунун түсү. ж.б

7.Жан-жаныбарларда: Кызыл түс – кызыл бука, кызыл ат, кызыл ит (сары ит деп да айтыла берет) ж.б.

8.Тамак-ашта: Кызыл түс - Кызыл алма, кызыл алча, алтындын жана алмаздын түсү. ж.б

9.Миф-жомоктордо: Кызыл түс – кызыл дөө (кара дөө-?), эски сөздөр: “кыргыздын кызыл кыздары” же “кыпчактын кызыл кыздары”, ж.б

1о.Мамлекеттик түзүлүштө: Кызыл түс - Кызыл ордо, кызыл үй, ж.б

11.Башка элдерде: Кызыл түс да аралашма түс: суюлуп отуруп – сары, ак түскө, коюлуп отуруп –күрөң, кара түскө өтүп кетет ж.б.

Кызыл уулдун тарыхы бөрү тотемин туткан уруулар менен байланышкан, ошондуктан анын түпкү теги ушул жаныбарга байланыштуу чечмеленет.

Уламыш-мифтерде жана жомоктордо бөрү ыйык жаныбар катары эле эмес, түп ата, колдоочу, коргоочу катары да белгилүү. Бул мотивдердин негизинде адам менен жаныбардын түбү бир, экөөсүн тен кудай жараткан, экөөсү тен Жаратылышты коокдоп, толуктап турат, экөөсү тен бири-бирине айланып жашайт деген ишеним жана дүйнөтааным жатат.

Кыргыздын “Манас” эпосунда Кыдыр баш болгон кырк эрен (чилтендер) адегенде Манаска карышкыр көрүнүшүндө жолугушат да, анан адам кейпине келип, өздөрүнүн кимдер экенин айтып, тааныштырышат[475].

Урал баатыр тууралуу айтылган башкыр эпосунун бир вариантында Уралдын бир тууган агасы жана карама-каршысы, Уралдан да күчтүү жана зор баатыр болом деп, сулуу аялга айланган жылаандын кенеши менен атасынын айтканын укпай, чаначка куюлган бир айбан жаныбардын канынан ичип алат да, ошол замат карышкырга айланып калат[476].

Карышкыр адам тууралуу сюжет палеазиат, урал-алтай, индоевропа жана кавказ элдеринде кенири таралган сюжеттердин бири. Мисалы, алтай элинин Ак Бөкө баатырдын улуу уулу Ак Тайчи ак карышкырга айланат[477]. Якут мифологиясында карышкыр шамандын колдоочу руху[478]. Ал эми өзбек фольклорунда каргышка калган адам карышкыр кейпине келет[479]. Байыркы болгарлардын уламыш-мифтеринде да Симеон падышанын Байан деген уулу каалаганда карышкырга айлана турган касиети болгон[480]. Монгол эпосунда Дайан Күрүл деген баатыр карышкырга айланган кара шаманды өлтүрөт[481]. Орус былиналарында Всеслав Волх Всеславич жана княз Ромaндар карышкырга айлана турган жөндөмү бар[482].

Ушундай эле мотивдеги сюжеттер байыркы индус, шумер-аккад, еврей жана грек мифтеринде да учурайт. “Махабхарат” эпосунун каармандарынын бири Бхиманын эпитети - “Сук Бөрү” (инд: “Врикодар”)[483]. Ал эми “Билгамеш” эпосунда Билгамеш: “Сен эчки кайтарган койчуга сүйүүңдү

[475] СО. Манас.1-китеп. Фрунзе, “Кыргызстан”. 1979. 95-97-бб.
[476] БНТ. Богатырские сказки. Уфа, 1988. Т.3.-С.34.
[477] Тадыкова Н.Н., Кудачина А.К. К вопросу об образе волка в тюркоязычных легендах и сказаниях, а также в алтайском фольклоре //Алтай и тюрко-монгольский мир. Тезисы, статьи. Горно-Алтайск, 1995.-С.29.
[478] Мифологический словарь. М., 1991.-С.129.
[479] Потапов Л.П. Волк в старинных народных поверьях и приметах узбеков // Краткие сообщения Института этнографии АН СССР. М., 1958. Вып.3О.-С.141.
[480] Денисов П.В. Этно-культурные нараллели дунайских болгар и чувашей. Чебоксары, 1969.-С.103.
[481] Кубарев В.Д., Черемисин Д.В. Волк в искусстве и верованиях кочевников Центральной Азии // Традиционные верования и быт народов Сибири. Новосибирск, 1987.-С.113-114.
[482] 1. Былины. Сост. В.И. Чичеров, П.Д. Ухов. М., 1971.-С.173.; 2. Былины. Изд. второе. Сост. Ю.Г. Круглов. М., 1993.-С.26
[483] Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. Ростов-на-Дону, 2000.-С.414.

арнадың, Сен аны түндө жорткон карышкырга айланттың" деп Иштарды урушат[484]. Библияда, Жакыптын 12 уулунун бири Вениамин бөрү касиетинен улам "жырткыч карышкыр" деген атка конот[485]. Аркадийдеги Лиоскур өлкөсүнүн падышасы Ликаон адамдын этин жегизгиси келгени үчүн ачуусу келген Зевс аны карышкырга айлантып салат[486]. Геродоттун жазганы боюнча, скифтердин түндүгүндө Невир деген элдер жашашкан, алар жылдын кайсы бир күндөрү карышкырга айланышкан[487]. Кытай философторунун трактаттарынын биринде 5оо жыл жашаган карышкыр адамга айланып кетет деген маалымат айтылат[488].

Бөрү жөнүндөгү уламыштардын терен тарыхый тамыры бар. Кытай жазма булактарына тайанган Н.Я.Бичуриндин маалыматы боюнча, түрктөр канчык карышкардан келип чыгышкан. Уламышта капыстан баскан душман бүтүн хан айылын чаап кеткени тууралу айтылат. Бир гана он жашар бала тирүү калат. Аны бир канчык карышкыр багып, сактап калат. Бала чонойгондон кийин канчык карышкыр андан он бала төрөйт. Он баладан кийин он урук Түрк эли тарайт. он уулдун башчысы Ашинадан Түрк-Монгол каганаттарын түзгөн атактуу урук өсүп чыгат[489] да, анын өкүлдөрү кийин эки Түрк каганатын, Хазар, Карахан жана Монгол ордолорун түзөт. Чуваш хандары да өздөрүнүн түпкү тегин Бөрү эне менен байланыштырышкан[490].

Ошондой эле төөлөс уруусунун келип чыгышы дөбөт карышкырга барып такалат. Уламышта Хун ханынын айдай сулуу эки кызы болот. Хан аны катардагы адамдарга бергиси келбей, аларды Асманга жибергиси келип, эки кызын эч ким барбаган ээн жердеги мунарага бекитип койот. Төрт жылдан кийин бир карыган карышкыр мунаранын түбүнөн ийин казып, аларды күнү-түн кайтарат. Карышкырдын келишин жакшылыктын жышааны деп эсептеген

[484] Немировский А.И. Мифы и легенды Древнего Востока. Ростов-на-Дону, 2000.-С.86.
[485] Мифологический словарь. М., 1991.-С.121.
[486] Кун Н.А. Легенды и мифы Древней Греции. Ростов-на-Дону, 2000. -С.70-71.
[487] Соловьев СМ. История России с древнейших времен. М., 1988. Т. 1-2.-С.81.
[488] Мифологический словарь. М., 1991.-С. 605.
[489] Бичурин Н.Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. М., Л., 1950. Т.1.-С.220 311.
[490] Культура чувашского края. Чебоксары, 1995. 4.1.-С.129.

эки кыздын кичүүсү улуу эжеси каршы болгонуна карабай, карыган карышкырга турмушка чыгат. Андан күчтүү урук тарап, кийин ал урук өз алдынча мамлекет түзгөн тукумга айланат[491].

Кытай жазмаларында катталган үчүнчү бир уламыш айтылат. Анда хундардын түндүгүндөгү Со деген өлкөдө жашаган бир боз бөрү Жаздын жана Кыштын ээлеринин кыздарына үйлөнүп, андан тараган урпактар кийин өз алдынча өлкө түзгөн хан тукумга айланат[492]. Дагы бир уламышта Угуз хан өзү көк бөрүдөн төрөлөт[493]. Чыңгыз хан чыккан монгол уруусу да өзүн бөрүгө байланыштырып, Бөртө-Чино менен Марал гоа деген эрди-зайыптан таратышат[494].

Карышкыр эр адамдын символу болгон. Мисалы, башкырларда бала төрөлгөндө: “Бөрү төрөлдүбү, же түлкү төрөлдүбү?” деп сурашкан[495]. Алар “бөрү” деп уул баланы, “түлкү” деп кыз баланы айтышкан.

Усундар тууралу маалыматтарда да бөрү тотеми жөнүндө баяндалат. Анда душман усун ханынын айылын чаап кеткенден кийин бир жаңы төрөлгөн эмчектеги жаш бала аман калат. Аман калган ал баланы ала качып бараткан адам, бала курсагы ачып ыйлаганда, аны камыштын арасына таштап, тамак издеп кетип, кайра келсе, баланы бир канчык карышкыр эмизип жаткан болот. Баланын жөн бала эмес экенин белги кылган ал адам аны  Хун ханына алып келет да, болгон окуяны айтат. Аны кудайдан берилген бир сырдуу жышаан катары кабыл алган хан, баланы өз баласындай өстүрүп чонойтуп, кийин элине хан кылып жөнөтөт[496].

Бөрү тууралуу осетин элинин уламыштарында да айтылат. Анда нарт Сабай (осет: Сауайя) карышкырдын сүтүн ээмп чонойот, ал эми нарт Сослан

---

[491] Бичурин Н.Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. М., Л., 1950. Т.1.-С.214-215.
[492] Абделкадир Инан. Якут терклэре // Ватандаш. 2000. №6.-С.181.
[493] Липец Р.С. Лицо волка благословенно... (стадиальные изменения образа волка в тюрко-монгольском эпосе и генеалогических сказаниях) //СЭ. 1981. №1.-С.122.
[494] Владимирцев Б.Я. Общ,инный строй монголов. Л., 1934.-С.53.
[495] Липец Р.С. Лицо волка благословенно... (стадиальные изменения образа волка в тюрко-монгольском эпосе и генеалогических сказаниях) //СЭ. 1981. №1.-С.128.
[496] Липец Р.С. Лицо волка благословенно... (стадиальные изменения образа волка в тюрко-монгольском эпосе и генеалогических сказаниях) //СЭ. 1981. №1.-С.41.

анын сүтү менен дарыланат[497]. Байыркы перс уламышында да атактуу Кир падыша жашында иттин (бөрүнүн) сүтүн ээмп чонойгону тууралу маалымат айтылып калган[498]. Грек мифологиясы Аполлон менен Зевстин кызы Милеттен төрөлгөн Аккала тууралу айтылган баянда, атасынан корккон Милет уулун токойго алып барып жашырат. Аерде аны канчык карышкыр эмизип чонойтот. Ал бала кийин өзүнчө шаар курдуруп, аны башкарып жашайт[499]. Рим шаарын негиздешкен эгиз уулдар Рем менен Ромду эмизип чонойткон Капитолдий канчык карышкыры тууралуу уламыш дүйнөгө жакшы белгилүү[500]. Жогоруда айтылган уламыштардын баары карышкыр ыйык тотем, колдоочу жана коргоочу катары кызматты аткарган жаныбар экенинен кабар берет.

Башкыр уламыштарынын биринде Сыр-Дарыянын жээктеринен келе жаткан башкыр уруулары жолдон адашып калышат, ошол маалда бир карышкыр пайда болот да, алардын алдына түшүп, жол баштап жөнөйт. Карышкыр аларды кум баскан чөлдөн аман эсен алып чыгып, Урал тоолоруна баштап келет. Усерган уруусу карышкырды “корт” деп айтышкан. Аларды жаны конушка карышкыр баштап келгени үчүн аларды башка уруулар ошондон кийин “башкорт” деп аташып калышат[501].

Башка бир вариантта Хантыл аттуу бир миссионер Мединадан Болгар шаарына келет да, аерден бир карышкырдын жол баштоосу менен башкырлар жашаган жерге келип, кийин айлин уруусунун башчысы болуп калат. Карышкыр баштап келгени үчүн кийин Хантылдын тукумун башка уруулар “башкорт” деп атап калышат[502]. Түрк элдеринин мифтеринде карышкыр адашкан адамдарга жол көрсөтүүчү, жол баштоочу катары жакшы белгилүү. Мисалы, “Огуз наме” эпосунда карышкыр асмандан көгүш нур болуп куюлуп

---

[497] Мифологический словарь. М., 1991.-С.509, 554.
[498] Еремеев Д.Е. Тюрк - этноним иранского нроисхождения (к проблеме этногенеза древних тюрков) // СЭ. 1999. №3.-С.130.
[499] Мифологический словарь. М., 1991.-С.27.
[500] Мифологический словарь. М., 1991.-С.469.
[501] Илимбетов Ф.Ф. Культ волка у башкир (к этимологизации этнонима .башкорт.)//АЭБ. Уфа, 1971. Т.IV.-С.224.
[502] Башкирские родословные. Сост. Р.М. Булгаков, М.Х. Надергулов. Уфа, 2002. Вып. 1.-С.180

түшөт да, анан көк бөрүгө айланып, адамча сүйлөп, Угуз кагандын колун баштап жөнөйт[503].

Түрк-монгол элдеринин арасында "көк бөрү" оюну кенири белгилүү. С.П.Толстовдун пикири боюнча, бул оюнда күйөө бала менен анын достору бөрүлөрдүн, ал эми улак же эчки колуктунун символун билдирет[504].

Эски салт боюнча, кыргыздын боз үйлөрүндө бөрүнүн же барстын териси илинип турган. Ишеним боюнча, карышкырдын териси илинип турган үйгө жин-шайтан жолобойт, төрөт учурунда да аялдарды албарсты баспайт[505]. Ал эми каракалпак аялдары кош бойлуу кезинде төрөлгөн баланын ден-соолугу мыкты, өзү күч-кубаттуу болот деп ишенип, карышкырдын жүрөгүн жешкен[506]. Ушундай эле салт анжияндык кыпчактарда да болгон: төрөт алдында аялга карышкырдын кургатылган жүрөгүн беришкен[507]. Байыркы болгарлар колодон куюлган карышкырдын тулкусун тумар катары тагынып жүрүшкөн же үйгө илип коюшкан[508].

Карышкырга сыйынуу салты адамдарга берилген ысымдардан жана уруулардын аталыштарынан да көрүнөт. Мисалы, кыргыздардагы: Көкбөрү ("Манас"), Бөрүбай, Бөрүкул, Байбөрү, Бийбөрү, Бекбөрү ж.б. ысымдар илгертен келаткан бөрүгө сыйынуу салттарынын элементтеринен кабар берет. Башка элдерде бөрүнү түшүндүргөн Каскыр, Каскырбай, Кашгар ж.б. ысымдар бар.

Окумуштуулар Коркут бабанын ысмында да "бөрү" мааниси бар экенин айтышат. Биз да, Коркут бабанын ысмы - Гурк+кут деген сөздөрдүн курамынан турат да, "касиеттүү бөрү" (ир: гурк- "бөрү", кут – "касиет",

[503] Липец Р.С. Лицо волка благословенно... (стадиальные изменения образа волка в тюрко-монгольском эпосе и генеалогических сказаниях) //СЭ. 1981. №1.-С.122.
[504] Толстов СП. Пережитки тотемизма и дуальной организации у туркмен // Проблемы истории докапиталистических обществ. 1935. №9-10.-С.14-15.
[505] Джумагулов А. Некоторые обычаи и обряды дореволюционной киргизской семьи // Известия АН Кирг.ССР. Серия общественных наук. 1959. Т. 1. Вып. 1 (история)-С.81.
[506] Есбергенов Х.Е. О близости пережитков доисламских верований в обычаях каракалпаков и башкир // АЭБ. Уфа, 1971. Т.IV.-С.237.
[507] Потапов Л.П. Волк в старинных народных поверьях и приметах узбеков // Краткие сообщения Института этнографии АН СССР. М., 1958. Вып.ЗО.-С.138.
[508] Денисов П.В. Этно-культурные параллели дунайских болгар и чувашей. Чебоксары, 1969.-С.108.

“бакыт”) дегенди билдирет ойлойбуз. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, байыркы Түрк уруулар курамында огуз – эне уругун, бөрү – ата тегин билдирген. Бөрү – Угуз хандын экинчи ысмы болушу мүмкүн дешет кээ бир илимпоздор. Бирок, Түрк кагантын түзгөн уруу (Ашина) – канчык карышкыр экенин баарыбыз билебиз, ошондуктан жогорку ой кайсыл учурда айтыларын жана качан огуз – ”эненин”, түрк – “атанын” тегин билдирерин такташ керек.

Кытай булактары түрк башчыларынын нөөкөрлөрү (тандалган жоокерлер) “фу-ли” (“бөрү”) деп аталганынан кабар берет[509]. “Манас” эпосунда башкы каарман Манас баш болгон 40 чоронун эпитеттери: “көкжал”, “көк серек”, “көк бөрү” ж.б. ал эми Эр Төштүктүн туруктуу эпитети – “сырттан”.

Б.з.ч. 1 мин жыл жана б.з. 1-мининчи жылдар аралыгында огур уруу бирикмелери Борбор Азия, Түндүк Индия, Түндүк Кытай, Иран аймактарында тарыхка улуу өзгөртүүлөрдү киргизген[510]. Алар Хун шаа бийлеринин башкы сокку уруучу колу болушкан[511]. XI-XIIIкылымдарда башында “бөрү” (“буре”, “бөрүлы”) уруусу турган кыпчак уруулар Бирикмеси бирде Киев княздары менен союз түзүп, бирде ага каршы жортуулдарды уюштуруп, саясий кырдаалды өзгөртүүдө чоң рол ойногон[512]. Кыргыз, казак, каракалпак, өзбек жана чуваштар бөрүнү “карышкыр”, “каскыр”, “каскар” (кашкар) формаларында да айтышат. Андан улам айта турган оюбуз мындай: Биринчиден, зооним “корт” жана “бөрү” түрк-монгол элдеринен башка элдерде да айтылат; экинчиден, түрк-монгол элдеринде бул тотемди бир эле “бөрү” деген сөз менен алмаштырып айтышкан эмес. Мисалы, кыргыздар аны бул аталыштардан башка дагы: “көкжал”, “сырттан”, “улума” ж.б. аттар менен тергеп айтышкан; үчүнчүдөн, иран тилинде сүйлөгөн элдерде бөрүнү “гурк” деп айтышат. Бул айтым, кийин “курт”, “корт” формаларына өтүшү мүмкүн?

---

[509] Тадыкова Н.Н., Кудачина А.К. К вонросу об образе волка в тюркоязычных легендах и сказаниях, а также в алтайском фольклоре //Алтай и тюрко-монгольский мир. Тезисы, статьи. Горно-Алтайск, 1995.-С.129.
[510] Эхмэтзэки Вэлиди Туган. Торки тарихына инеш // Ватандаш. 1999. №2.-С.81.
[511] Эхмэтзэки Вэлиди Туган. Терки тарихына инеш // Ватандаш. 1999. №4.-С.118-119.
[512] Липец Р.С. Лицо волка благословенно... (стадиальные изменения образа волка в тюрко-монгольском эпосе и генеалогических сказаниях) //СЭ. 1981. №1.-С.122, 128.

Уламыштардын биринде айтылган маалыматка караганда, Туран аймагынан Уралга жер которуп бараткан башкырлар асабасына бөрүнүн башы саймаланып түшүрүлгөн тууну көтөрүп барышкан экен. Бул тууну алар Батышка жоортулга чыгар алдында Адил хандын (Атилла) өзүнөн алышкан деп айтылат. Элдин "башкорт" аталышы да ошол туудагы бөрүнүн сүрөтүнө байланыштуу келип чыккан делет[513].

Ушундай эле бөрүнүн башы саймаланып түшүрүлгөн көк асабаны Түрк каганатын түзгөн Ашина уруусу да алып жүргөн. Кытай булактарында айтылган маалыматтарга караганда, түрк кагандары башка элдердин элчилерин бөрүнүн башы саймаланган тууга башын ийип жүгүнгөндө гана кабыл алышкан[514]. XI-XIIIкк. орус летопистеринде жазылып калган маалыматтарга караганда, кыпчак уруулар бирикмесинин башында турган бөрүлы уруусунун туусунда да бөрүнүн саймаланган башы болгон[515].

Ит менен бөрү кээде алмашып айтыла берет. Мисалы, Чыңгыз хандын түпкү энеси катары айтылган Алан Гоага түндө айдын нуруна айланып, түндүктөн үйдүн ичине түшкөн сары адам таңга маал "сары итке" айланып, сыртка чыгып кетет[516]. Корейлерде кызыл иттин (ор: "огененная собака") образы сакталган. Кытай элинде кургакчылык болгондо Пангу итке арнап түлөө өткөрүшөт. Индоевропалык мифологияда бөрү асмандагы (чагылган) же жердеги оттун символу катары сүрөттөлөт. Негизи кээ бир элдерде ит (бөрү) тотем, грек мифологиясындагы Прометей сыяктуу отту уурдаган функцияны да аткарат.

Скандинавия элдеринин мифтеринде Гери жана Фреки деп аталган карышкырлар улуу кудай Одинге кызмат кылышат[517]. Бул мифтердеги карышкырдын образы кудайлардын биринин образы катары көрүнөт. Ал эми

---

[513] Ахметшин Б.Г. К вопросу об изучении этногенетических преданий-легенд башкир // Фольклор народов РСФСР. Уфа, 1976. Вып.3.-С.68.
[514] Бичурин Н.Я. (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. М., Л., 1950. Т.1.-С.311.
[515] Липец Р.С. Лицо волка благословенно... (стадиальные изменения образа волка в тюрко-монгольском эпосе и генеалогических сказаниях) //СЭ. 1981. №1.-С.122, 128.
[516] Мифологический словарь. М., 1991.-С.96.
[517] Мифологический словарь. М., 1991.-С.410.

кээ бир элдерде карышкыр жиндерге кызмат кылган же жиндердин өзүнүн образын алып жүргөн жаныбарлар катары сүрөттөлөт. Бул сыягы, алгач бир ишенимдин кызматын аткарып, кийин диний-мифологиялык система өзгөрүп, аны менен ишенимдер жана дүйнөтаанымдар өзгөргөн учурда, мурун оң образды алып жүргөн карышкырлар кийин тескерисинче, терс образды алып жүргөн жаныбарларга айланган.

Ошентип жыйынтыктап айтканда:

1. Кыргыз оозеки чыгармаларында байыркы бабалардын карышкыр менен болгон туугандыгы жана тектештиги жана алардын бири-бирине айланып турушу тууралу ишенимдер бүгүнгө чейин жашап келатат. Бөрү – түпкү ата, түпкү эне, жол баштоочу, колдоочу жана коргоочу экени тууралу этногенетикалык уламыштарда кенири айтылат. Бөрүгө сыйынуу салттарынын элементтери адам аттарында жана уруу аталыштарында да сакталган;
2. элдик оюндарда (“көк бөрү”), бөрүнүн тырмагын жана тиштерин тумар кылып жаш балдардын бешигинге же жаткан жеринге коюп койууда да Бөрү тотемине сыйынуу салттары бар;
3. ооруган балдарды дарылоодо, аялдарга төрөт учурунда жардам берүүдө кут бөрүнүн элементтери көрүнөт. Бөрү өзүнөн тараган жана анын атын алып жүргөн урууларга жардам берет, ийгиликтерге жеткирет;
4. бөрүнүн коргоочу жана колдоочу функцияларына ишенүү салттары азыр да жашап жатканын жогоруда айттык. Анын образдары аялдар тиккен саймаларда, алар токуган килем-шырдактарда, кийиздердин беттерине, аскерлер алып жүргөн тууларда түшүрүлгөн. Төш белгилер, идиштер, алардын кармагычтары, ар кандай белек-бечекке берчү буюмдар баары карышкырдын образы менен жасалат;
5. карышкырдын образы көп элдердин календарларында ай-жылдыздарга байланыштуу айтылат. Алтын куш тууралуу жомокто, жарыкты, отту табууда да башкы каармандарга карышкыр жардам берет;

6. бөрү - тотем, түпкү ата же эне, башкырларда, түрктөрдө, Угуз каган тууралу эпосто, “Манаста” жана кыргыздын көптөгөн уруктарынын аттарында сакталган. Ал тууралу тарыхчы окумуштуу Н.Турандын урууулардын тарыхын жана санжырасын изилдеген эмгектеринен таанышууга болот. Жогоруда айтылгандай, атактуу Коркут атанын ысмында (Гурк+кут) да бөрү мааниси жатат.
7. Элдик оозеки чыгармаларда карышкыр терс каарман катары да кызматты аткарат. Ал жомоктордо жана уламыштарда балдарды ала качып кетет, баатырлардын өлүмүнө себепкер болот ж.б. Бул Бөрүгө сыйынган жана ага сыйынбаган элдердин ортосундагы кагылыштарды жана ошол мезгилдеги элдердин ишенимдер жана дүйнөтаанымдарын чагылдырган сюжеттер болуп саналат. Дүйнөтаанымдын өзгөрүшү менен бир мезгилде колдоочу жана коргоочу миссияны аткарган карышкыр кийин кырсык алып келүүчү терс образдарга айланган.

# 4-БАП.

# КЫРГЫЗ ДҮЙНӨТААНЫМЫНЫН АНТРОПОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## Биринчи адамдын жаралышы тууралуу мифо-эпикалык маалыматтар

Дүйнө таанымдын философиялык негиздеринин бири болуп дүйнө элдеринин “Биринчи Адам”, “Түп Ата” тууралу ишенимдери, башкача айтканда, алгачкы Адамдын жаралышы, алгачкы Элдин түптөлүшү, Кудай тууралу түшүнүктөрү жана Түп Атанын ким экендиги, качан жашаганы жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү эсептелет. Санжыраларында жана “Манас” эпосунда Кыргыз эли өзүнүн тубаса чыгармачыл талантына жараша “түп ата” жана “улут тамыры” тууралу өз алдынча кеңири кеп кылып келген.

Бул маселе жөнүндө чынында, ар кайсы элдердин уламыш-мифтеринде ар кандай байандалат. Мисалы, семит элдеринин Ыйык Китептеринде “Биринчи Кишинин” ысмы – “Адам” болсо, индус арийлеринин мифтеринде “Биринчи Кишинин” аты – “Ману”, “Манус” (кырг: Манас-Б.Т.).

Семит элдеринин Ыйык Китептеринде Ааламдын жаралышы тууралу минтип баяндалат: “Эң башында Кудай Асман менен Жерди жаратты. Жер болсо көрксүз, ээн болчу, түпсүз туңгуюкту караңгылык каптап турчу, Кудайдын Руху суу үстүндө калкып учуп жүрчү. ошондо Кудай: “Жарык болсун!”- деди. Жарык пайда болду. Кудай жарыктын жакшы экенин көрүп, жарыкты караңгыдан ажыратты. Кудай жарыкты – “күн”, караңгыны “түн” деп атады. Кеч кирип, таң атты: биринчи күн өттү.

Анан Кудай: “Суулардын ортосунда аба мейкиндиги болсун, ал сууну суудан бөлүп турсун” деди. Ошентип, Кудай аба мейкиндигин жаратып, аба мейкиндигинин астындагы сууну аба мейкиндигинин үстүндөгү суудан бөлүп

койду. Так ошондой болду. Кудай аба мейкиндигин “асман” деп атады. Кеч кирип, таң атты: экинчи күн өттү.

Анан Кудай: “Асман астындагы суулар бир жерге чогулсун, кургактык пайда болсун” деди. Так ошондой болду. Кудай кургакты “Жер” деп атады, ал эми чогулган сууларды “Деңиз” деп атады. Кудай мунун жакшы экенин көрдү”[518].

Ошентип, Кудай кийинки “үчүнчү күнү” - өсүмдүктөрдү, “төртүнчү күнү” - күндү, айды, жылдыздарды, “бешинчи күнү” - сууда сүзүп жүрчү балыктарды, асманда учуп жүрчү куштарды, “алтынчы күнү” – жер үстүндө жашаган түркүн жан-жаныбарларды жаратты. “Анан Кудай мындай деди: Биздин бейнебиз боюнча Өзүбүзгө окшоштуруп Адам жараталы. Алар деңиздеги балыктарга, асмандагы канаттууларга, малдарга, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларга, бүт жер үстүнө бийлик кылышсын!” Ошентип, Кудай өзүнө окшоштуруп Адамды жаратты, аны Кудай өзүнүн бейнеси боюнча жаратты. Анан аларды Эркек-Аял кылып бөлдү”[519].

Акыл-эске ээ алгачкы Адам–Ману тууралу, деги эле Адамдын жаралышы жөнүндө байыркы арий[520] уламыштары семиттерден да кызык фактыларды баяндайт. Мисалы, Биринчи Адамдын жаралышы жөнүндө алмустактан бери айтылып келаткан ал байандардын бири минтип башталат: Бир күнү Көктүн ээси (Ата) менен Жердин ээси (Эне) Адамды жаратыш үчүн отко кайрылышат. Анан Үчөө биригип, өздөрү ойлогон бир Форманы жасашат. Ал турганга, басканга, чуркаганга, жатканга жана учканга да жөндөмдүү Жан эле. Бирок, Ал али аң-сезимге ээ боло элек Чхая (Көлөкө) болчу[521]. Эзотерика илиминде Чхая - Адамдын астралдык образы[522] деп айтылат.

---

[518] Ыйык Китеп. Тоорат. Забур. Инжил. Экинчи басылышы, “Үмүт нуру”. 2004. -С.11.
[519] Ыйык Китеп. Тоорат. Забур. Инжил. Экинчи басылышы, “Үмүт нуру”. 2004. -С.12.
[520] Биз мындан ары отурукташкан огуздарды – “арийлер”, көчмөн огуздарды – “араттар” деген аталыш менен белгилейбиз – Б.Т.
[521] Блаватская Е.П. Тайная доктрина. Синтез науки, религии и философии. Т-1. 2. -М., Наука. 1991. -С.22-23.
[522] Блаватская Е.П., Теософский словарь, М., “Золотой век”, 1994. -С.554.

Ошол алгачкы жаратылган Жанга форма керек эле – аны Көктүн ээси берди. Жанга дене керек эле – аны Жердин ээси жасады. Жанга жашоо үчүн дух керек эле – аны Күндүн ээси (Лха) Формага үйлөп киргизди. Эми, Ааламды өзүнө сиңириш үчүн Жанга аң-сезим керек эле, Көктүн ээси: "Мен аны бере албайм" деди. Жердин ээси: "Менде ал нерсе жок" деди. Улуу от болсо: "Эгер мен ага өзүмдүкүн берсем, анда Форма күйүп кетет" деди. Ошентип алгачкы Адам караан (Бхута) бойдон кала берди[523].

Эзотерика илими боюнча, Адам "адам" болуп жаралышы үчүн космостогу жашоонун "үч баскычын" басып өтүшү керек. Мисалы, алгач "атом" көрүнүшүндө жашаган нерсе, акырындап көзгө көрүнгөн татаал түзүлүшкө ээ болот. Ал жер үстүндөгү жашоодо Монада[524] катары Минерал, Өсүмдүк жана Жаныбарлар дүйнөсү аркылуу өтүп, анан Адамга айланат. "Кудай, Монада жана Атом" деген сөздөр - алар Адамдагы: Дух, Акыл жана Дене (Атма, Манас жана Стхула Шарира) деген түшүнүктөрдү билдирген терминдер.

Ал эми эзотерика илиминде Манунун жаралышы таптакыр башкача айтылат. Ал тууралу атактуу теософ Е.П.Блаватская минтип жазган: "Жашоонун ар бир айлампасында Ману аркылуу адамзат кайра жаралып турат. Адамга айланган Ману Кудайдын оюн чагылдырган Жердеги Жан болуп саналат. Анткени, кайра келген Ману өзү Адамзатты кайра жараткан жана калыптандырган Кудайдын кызматын аткарат. Фохат (Кыймылды кыймылга келтирген күч) Манунун тапшырмасы менен баарына жан киргизип, жаңы жашоонун жолун улайт[525].

Ошентип, "Жер Адамы" - "Асман Адамынын" (Кудайдын-Б.Т.) ортонку Дүйнөдөгү убактылуу чагылып турган көрүнүшү болуп саналат[526].

---

[523] Блаватская Е.П. Тайная доктрина.... -С.23.
[524] Монада – грек: бүтүндүк. Атма-Будхи-Манастын биримдиги.
[525] Блаватская Е.П. Тайная доктрина.... -С.109-110.
[526] Блаватская Е.П. Тайная доктрина.... -С.775.

Демек, Адам канча жыл жашаса – ошончо жыл Асман Адамынын образын Жер үстүндө чагылдырып жашайт.

Пураналар боюнча, түпкү аталар тууралу да ар кандай маалыматтар бар жана алардын кээ бири бири-бирине карама-каршы келет. Мисалы, “Ригведа” боюнча, Ила (Ида) - Манунун аялы, Сайана аны “Жердин ээси” деп атайт. Ал эми Шатапатха Брахманда Ила – Ману чалган курмандыктан жаралган анын кызы, кийин Ману расасын жараткан Эне. Башка бир Пуранда, Ила – Ману Вайвасваттын кызы, Ай кудайы Сома менен Таранын (Юпитер) никесиз төрөлгөн уулу – Будханын (Акылмандык) аялы.

А чынында, каймана (аллегория) тилде сүйлөгөн маалыматтар Адамзат Расасы түбү От менен Суудан жаралганын кабарлайт.

***

Алгачкы Адамдын жаралышы тууралу көз караштар да ар кандай. Семит элдеринин мифологиясында “Биринчи Адамды” Кудай (Иегово-Б.Т.) “кызыл топурактан” жасайт. Ошондуктан “адам” деген сөздүн өзү семит тилинде “кызыл топурак” дегенди түшүндүрөт. Жараткан Аны, акыркы - “алтынчы күнү” кызыл топурактан[527] “өзүнө окшотуп” жасаган. Кудай “үйлөгөндө” топурактан жасалган денеге кыймыл кирген, андан кийин Адам тирүү жанга айланган. Кудай Ага (Адамга) сууда жашаган балыктардын, асманда учкан куштардын жана жер үстүндө жашаган бардык жан-жаныбарлардын үстүнөн башкара турган бийлик берген (Быт. 1, 26, 3о; 11, 16-2о)[528].

Адам ата менен Ева эне Кудай тыйуу салган дарактын мөмөсүн жеп, тарыхтагы биринчи “күнөөнү” жасашкан. Энциклопедияда: “Жылаңач жүргөнүн сезишкени жана кечке маал бейиш багын аралап жүрчү Кудайдан уялып, жашынышканы – алардын биринчи күнөөсү болгону айтылат.

[527] Ислам. Энциклопедический словарь., М., “Наука”, 1991. -С.13.
[528] Библейская Энциклопедия, М., изд. Центр “Терра”, 1990. -С.23-24.

Анткени, Кудай баарын билип, баарын көрүп турат"[529]. Кудайдан корккон Адам Аялын урушту, Аялы Жылаанга шылтады. Бул сюжет семит элдеринин дүйнөтаанымы боюнча, күнөө жасоо Түп Ата менен Түп Энеден эле башталганын кабарлайт. Ошондон кийин Адам аялына: "Ева" (евр: Хева – "жашоо") деген ысым берди. Анткени, Ева, кийин Адам экөөнөн тараган адамзаттын энеси болуп калды. Алар 93о жыл жашашты[530].

Ыйык китептерге берилген комментарийлерде бизге түшүнүксүз көп нерселер бар. Алардын бири – мисалы мындай айтылат: "Биринчи Адам" – топурактан жасалган Адам, "экинчи Адам" – асмандан келген Кудай (1 Кор. XY, 47). Ошентип, Адамдар "адам" катары баары өлүшөт, "кудай" катары баары кайра жаралып турушат. Бир аз гана айырмачылыктары болбосо, Адам тууралу жогоруда айтылган уламыш дээрлик семит элдеринин баарында айтылат[531].

Албетте, жөнөкөй окурман эле эмес, жогоруда айтылгандардын ичинде окумуштуу катары бизге да түшүнүксүз нерселер көп. Мисалы: "Биринчи Адам" – топурактан жасалган Адам, "экинчи Адам" – асмандан келген Кудай" деген сөз эмнени билдирет? Менимче, семит дүйнөтаанымын чечмелеш үчүн алгач, дагы бир байыркы эл – араттардын (арийлердин) мифин мисал тартып, эки элдин дүйнөтаанымын салыштырып, талдоого алалы, анан алардын Биринчи Адам тууралу түшүнүктөрүн байыркы кыргыздардын түшүнүктөрү менен салыштырып көрөлү.

***

Арийлердин мифтеринде Биринчи Кишинин ысмы – "Ману", "Манус" (кырг: Манас-Б.Т.) деп айтыларын жогоруда учкай эскерткенбиз. Эми ага кеңири токтололу. Мифологиялык Сөздүктө: Ману (санс: Manu – "адам",

---

[529] Библейская Энциклопедия, М., изд. Центр "Терра", 1990.-С.24.

[530] Ислам. Энциклопедический словарь., М., "Наука", 1991. -С.13

[531] Библейская Энциклопедия, М., изд. Центр "Терра", 1990.-С.24

сөздүн уңгусу man – “ойлонуу”; гот: Manna, нем: Mann, англ: Man) – “Биринчи Киши”, “Түпкү Ата” деген маанилерди билдирет.

Веда ишеними боюнча, Ману – Күн кудайы Вивасваттын уулу, Йаманын (Яма) бир тууганы. Бул ишенимге тиешелүү салттарда, Ману - “Биринчи Адам” жана адамзаттын “Биринчи падышасы” катары айтылат. Ал эми анын бир тууганы – Яма, Биринчи өлгөн адам жана Тиги Дүйнөнүн “алгачкы падышасы” делет (РВ. Y111 52; АВ Y111, 1о; Шат. Брах. X111 4, 3.).

Пурандарда жана эпосто “14” Ману болгону тууралу маалыматтар жазылган. Алардын “7” (жетөөсү) Өткөн доорлорго, “7” (жетөөсү) – Келечекте келчү доорлорго таандык. Ар бир Манудан ар кайсы мезгилде (манвантару), ошол доорго ылайык жаралган Адамзат башат алат.

Он төрт (14) Манунун ичинен “Биринчи Ману” – Сваямбхума менен Шатарупанын уулу, Ману Сваямбхума болуп саналат. Сваямбхуманын ысмынын мааниси - “өзүн өзү жараткан” (Брахма) дегенди билдирет. Семит дүйнө таанымы боюнча, Ману Сваямбхуманы “Адам Ата” деп айтсак болот. Адам атаны Иеогово “кызыл топурактан” жасаган, а арий мифтеринде болсо, Ману Сваямбхума “өзүн өзү жаратат”. Демек, арий мифи боюнча, Биринчи Ману – “өзүн өзү жараткан” Адам. Бул Кудайга (Браман) тиешелүү касиет. Бул процесстерди чечмелеген окумуштуулардын пикирлери бизге белгисиз болгондуктан, көп нерселер бизге түшүнүксүз. Ошондуктан арий элдеринин философиялык текстерине караганда, семит элдеринин Ыйык китептеринде айтылгандар бизге жомок угуп жаткандай туюлат.

Ману тууралу мифтердин дагы бир башка версияларында Сваямбхума өзүн өзү экиге ажыратып, жарым денесин – Эр кишиге (эркекке), жарым денесин – Үр кишиге (аялга) айлантат. Экөөнөн – Вираж, Вираждан Ману Сваямбхума жарык дүйнөгө келет. Ал эми семит элдеринин Ыйык Китептеринде болсо, Кудай Аялды Адамдын “кабыргасынан” алып жаратканы бизге жакшы белгилүү.

Критаюга доорунда падышалык кылган Ману Сваямбхума Жети Пражапатини же Жети Ришини жаратканы тууралу маалымат бар. Акылмандар, “Манунун мыйзамы” (“Манавадхармашастра”) деп аталган, байыркы жашоо эрежелеринин кодекси болгон атактуу жыйнакты да, дал ушул Ману Сваямбхумага таандык деп эсептешет.

Калган “13” Манунун ичинен атактуулары болуп: Вивасват менен Саранияныn уулу, “бешинчи Ману” - Ману Реванта (“жаркыраган”) саналат. Саранияныn ысмы кээ бир адабияттарда “Санжини” делет. Ал кээде жылкыга (бээге) айланып кетет. Сарания ошондой эле эгиздер - Ашвиндердин да энеси. Андан кийин, Тваштардын уулу, “алтынчы Ману” - Ману Чакшуша. Анын ысмынын мааниси - “көзгө жылуу көрүнгөн”, “тааныш” дегенди билдирет.

Кудай көрүнүшүндөгү Вивасват менен Саранияныn уулу, “жетинчи Ману” – Ману Вайвасват. Ал - азыркы адамзаттын Түп Атасы болуп саналат. Ману Вайвасват топон суудан аман калган адам. Демек, ал семит Китептериндеги Ной пайгамбардын эле өзү. Ал эми Саварна менен Саранияныn көлөкөсүнөн жаралган Ману Саварни, ал – “сегизинчи” жана келечекте келчү Жети Манунун “биринчиси”.

Индус мифтери Ману Вайвасваттын ысмы менен байыркы шумер, семит жана грек мифтеринде айтылган топон суу тууралу окуяны да байланыштырышат. Бул уламыш алгач “Шатапатха-Брахманда” деп аталган булакта байандалат.

Бир күнү Ману колун жууп атса, колуна бир кичинекей балык урунат. Ал: “Сен мени өлтүрбөй, чоңойтуп өстүрсөң, мен кийин топон суудан аман калганга сага жардам берем” дейт. Балык чонойгондон кийин Ману аны деңизге кое берет да, анын кеңеши боюнча, бир чоң кеме жасайт. Көп өтпөй, чын эле дүйнөнү суу каптап, кыямат кайым башталат. Ману кеменин жибин баягы балыктын мүйүздөрүнө байлап коет. Балык кемени сүйрөп, сүзүп отуруп, түндүктөгу суудан чыгып турган бир бийик Тоого алып келет. Бир топ

убакыт өткөндөн кийин, суу тартылып, бардык жан-жаныбарды агызып, алып кетет. Жалгыз өзү калган Ману кудайларга арнап курмандык чалат. ошол курмандыктан Ила (Ида) деген бир кыз жаралат. Ила менен Ману баш кошуп, экөөнөн "Манунун уругу" (санс: "мануржа" же "манушья", мааниси – "Манудан төрөлгөндөр") деп аталган азыркы адамзат тукуму тарайт.

"Махабхарат" эпосу боюнча, Мануну топон суудан куткарган балык – атайын ушундай көрүнүштө келген Вишну кудайы деп айтылат. Ал эми кемеде, жалгыз эле Ману эмес, аны менен кошо Жети Риши да болгон.

"Матсья - пурана" боюнча, балык – Вишну кудайынын ушундай образда келген аватары, бул адабиятта аватар бир эле Мануну эмес, көптөгөн жан-жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү да кошо куткарып калат[532].

Арий дүйнөтаанымы боюнча, Биринчи Адам материалдык эмес (дух дүйнөсүнөн) дүйнөдөн жаралган Жан. Ал түбөлүк жашоочу Зат. Анын чыныгы денеси материя эмес, Дух[533]. Ошентип, "Ригведанын" текстерине берилген Түшүндүрмө Сөздүктө: "Ману же Манус – адамзаттын Түпкү Атасы, кудайларга арнап курмандык чалууну салт кылган Биринчи Баба[534].

Е.Блаватскаянын жазганы боюнча, "Ману" - "man" деген сөздөн келип чыккан. Ал: "ой жүгүртүү", "ойлонууга жөндөмдүү жан" дегенди билдирет. Латын тилиндеги "mens" – "акыл", египеттик Menes – "башкаруучу акыл", Пифагордун "monas" – "ойлонуучу сан" жана биздин "manas" - "акыл" деген маанилерди билдирген сөздөрдүн баарынын тамыры жогоруда биз айткан санскрит тилиндеги сөздө жатат[535].

Арийлер тууралу сөз болгондо, тарыхый булак катары биз көп учурда индус жазмаларына таянабыз. Ал булактардын дээрлик баарында, Манунун ысмы: "адам", "ойчул", байыркы бир доордогу "улуу башчы"[536] дегенди

---

[532] Мифы народов мира. Энциклопедия. 2-т., М., СЭ, 1992. -С.106.
[533] Данилов М., Мочалова И., Арийская империя. Гибель и возрождение., М., 1998. -С.67.
[534] Ригведа. Мандалы 1-1Y. М., "Наука", 1989. -С.706.
[535] Блаватская Е.П., Тайная доктрина. Синтез науки, религии и философии.т-1. 2, М., Наука. 1991. -С.116.
[536] Мифы древней Индии. Бхагавадгита., Санкт-Петербург, "Кристалл", 2000. -С.488.

түшүндүрөт. Ошол эле жерде “манас” - “акыл”, “жөндөм” (“касиет”) дегенди билдирери белгиленет. Кийинки кездеги изилдөөчүлөрдүн чечмелегени боюнча: “Манас – сезимталдык, сезими аркылуу туйганын ойлонуу, талдоо” деген маанилерди билдирери айтылып жүрөт. Мындай адамдар (айтуучулар-Б.Т,) өзүнө берилген маалыматтарды (айанды) түшүнүшпөйт, ошондуктан алар “өткөрүүчүнүн” гана кызматын аткарышат. Жалпылап айтканда: Манас – сезимдин борбору, психологиялык (физиологиялык эмес) маанидеги “жүрөк” болуп саналат[537]. Дал ушул аныктама, “Манасты” жана “манасчыны” (“айтуучуну”) түшүнүүгө алып барчу негизги жолдордун бири сыяктанат?

Эзотерика илими боюнча, Манас Ай менен Күндүн таасири алдында жашайт. Шанкарачария жазгандай: “Ай – Акылдын, Күн – Сезимдин” кудайлары. Андан улам Манас эки түрдүү табиятка ээ[538] анын ылдый жагына Ай нуру төгүлүп, жогору жагына Күн нуру чачырап турат. Демек, Манас көтөрүлгөндө – ыйык Будхага тенелсе, ылдыйлаганда – өзүмчүл, сезимге алдырган пас жаныбардын деңгээлине түшөт[539]. Ошентип, аң-сезимдүү Адам менен катардагы Адамдын жашоосунун сырлары жана Адам менен Айбан жаныбарлардын жашоосунун айырмалары да дал ушул жерге катылган.

***

Орустун улуу ойчулу Н. Бердяевдин жазганы боюнча, алгачкы “маданият – ал байыркы ата - бабалардын арбагына сыйынуудан улам пайда болгон[540]. Ага байланыштуу биздин элдин тарыхында эки ысым өзгөчө мааниге ээ болуп келгенин белгилейбиз. Ал: “Кыргыз” жана “Манас” деген антропонимдер. Эгер улуу философтун жогорку сөзүнө кошулсак, анда дал ушул эки ысымдын тегерегинде байыркы кыргыз маданияты калыптанган. Элибиздин келип чыгышына байланышкан уламыштарда түпкү ата-бабаларыбыз болгон “Кыргыз” да, “Манас” да - “Кудайлардын балдары”.

---

[537] Мифы древней Индии. Бхагавадгита., Санкт-Петербург, “Кристалл”, 2000. -С.488.
[538] Блаватская Е.П., Тайная доктрина.... -С.802-803.
[539] Блаватская Е.П., Тайная доктрина.... -С.622.
[540] Бердяев Н, “Смысль истории”, М., “Мысль”, 1990. -С.166.

Экөөсү тең “асмандан түшкөн” Адамдар же Тибет илиминин тили менен айтканда экөөсү тең - “аватарлар”!

Кыргыз кошуна элдерден гана эмес, тектеш калктардан да өзүнүн сырткы көрүнүшү, чыгармачыл таланты менен айырмаланган, ички руханий көрөңгөсү бай эл болгон. Мисалы, кыргыздардын сырткы көрүнүшүн сүрөттөгөн кытай тарыхчылары: “Ак жуумал, сары чач, көк көз гяньгун эли келип чыгышы боюнча “бөрү” тегине жатпайт. Гяньгундар Кудай менен тоодогу үңкүрдө жашаган Уйдун катышынан келип чыккан”[541] деп жазышкан. Ал эмне деген кудай экенин Алтай-Сайан элдеринин аңыз кептеринен аңдап билебиз. Алардын ишеними боюнча Көкө Теңирден кийинки “Үлкөн[542] кудайынын тогуз уулунун бири – адамдардан салтты, наркты сактоону жана эл башчыларынан адилеттүү башкарууну талап кылган “каардуу Кыргыз хан” экендиги айтылат. Тогуз уулдун ичинен ага Сот бийлиги таандык болгон”[543]. Демек, Кыргыз хан - адамдардын жана элдердин тагдырын аныктаган, башчылардын адилеттүү башкаруусун көзөмөлдөгөн. Ал эми “тоодогу үңкүрдө жашаган уй” - “топоз” тукумундагы бодо мал экени шексиз. Демек, Кыргыздын энеси бодо малды тотем тутунган “тоолук огуз уруусунун кызы” болгон.

Жогорку Кыргыз аңызы, байыркы хет жана хуррит элдеринин ушуга окшош бир уламышын эске салат. Ал уламышта ойдуңда оттоп жүргөн уйду асмандан көрүп калган Күн кудайы сүйүп калат да, жаш жигитке айланып, ары жактан басып келет. Анан ал аны: “ойдуңдагы чөптү тебелеп салганың үчүн мен сени жазалайм” деп коркутат. Уй ыңгайсызданып, Күн кудайынын

---

[541] Кызласов Л.Р. История Южной Сибири всредние века, М., Высшая школа. 1984. -С.32.

[542] Адабияттарда “**Ульген”** деп айтылат. Анын маанисин көпчүлүк изилдөөчүлөр, анын ичинде М. Ажы да “өлгөн” деген сөз менен байланыштырат. В. Я Бутанаев анын мааниси “**чоң”, “улуу**” дегенди билдирет дейт. Менин жеке пикиримде да В.Я. Бутанаевдин пикири туура. Бул сөз казак тилинде жогоруда биз бергендей “**Үлкөн**” формасында сакталган. Алтай-Сайан элдеринин шамандарынын барабандарында Үлкөн кудайы башынан нурлары чачырап турган тегерек Күн формасында тартышкан. Мындан улам, Үлкөн кудайы Күн кудайы катары саналса керек деп ойлойм?

[543] 1. Бутанаев В. Я., Топонимический словарь Хаксско-Минуисинского края, Абакан, 1995. -С.192.; 2. Бутанаев В.Я., И.И. Бутанаева, Энесай кыргыздары: фолклор жана тарых, Бишкек, 2002-ж., Сорос фонду. Кырг. которгон О. Каратаев. -С.37.

шартына маакул болот. Ошол жолугушуудан кийин Уй боозуп, убагы келгенде Адам тууйт. Төрт буттуу жаныбар болуп туруп, эки буттуу адамды тууганы үчүн уй ыңгайсызданып, өз баласын өзү өлтүрүп салмакчы болот. Ошол маалда Күн кудайы асмандан түшүп келет да, кенешчисине: “баланы тоого алып кет” деп буйрук кылат. Ал жерде баланы “куштар” менен “жылаандар” кайтарып, асырап чонойтушат[544].

***

Манас – ал Кыргыз элинин Улуттук Духу. Образдуу айтканда, Кыргыз – Дененин, Манас – Духтун ысмы. “Манас” эпосунда Манастын өзүнүн сыпаты Кудай-Адамдын образын чагылдырып турат. Чынында “Биринчи Адам” - Манастын жаралышы жөнүндөгү биздин эпостогу маалымат менен арий мифтериндеги “Биринчи Адам” – Манунун жаралышы жөнүндөгү бизге жеткен кабарлар өтө окшош. Мына карап көрөлү:

Асман менен Жериңдин
Тиреөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн
Ширеөсүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер
Манаска жерлигинен түткөндөй,
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй.
ободогу булуттун,
Салкынанан бүткөндөй[545] ж.б.

Биздин пикирибизде “жаралган” деген сөз кийин ислам дининин таасири менен алмаштырылып “бүткөндөй” деп айтылып калган? Анын адегендеги варианты “жаралган” деп айтылган сыяктанат? А бирок, “бүткөндөй” деген сөздүн өзү да “жаралган” деген сөздүн синоними катары колдонула берет.

---

[544] Мифы народов мира. Энциклопедия. 2-т., М., СЭ, 1992. -С.6.
[545] Манас, 2-китеп, Бириктирилген вариант, Фрунзе, “Кыргызмамбас”, 1959. 108-б.

Мисалы: “бойго бүтүү”, деген сөз түйүлдүктүн пайда болушу, жаралышы дегенди билдирет.

Жогорку эпостон алынган текст, индус арийлеринин мифтериндеги биринчи адам – Ману, Асман менен Жер кудайларынын кошулушунан жаралганы тууралу маалыматты эске салат. “Асман – атам, ал мени жараткан. ...Энем болсо - ыйык Жер”[546] деп баяндалат байыркы арий текстеринде. Кыргыз элинде ушул эле сөз: “Асман – ата, Жер - эне” деген формада сүйлөнүп, сакталып калган.

Ал эми кытай кыргыздарынын санжыраларында байыркы кыргыздар: “күндү – ата, айды - эне”[547] деп айтышканы тууралу маалымат да катталган. Демек, бул маалымат да, байыркы кыргыздар Биринчи Адамды – “Кудайдын баласы” деп таанышканын кабарлайт. Дал ушул сыяктуу эле байыркы арийлер да өздөрүнүн түпкү атасы – Мануну “Кудайдын уулу” деп эсептешкенин жогоруда айттык. Бул эки элдин дүйнөтаанымдары байыркы шумер элинин ишенимдерин да эске салат. Анда Кудайлар Адамды өзүнө кызмат кылуу үчүн ылайдан жасашат. Ал эми шумер эпосунун башкы каарманы – Билгамештин (акад: Гилгамеш) “үчтөн экиси – кудай, үчтөн бири - адам”. Демек, Адам жана Кудай тууралу бүгүнкү биздин түшүнүк менен байыркы бабалардын (шумер, арий, кыргыз ж.б.) түшүнүктөрүнүн ортосунда чоң айырма бар. Мына ушул көз караштан алганда, семит идеологиясынын таасири алдында турганына миң жылдан ашуун убакыт өткөнүнө карабай, “Манас” эпосундагы “Биринчи Адамдын” жаралышы тууралу маалымат бузулбай, байыркы арий түшүнүгүнө жакын формада биздин күнгө келип жетти.

***

Теңирдин Жердеги көрүнүшү – ал “Адам”. А чынында, Асман менен Жер кандай мааниге ээ болсо, Адам да ошондой эле мааниге ээ. Байыркы түрк

---

[546] Шюре Э, Рама, Легенды о Кришне. -М.: “Одиссей, 1995. -С.3.
[547] Байтур А., Кыргыз тарыхынын лекциялары, 1-китеп, Бишкек. “Учкун”, 1992. -С.137.

мифологиясы: “Үстүдө көк Асман, астыда кара буурул Жер пайда болгондо, ортодо Киши уулу жаралган”[548] деп, Асман менен Жердин бир катарында Адамды коюп, ал тууралу жөн жеринен кабар берип отурган жок. Ал эми семит элдеринин Ыйык Китептеринде, Кудай тарабынан Адамга – Жер үстүнө бийлик кылуу укугу берилгени айтылат.

Кудайдын эркисиз Адам жаралбагандай эле, Адамсыз Кудай да эч кандай мааниге ээ эмес. Теңирдин эрки менен жаралган жандардын ичинен Адамдан башка эч бирөөсү анын бар экенин билбейт дагы. Ага Адамдай маани берип, ыйык тутуп, Ага Адамдан башка эч бир жаныбар сыйынбайт. Адамдан башка эч бир жаныбар, анын бар экенин жүрөгү сезсе да, акыл-эси болбогондуктан аңдап биле албайт. Ошондуктан Адам Асманды – “ата”, Жерди – “эне” деп атап атат. Дал ушул эки термин (“асман ата” жана “жер эне”) Адамдын өзүн аларга теңейт. Анткени, Теңирдин эрки менен Адам ал экөөнүн «ортосунан» жаралган. Ал, Асман менен Жерден кийинки маани-мазмунгга ээ “үчүнчү” улуу Дух жана Зат.

Дүйнөнү таанып билүүдө Ааламга – “макрокосмос”, Адамга – “микрокосмос” катары мамиле кылуу принциби кабыл алынган. Бул тууралу дээрлик улуу ойчулдардын баары негизинен бирдей пикирде. Улуу окумуштуулар белгилешкендей: Антропологиялык жол – Ааламды таанып билүүнүн жападан жалгыз жолу. Дал ушул жолдо гана Адамга Кудайдын купуя сырлары ачылат. Ошол улуу ойчулдардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири, XX кылымдын биринчи жарымында жашаган улуу орус философу Н. Бердяев минтип жазат: “Адам – кичине аалам, Ал микрокосмос катары таанып билүүдөгү башкы чындык жана таанып билүү мүмкүнчүлүгүнүн чыныгы өзү”. “Адам менен Космос бирдей күч-кубатка ээ. Таанып билүү процесси – дөө менен эргежээл эмес, кубаттуулугу бирдей, тең эки улуу күчтүн таймашуусу экенин аныктап турат”. Тагырак айтканда: “Дүйнөнүн борбору катары

---

[548] Орхон – Энесай текстери, Фрунзе, “Илим”, 1982. -С.62.

ааламдын купуя сырларын ичине каткан жана дүйнөнүн бардык нерсесинен жогору турган адамдын өзүн өзү таанып билүүсү, ансыз ой жүгүртүүгө мүмкүн эмес, бардык ой жүгүртүүлөрдүн башаты болуп саналат"[549]. Улуу ойчулдун оюн улап, биз да Теңирдин маанисин, жогоруда Адамдын "эр" жана "үр" деп айтылышына байланыштуу изилдөө туура деп ойлойбуз. Ошондо анын чыныгы сыры, өзүнүн жердеги көрүнүшү болгон Адам менен бириккен мааниси ачылат. Биз, байыркы ата-бабаларыбыздын Улуу Духтун бир көрүнүшү катары Асманды ыйык тутукан Эл болгонун эске алып, Теңирдин= "Тең+Эр" деген эки сөздүн курамынан турган маанисин кенейтип изилдөөгө алсак туура болор эле деп ойлойм. Демек, Теңир = "Эр-Үр" маанилерин камтыган түшүнүк.

Адегенде арат элдеринин олуя адамдарына аян аркылуу берилген бул улуу ачылышты кийин семит элдеринин пайгамбарлары өздөрүнүн ыйык китептерине: "Кудай Адамды өзүнө окшотуп жасаган" деп жазышкан сыяктанат?

Кудай бирөө, бирок анын ар кайсы элдерге берилген ысымдары ар башка. Мисалы, араптарга кудайдын "Алла" деген ысмы түшүрүлсө, "байыркы түрк-монгол элдерине" анын "Теңир" деген ысмы берилген. Элдерге берилген Улуу Духтун ал ысымдары аларды аны (кудай) менен байланыштыра турган "код" болуп саналат. Башкача айтканда, биз – түрк-монгол элдери, Кудайдын "Теңир" деген ысмын айтып, дуба кылган учурда гана аны менен түз байланышка чыга алабыз. Ошондуктан биз Улуу Духтун бизге берилген ысмын эч качан жоготпошубуз керек. Анткени, Анын ысмын жоготуу менен биз, Аны менен болгон байланышты жана Анын бизге берген ыйык касиеттерин кошо жоготобуз

.

## Угуз хан - Тенир дүйнөтаанымынын реформатору

[549] Интернет булактарынан алынды.

А чынында, Теңирчилик дин эмес, ал андан кеңири мааниге ээ дүйнөтааным, синкреттешкен деисттик окуу. Ар кандай окуунун, же дүйнө таанымдын дин сыяктуу негиз салган адамы болот. Мисалы, Даонун негиздөөчүсү – Эр Ли (Лао-цзы), зороастризмдин негиз салуучусу Заратуштра пайгамбар ж.б. Бизге белгилүү түрк-монгол элдерине тиешелүү эпостордун жана дастандардын ичинен “Огуз наме” эпосу көлөмү чакан болгонуна карабай, өзгөчө орунда турат. Уйутулган тай туйак алтындай болгон дал ушул “сары уйгур вариантына” таандык эпосто жана кара сөз менен атактуу Абулгазы Бахадур жазган санжырада, Теңир дүйнө таанымын реформалаган адам, улуу бабабыз – Угуз хан тууралу баяндалат.

Исламды кабыл алуу менен кайсы бир этностун келип чыгышына, же ааламдын, асмандын жана адамдын жаралышына байланышкан мифтердин трансформацияланган жаңы варианттары пайда болгон. Алар Рашид ад-Дин, Абулгазы Бахадур, Языжыоглу Али сыяктуу авторлордун чыгармаларында чагылдырылган. Эгер биз, тексте айтылгандын баарын жазылгандай түшүнсөк, анда “кептин ары жагында эмне кеп бар экенин” эч качан билбейбиз? Ошондуктан байыркы булактарды жана эпикалык чыгармаларды этият окуу талап кылынат.

Биз талдоону, 13-кылымга таандык сары уйгур вариантындагы “огуз наме”[550] дастаны боюнча жүргүзүп, аны менен катар, керектүү учурда, толуктоо иретинде Раши ад-Дин менен Абулгазы Бахадурдун санжыраларына шилтеме бере отурабыз. Азыр, биз сөз кылып жаткан эки тексти тең кыргыздын көркөм тилинин көрүнүктүү өкүлү - жазуучусу Чоюн Өмүралиев түп нускадан кыргыз тилине которгон жана эки текстке тең эң сонун түшүндүрмө берген. Ошол сепбептен биз ушул автордун котормосу боюнча текстерге шилтеме беребиз.

[550] Бул текст да, жогорку биз көрсөткөн «Кыргыздар» деген китептин ичинде. 358-370-бб.

Дастан: “Ай каган көз жарды да болду уулдуу”[551] деп, Угуздун төрөлүшү менен башталат. Ал эми Абулгазы Бахадурдун “Түрк санжырасы” адегенде Угуз каганга чейинки заманды сүрөттөп, “Магул хандын баянынан” тарта кеп улайт. Анда мындай делет: “Магул хан көп жылдар падышалык кылды, төрт уулу бар эле. Абалкысы Кара хан, экинчи Өз хан, үчүнчү Көз хан, төртүнчү Көр хан турур. Магул хан өлөрүндө улуг уулу Кара ханды өз ордуна коюп кетти”[552].

Андан нары “Кара хан баяны” айтылат: “Атасынан соң бүтүн элге падыша болду. Ар тоосу жана Кер тоосу бу заманда Улуг тоо жана Кичик тоо делет, аны жайлар эле. Кыш болгондо Кара-Кум жана Сыр-Суунун жакасын кыштаар эле. Кара хан заманында эл анча каапыр болду, ичтеринде бир мусулман калбады”[553]. Текстеги: «Кара хан заманында эл анча каапыр болду, ичтеринде бир мусулман калбады» деген сөз эмнени билдирет? Бул кайсы заман? Кайсы Магул хан ? Кайсы Кара хан?

Тарыхчылардын кээ бири хун шаа бийи Модени[554] Угуз кагандын прототиби деп жүрүшөт. Ал б.з.ч. 3-к. тегерегинде жашаган адам. А бирок, ал кезде ислам дининин аты эмес, жыты да жок болчу. А балким, сөз ислам дини эмес, башка дин тууралу бараткандыр? Ал кийин мусулман миссионерлеринин кысымы менен «ислам» деп оңдолгондур?

А чынында, биз ойлогондой, манасчылар өз убагында айласыз Манас атабызды Мекеге алып барып, “ажы” кылып келишкендей эле, “Огуз намени” айтып келаткандар да, ошондой тагдырга туш келишкени тарыхчылар үчүн андай деле түшүнүксүз көрүнүш эмес. Эгер биз Угуз хандын башындагы “селдесин” алып ыргытып, ордуна өзүнүн “суусар тебетейин” кийгизип, үстүндөгү арабдын ала чапанын сыйрып таштасак, ошондо ичиндеги зоот

[551] Чынында бул Дастандын башталышындагы «үчүнчү» ыр сабы.
[552] Кыргыздар, 1-том. 8-б.
[553] Кыргыздар, 10том. 8-б. Бул сапты кудайга ишенген бир да адам калбады деп түшүнгөнүбүз туура. Анткени, окуя исламга чейинки Тенир ишеними пайда болгон байыркы замандарда өтүп жатат.
[554] Б.з.ч. 3к. азыркы Монголия аймагында Хунну империясынын улуу шаа бийи – Моде (кыт.Маодун) жөнүндө айтылып жатат. Бернштам, Бичурин баш болгон изилдөөчүлөр Модени - Угуз хан дешет.

кийген улуу Бабабыздын зор денеси көрүнөт. Анан, анын кайсы кылымга таандык экенин кыйналбай эле тактап билебиз. Анда сөз, кайсы мезгилде жашаган Кара хан, кайсы “дин” жөнүндө баратат – ошол тууралу болсун.

Ага-ини, татар тарыхчылары Кабир Туйка менен Фазил Туйканын маалыматы боюнча, мындан 34 кылым мурун Азияда жашаган түрк элдери бир улуу хандык түзгөн, ошол хандык башында турган Угуз хан чыгыш түрк улустарын бир ордонун тегерегине топтоп, Сибирде жашашкан фин урууларын, андан кийин жанындагы кытай, Инди жана Иран элдерин өзүнө баш ийдирип, андан нары Сирия жана Мисирге чейин бийлик жүргүзгөн. Угуз кагандын көзү өткөндөн кийин ордонун күчү чачырап, жогорку багынган элдер өз алдынча болуп кетишкен[555].

Эң сонун! Мына бул - биз издеген кеп! Эгер баласы Угуз хан мындан 34 кылым мурун жашаса, анда атасы – Карахан, жок дегенде андан 25 жыл илгери жашабайбы!?

Угуз каган тууралу, кыргыз санжырачысы Талып Молдонун айтканы боюнча, Угуз хан мындан 4800 жыл илгери жашаган[556]. Бул датаны (4800 жыл) ал кайдан алганы белгисиз? Андан нары, санжырада анын бир небересинин аты Кыргыз болгону айтылат. Кайрадан Абулгазы Бахадурдун санжырасында айтылгандарга көңүл буралы. Тексте айтылган маалыматка караганда, Кара хандын тушунда эл «каапыр» болгон. Демек дин болгон эмес. Бардык санжыраларда, Кара хан заманы эл бузулган заман катары сүрөттөлөт. Демек, Абулгазы айтып жаткан Кара хан, кече миң жыл мурун ислам динин “мамлекеттик дин” катары кабыл алган “кара хандар” эмес. Жогоруда айткандай, дастан Угуз хандын жарык дүйнөгө келиши менен башталып, ал тууралу мындай делет:

Ай каган көз жарды да болду уулдуу.
Баланын өң-чырайы көк чаар еди.

[555] Кабир Туйка, фазыл Туйка, Түрк тарыхы. Оренбург. 1919. \\ Ч.Өмүралиевдин «Осуят» аттуу макаласынан алынды. Кыргыздар. 1-том. 378-б.
[556] Кыргыздар. Бишкек. Кыргызстан. 1993. 2-том, 507-б. Талып Молдонун санжырасы.

Ээрини алоо, көзү өрттөй,
Чачы, кашы кара еди.
Тектүүдөн теңдеши жок көрктүү эле.
Ошол уул бир оозанып энесинин ак уузун,
Мундан артык эмбеди.
Тилге келди. Чийки эт, аш, сүзмө тиледи[557].

Ал эми ушул окуя Абулгазынын санжырасында мындай сүрөттөлөт: "Кара хандын улуг катынын бир уулу болду. Көркөмү ай, күндөн артык, үч кече, күндүз энесин эмбеди. Ар кечте ал уул энесинин түшүнө кирип айтар эле: "Ай ана, мусулман болгул, агер мусулман болбосоң, өлсөм өлөрмүн, (асты) сенин эмчегиңди эмбейм" деп. Энеси уулун кыя албады дагы Теңирдин бирлигине ыйман келтирди. Андан соң тынчыган уул эмчегин эмди. Энеси көргөн түшүн жана мусулман болгонун кишиге айтпай, жашырды"[558].

Бул текстин ичиндеги: "ай эне, мусулман болгун…" деген сөз алгач өз заманында, болжол менен мындай айтылганы шексиз: "Ай эне бир улуу кудайга ишен, анын ысмын "Теңир" деп айт". Анткени, жогорку эки ага-ини тарыхчылар айткан "Кара хан" заманында ислам дини эмес, аны алып жүргөн арабдар өздөрү тарых сахнасына чыгыша элек болчу.Минтип айтып жатканыбыздын себеби, ошол эле "Огуз наме" дастанынын сары уйгур вариантында "дин" жөнүндө сөз жок. Анда, энесинин эмчегин бир жолу гана ээмп, анан тамак сураганы айтылат. Демек, мусулман болуу жөнүндөгү текст санжырага кийин кошулган.

Андан нары «Дастанда» Угуздун кырк күндөн кийин эле басып кеткенинен кабар болот:

Кырк күн өттү. ойноп кетти.
Бука сандуу, бөрү белдүү,
Булгун жоорун, аю көөдөн,
Бүт баданы түк еди[559].

[557] Кыргыздар. 1-том, 358-бет. Өгүз каган, кырг. Котор. Ч.Өмүралиев.
[558] Кыргыздар, 1-том, 9-б.
[559] Кыргыздар, 1-том. 358-б. Өгүз каган, кырг. Котор. Ч.Өмүралиев.

Баатырлардын күн санап өсүшү – ал көпчүлүк эпикалык чыгармаларга мүнөздүү көрүнүш. Кыргыз санжырачысы осмоналы Сыдык уулу да Абулгазы Бахадурду кайталап: “Угуз хан энесинин курсагынан “олуя туулду”, Карахан заманында кудайды “тааныган” адам калбаса, Угуз хан заманында кудайды “тааныбаган” адам калбады[560] дейт. Улуу бабабыз тууралу айтылган санжыралардын баарында ал “касиеттүү” жан болуп төрөлгөнү кеп кылынат. Ислам дининин тили менен айтканда, бул маалымат, Угуз хан жөн гана “олуя” киши эмес, “пайгамбар” адам болуп төрөлгөнүн кабарлап турат. Анткени, чыгармада, ал “олуялык” кылып, алдын ала айткан эч нерсе деле жок. Тескерисинче, ал, али тили чыга элек жатып, энесин “кудайга ишен, Теңирдин атын атап, сыйын” (Абулгазынын санжырасы боюнча: “мусулман болгун” дейт) деп динге үгүттөп жатат.

Андан нары санжарада сөз минтип уланат: “Ал чакта магулдун салты мындай эле: уул бир жашка жеткенче, ага ат коюшчу эмес. Уулу бир жашка жетти. ошондо Кара хан элине жар салды. Анан улуг той кылды. Той күнү уулун маараке ичине келтирди. Кара хан бектерине айтты: “Биздин бу уулубуз бир жашка жетти, эми буга не ат коерсуз?”. Бек жооп берерден мурун уулга кайыптан тил бүтүп, сөзгө келди:

Атымдур Угуз билиңлер айан
Наамымдур Хызыр билиңлер айкын»[561].

Кыргызча которсок:

Атым аян боюнча Угуз экенин билгиле,
Наамым анык Кыдыр экенин билгиле.

Мына ушул жогорку эки сап ыр, Угуз хандын ким экенин толук айтып турат. Мындан артык так, түшүнүктүү айтууга мүмкүн эмес. Бала өз “ысмын” эле эмес, “кыдыр” экенин да айтып жатат. Дал ушул сөз (“кыдыр”[562]) биз Угуз ханды кайсы замандан, кайсы элдин ичинен издешибиз керек экенинен кабар берет.

---

560 Кыргыздар, 1-том. 55-б. О.Сыдык уулунун санжырасы-Мухтасар тарых Кыргызия.
561 Кыргыздар, 1-том. 9-б. Абулгазынын санжырасы.
562 Алымбаев А. Шаманская миссия эпического поэта. **auezov.edu.kz**›media/attachments/2022/04/12/19-..-

Биринчи, Угуз ысмынын мааниси тууралу кыскарак айталы. “Дегеле Угуз деген ысым кайсы тилде, эмнени түшүндүрөт? Туурасы Угузбу, же огузбу, же Өгүзбү? Киши атыбы, тайпа – эл атыбы? Кимиси кимисине оошкон?”. Угуз – абалы уруу, тайпа аты, жүрө-жүрө ал этнонимден эпонимге (адам ысмына) айланган түрү бар”[563] деген ойго келишкенин айтып, өзү да аларга кошулгандай түр кылат.

Угуз хандын ысмынын бир мааниси “буканы” билдирери тууралуу Бернштам[564] баш болуп, көптөр кайталап жазышкан. Бирок, көпчүлүк көңүлгө албай келаткан, анын дагы бир мааниси бар. Ал тууралу, эгер жаңылышпасам бир макаласында атактуу жазуучу агабыз Т.Сыдыкбеков: Угуз ысмы кыргыздарда “Ууз” деп айтыларын жазса керек эле. Б.а. Угуз ханды кыргыздар “Ууз хан” дешкен. Кыргыз тилинде: “ууз сүт” – “биринчи сүт”. Башка түрк тилдеринин көпчүлүгүндө ал “угуз” делет. Анан, менин билишимче, бул сөз (“ууз-угуз”) уйдун сүтүнө карата гана айтылат. Демек, ысымдын “бука” мааниси жокко чыкпайт, болгону бул ысымдын дагы бир мааниси бар экени билинет. Кененирек чечмелеп айтканда: “угуз” деп айтылганда – “адам атын”, “ууз” деп айтылганда - “биринчи сүттү”, “огуз” деп айтылганда - андан тараган “элди”, “өгүз” деп айтылганда – “кара малды”, “эгиз” деп айтылганда – “бийик тоону”, “эгиз төрөлгөн балдарды”, “өйүз” деп айтылганда “өзөндү” түшүнөбүз. Кандай болгон күндө да, Угуз хандын ысмында “бука” тотеминин мааниси жатканы талашсыз. Бул анын, “буканы” тотем катары ыйык туткан байыркы арий элдери менен болгон “тектик” байланышын каңкуулап тургансыйт?.. Курбангали Халидовдун “Тарыхи хамсэ” аталган санжырасында Кара хандын атасынын ысмы “Кызыл Бука”[565] деп айтылганын жазат. Б.а. “Кызыл Бука” - Угуз хандын “чоң атасы”.

[563] Кыргыздар, 1-том, 377-бет. Ч.Өмүралиев. Осуят.
[564] Бернштам А. Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI-VIII вв. М.-Л., 1946. –С.83-84.
[565] Кыргыздар, 1-том. 383-б. Ч.Өмүралиев боюнча алынды.

Эми Угуз хандын атасы – Кара хандын  ысмы тууралу бир ой. Кыргыздар "өгүздү" (бука, уй) "кара мал", "бодо мал" деп айтат. Же чечмелеп айтканда, кыргыз тилиндеги "кара мал" деген сөздү биз: "өгүз мал", "ири мал", "ыйык мал", "бодо мал" деп түшүнөбүз. Дал ушул көз караштан алганда, Кара хандын ысмынын мааниси да "өгүздү" (буканы) берет. Б.а. "Кара хан" – ал "Угуз хандын» эле өзү. Ошентип, акырында айтарыбыз: Угуз хандын өзү эле эмес, ата-бабалары да "бука" маанисин билдирген ысымдарды алып жүргөнүнө күбө болобуз.

Эпос боюнча, анын сырткы көрүнүшү байыркы огуз түрктөрүнүн тотемдик түшүнүктөрүн чагылдырып турат. Мисалы, миф боюнча Угуз хандын "буттары - буканын буттарындай, бели – бөрүнүн белиндей, ийиндери – суусардын (соболь) ийиндериндей, төшү – айунун төшүндөй"[566]. Бул тексте бугуга же багышка байланышкан маалымат жок. Демек, Угуз хандын ысмында бодо малга тиешелүү айтылган "бука" (кырг: "өгүз"; узбек: "көкхүз") мааниси камтылган тотемдик дүйнөтаанымга такалабыз

Эми сөз  Угуз  бабабыздын "наамы" же "даражасы" жөнүндө болсун. Чынында, анын "наамы" же "даражасы" – "хан", "каган". Бирок, ушул убакка чейин биздин изилдөөчүлөр маани бербей келаткан бир сөз бар экен. Ал "кыдыр" ("кызыр") деген сөз. Бул сөз эмне маанини билдирет? Угуз бабабыздын: "Менин ысмым "Угуз" экенин билгиле, менин наамым "кыдыр" экенин билгиле" дегени эмнени түшүндүрөт?

Кыдырдын ысмы мусулман адабияттарында "ал-Хадир" (ал-Хидр) деп айтылат. Мисалы, ал тууралу айтылган маалымат мындай: Хадир ислам мифологиясында, исламга чейинки, Жакынкы Чыгышка таандык көптөгөн образдардын  мүнөздөрүн  өзүнө сиңирген мифтик персонаж. Куранда бул персонаж тууралу эч нерсе айтылбайт. Бирок, ага комментария бергендер бир ооздон аны "Алланын кулу" же "Алланын элчиси" деп жазып келатышат.

---

[566] Ошол эле жерде. -С.240.

Энциклопедиялык сөздүктөрдө: "Кыдыр, Кызыр (арабча: хызыр, жашыл түстү билдирет) адамдарга жакшылык кылуучу, адамдарды колдоочу олуя. Түрк, Иран элдеринин жомокторунун байыркы кейипкерлеринин бири, көбүнчө "жашыл тончон", ак боз ат минген аксакал карыя түрүндө сүрөттөлөт. Бул табышмактуу пайгамбар өлбөстүн дарысын издеп, акыры мүрөктүн суусунун булагын таап ичип, ошондон улам өлбөс болуп калган экен. Орто Азия элдеринин түшүнүк, ишениминде Кыдыр түбөлүк жер кезип жүрөт, адашкан жолоочуларга, кедей-кембагалдарга жана кыйын кезеңге туш келген бардык пенделерге жардам көрсөтөт. Ал жолоочу, дубана, майып киши, кээде тааныш кишинин кебетесинде кездешет. Кыдырдын оң колун кармап, анын "баш бармагынын" сөөгү жок экенинен таанууга болот деп эсептешет. Түрк элдеринин эпосторунда Кыдыр акылман карыя, баатырлардын колдоочусу катары айтылат. «Манас» эпосунда бул кейипкер Манас баш болгон баатырларга колдоо көрсөтүүчү катарында "40 чилтен" менен бирге учурайт[567].

Бирок, илимий изилдөөлөр эпосто ислам динин кейипкери болгон Кыдыр эмес, арий коомунда башкы жрецтик милдетти аткарган Кыдыр тууралу болуп жатканын көрсөтүүдө. Кыдырдын образы жазма мусулман адабияттарында кандай көп жазылса, эл оозунда да, ал, дал ошондой эле кеңири белгилүү болуп, көп айтылган. Ал тууралуу өзүнчө сөз кылабыз.

Ригведада Кыдыр "хоатар" же "хотр"[568] деп айтылат да, "башкы жрец", "улуу бакшы" дегенди түшүндүрөт. Бул сөз Авестада "зоатар" формасында жазылып, ал дагы "бакшы" ("жрец"), "маг" маанилерин берет. Чыгыш адабиятынын түшүндүрмөлөрүндө "Кыдыр – байыркы арий кудайларынын бири". Башка бир учурда "байыркы арий коомуна тиешелүү олуя, сыйкырчы" катары сүрөттөлөт. Менин пикирим боюнча да, анын "олуя", "жрец" деген маанилери туура деп ойлойм. Анткени, байыркы бакшылар бирөөдөн алган

---

[567] "Манас" энциклопедиясы /Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы. 1995. 1-Т. 440- б.
[568] Блаватская Е.П., Теософский словарь. М. "Золотой век...". 1994. –С. 537.

билими боюнча эмес, кудайдан берилген касиетине карата бакшылыкты кесип кылган. Кыргыз эли, бактылуу, бай адамды “Кыдыр колдогон”, “Кыдырдын батасы тийген” адам деп айтат. Алыскы жолго чыккан адамга: “Жолуӊ шыдыр, жолдошуӊ кыдыр болсун” деп бата берип узатат.

Ислам осуяты боюнча, “ушул түнү асмандан Куран түшүрүлгөн” делет. А бирок, жылда орозого жараша бул күн өзгөрүп турат. Ал эми Теӊирдин улуу майрамы болгон Жаз майрамын биздин ата-бабалар 21-марттын түнүндө “кыдыр түн” тосуп, жаӊы жылдын биринчи күнүн 22-мартта Күн менен учурашкандан кийин улантып майрамдап келишкен. “Улустун улуу күнү”, балким адегенде: “Угуздун улуу күнү” деп айтылгандыр? А чынында, адегенде “Улустун улуу күнү” 11-февралда, кышкы чилде чыккан күнү белгиленгени айтылат санжыраларда. Ошондуктан, келечекте “Улустун улуу күнүн” өз мезгилинде (11-феврал күнү) майрамдап, 21-мартты “Угуздун улуу күнү” деп атасак туура болор беле? Анткени, дал ушул күн Угуз бабабыз негиздеген Теӊир дүйнө таанымынын “улуу күнү”, “оӊдун – солго”, же “солдун – оӊго” оодарылып аткан күнү. Эски – Жаӊыга, Суук – Ысыкка, Кыш – Жазга ж.б. алмашып аткан күн. Бул күн Теӊирдин күнү. Бул түбөлүк жок болбой турган улуу күн. Ошентип, улуу Бабабыздын наамы “хызыр” эмнени билдирерин тактоого аракет кылдык. Жалпылап, бүгүнкү күнү колдонуп жүргөн термин менен айтканда: “хызыр” – “пайгамбар” дегенди билдирет. Угуз бабабыз өзүнүн “ысмын” гана эмес, өзүнүн “наамын”, б.а. өзүнүн ким экенин да өзү айткан касиеттүү киши болгонунан маалымат алабыз.

Абулгазы Бахадурдун санжырасында дагы минтип айтылат: “Угуздун тили чыгып жүргөндө: “Алла”, “Алла” деп ар дайым айтар эле. Ар ким эшитсе айтар эле: бала тили келбестиктен, не айтарын билбей айтып турганы деп. Анын себеби лугат “Алла” араб тили турур. Магулдун эч атасы араб тилин эшиткен эмес”[569]. Бул жерде аргасыздан “теӊир” теоними “алла” менен алмашып калганы көрүнүп турат. Анан да бул кийин кошулган текст. Анткени,

[569] Кыргыздар. 1-том. Түрк санжырасы. 9-б. кырг. Которгон Ч.Өмүралиев.

дастандын өзүндө дин тууралу эч кандай маалымат жок. Эми Угуз бабабыз "кыдыр" (пайгамбар) катары кандай динди негиздеген, эмне реформаларды жүргүзгөн ошого токтололу. Ал Теңир дүйнө таанымына негиз салган Адам экенин эмнеден билебиз? Угуз хандын эр жеткен курагында да көңүл бөлө турган маалыматтар бар. Мисалы, эпосто минтип айтылат:

- Күтүрөтүп жылкы күтүп,
- Күлүк тандап минер болду.
- Кийик уулап жүрөр болду.
- Күн өттү. Ай, жыл тозду. Жигит толду[570].

Абулгазыда мындай делет: "Угуз жигит болду. Кара хан ага иниси Өз хандын кызын алып берди"[571]. Абулгазынын санжырасында Угуз хан толук мусулман адамына айланып калган. Бул текстен биз Теңир дүйнөтаанымынын эч нерсесин таппайбыз. Бирок, Угуз бабабыздын эпосто ачылбаган "пайгамбарлык" сапаты, санжырада "селде" кийгизилип, эң сонун берилген.

Угуз хан принцип кармаган адам экени үйлөнгөндө да көрүнөт. Биринчи күнү эле жаңы алган аялынын жанына жатып, аны да "Аллага берил" дейт. Кыз маакул болбой койсо, туруп кетип, башка жерге жатат. Чыныгы себеби эмне экенин билбей, балам алган аялын сүйбөй калды деп, Кара хан экинчи иниси Көр хандын кызын алып берет. Угуз хан кечинде бул кызга да сырын айтат. Кыз маакул болгон жок. Угуз муну менен да жатпады. Кара хан үчүнчү иниси Көз хандын кызын алып берди. Ушул кыз маакул болуп: "Сен кайда болсоң, мен ошол жолдо болоюн" деди. Угуз хан ушул үчүнчү аялын абдан сүйүп, ардактады.

Бир күнү Угуз хан узакка ууга кеткенде, Кара хан аялынан, Угуз хан мурунку эки аялын жакшы көрбөгөн себебин сурады. Аялы билбейт эле. Улуу келин өзү айтты сураганда. Сыр ачыкка чыкты. Угуз хандын "мусулман" экени

570 Кыргыздар, 1-том. 358-359-б. Өгүз каган, кырг. Которгон Ч.Өмүралиев.
571 Кыргыздар. Түрк санжырасы. 1-том, 9-б. кырг. Которгон Ч.Өмүралиев

билинди. Кара хан бектери менен кеңешип, Угузду ууда жүргөндө өлтүрмөк болушту[572].

Бирок, эпосто Угуз хандын үйлөнүшү башкача айтылат. Биринчи аялы Нурпери Көктүн кызы[573]. Ошол Нур кызынан Угуз хан үч уулдуу болду. Улуусуна – "Күн хан", андан кийинкисине – "Ай хан", кичүүсүнө – "Жылдыз хан"[574] деген ысымдарды берди. Мындан биз, "Теңирдин уулдары" ушинтип, Асманга байланышкан ысымдарды алып жүргөнүнө күбө болобуз. Бул нукура Теңир дүйнөтаанымынын улуу хандарга ылайык салты. Анткени, Теңир дүйнө таанымы боюнча, адам "кудайдын кулу" эмес, "кудайдын уулдары" делет. Теңир дүйнө таанымы – эркин элдердин, жоокер элдердин ишеними болгон.

Угуз хандын экинчи аялы Суупери – Көл ээсинин кызы[575]. Ал андан үч балалуу болду. Улуусуна – "Көк хан", ортончусуна – "Таг хан", кичүүсүнө – "Деңиз хан"[576] деген ысымдарды берди. Жогоруда айтканыбыздай, бул нукура көчмөн элдин салты. "Теңир уулдарына" ушинтип, жер-сууга байланышкан ысымдарды беришкен.

Абулгазынын санжырасында Угуз хандын "алты уулу" кандай аялдардан төрөлгөнү айтылбайт. Тек минтип гана баяндалат: "Угуз хандын алты уулу бар эле. Улугунун аты Күн хан, экинчиси - Ай хан, үчүнчүсү - Жылдыз хан, төртүнчүсү - Көк хан, бешинчиси - Таг хан, алтынчысы - Деңиз хан"[577]. Анан, андан нары алты уулдун ар биринин "төрттөн" уулу болгону айтылат. Ошентип Угуз кагандын "24 небереси" болгонун билебиз. Эпосто "неберелер" тууралу маалымат жок. Демек, бул да санжырага кийин кошулган.

[572] Кыргыздар, 1-том. 10-б.
[573] Кыргыздар, 1-том, 360-б.
[574] Кыргыздар, 1-том, 360-б
[575] Кыргыздар, 1-том, 360-61-бб..
[576] Кыргыздар, 1-том, 360-61-бб.
[577] Кыргыздар, 1-том, 17-б.

Угуз хандын үйлөнгөн аялдарынын бири – Күн ээсинин кызы Нурпери, экинчиси – Көл ээсинин кызы Суупери эле. Ошентип Угуздун бир аялында оттун, экинчи аялында – суунун касиети бар болчу.

Нурпери: Күн хан, Ай хан жана Жылдыз хан деген үч уул төрөдү.

Сууперидён: Көгөй, Тагай жана Көлөй деген үч уул жарык дүйнөгө келди.

Угуз хандын алты уулунан 24 небере болду.

Эми Угуз кагандын бир “реформасына” көңүл буралы. Бир күнү Угуз хан улуу той жасап, анан тойдун аягында бектерин жыйнап алып, мындай жарлык айтты:

Теңир буйруп болдум каганың, будан ары:
Жаа, калкан болсун куралың!
Тамга болсун буйаның![578]
Көк бөрү болсун урааның![579].

Эпостун мына ушул ыр саптарында, Угуз хан өз элин “жоокер элге” айлантып жатканы көрүнүп турат. Сыягы, бир кезде жай жашап, тирилик кылып жаткан эл “көчмөн” турмушка өтүп, андан нары басып алуучулук саясатын ишке ашыруу даярдыктары өтүп жаткан мезгилди чагылдырып тургансыйт? Мына ушул окуядан көп өтпөй, Угуз хан Урумга уруш салды. Ошол Урумга бараткан жолдо, бир жерге Угуз каган колун кондурду. Чарчаган кошуун “Түн менен түн болуп уюп жатты:

- Таң буурул кан чатырга күндөй бир жарык акты,
- Ал жарыктан бир силкинип көк жал бөрү чыкты[580].

Анан ал бөрү адамча сүйлөп, мындан кийин жортуулда Угуз хандын “жолун ачып” колдоп жүрөрүн айтат. Ошондой болду, ар жортуулга чыкканда, көк жал бөрү жол тосуп чыгат, колдун алдына түшүп, жол баштап жөнөйт. Бирок, ал “көк жал бөрүнү” Угуз хандан башка эч ким көрбөйт. Мунун өзү Угуз хан

[578] Өмүралиев Ч.бул сөздү «булан» деп которгон. Биз түп нускада айтылгандай бердик. Анткени, А.М.Щербак аны: «Тамгою пусть будет нам благодать» деп которуптур. Бул да түшүнүксүз? Ал эми «булан» – «багыш» деген сөз. Менимче, «буйан» – «булан» эмес, «бөйөн» болушу мүмкүн? Анткени, осмон түрктөрү тарткан Хун империясынын байрагында «бөйөн» (орус. Скорпион, өтмө мааниде – Дракон болсо керек) тартылып турат.
[579] Кыргыздар, 1-том, 361-б.
[580] Кыргыздар, 1-том, 363-б.

“көзү ачык”, колдоочусу “көк бөрү” болгон кол башчы, касиеттүү хан экенин көрсөтөт. Биз “пайгамбар” десе эле, ислам дини аркылуу келген түшүнүк менен, эл аралап акылдуу сөздөрдү сүйлөп, осуят калтырып кеткен адамдарды түшүнөбүз. А биздин ата-бабалар көчмөн эл болушкан, а көчмөн элдин 16 жаштан 6о жашка чейинки эркеги жоокер болгон. Демек, алардын “пайгамбарлары” да жоокер адамдар болушкан. Алар семит элдеринин пайгамбарларынан айырмаланып, акыл айтып, осуят калтырбастан, өздөрүнүн өрнөк иштери менен үлгү көрсөтүшкөн. Ошентип:

- Көк Теңири колдоп,
- Көк жал бөрүсү жолдоп,
- Чынды алды, Таңгутту алды,
- Андан ооп, Шамга аттанды»[581].

Кыскасы, төгөрөктүн төрт бурчунда жашаган элдерди чаап, аттын буту жеткен жерге чейинки “баштуунун башын ийди, тизелүүнүн тизесин бүктү”.

Бөрү – “жоокердик” тотем, тагырак айтканда, Угуз ханды урушта колдогон “согуш кудайы” экенин баамдого болот. Анткени, ал дайым жортуулга баратканда, жолунан тосуп, кол баштайт.  Ал эми жай убакта, ордодо Угуз ханга кеңеш берген башка адам бар. Анын ысмы – “Түрк” [582] эле.

Мына ушул жерде биз айтып кете турган дагы бир нерсе бар. “Түрк” сөзүнүн мааниси жөнүндө көп окумуштуулар ар кандай ойлорду айтышкан. Алардын басымдуу көпчүлүгү, бул сөз (“түрк”) – “күчтүү”, “бекем”[583] дегенди түшүндүрөрүн айтып жана жазып жүрүшөт. Биз бул сөздүн жогорку айтылган маанисин жокко чыгарбайбыз. Бирок, анын кыргыз тилинде сакталган дагы бир мааниси бар экенин, ал анын түпкү мааниси экенин өзүбүздүн “Түрк этнониминин этимологиясы”[584] деген макалабызда айтканбыз. Дагы бир жолу кайталайбыз: Бул сөз кыргыз тилинде “бөлтүрүк” айтылышында сакталып, “бала бөрү” (“бала+түрүк”) же “бөрү баласы” (“бөрү+түрүк”) дегенди

[581] Кыргыздар, 1-том, 368-б.
[582] Кыргыздар, 1-том, 368-б.
[583] Айтмуратов Д., Тюркские этноними. Каракалпакстан, “Нукус”, 1986. –С.127.
[584] Турал Б. Огуздар. Бишкек. 2008. 192-б.

түшүндүрүп турат. Демек “түрк” – “бөрү” деген сөз. А чынында, улуу Түрк империясын “бөрүнүн балдары” (ашина) түзүшкөнүн баарыбыз жакшы билебиз. Мунун өзү көчмөн элдердин тарыхы алардын тилинде сакталарын көрсөткөн дагы бир факты.

Жогорку Угуз бабабыздын улуу кеңешчиси – Түрктүн ысмы, бизге андан мурунку, каганды жортуулдарда “жол ачып”, кол баштап жүргөн “көк жал бөрүнүн” адамга айланган образын эсибизге салып турат. Атына караганда, ал ошол эле “көк жал бөрүнүн” эле өзү. Мына ушул жерде “Манас” эпосундагы Бакай атабыздын образы эсибизге түшөт. Бакай атабыз менен Түрк бабабыздын образы окшош экенин эч ким шек кылбайт. Бирок, ошол эле замат: Андай болсо, “Угуз хан – Манас эмеспи?” деген суроо келип чыгат. Биздин изилдөөлөрүбүз боюнча “бир нече Манас” өткөн, анын “биринчиси” ушул Угуз хан бабабыз болушу мүмкүн (?). Эпос боюнча, Угуз хан Манастын түпкү ааларынын бири[585] болуп жүргөнү да жөн жеринен эмес сыйактанат?

Кайрадан Угуз хан тууралу дастанга кайрылалы, мына ушул улуу кеңешчи, акылман Түрк бир күнү түш көрдү[586]. Келди да, таазим кылып, түшүн каганына айтты. Жорушту. Анан Угуз каган улуу аялынан төрөлгөн үч уулун – Күн, Ай жана Жылдызды Күн чыгышка аттандырды, кичүү аялынан төрөлгөн үч уулун – Көк, Таг жана Деңизди Күн батышка жиберди[587]. Күн чыгышка барган балдары бир “алтын жаа”, Күн батышка кеткен балдары “үч күмүш жебе” таап келишти.

Угуз каган  алтын жааны үчкө бөлүп - Күн, Ай, Жылдызга, үч күмүш жебени бирден Көк,Таг жана Деңизге берди. Анан, үч улуу уулдарына карап: Силер көккө жебе аткан Жаанын, анан үч кичүү уулдарына карап: Силер жаа көккө  аткан Жебенин кызматын кылгыла деди. Бул  укум-тукумга улана кетчү “укук тактоо”, салт, аны менен бирге “кызмат бөлүштүрүү” “реформасы” эле.

[585] Орозбаков С. Манас.
[586] Кыргыздар. 1-том, 368-б.
[587] Кыргыздар, 1-том, 369-б.

Абулгазынын санжырасында: Улуу аялдын балдарына – “Бузок”, кичүү аялдын балдарына “Үчок” деген жалпы ат берүү менен аяктап, Угуз каган анан дагы: “Дүйнө акыр болгончо, Бузоктун бир жакшысы падыша болсун”, “Үчоктор сол болсун, үйдүн сол тарабында олтурушсун жана дүйнө акыр болгончо, нөөкөрлүккө ыраазы болушсун” [588] деди.

...Ал ал болду, бир топ убакыт өтүп, бир күнү Угуз хан улуу курултай чакырып, той кылды. Абулгазынын санжырасы боюнча, ортодо Алтын Өргө тургузулуп, “оңго алты Ак Өргө жана Сол жакка алты Ак Өргө тиктирди. Жана да оң жакка башына алтын тугук бүркүткөн кырк кулач агачты тиктирди, дагы сол жакка башына күмүш тугук бүркүткөн кырк кулач агач тиктирди”[589]. Анан, Хан жарлыгы боюнча, Бозок уулдары нөөкөрлөрү менен алтын жамбыны, Үчок уулдары нөөкөрлөрү менен күмүш жамбыны атышты. Жамбыларды аткан кишилерге көп сыйлыктар берилди. Бул окуя эпосто минтип байандалат:

- Оң жагына кырк кулач шырык сайды,
- Кылда учуна тагылып алтын жамбы,
- Аягына ак таңдай ак кой байланды.
- Сол жагына кырк кулач шырык сайды,
- Кылда учуна тагылып күмүш жамбы,
- Түбүнө түндөй кара кой байланды».

Анан:

- Оң жагына бозоктар олтурушту.
- Сол жагына үчоктор олтурушту
- Каркыттап, кырк күнү той курушту[590].

Ошентип, Угуз каган оң жагына ак туу сайып, түбүнө ак кой байлады, сол жагына кара туу сайып, түбүнө кара кой байлады. Нурпери аялынан төрөлгөн балдары - Бозокторду Угуз каган оң жагына отургузду. Суупери аялынан төрөлгөн балдары – Үчоктор атасынын Сол тарабынан орун алышты. Бозоктор улуу болгондуктан “улуу бийлер” ушулардан болсун” деди каган. Үчоктор кичүү болгондуктан, “жоокерлик” салтты тутушуп, улуу агаларына

[588] Кыргыздар, 1-том, 15-б.
[589] Кыргыздар, 1-том, 17-б.
[590] Кыргыздар. Т-1. 370-б.

баш ийип жашашсын деди. Андан кийин балдарына жана неберелерине өздөрүнүн тамгаларын жана орундарын энчилеп берди.

Мына, Угуз кагандын Теңир дүйнө таанымы боюнча жүргүзгөн "реформалары"! Угуз ханга чейин жана андан кийин да, эч бир каган мындай иштерди жасаган жок. Угуз хан Теңир дүйнөтаанымынын эң башкы "Оң-Сол" принцибин тактады. Мындан кийин жүрүм-турум, каада-салт, ырым-жырымдарды ушул принцип менен жүргүзүүнү насаат кылып айтты.

Эгер баам салсак, Угуз хан өзү башкарган элди коомду космостун үлгүсүнө салып, кайра куруп чыкканын көрөбүз. Бул эпосто да үчтүк принциптери катуу кармалган. Угуз кагандын образы Нурпери аялынан төрөлгөн үч улуу уулдары менен үч бөлүктөн турган Түз дүйнөнү чагылдырып турса, Суупери аялынан төрөлгөн үч кичүү уулдары менен үч катмардан турган Тик дүйнөнү чагылдырып турат. Биз Угуз хандын образынан макрокосмосту чагылдырып турган микрокосмосту көрөбүз. Башкача айтканда, Угуз кагандын үч улуу уулдары "Чыгыш", "Батыш" жана "Борбор" түшүнүктөрүн билдирген Түз дүйнөнүн ээлери болсо, үч кичүү уулдары "Жогорку", "Төмөнкү" жана "Ортонку" дүйнө катмарларын түшүндүргөн Тик дүйнөнүн ээлери.

13-14 кылымдарга таандык сары уйгур вариантында, Угуз каган "энесинин боюна нурдан бүтүп" төрөлөт[591]. Мына ушул маалыматтын өзү да, ал жөн жаралган жан эмес экенин, анын тагдырына адамзат тарыхындагы эң байыркы "дуалисттик" көз караштагы улуу дүйнөтаанымды негиздөө миссиясы жазылганын, ал өзү айткандай "кыдыр" (пайгамбар) адам экенин кабарлап турат.

Угуз бабабыз качан жашап өткөнү тууралу баш жагында кеп кылганбыз. Санжырачылардын айткандарына таянып, болжол менен б.з.ч. 2-миңинчи жылдардын тегереги деп токтогонбуз. Б.а. ага-ини Кабир менен Фазыл Туйкалардын жазгандарына негиздеп, Угуз хан мындан "3400 жыл"[592] мурун

[591] Мифы народов мира. Т-2. –С. 240.ст. Огуз-хан.
[592] Кыргыздар, 1-том, бул маалымат Ч.Өмүралиев боюнча алынды.

жашаган деп айтканбыз. Ошондо ал б.з. 34 к. мурун өмүр сүргөн адам болуп чыгат.

Бул доор тарыхта, Туран аймагынан кеткен арийлердин бир толкуну Индияны басып алган мезгилге (б.з.ч. 13-15кк.) туура келет. Эгер, казак элинин көрүнүктүү акыны жана тарых иликтөөчүсү олжас Сулейменовдун айтканына ишенсек, анда дал ошол замандарда (б.з.ч. 2-миңинчи жылдар – о.С.)  Теңир дүйнө таанымы алгач диний-философиялык окуу катары пайда болгон.

## Манас жана Дүйнөлүк адамдын образы

Кыргыз эли үчүн Манас өтө ыйык жана өтө улуу түшүнүк. Кыргыз жана Манас түшүнүктөрү кээде синоним түшүнүктөр катары колдонула берет. Кыргыз болбой Манас болмок эмес, ал эми Манас болбой Кыргызды түшүнүү мүмкүн эмес. Кыргыз – “дене” болсо, Манас – “жан”, “дух”.

Атактуу окумуштуу В.М.Жирмунский Алтай элинин эпосу “Алп Манашты” кыргыздын “Манас” эпосунун алгачкы варианты катары караган. Аны менен маакул болгондор да, албетте, ага каршы чыккандар да бар. Биз, бул жерде Алп Манаштын атасы – Байбарак баатырдын ысмынын мааниси жөнүндө жана анын кыргыз тотемдери менен болгон байланышын айталы деп ойлодук. Мисалы “бай” – байыркы түрк элдеринин тилдеринде: “чоң”, “зор”, “алп”, “кудай”[593] деген маанилерди берет. Ал эми “Барактын” мааниси – “жүндүү ит”. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө: “Бар-к” – ууга чыкчу башка иттерден күлүктүгү жана күчтүүлүгү менен айырмаланган жүндүү ит”[594] деп жазылган. Чынында, бул жерде сөз “жалдуу ит” тууралу жүрүп жатат. Башкача айтканда, сөз иттин “жүндүү” же “жүнсүз” экени жөнүндө эмес, сөз “ууга чыкчу” тайган иттердин мыктысы, сырттаны тууралу айтылууда. Анан дагы,

[593] Огуз тили ---?
[594] ДТС, 83-бет.

ушул эле сөздүн бир аз башкача “барс” деп түрк тилинде, “бар” деп монгол тилинде айтылышы “илбирс” менен “жолборсту” түшүндүрөт.

Биздин байкообузда “арыслан”, “кабылан”, “барс” деген сөздөрдүн уңгусунда “аслан” деген сөз жатат. Мисалы: Арслан = “ар+аслан”, кабылан= “кап+аслан”, барс = “бар+аслан” деген сөздөрдөн куралат. Бул жерде “ар”, “кап”, “бар” деген сөздөр жогорку жаныбарлардын сыпаттарын билдирип турат. Сыягы, бул сөздөр адегенде түстүк маанисинде: ар – “ак”, кап – “көк” же “кара”, бар – “кызыл” дегенди түшүндүргөн болуу керек? Демек, алардын түстүк аттары: “ак аслан”, “көк же кара аслан” жана “кызыл аслан”.

Кыргыз эли  арыстан, кабылан, жолборсторду “ит тукумуна” таандык кылып сүйлөйт. Анан алардын баарынын балдарын “күчүк” дейт. “Кыргыз кызыл иттен тараган” деген сөз да жогоруда биз кеп кылган эпостогу мифке жана санжырадагы “кызыл тайган” жөнүндөгү тотемдик түшүнүккө байланыштуу айтылган. Андыктан Кыргыз элинин түп атасы – Манас атабыздын эпитеттери да эпосто: “ит Манас” эмес, “арыстан Манас”, “кабылан Манас”, “жолборс Манас”, “көк жал Манас” деп айтылат. Ал эми “ак ит”, “көк ит”, “сары ит” же “кызыл ит” – жогорку арыстан, кабылан, жолборстордун “түстүк аттары”. Мисалы, бир, жолборс чалып өлтүргөн мырзаны кошкон кошокто минтип ырдалат:

Алтын жаак, мис капкан
Сени ак жолборс сындуу ит капкан
Күмүш жаак, мис капкан
Сени көк жолборс сындуу ит капкан[595].

“Ар бир элдин тарыхы, ошол элдин ичинен, өз элинин жүрөгүнүн тереңинде уюп жаткан улуу күчтү козгогон бир гениалдуу инсан же баатыр чыкканда башталат. Дал ошондон кийин “урук” же “уруу” элге айланат. Кийин, дал ошол уулун эскерип жатып, элдин аң-сезиминде мейкиндик жана мезгил

[595] Кыргыз поэзиясынын антологиясы., 1-т. Бишкек, “Кыргызстан Сорос” фонду.1999. 439-б.

боюнча өзүнүн биримдигин туйган бир ыйык сезим ойгонот. Ошол эс-тутум анан тарыхты жаратат"[596]. Кайсы эл болбосун, ошол элдин дүйнө таанымынын философиялык негиздеринин бири болуп, анын "Биринчи адам", "Түп ата" тууралу түшүнүктөрү, б. а. Адамдын жаралышы, табияты, ишмердиги жана Түп Атанын ким экендиги, качан жаралгандыгы жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү эсептелет.

Мисалы, индус араттарынын мифи боюнча Биринчи адамдын аты – Ману. Ал күн кудайы Вивасват менен Саранияның уулу, Жер үстүндө жашаган "биринчи адам" жана ошондой эле дүйнөдөгү элдерди башкарган "биринчи хан". Индус мифтеринде Ману "7" жолу кайра жаралганы баяндалат. Ал боюнча, азыр Жер үстүндө жашап жаткан адамзат "Жетинчи Манунун", б. а. жогоруда кеп кылган Вивасват менен Саранияның уулу - Ману Вайвасваттын урпактары болуп саналат[597].

Манастын ысмы байыркы индус араттарынын мифтеринде "Ману" - "Манус" деген формаларда белгилүү. Биздин улуу эпосто ал: "Алп Манас", "Эр Манас", "Арыстан Манас", "Айкөл Манас" ж. б. эпитеттер менен коштолуп айтылат. Алтай элдеринде анын ысмы – "Алп Манаш". Алтайлык алп Манаш менен ортоазиялык Алпамыштын жана кыргыздын Эр Манасынын түпкү теги бир экенин аларды салыштырып изилдешкен окумуштуулардын көпчүлүгү окшош пикирге келишкен. Биздин изилдөөлөр да ушул илимий көз карашты туура деп эсептейт жана колдойт.

Алтай элинде Алп Манаш – Байбарак[598] баатырдын баласы. Энесинин ысмы – Эрмен чечен. Ушул эпосто, Алп Манаш атактуу Кыргыз хандын кызы – Аруу Күмүшкө үйлөнөт. Бүгүнкү Кыргыз эли ушул алп Манас менен Аруу Күмүштөн тараган.

---

[596] .Эренжен Хара-Даван, Чингис-хан как полководец и его наследие, Алма-Ата, "КРАМДС-Ахмед Яссауи", 1992г., с-76.

[597] Мифы нараодов мира, 2-т., 106-бет, статья "Ману", М. СЭ., 1992г. Гл редактор Токарев С.А.

[598] Орто Азияда Байбарактын ысмы тірктєшіп – "Байбєрі" формасына єткєн. Ал кийин ислам динин миссионерлеринин їгїтї менен Манастын атасы – Жакыпка айланган – Б.Т.

“Анда, эмне үчүн биздин эл “Манас” деп аталбай, “Кыргыз” деп аталып калды” деген суроо болушу мүмкүн? Бул суроого тарыхчы окумуштуулар: Байыркы “көчмөн элдердин салты боюнча, урууларда балага атанын ысмы, урууга эненин ысмы берилген”[599] деп жооп берет.

“Эл энеден башталат” деген сөздүн келип чыгыш тамыры да дал ушул байыркы матриархаттык доордун салтында жатат. Чынында, бул эзелки “энелик” доордо пайда болгон сөз. Демек, “кыргыз” деген сөздүн пайда болуу мезгилин Энелик доордон издешибиз керек. Ошондо бул сөз кайсыл жерде жашаган элдин тилине таандык болгонун жана ал эмнени түшүндүргөнүн билебиз.

Биздин атабыздын ысмы – Манас, энебиздин ысмы – Аруу Күмүш. Сыягы “аруу” (“арат” - “арий”) деген эл аты ушул энебиздин ысмынан улам бери карай уланып айтылышы да толук ыктымал? Чынында биз - кыргыздар, атабыздын каны боюнча да, энебиздин каны боюнча да улуу, касиеттүү тукумдан тараган элбиз.

Ар бир элдин өзү жөнүндө кандайдыр бир “жакшы” же “жаман” түшүнүктөрдүн болушу – ал мыйзамченемдүү көрүнүш. Тескерисинче, өзүнүн келип чыгышы же эл болуп калыптанышы жөнүндө эч кандай түшүнүгү жок эл түшүнүксүз эл. Андай эл дүйнөдө жокко эсе. Бирок, элдин баары эле эч бир негизсиз өзүн “кудайдын уулу” же “асмандан түшкөн адамдын урпагымын” деп айта албайт. Ага сөзсүз бир мифологиялык-философиялык негиз болушу керек. Ал эми Алтай–Сайан элдеринин мифтеринде “Кыргыз – Кудайдын уулу” экени жөнүндө айтылып келаткан маалыматтар кыргыз таануучуларды ойлондурбай койбойт. Ошол эле убакта “Кыргыз” жана “Манас” деген сөздөр бирдей мааниге ээ синоним сөздөр экенин да эсибизден чыгарбашыбыз керек. Экөөнүн теӊ түпкү теги бир. Ал эми түпкү тек тууралу маселе – ал өтө

[599] Фань Е, гл. 87. С. 1305, л. 29а-б.; интернеттен алынды: Зуев Ю. А., ст: “Самое сильное племя”, Историко-культурные взаимосвязи Ирана и Дашт-и кипчака в XIII-XVIII вв., (Материалы Международного круголого стола), АЛМАТЫ, 2004г.

оолуттуу маселе. Мисалы, атабыз Манастын түпкү теги тууралу эпосто минтип айтылат:

Башкы атасы баары хан
Башынан кудай даарыган.
Түпкү атасы түгөл хан
Түбүнөн кудай даарыган.
Басып өткөн жерине
Бактуу чынар орногон.
Аны башынан кудай оңдогон.
Түнөп өткөн жерине
Түптүү чынар орногон.
Муну түбүнөн кудай оңдогон[600]

Жогорку сөздөр – жөн эле ыр саптары эмес. Ал түпкү аталар тууралу берилген маалымат. Эгер биз – кыргыздар, байыркы индус араттарынын мифтериндеги "жети жолу кайра жаралган" же "жети Манастын" "Биринчи Манасын" - "түпкү атабыз" деп эсептесек, анда "Экинчи Манас" – Кыргыздын "биринчи ханы". Анткени, "биринчи Манас" жалгыз өзүнө өзү хан болушу мүмкүн эмес, ошондуктан "биринчи Манас" ал түп ата катары гана айтылууга тийиш. "Биринчи хан" – ал "Биринчи Манастан" тараган элге аны башкаруу үчүн "кайра жаралып" келген Манас, б. а. "Экинчи Манас". Ал эми "үчүнчү, төртүнчү, .... жетинчи Манастар" Кыргыз чачылып, жок болуп баратканда, кайра жаралып келип, куткарып турган "асман адамдары" же Тибет илиминин тили менен айтканда "аватарлар".

Дүйнө элдеринин мифологиясында «дүйнөлүк дарак», «дүйнөлүк тоо» деген түшүнүктөр бар. Бирок «дүйнөлүк адам» деген түшүнүк жок. Эмне үчүн? Биз анын себептерин азырынча так билбейбиз? Кандайдыр бир популярдуу мүнөздөгү болжолдорду айтпаганда, "мындай" деп биздин кесе айта турган далилдерибиз жетишсиз. Мисалы, «дүйнөлүк тоо» же «дүйнөлүк дарак» деп кандай тоолорду жана дарактарды айтабыз? Эмне үчүн аларды

[600] "Манас" эпосу.

«дүйнөлүк тоо» же «дүйнөлүк дарак» дейбиз? Башка тоолордон жана дарактардан алар эмнеси менен айырмаланып турат?

Байыркы индус арийлери үчүн андай тоо болуп («дүйнөлүк тоо») – Меру тоосу[601] эсептелген. Ал эми иран арийлери үчүн андай тоонун аты – Хара[602] деп айтылат. Мындай «ыйык тоо» болуп Туран элдери үчүн Теңир- Тоо, гректер үчүн – Олимп, семиттер үчүн – Синай, ханзулар үчүн - Кунлунь, жапандар үчүн – Фудзияма, түрктөр үчүн – Алтай, хоорайлар (хакастар) үчүн – Ах-Сын ж. б. саналат.

Дүйнөлүк тоолор менен Дүйнөлүк дарактар башка тоолордон жана дарактардан айырмаланып, «улуу тоо», «ыйык дарак» деген эпитеттер менен да белгилүү. Алардын чокулары же учтары – Жогорку дүйнөнү тиреп, түптөрү же тамырлары – Төмөнкү дүйнөнү (Жердин алдын) таканчыктап, бутак-шактары ортоңку дүйнөнү ээлеп, Тик дүйнөнүн үч катмарын тең бириктирип турат. Башкача айтканда, Дүйнөлүк тоо тууралу мифологиялык адабияттарда мындай делет: Дүйнөлүк Тоо - Дүйнөлүк Дарактын кеңири белгилүү маанисин билдирген варианттарынын бири. Ошондой эле Тоо көпчүлүк учурда космостук түзүлүштүн бардык негизги элементтерин чагылдырган дүйнөнүн образы, ааламдын модели катары кабыл алынат. Тоо Тик дүйнөнүн өзөгү өткөн борбордо жайланышкан. Дүйнө өзөгү болсо, өйдө карай өсүп отуруп, Алтын Казык жылдызынын ордун, ылдый карай узара уланып, түпкү дүйнөнүн жер алдындагы ордун көрсөтүп турат. Ал эми Тоонун негизи жердин киндигинде жайланышат.

Дүйнөлүк тоо үч бөлүктөн турат. Анын чокусу - кудайларга, жердин түбү ата-бабалардын арбактарына жана өлүм дүйнөсүнө таандык духтарга таандык. Ал эми адамдар болсо, анын ортоңку бөлүгүн ээлеп жашашат.

Миф боюнча, Меру тоосунун алтын, күмүш жана темир чокулары бар. Ушул үч чокусунда Брахма, Вишну жана Шива аттуу үч улуу кудай жашайт.

---

601 Мифы народов мира, т-2., с.140.ст. Меру.
602 Мифы народов мира, т-2., с. …ст.Иранские мифы.

Башка варианттарда алардын (кудайлардын) саны “33” делет. Улуу Тоонун төрт тарабы төрт түскө ээ: чыгышы - ак, батышы - кызыл, түндүгү - сары, түштүгү - көк[603].

Ушул эле Улуу Тоо тууралу мифологиялык сөздүктөрдө: Жердин жана ааламдын борбору болгон аябай зор «Алтын Тоо» деп жазылат. Анын айланасында ай, күн, планеталар жана жылдыздар айланып жүрөт. Бийик чокуларында Брахма, Вишну, Шива, Индра сыяктуу улуу кудайлар жана гандхарвылар, ришилер жашашат. Асмандан аккан Ганга дарыясы адегенде Меру тоосунун чокуларына, анан анын капталдары аркылуу түздүккө агып түшөт.[604]» Демек, Дүйнөлүк Тоонун чокусунда кудайлар жашашат. Б.а. чокусунда кудайлар жашаган тоо – «Дүйнөлүк тоо» деп айтылат. Башка тоолордон Дүйнөлүк тоонун эң башкы айырмачылыгынын бири ушунда.

Дүйнөлүк дарак жөнүндө адабияттарда мындай маалыматтар жазылган: «Дүйнөнүн универсалдуу концепциясын өзүнө сиңирген мифопоэтикалык аң-сезимге мүнөздүү образ[605]» Дүйнөлүк дарактын аттары көп. Мисалы: «дүйнөлүк дарак», «өмүр дарагы», «мөмө дарагы», «борбордо өскөн дарак», «шаты дарак», «бакшы дарак», «ыйык дарак», «таанып билүү дарагы» ж. б. Андан башка дагы: «жаман дарак», «өлүм дарагы», «түп дүйнөнүн дарагы» деп да айтылат. Дүйнөлүк Тоо сыяктуу эле Дүйнөлүк Дарак да үч бөлүктөн турат. Анын: Жогорку бөлүгү– Асман дүйнөсүнө, ортоңку бөлүгү – Жер дүйнөсүнө жана Төмөнкү бөлүгү – Жер түбүндөгү дүйнөгө таандык. Башкача айтканда, анын Жогорку дүйнөсүндө - канаттуулар (бүркүт), ортоңку бөлүгүндө - Адам жана айбан жаныбарлар (багыш,бугу,уй, жылкы, антилопа ж.б.), ал эми Төмөнкү бөлүгүндө жылаан, бака, балык, чычкан[606] ж.б. жашашат. Булардан сырткары, Адам «Ортоңку дүйнөнүн» ээси катары да айтылат.

---

[603] Мифы народов мира, ошол эле китепте,310-бет.
[604]Мифы народов мира, там же: 2-т.с-140.
[605] Мифы народов мира, Там же,т-1,398-бет.
[606]Мифы народов мира, Там же т-1,400-бет.

«Билгамеш» эпосу боюнча, Дүйнөлүк дарактын учунда – Анзуд деген куш, ортосунда – Лилит деген кыз, түбүндө – жылаан оролуп жатат[607]. Андан башка, ар бир уруунун өзүнүн «ыйык дарагы» болгон. Анын бутактарында ошол уруунун өлгөн адамдарынын жандары жашайт. Бала төрөлөрдө, ал жандардын бири аялдын ичине кирет.

Биз ушул убакка чейин Дүйнөлүк дарактын Тик дүйнө (вертикал) боюнча аткарган кызматтарын айттык. Эми анын Түз дүйнө (горизонтал) боюнча, кылган кызматтарына токтололу. Эгер байыркы индус мифи боюнча, Ай менен Күн Меру тоосун айланып жүрүшсө, астек элинин мифи боюнча, Дүйнөлүк дарактын оң бутагында – Күн кудайы, сол бутагында – Түн кудайы орун алган. Тагырак айтканда, бир бутагында – өмүр, экинчи бутагында – өлүм кудайы жашайт. Мунун өзү Дүйнөлүк дарак, Дүйнөлүк тоо сыяктуу эле, Тик дүйнө белгилери боюнча гана эмес,Түз дүйнө белгилери боюнча да: оң - Сол, Ысык - Суук, Жарык - Караңгы, Эр - Үр, башкача айтканда, дуалисттик ишенимдин кызматтарын аткарарын көрсөтүп турат.

Грек мифологиясындагы титан Атлант-Иапет менен Климендин (океандын кызы) уулу. Башка вариантта, Атлант Прометейдин бир тууганы, Япет менен Асиянын төртүнчү уулу[608]. Байыркы, Олимп заманына чейинки өзгөчө күч-кубатка ээ болгон кудай. Ал агасы Прометей сыяктуу кудайларга каршы чыгып, анан ал үчүн батыштагы Гесперид багына жакын жердеги Асманды өмүр бою көтөрүп туруу жазасын алган. Гесперид багындагы «алтын алмаларды» кайтарган Геспериддер[609] менен Плеядалар[610] Атланттын кыздары болуп саналат.

---

[607] Мифы народов мира. Ст: Шумер мифологиясы.

[608] Мифы народов мира, т-1, с. 121.

[609] Миф боюнча, кечки жылдыздын кудайы – Геспер, өзүнүн кызы Гесперидди Атлантка аялдыкка берет. Атлант менен Геспериден төрөлгөн кыздар мифте «геспериддер» деп аталат. Алар жердин четиндеги океандын жээгинде, Герага белекке берилген, түбөлүк жаштыктын алмалары болгон алтын алмаларды кайтарып жашашат.\\Мифы народов мира, т-1., стат. Геспериды. –С.298.

[610] Миф боюнча, Плеяда – Атлант менен Плейондон(океандын кызы) төрөлгөн кыздар. Алар кудайларга турмушка чыгышып, Зевс тарабынан асмандагы жылдыздарга айланып калышкан. \\Мифы народов мира, т-2., стат. Плеяды. –С. 317.

Дагы бир версия боюнча, Персей, Горгондун[611] башын көрсөтүп, Атлантты аскага айлантып салат[612]. Мына ушул версия Атлантта Дүйнөлүк тоонун образы бар экенин кабарлайт. Тагырак айтканда, Атлант – «Дүйнөлүк тоого» айланып калган Адам. Же тескерисинче, Атлант – Асманды көтөрүп турган Дүйнөлүк тоонун «адам» түрүндөгү көрүнүшү. Кыскартып айтканда, грек мифологиясы боюнча, Дүйнөлүк тоонун образына ээ болгон адам – ал Атлант. Анткени, миф боюнча, Асманды «Дүйнөлүк тоо» гана көтөрүп турат. Ошентип, Атлант – Асман менен Жерди бириктирип турган «дүйнөлүк адам».

Эгер дүйнө элдеринин мифтеринде Дүйнөлүк Тоонун образына кудайлар ээ болушса, биздин элдин мифтеринде мындай образга эки улуу эпикалык каарман ээ. Мисалы, грек элинин Крон кудайы (анын балдары: Зевс, Посейдон жана Аид), индус элинин Диявус кудайына (анын балдары: Брахма, Варун жана Шива) тиешелүү мындай образдарды биздин Угуз бабабыз менен Манас атабыз алып жүрүшөт. Мунун өзү биздин жогорку ата-бабалар (Угуз хан менен Манас) адегенде кудайлар болуп, анан адам кейпине өткөнүн же грек, индус элдери өздөрүнүн түп аталарын көтөрүп отуруп кудайларга айлантып ийгенинен маалымат берет.

Дүйнөлүк Тоо жана Дүйнөлүк Дарак сыяктуу эле "Дүйнөлүк Адам" да жогоркудай Тик жана Түз дүйнө белгилерин алып жүрөт. Бул тууралу биринчи жолу белгилүү окумуштуу жана жазуучу маркум Муктар Борбугулов жазган. Бирок, ал Манасты «дүйнөлүк адам» деген термин менен белгилеген эмес. Ал, Манаста Дүйнөлүк Тоонун образы бар экенин алгачкылардан болуп айткан[613]. Андан кийин Манас таануу боюнча, анын мифологиясына кайрылып, тынбай өзүнүн изилдөөлөрүн жүргүзүп келаткан окумуштууларыбыздын бири - философ Ш. Акмолдоева да, Манастын образында Дүйнөлүк Тоо менен бирге эле Дүйнөлүк Дарактын образы (а чынында, экөө тең эле бирдей окшош образ)

[611] Грек мифологиясы боюнча, Горгондор – түрү суук желмогуздар. Алар караган жандуунун баары ташка айланып калат.\\Мифы народов мира, т-1., стат.Горгоны. –С. 315-316.
[612] Мифы народов мира, т-1. –С. 121.

[613] Борбугулов М. Манас" эпосу: Башаттары, эволюциясы. Бишкек. 2004. 124-б.

бар экенин белгилеп: “Манас – Дүйнөлүк дарак сыяктуу дүйнөнүн түзүлүшүн символдоштуруп турат[614]. Менимче, Манасты ушундай термин (“дүйнөлүк адам”) менен белгилеп айтууга убакыт жетти го деп ойлойм.

Дүйнөлүк Тоо менен Дүйнөлүк Даракттын эң башкы белгилери булар: Алар Дүйнөнү Тикесинен да, Тегиздик боюнча да бириктирип турат. Дагы бир өзгөчөлүгү Дүйнөлүк Тоо да, Дүйнөлүк Дарак да Дүйнөнүн «борборунда», б. а. «Жердин киндигинде» жайланышат.

Мисалы, «Огуз наме» дастанынын башкы каарманы - Угуз хандын Нурпериден төрөлгөн: Күн, Ай жана Жылдыз[615] деген балдары Түз дүйнөнүн үч бөлүгүн (Чыгыш-Батыш-Борбор) көрсөтүп турса, анын Сууперiден төрөлгөн: Көк, Таг жана Тенгиз[616] деген балдары Тик дүйнөнүн үч катмарын белгилеп, алар аркылуу Угуз хан, Адам (антропоморфтук) кейпиндеги космостун образын чагылдырып турат. Демек, Дүйнөлүк Тоо менен Дүйнөлүк Дарак сыяктуу эле Угуз хан да Асман менен Жерди, Чыгыш менен Батышты бириктирип турган образ.

Чечмелеп айтканда, анын улуу аялынан төрөлгөн балдары: Күн хан – Чыгыштын, Ай хан - Батыштын, Жылдыз хан – ортоңку асмандын ээлери болсо, экинчи кичүү аялынан төрөлгөн балдары: Көк хан – Жогорку дүйнөнүн, Таг хан - ортоңку дүйнөнүн, Тенгиз хан – Төмөнкү дүйнөнүн ээлери. Ал эми ушул балдарды жараткан Угуз хан өзү, балдары аркылуу, Тик жана Түз дүйнөлдөрдү бириктирип турган улуу образ, тагырак айтканда «Дүйнөлүк Адам».

Ал эми Угуз хандын ата журту тууралу сөз болгондо, анын жашаган жери санжыраларда Ысык-Көлдүн жээги экени айтылат. Тоголок Молдонун санжырасы боюнча, Түрк атабыздын сөөгү ушул ыйык Өрөөндө көмүлүп,[617] анын «сегизинчи муундагы тукуму Угуз хан. Угуз хан атактуу хан болгон.

---

614 Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов. Бишкек. “Илим”. 1998. -С.79.
615 Огуз наме. \\“Кыргыздар”. Бишкек, “Кыргызстан”, 1993. 360-б. Кыргызчага которгон Ч. Өмүралиев,
616 Ошол эле китепте, 361-б.
617 Тоголок Молдонун санжырасы, Ч. Өмүралиев боюнча алынды, Кыргыздар китебинин , 2-тому. Бишкек, Кыргызстан, 1993. 389-б. Түз: К.Жусупов.

Угуз хандын уулдары Бурут, Бурат, Кыргыз»[618]. Андан нары санжырада Кыргыз тууралу сөз болот да, Угуз хандан кийин Кыргыз такка отуруп, элди адилет башкарганы айтылат. Чыгыш элдеринде «9» саны «ыйык» саналгандыктан жана Кыргыз, Түрк атадан бери карай эл башкарып келаткан «9-хан» болгондуктан, аны белгилеп, улуу той кылганы баяндалат.

Угуз хан ушул Ысык-Көл боюнда жашаганы жөнүндө атактуу Абулгазы Бахадур да жазган. Ал мындай дейт: «Түрккө Йафес уулу деп ылакап ат коюшту. Ал адептүү жана акылдуу киши эле. Атасынан соң жерлерди жүрүп көрдү да, бир жерди куштап анда турду. Бу күндө ал жерди Ысык-Көл дээр. Кереге үйдү ошол чыгарды… Кара хан атасынан соң тамам элге падыша болду. Ар тагы жана Кер тагы бу заманда Улук Тоо жана Кичик Тоо делер, аны жайлар эле. Кыш болгондо Кара кум жана Сыр суунун жакасын кыштаар эле…»[619].

Тоголок Молдонун санжырасында Угуз хан Түрк атанын «сегизинчи» урпагы катары айтылса, Ч. Өмүралиев түп нускадан которгон Абулгазынын санжырасында Түрк ата – Угуз кагандын өзү сыпатында кеп кылынат. Угуз каган качан, кандайча Түрк атына конгонун биз билбейбиз? Бирок азыр негизги сөз анда эмес. Башкы кеп, эки санжырада тең эле Угуз кагандын жайлаган жери ушул Ысык-Көл өрөөнү экенинде жана анын «сөөгү» ушул жерде жатканында.

Жогоруда биз, миф боюнча Дүйнөлүк тоо менен Дүйнөлүк дарак Жердин «киндигинде», б.а. Дүйнөнүн борборунда жайланышарын айтканбыз. Ошондой эле Дүйнөлүк Тоонун чокусунда кудайлар жашарын белгилегенбиз. Ушул жерде бир суроо пайда болот: Эгер, Дүйнөлүк Тоо Жердин киндигинде жайланышса, анын чокусунда Кудай же кудайлар жашашса, анда биз айтып жаткан “Дүйнөлүк адам” каерде жашайт?

---

[618] Тоголок Молдонун санжырасы. “Кыргыздар” деген китептин 2-тому. Бишкек, Кыргызстан, 1993. 6-б. Түз: К.Жусупов.
[619] Абулгазы Бахадур хан. Шежире-и түрк. Казан. 1824. 7-9-бб.; Түп нускадан кыргызчага которгон Ч.Өмүралиев. \\”Кыргыздар” деген китептин 1-тому. Бишкек, Кыргызстан, 1993. 389-б.

Бул суроого жооп берүү андай деле татаал эмес. Анткени, Дүйнөлүк Тоо, прамида көрүнүшү сыяктанып, түбүнөн көккө чейин өсүп турган бир эле чокуну түшүндүрбөйт. Ал Дүйнөнү «тигинен» гана эмес «түзүнөн» да бириктирип турат. Демек, бул деген сөз, Көктү көтөрүп турган бир Улуу Чокудан башка дагы аны жөлөп-таяп турган ондогон жана жүздөгөн чоң, кичине чокулары бар Улуу Тоо системасын билдирет. Ал эми ал чокулардын арасында килемдей кооз жоогазын өскөн адырлар, суулары күрпүлдөп аккан өзөн-сайлар, мал жуушап жаткан кокту-колоттор, ошону менен бирге эле күн нуруна чагылышып жаткан күзгүдөй тунук көлдөр бар.

Грек мифологиясында, Зевстин алтын тагы Олимп тоосунун чокусунда орнотулган. Эгер Зевс баш болгон байыркы грек кудайлары жашаган Олимп тоосунун көрүнүшүнө көз салып көрсөңүз, алардын жашаган жери Тоонун ак кар, көк муз каптаган чокусу эмес, биз жогоруда сүрөттөгөндөй гүл аралаш көк чөп өскөн өрөөн же көлдүн жээктери экенин көрөбүз. Мунун өзү кудайлар «бийик жерде», т.а. «тоолордо» жашашкан дегенди билдирет. Анан дагы бир айтып кете турган нерсе, биз мифтен тамшанып, көк тиреген Тоону элестетип окуган Олимп тоосунун бийиктиги болгону 1,5 миң метр. Мындай тоону кыргыздар «бөксө тоо» же жөн эле «боз дөбө» деп коюшат. Кыргыздын кудайлары эмес, кыргыз эли өзү бийиктиги 1,5 миң метрден 5 миң метр бийиктеги тоолордун араларында жашашат. Ал эми бийиктиги 7 миң метрлик чокуларга топоздорун жайып, ууга чыгат.

Албетте, ар элдин тоосунун бийиктиги өзүнө жараша. Биз жогоруда кеп кылган «дүйнөлүк адам» каерде жашайт деген суроого жооп берели. Ырас, Кудай (же «кудайлар») Дүйнөлүк Тоонун чокуларында жашаса, анда Дүйнөлүк Адам (же «адамдар», көптүк түрүндө айтып жатканымдын себеби, «кудайлар» көптүк түрүндө айтылып жаткандан кийин, «адамдар» да көптүк түрүндө айтылышы керек деп ойлойм. Анткени, Адам бирөө болсо, а кудайлардын көп болушу логикага туура келбейт.) ошол бийик чокулардан

башка чокуларда же ошол чокулардын арасындагы өрөөндөрдө жашары өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Санжыра боюнча, улуу бабабыз Угуз хандын деңиз деңгээлинен 2-2,5 миң метр бийикте жайланышкан Ысык-Көл өрөөнүндө жашап атышы толук дүйнөлүк адамдын мекенине туура келет. Анткени, биринчиден, Ысык-Көл өрөөнү өзү деңиз деңгээлинен 2-2,5 миң метр бийиктикте жайланышкан. Бул өрөөндүн деңгээли гректердин улуу кудайы Зевс жашаган Олип тоосунан да бийик. А бирок, «дүйнөлүк тоо» каякта? Ал Ысык-Көлдү айланта куурчап турган Улуу Тоо. Ал Дүйнөлүк Тоо болгону үчүн көчмөн элдердин улуу кудайы Теңирдин ысмын алып, Теңир-Тоо аталып келатат. Көкө Теңир жашаган анын Улуу Чокусу ал да кудайдын ысмын алып, «Хан Теңир» деп аталып турат.

Көрсө, жөн жеринен улуу бабабыз Махмуд Кашкар Ысык-Көл өрөөнүн өзүнүн картасына «дүйнөнүн борбору»[620] кылып түшүргөн эмес экен. Бул Өрөөн Махмуд бабабыз төрөлүп-өскөнү үчүн эле эмес, ал чынында эле Дүйнөнү борбору болгону үчүн, бул жерде дүйнөлүк тоо Теңир-Тоо жайланышканы үчүн картага Жердин «киндиги» катары белгиленгенин эми билип атабыз. Демек, Кудай (же кудайлар) Улуу Тоонун чокусунда жашаса, «Дүйнөлүк адам» ошол Улуу Тоонун Ортонку бөлүгүндө жашайт да, Дүйнөлүк Тоонун образын алып жүрөт. Б.а. Дүйнөлүк Тоонун образын алып жүргөн адам – ал Дүйнөлүк адам. Же, Дүйнөлүк Тоо сыяктуу эле Дүйнөлүк Адам да Асман менен Жерди, Чыгыш менен Батышты бириктирип турат, же бир эле убакта ушул дүйнөлөргө таандык болуп, алардын колдоосуна ээ болот.

Дагы бир айтып кете турган ой бар. Дүйнөлүк Адам канчалык дүйнөлүк болбосун – ал «кудай» эмес. Ошондуктан анын жалгыз жашашы Табияттын мыйзамына туура келбейт. Анткени, «Адам» деген бир сөздүн ичинде «эркек» жана «аял» деген эки түшүнүк бар. Ырас андай болгондон кийин «дүйнөлүк эркек адамдын» «аялы» болуш керек. Анткени, аялсыз анын дүйнөлүк адам

[620] Махмуд Кашкардын картасында Ысык-Көл өрөөнү Дүйнөнүн ортосу катары түшүрүлгөн.

эмес, жөн эле эркек экенин эч ким билбейт. Анан дагы аялсыз ал өзүнүн тукумун өзү жалгыз улап, өзү жалгыз көбөйтө албайт. Эгер эске түшүрсөк, Биринчи Адам өзү да Асман менен Жер кудайларынын никесинен жаралган[621]. Ал эми бул маалымат түрк элдеринин мифологиясында: «Үстүдө Көк теңири, астыда Кара Жер бүткөндө, ортодо Киши уулу жаралган»[622] деп айтылып турат. Ал эми "Манас" эпосунда: "Асман менен Жериндин тирөөсүнөн "жаралган", Айың менен Күнүндүн бир өзүнөн "жаралган"[623] деп ырдап атат. Б.а. Биринчи адам "атасы" Асмандын образын алып жүрөт, ошондуктан ал Жердин образын алып жүргөн аял менен кошулмайын, тукумун улай албайт. Кыргыз эли айткандай: "Баланы Ата жаратат, Атаны Кудай жараткан". Биз эпостон, Угуз бабабыздын бир эмес эки аялы болгонун билебиз. Анын бири Күн ээсинин, экинчиси – Көл ээсинин кызы. Биринчи аялынан: Күн хан, Ай хан жана Жылдыз хан, экинчи аялынан: Көк хан, Таг хан жана Деңиз хан деген уулдары бар.

Таятам Алымбай: "Кыргыз эли – Кыргыз атанын: Тагай бий, Көлөй бий жана Көгөй бий деген үч уулунан тараган деп айтар эле. Анан дагы кошумчалап: "Тагай бий – оң Канаттын, Көлөй бий – Сол Канаттын, Көгөй бий - Ичкиликтин түпкү аталары болот, биз – саруулар Солго киребиз, биздин түпкү атабыз Көлөй бий" дечү.

Анда санжыра менен ишим жок жаш убагым эле. Эми алардын ысымдарын бир аз өзгөрүлгөн формада «Огуз наме» дастанынан окуп отурам. Же, ал киши ушул дастанды («огуз намени») окуган бирөөдөн угуп айтканын, же өзүнүн мурункулардан уккан санжырасы экенин билбейм? Анткени, огуз санжырасында: Тагай бийдин ысмы – «Таг хан», Көлөй бийдин ысмы – «Тенгиз хан», ал эми Көгөй бийдин аты – «Көк хан» деп так айтылып турат. Тилекке каршы таятам айткан санжыра, адам аттарынан башкасы бүт белгисиз

[621] Акмолдоева Ш., Духовный мир древних кыргызов, Бишкек, Илим, 1998ж., 67-бет.
[622] Орхон-Енисей текстери, Фрунзе, Илим, 1982ж., 62-бет.
[623] Биз атайылап "бүткөндөй" деген сөздү окурмандарга түшүнүктүү болушу үчүн "жаралган" деген сөз менен алмаштырып бердик. Мындан анын мааниси өзгөрбөйт. А, чынында эпос дал биз айтып жаткан ойду айтып, Биринчи Адамдын жарык дүйнөгө келиши жөнүндөгу маалыматты берип жатат.

болуп, ал кишинин өзү менен кошо кетти. Мен ал убакта «кулагы жок» бала кез учурум эле, эсимде калганы ушул болду. Аны да арадан көп жылдар өткөндөн кийин эстедим.

***

Биз-кыргыздар үчүн Улуттук улуу Дух – ал Манас, образдуу айтканда, Кыргыз – Дененин, Манас – Духтун ысмы.

. Биринчиден, Манас – «Дүйнөлүк адам». Экинчиден, дал ошол «дүйнөлүк адамдын» образын алып жүргөн Манас – кыргыздардын «түп атасы». Үчүнчүдөн, семит элдеринин мифологиясында «биринчи адам» - ал «Адам» деген ат менен белгилүү болсо, арий элдеринин мифологиясында «биринчи адам» - ал «Ману» же «Манас» деген ат менен белгилүү. Бүгүн, ошол индус арийлерине тиешелүү Ману менен кыргыздын түп атасы - Манастын теги бир экени окмуштуулар тарабынан далилденип отурат[624]. Профессор Ш. Акмолдоеванын изилдөөсү боюнча, кыргыздын Манасы менен байыркы индус арийлеринин Манусунун түбү бир[625]. Индус арийлеринин Манусу сыяктуу эле Кыргыз Манасы да «биринчи адамдын», арий мифологиясы боюнча, «адам атанын» белгилерин алып жүрөт.

Биринчи адам Ману индус мифинде Вивасват аттуу кудайдын баласы экени айтылат. Ал миф боюнча Вивасват колу-буту жок, топтоголок болуп төрөлөт. Анын өңүн көрүп кудайлар да коркуп кетишет. Анан бир туугандары аны кайра баштан жасап чыгышат да, биринчи Адамды пайда кылышат. Чынында, дал ушул Вивасваттан жер жүзүндөгү элдер тарап чыгат. Кийин Вивасват, күн кудайына айланып, Сурия сыяктуу эле «күн кудайы» деп аталып калды.

Вивасват улуу устат Тваштардын кызы Саранияга үйлөндү. Сарания болсо, күйөөсүн сүйгөн жок, анын өңүнөн коркуп, бир айла-амал таап качып

---

[624] Акмолдоева Ш.Б., Духовный мир древних кыргызов, Бишкек, ….?
[625] Акмолдоева Ш., духовный мир древних кыргызов, Бишкек, илим. 1998ж. 67-бет.

кетүүнү ойлончу. Көп өтпөй алар эгиз балалуу болушуп, эркегинин атын – «Яма», кызынын ысмын – «Ями» деп коюшту. Ошентип жүрүп, акыры Сарания сыйкырлык менен өзүнө окшогон бир аялды жасап, өзү алыска качып кетти. Вивасват аны көпкө чейин байкаган жок. Жылдар өтүп, кийинки аялынан бир уул көрдү, атын Ману деп аташты. Андан кийин ушул эле аялдан Шани деген дагы бир уул, Тапати деген бир кыздуу болду. Манас эпосунда да Манас Жакыптын "экинчи аялы" (женеси) Чыйырдыдан төрөлөт.

Өгөй эне өзүнүн балдарын абдан жакшы көрүп, ал эми мурунку Сарaниядан төрөлгөн Яма менен Ямини анча жакшы көрө берчү эмес. Бир болбогон нерселер үчүн көп урушар эле аларды. Бир күнү Яма энеси менен катуу айтышып кетип, өгөй эне аны катуу каргап салды. Яма капа болуп атасына келип, апасы менен болгон окуяны, анын каргышына калганын айтты. Атасы капа болуп, эч ким эненин каргышын жандыра албайт деди. Анан баары бир жардам берүүгө аракет кыларын айтты. Ал аялына баратып, анан башына бир ой келди да, алданып жүргөнүн түшүндү. Бир болбогон иш үчүн кантип эне өз баласын каргасын? Аялына келип, такып сурады эле өгөй эне өзүнүн ким экенин айтты.

Көп өтпөй, Вивасват өзүнүн мурунку аялы – Сарания, түндүктөгү алыскы бир өлкөдө, жылкыга айланып жашап атканын билди. Вивасват кубулуп, атка айланды да, барып Саранияга ашты. Ошентип экөө кайра жарашып, бирок ошол жылкы кейпинде жашап калышты. Көп өтпөй «Ашвины» деп аталган эгиз балдар төрөлдү. Ашвина – «жылкыдан төрөлгөндөр» дегенди түшүндүрөт. Бул эгиз кудайлар жөнүндө дагы кийин сөз кылабыз.

Кыргыз эпосу боюнча биринчи хан - – Манас, герман элдеринин сагалары боюнча – Один, жапан элдеринин аңыз кеп, айтым сөздөрү боюнча – Тере (?), скиф мифинде – Таргитай, иран арийлеринде – Трайтаона, Монгол-тибет элдеринде – Гэсер, түрк-огуз элдеринде – Угуз хан, түркмөн элинде – Күр оглу.ж.б.

Биринчи Манас тууралу жогоруда биз Вивасват тууралу айткан индус арийлеринин мифинде да айтылганын кеп кылдык. Ал миф боюнча, «Ману жер үстүндөгү "биринчи адам" жана бардык элдердин "биринчи ханы"[626] болуп саналат. Ал түштүк тоолорунун этектеринде жашайи.

Бир күнү жуунуп жатып, бир кичинекей балыкты кармап алды. Бир маалда кармап алган балыгы адамча сүйлөп, жакында дүйнө жүзүн каптаган кыян жүрөрүн, эгер багып чоңойтсо, Мануну өлүмдөн сактап каларын айтты. Ману балыкты чоңойтуп, деңизге кое берди да, анын кеңеши менен чоң кеме жасады. Көп өтпөй кыян каптап, башында мүйүзү бар бир чоң балык сүзүп келди. Бул баягы Ману кумганга салып, багып чоңойткон кичинекей балык болчу. Ману кеменин арканын балыктын мүйүзүнө байлады, балык кемени сүйрөп, сүзүп отуруп, суудан чыгып турган бир тоонун чокусуна алып келди. Бул Гималай тоосунун эң бийик чокусу эле. Кыян бүт дүйнө жүзүн каптап, тирүү эч нерсе калбады. Ману жерди тытып, өзү менен кошо алып алган ар түркүн өсүмдүктөрдүн уруктарын сээп таштады.

Дүйнөдө бир да тирүү жан калбагандыктан, Ману сууга май менен эжигейди (творог) салып, кудайга сыйынды. Ошол «курмандык» катары сууга салган май менен эжигейден Ила аттуу кыз пайда болду. Ману ага үйлөндү. Алардан «Ману уругу» деп аталган Эл тарады. Бул топон суудан кийин пайда болгон биринчи Эл эле.

Манунун аталаш бир тууганы Яма кудайлардын бардык мыйзамдарын жана эрежелерин туура сактап көпкө жашады. Акыры жанын ажал алып, ал аркы дүйнөгө сапар аттанды. Адегенде Вивасваттан тараган эл өлүм эмне экенин билчү эмес. Адамдар төрөлүп, жашай беришчү. Яма адамдар үчүн «өлүмгө» барчу жолду ачкан «биринчи адам» болду. Анткени, адамдар көбөйүп, Жер аларды көтөрө албай бараткан эле. Ошондо жердин кыйналып жатканын көргөн Брахма, өзүнүн денесинен, башына ак лотостон гүлчамбар,

[626] Гераскина Е.В., Налепин А.Л.,Индия: боги и герои, М., Торжок, 1995г., 17-18-беттер.

үстүнө кочкул кызыл көйнөк кийген, кара көздүү, сумсайган бир аялды жасады. Анын аты – Өлүм болчу.

Яма өлгөндөн кийин, кудайлар аны кайра тирилтип, Жер түбүндөгү өлүктөр дүйнөсүнө хан кылып коюшту. Анын өлкөсүн «төрт көздүү эки ит» кайтарат. Өмүр менен Өлүм өлкөсүн Вайтаран деген дарыя бөлүп турат. Өмүр өлкөсүнөн Өлүм өлкөсүнө кетчү жол кайгылуу, бирок «улуу жол». Өлгөн адамдын башын «Яманын өлкөсү жайланышкан – түштүк тарапты» каратып коюшат. Өлгөн адамды адегенде ага алып келишип, жер үстүндө кылган иштерин шашпай баяндашат. Кызыл (пурпур) түстүү кийим кийген, кара бука (буйвол) минген, союл жана сыйыртмак менен куралданган адилет падыша Яма өз өлкөсүн кыдырып, ыйык Вайтаран дарыясынан бери өткөндөрдүн жанын алып кетип турат[627].

Ш.Акмолдоеванын жазганы боюнча, «эпостун текстинен анын негизинде алгачкы адам Манна (санскрит боюнча - Ману) жөнүндөгү байыркы көчмөн арий урууларынын мифи жаткандыгы көрүнөт. «Манас» - санскриттен которгондо түз мааниси «акыл-эс» дегенди билдирет»[628]. Анын ою боюнча, “Манастын негизин космогониялык миф түзүп, анда кыргыздардын байыркы бабаларынын дүйнө модели чагылдырылган»[629]. Ушул эле окмуштуунун жазганы боюнча, «адамдардын түпкү бабасы же түпкү атасы болгон Манас, кудай насилиндеги жубайлар – Асман менен Жерден жаралат»[630]. Аны Манас эпосунун текстинен да көрүүгө болот. Бул факты, «байыркы индиялык Манас менен байыркы кыргыздардын баатыр Манасы көптөгөн окшош касиеттерге жана белгилерге ээ»[631] гана эмес, түбү бир деген илимий бүтүмгө апкелет. “Манас” эпосунда Манастын өзүнүн сыпаты Кудай-Адамдын образын чагылдырып турат. Чынында “Биринчи Адам” - Манастын жаралышы жөнүндөгү биздин эпостогу маалымат менен арий мифтериндеги “Биринчи

---

[627] Гераскина Е.В., Налепин А.Л.,Индия: боги и герои, М., Торжок, 1995г., 20-21-беттер
[628] Акмолдоева Ш.Б.. Манас ааламы, Бишкек, Илим, 2003ж., 146-бет.
[629] Акмолдоева Ш.Б.. Манас ааламы, Бишкек, Илим, 2003ж., 146-бет.
[630] Акмолдоева Ш.Б., Манас ааламы, Бишкек, Илим, 2003ж., 28-бет.
[631] Акмолдоева Ш.Б.. Манас ааламы, Бишкек, Илим, 2003ж., 88-бет.

Адам" – Манунун жаралышы жөнүндөгү бизге жеткен кабарлар өтө окшош. Мисалы анын образы улуу Эпосто минтип сүрөттөлөт:

Асман менен Жериңдин
Тиреөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер
Манаска жерлигинен түткөндөй,
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй.
ободогу булуттун,
Салкынынан бүткөндөй[632] ж.б.

Манас «биринчи адам» экенин жогоруда биз келтирген ыр саптарынан башка эпостогу бул ыр саптары да далилдеп турат:

Жер жер болгондо,
Суу суу болгондо,
Манас манас болгондо,
Манас атка конгондо[633]

«Байыркы арий мифиндеги абалына байланыштуу ага белгилүү даражада ажырымдуулук мүнөздүү: алгачкы адам, жердеги адамдардын тукумун баштоочу катары ал акыры өлө турган дүйнө менен байланыштуу; эки кудайдын уулу катары ал кудайлар дүйнөсүнө да таандык. Ал Жогорку дүйнө менен Адамдар дүйнөсүн байланыштырып, теги кудай колдоочу сыяктуу милдет аткарат жана дал ушул сапаты менен кудайлар пантеонуна кирүүгө мүмкүнчүлүк алат»[634].

Индус арийлеринин мифиндеги биринчи адам – Ману да Асман менен Жер кудайларынын кошулушунан жаралат. "Асман – атам, ал мени жараткан.

---

[632] Манас, 2-китеп, Бириктирилген вариант, Фрунзе, "Кыргызмамбас", 1959. С - 108.

[633] Радлов В.В., Образцы народной литературы северных тюркских племен, с-6.

[634] Акмолдоева Ш.Б.. Манас ааламы, Бишкек, Илим, 2003ж., 24-бет

...Энем болсо - ыйык Жер”[635] деп баяндалат байыркы араттар тууралу жазган авторлордун эмгектеринде. Демек, байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы боюнча, Биринчи Адам “топурактан” жаралган эмес, Биринчи Адам – Кудайдын баласы. Дал ушул сыяктуу эле байыркы араттар да өздөрүнүн түпкү атасы – Мануну “Кудайдын уулу” деп эсептешкен. Бул эки элдин дүйнөтаанымдары байыркы шумер элинин ишенимдерин да эске салат. Анда Кудайлар Адамды өзүнө кызмат кылуу үчүн ылайдан жасашат. Ал эми шумер эпосунун башкы каарманы – Билгамештин “үчтөн экиси – кудай, үчтөн бири - адам”.

Теңирдин Жердеги көрүнүшү – ал «Адам». А чынында, Асман менен Жер кандай мааниге ээ болсо, Адам да ошондой эле мааниге ээ. Байыркы түрк мифологиясы: “Үстүдө Асман, астыда Жер пайда болгондо, ортодо Киши уулу жаралган”[636] деп, Асман менен Жердин бир катарында Адам тууралу жөн жеринен кабар берип отурган жок. Ал эми семит элдеринин Ыйык Китептеринде Кудай тарабынан Адамга “Жер үстүнө бийлик кылуу” укугу берилгенин жогоруда айтканбыз. Анткени, Теңирдин эркисиз Адам жаралбагандай эле, Адамсыз Теңир да эч кандай мааниге ээ эмес. Теңирдин эрки менен жаралган жандардын ичинен Адамдан башка эч бирөөсү анын бар экенин билбейт. Ага Адамдай маани берип, ыйык тутуп, Ага Адамдан башка эч бир жаныбар сыйынбайт. Адамдан башка эч бир жаныбар, кудайдын бар экенин жүрөгү сезсе да, акыл-эси болбогондуктан аңдап биле албайт. Ошондуктан Адам Асманды – “ата”, Жерди – “эне” деп атап атат. Анткени, Теңирдин эрки менен Адам ал экөөнүн ортосунан жаралган.

Эпос боюнча, Манас атабызды Тик жана Түз дүйнөнүн ээлери колдоп жүрөт. Мисалы, согушка кирип бара жатканда, аны асмандан алп кара куш

---

[635] Шюре Э, Рама, Легенды о Кришне деген китепте, М., изд. “Одиссей, 1995. С- 3

[636] Орхон – Энесай текстери, Фрунзе, “Илим”, 1982. С- 62.

шукшуурулуп учуп, алдынан жолборс жол баштап, артынан ажыдаар  ээрчий сойлоп колдойт[637].

Андан башка дагы, оң жагынан чолок көк жал арстан, сол жагынан кара чаар кабылан жандап жүрөт. Жогорку маалыматтардын өзү Манасты Тик дүйнөнүн ээлери гана эмес, Түз дүйнөнүн ээлери да колдошорун айтып турат.

Бул образ байыркы Туран цивилизациясына тиешелүү «айбанат стили» деп аталган арат элдеринин искусствосунун өзөгүн түзгөн деп айтар элек. Ал негизинен үч түрдүү: «адам образында», «тотем образында» жана «тамга» образында ташка чегилген жана ырга салынып, «Манас» жана «Огуз наме» сыяктуу улуу дастандарда ырдап турат. Албетте эпосто ыр саптары орундарын алмаштырып, кээде арстандын ордунда кабылан же кабыландын ордунда көк жал бөрү айтылган учурлар болот. Бирок, негизинен алардын түстүк символикалары туруктуу сакталат. Эпосто арстан, кабылан жана жолборс – согуш кудайлары, же жоокердик колдоочу духтар катары айтылат. Бул тотемдер дүйнөлүк мифтерде деле күч-кубаттын, эрдиктин символдорун билдирет. Эмне үчүн ушул жаныбарлар Манасты колдоп жүрүшөт? Булар эмне болгон жаныбарлар?

**Тик Дүйнөнүн колдоочулары.** Алп кара куш – Жогорку дүйнөнүн ээси. Бул куш тууралу энциклопедияда минтип айтылат: «оң каармандарга колдоо көрсөтүүчү сыйкырдуу, абдан зор куш, бүркүттүн мифтештирилген кейпи. А.П.Окладников түрк-монгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы жөнүндө: «бак-таалайдын жана молчулуктун  символу болуу менен, мал менен кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат[638]» деп айткан. Кээ бир учурларда

[637] Манас Энциклопедиясы. 1-т. 404-б.

[638] Манас энциклопедиясы,т-1,85-бет, Кыргыз энциклопед. Башкы редакциясы,  “Мурас”, Бишкек, 1995ж.

бүркүт – асман ээси болсо, кээ бир учурларда ал асман ээсинин колдоочусу болуп саналат.

Жолборс – ортоңку дүйнөнүн ээси. Орхон-Эне-Сай жазмаларында кыргыз хандары жана баатырлары барсты (жолборс) ыйык тутканы белгилүү. Манастын кереметтүү бойго бүтүшү жана укмуштуу төрөлүшү да магиялык түшүнүктөр менен байланышкан. Улуу батырлар төрөлөрдө энесинин жолборстун жүрөгүнө талгак болушу, андан төрөлгөн баланын келечектеги чексиз алп, зор күч-кубаттын ээси болорун кабарлайт.

Дүйнөлүк мифте жолборс – күч-кубаттын, кайраттын, баатырдыктын символу. Эпосто жолборстун эпикалык образы башкы каармандын тотеми катары кызмат аткарат[639]. Ал дайым Ортонку дүйнөнүн ээси катары Манастын алдында, ортодо жүрөт. Бул Түз дүйнөнүн көрүнүшү. Жолборс Тик дүйнө боюнча да, Түз дүйнө боюнча да Дүйнөнүн ортосунда борборду ээлеген.

Ажыдаар – Төмөнкү дүйнөнүн ээси. Дүйнөлүк мифтерде жана элдик жомоктордо адамды, айбанды оп тартып соруп коюуучу, каарданса оозунан от чыккан, кээде үч же жети баштуу, өлчөмсүз чоң, укмуштуу жылаан. Фолклордо оң образ катары да, терс образ катары да белгилүү. Бирок, жомоктордо көбүнчө терс образда жүрөт. Алгачкы ишенимдеги ажыдаардын образы суунун жана жаан-чачындын ээси, аны пайда кыла турган күч катары баяндалат. “Манас” эпосунда болсо, ажыдаар баатырдын колдоочусу, чексиз күч-кубаттын ээси. Ал башка тотемдер менен бирге баатырга кайрат, душманды чоочутуучу сүр, айбат берет[640].

Дүйнөлүк Тоо же Дүйнөлүк Дарак сыяктуу Манас да Тик дүйнөнүн үч катмарын бириктирип турат. Мына ошондуктан аны Үч Дүйнөнүн ээлери бирдей колдошот. Мунун өзү Манас үч катмар дүйнөнү бириктирип турган Угуз хандын образындай улуу Дүйнөлүк Адамдын образына ээ экенинен кабар берет. Башкача айтканда, Дүйнөлүк Тоо, же Дүйнөлүк Дарак деген

---

[639] Ошол эле жерде,220-бет.
[640] Ошол эле жерде. 38-39-бб.

түшүнүктөр менен бирге биз Дүйнөлүк Адам деген түшүнүктү да катар айтабыз.

**Түз Дүйнөнүн колдоочулары.** Арстан – оң канаттын колдоочусу. Арстан тууралу эпосто: “чолок көк жал арстаны”, оң жагынан камынып” деп айтылат. Негизинен арстан – ак саргыл, боз саргыл түстөгү ит[641] тукумуна кирчү жаныбар. Биздин оюбузча, анын бир аты-«барак», мааниси - “жүндүү ит”. Башында менимче, бул сөз («барак») арстанга карата айтылган окшойт?

Эпосто арстан да, ырдын ыргагына жана уйкашына карата ордун өзгөртүп айтыла берет. Бирок түстүк символика боюнча караганда, ал - «ак ит» – оң канаттын колдоочусу. Ошол үчүн ал дайым Манастын оң кол тарабында жүрөт. Кыргыз элинин дүйнөтанымында Оң канаттын же Ак уулдун тотеми Багыш, же Бугу, ал эми жоокердик тотеми жана колдоочусу – арыстан.

Кабылан – Сол канаттын колдоочусу. Эпосто кабылан жөнүндө: «кара чаар кабылан, капталынан чамынып» деп ырдалат. Ал кара чаар (көк чаар) түстөгү ит тукумуна кирген жырткыч жаныбар. Ошондуктан түстүк символика боюнча, ал Сол кол тарапты ээлейт. Манас урушка бет алып баратканда, ал дайым анын сол тарабынан колдоого алып, душманды качырат. Ал кээде көк жалга айланып кетет, анткени, экөө тең Сол канаттын колдоочулары. Кыргыз элинин дүйнө таанымында Сол канаттын же Көк уулдун (Куу уулдун) түпкү тотеми инек (топоздун ургаачысы, уй.), ал эми жоокердик тотеми - кабылан.

Жолборс – Борбордун ээси. Жолборс жол баштаган, баатырдын алдында жүргөн тотем. Анын түстүк символу – «кызыл» («кызыл ит») же “сары” болушу мүмкүн?

Энесайдагы таш жазмаларда кыргыз кагандарынын тотеми барс экени айтылат. Иран мифтеринин берген маалыматтары барс – байыркы арий

---

[641] Илимде “мышык” тукумуна кирген жаныбарларды (арстан, кабылан, жолборс, барс ж.б.) кыргыз “ит” тукумуна киргизет. Бир бөрүдөн башкасынын баарынын балдарын “күчүк” дейт. Ал эми бөрүнүн баласы кыргыз тилинде “бөлтүрүк” деп айтылат.

хандарынын да тотеми болгонун белгилейт. Ал турсун окумуштуулар Персия мамлекетинин менен Элбурс тоосунун аталыштарын “барс” тотемине байланыштуу келип чыккан деген пикирлерди да айтышат. Негизинен барс – “тоонун ээси”. Андыктан, ал алгач тоодо жашаган элдердин тотеми болгон деп болжолдоого болот. Түштүк Сибирде жашаган кээ бир элдердин (саха) мифтеринде барс – “согуш кудайы” деп мүнөздөлөт.

Кыргыз барсты “илбирс” деп да айтат. Бул айтым алтайлыктарда “ирбис” формасында сүйлөнөт. Ушундай формада айтылышы анын эр (арий) элдердин тотеми болгонун тастыктап тургансыйт? Мисалы: илбирс = “ир+барс” (“ирбис”), “эр+барс” – “эл+барс” деген формаларга өтүп айтыла берет. Эпосто кылычтын да эң мыктысы жана курчу “албарс кылыч” деп айтылат. Бул: “эр барс кылыч” деген сөздүн өзгөрүп айтылган формасы болуу керек. Жолборс түздө, камыштын, токойдун арасында жашаса, илбирс бийик тоолордо жашайт.

Аяк жагында жыйынтыктай турган ой мындай: окумуштуулар Теңир кудайын-улуу кудай, ай-ааламды жараткан жана анын ээси болгон дүйнөлүк кудай катары сыпаттап келатышат. Анын ысмынын шумер жазууларынан да жолугушу Тенирдин өтө байыркы жана улуу кудай экенин тастыктайт. Демек, ал жөнүндөгү окуу келечекте дүйнөлүк окууга жана дүйнөлүк дүйнө таанымга айланышы мүмкүн.

Ырас, Теңир дүйнөлүк кудай болсо, анда анын ысмын алып жүргөн Тоо да «Дүйнөлүк Тоо» экени талашсыз. Башкача айтканда, логика боюнча, Дүйнөлүк Тоо гана Дүйнөлүк Кудайдын (Тенир) ысмын алып жүрүүгө укуктуу. Анткени, Дүйнөлүк Кудайдын ысмын жөн гана бир тоонун алып жүрүшү эч кандай логикага туура келбейт. Андай, байыртан улуу кудайдын ысмын алып келаткан Улуу Тоо – ал Теңир Тоо.

Бул Улуу Тоонун эң бийик чокусунун «Хан Теңир» аталып турушу да биздин изилдөөлөрүбүздү ырастаган эң башкы фактынын бири. Ырас, Теңир Тоо «дүйнөлүк тоо» болсо, анда аны аралап жашап жаткан Адам да Дүйнөлүк

Адам экени шексиз. Анткени, логика боюнча ой жүгүрткөндө, Дүйнөлүк Адам гана Дүйнөлүк Тоону мекендеп жашоого укуктуу. Дүйнөлүк Тоону жөн гана бир катардагы адамдын ээлеп жашашы эч кандай логикага туура келбейт. Тенир-Тоону байыртан ата журт катары сактап жана коргоп, жашап келаткан андай Дүйнөлүк Адам – ал Манас. Анын эли – Кыргыз, Дүйнөлүк Тоонун эли. Демек, Кыргыз Дүйнөлүк Тоону аралап жашаган “Дүйнөлүк эл”.

## 4.4. Кыргыз жана шумер эпосторундагы мифоэпикалык образдардын параллелдери

Байыркы замандарда алгачкы мамлекеттерди бакшылар (ор: жрецтер) түзүшкөн. Алар жөн гана бакшы болбостон, кол баштаган баатырлар, акылман, олуя жана көп кырдуу касиеттүү адамдар болушкан. “Манас” эпосунда мындай образ “катагандын хан **Кошойго**” таандык. Ал жөн гана хан эмес – баатыр, балбан дагы, ошону менен бирге эле “батасы бакты көгөрткөн” касиеттүү адам. Дал ушул Кошой абабыздын батасынан Каныкей апабыздын боюна бүтүп, Семетей төрөлгөн. Бакшы – касиеттүү адам, бирок касиеттүү адамдын баары эле бакшы боло бербейт. Экинчиден, бүгүн биз түшүнгөн бакшы менен байыркы сөзүн угуп, эл артынан ээрчиген же эл башында туруп, мамлекет түзгөн бакшылардын (акындардын) айырмасы “асман менен жердей”.

Эпосто Билгамештин “үчтөн экиси - кудай, үчтөн бири - адам”[642] деп сүрөттөлөт. Мисалы, Билгамеш жер түбүнө түшөр алдында Маш тоосунун дарбазасына жакындап келет. Ал дарбазаны “чайан-адам” кайтарат экен. Ал Билгамешти алыстан көрүп, аялына кыйкырат:

“Тигил жактан келе жатат жатат бир Адам –
урпагы окшойт Кудайдын!”
Анда аялы чаян-адамга жооп берди мындай деп:

[642] Крамер С.Н., История нчинается в Шумере. -М.: “Наука”, 1991.- С.188

“Кудай - үчтөн экиси, үчтөн бири – Адам ал!”[643]

Чынында, эпостогу маалыматтар Билгамештин атасы жогорку даражалуу “дух” экенин айтат. Шумерликтердин ишеними боюнча духтар түндөсү аялдарга жашыруун келип, алар менен жатып кетишчү. Ал эми Билгамештин апасы болсо, атактуу Куллабдын хырамында жашаган кудай-аял болгон[644].

“Манас” эпосу боюнча Манастын образы да Билгамештики менен дээрлик бирдей даражада. Ал адам, ошол эле убакта анда кудайга таандык сапаттар да бар. Мисалы эпосто:

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен Жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй,
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй,
Абадагы булуттун
Салкынан бүткөндөй[645].

Жогорку образды албетте, “жөн адамдын” образы деп айтууга болбойт. Дагы Манас дүйнөдөн кайткандагы сүрөттү карап көрөлү:

Тоодон канча урады
Жер силкинип, чайпалып,
Таштан канча кулады.
омкорулуп түбүнөн
Чер-токойлор сулады.
Чайпалып турган кара жер
Жети күндө токтолду.

---

[643] Поэзия и проза древнего Востока. -М.: “Художественная литература”. 1973, С.201. \\. Серия: Библиотека всемирной литературы.

[644] Белицкий М. Шумеры. Забытый мир. -М., изд. «Вече». 2000. –С. 99-100.

[645] Орозбаков С. Манас, 1-китеп. -Фрунзе, “Кыргызстан”. 1979. 283-б.

Кыбыр этип кыймылдап,
Тик баскан адам жок болду[646] .

Жогорку сүрөттөн эле, Билгамеш сыяктуу Манастын да: "үчтөн экиси - кудай, үчтөн бири - адам" экени көрүнүп турат. Ошол үчүн Манасты изилдеген профессор М.Борбугулов[647] менен М.Мамыров[648] сыяктуу белгилүү окумуштуулар аны гректин Зевс кудайы менен салыштырып, Манас "адегенде бир уруунун кудайы болгон" деп бекер жеринен айтышпаган.

Чынын айтсам, мен "Билгамешти" которуп жатып, эки эпосто биз билгенден да көп окшоштуктар бар экенин көрдүм. Бул азырынча бир гана сыртынан байкалган окшоштуктар деп ойлойм. Эгер аны жаш окумуштуулар атайын ар тараптуу изилдөөгө алышса, миңдеген жылдар бою окурмандарга белгисиз көп сырлар ачыкка чыгар эле. Шумер эпосундагы рифманын жоктугун айтпаганда, эпостун поэтикалык стили менен кыргыз элинин элдик поэзиясынын стилинин окшоштугу да бизди таң калтырат. Мисалы, Молдо Кылычтын "Буудайык" поэмасын жакшы билген адис адам "Билгамеш" менен "Манасты" салыштырып окуй турган болсо, анда эки улуу эпостун поэтикалык стили өтө окшош экенин сезбей койбойт. Изилдөөчү: эки мезгилде жаралган бир эле чыгарма деген жыйынтык чыгарышы да мүмкүн? Алардын кандай экенин, келечекте фольклористтер изилдеп, биздин ойду бекемдешет деп ишенем. Азыр эми сюжеттеги кээ бир параллелдер тууралу айтсак алар мындай:

Энкиду келерде Билгамеш түш көргөндөй эле, Алмамбет келерде да Манас түш көрөт. Мына карап көрөлү, Манастын түшү:

..............................................................................

Айталаада келатып,
Ач албарс кылыч тааптыр.
Ары-бери ойнотуп,
Үйдөй болгон кара таш
Кара ташты чааптыр.

---

[646] Орозбаков С. Манас, 2-китеп. -Фрунзе, "Кыргызстан". 1980. 306-б.
[647] Борбугулов М., Манас эпосу: Башаттары, эволюциясы. Бишкек. 2004,, 96-б.
[648] Мамыров М. Манас эпосунун калыптаныш тарыхы. -Бишкек, "Бийиктик", 2005. 52-53-бб.

Балтыркан чапкан немедей
Кара таш кетти бөлүнүп,
Калдыраган боюнча
Коктуну кирди жемирип,
Берен Манас кылычты
Белине бекем чалыптыр.

**Андан нары түштүн экинчи бөлүгү уланат:**

Бир оокумда караса,
Кылыч арыстан болуп калыптыр
Күн чыгыш көздөй камынды.
Күркүрөп арыстан чамынды
Жолборстор тутту буйругун
Баары келип баш ийип,
Чатына кыпчып куйругун.
Арыстанды көрсөң акыры
Ажыдаар болуп кубулду.
Жакындап келген адамдын
Жүрөгү оозго тыгылды.
Ажыдаар жүрдү аркырап,
оп тартканда демине
Таш учуруп туш-туштан
Кара шамал зыркырап,
Ажыдаар кубулуп,
Асманга **буудайык** болуп учуптур
Абалап бийик сызыптыр.
Асмандан келип буудайык
Колуна кайта конуптур
Манастын көөнү толуптур[649].

Билгамеш туруп, түшүн энесине айтып жорутса, Манас ойгонуп, кырк чорону чакырат. Анан бир жакшылык болорун туюп, ак боз бээ союп, түшүн жорутат. Билгамештин түшүн апасы жоруса, Манастын түшүн кырк чоронун бири - Ажыбай жоруп: Алмамбет келе турганын айтат. Эпосто:

Асмандан мунар жошулат,
Арыстаным сенин өзүңө

[649] Манас, 1-китеп. -Фрунзе, “Кыргызмамбас”, 1958. 227-б. Кыскартылып, бириктирилген вариант

Эми Алмамбет келип кошулат[650] -
деп жооруйт Манастын түшүн Ажыбай.

**Билгамештин түшү:**

«Апа, түндө уктап жатып түш көрдүм:
Асмандагы жылдыздар ылдый түшүп келишти.
Көктөн түшкөн таш өңдүү
бир чон жылдыз түштү менин үстүмө.
Көтөрөйүн десем мен оор экен ал менден.
Силксем аны – силке албайм,
Уруктун бүт эркектери чогулушуп келишти.
Ага каршы бүткүл аймак жыйылды.
Эл чогулуп, будуң-чаңга түшүштү.
Анан аны куурчап алды күч-кубаттуу эркектер.
Менин бардык досторум өбүштү анын буттарын.
Аялымды сүйгөндөй жакшы көрдүм мен да аны.
Анан аны ээрчитип, алып келдим мен сага.
А сен аны
кабыл алдың - мени кабыл алгандай".

Анда уулунун айтканын угуп, көптү билген Билгамештин апасы касиеттүү Нинсун эне өзүнүн төрө уулуна мындай дейт:

Сени сактап жүрүүчү, келет күчтүү бир адам.
Көктөн түшкөн таш окшоп, катуу анын колдору,
Андан өткөн балбан болбойт бул өлкөдө кубаттуу.
Жакшы көрүп сен аны,
аялыңа асылгансып, асыласың эркелеп.
Ал дос болуп, сени эч качан таштабайт!

Ушинтип Нинсун эне баласы – Билгамештин биринчи түшүн жоругандан кийин, Билгамеш апасына экинчи көргөн түшүн айтат:

«Андан кийин апа дагы, түш көрдүм:
Бир айбалта түштү Уруктун коргонунун ичине.
Аны айланып чогулушту көпчүлүк:
ага каршы бүткүл аймак жыйылды.
Эл чогулуп будуң-чаңга түшүштү,
Аялымды сүйгөндөй, калдым сүйүп мен да аны.
Аны ээрчитип, алып келдим, дагы сенин алдыңа.

[650] Манас, 1-китеп. -Фрунзе, "Кыргызмамбас", 1958. 228-б. Кыскартылып, бириктирилген вариант

А сен аны кабыл алдың - мени кабыл алгандай".

Анда уулунун айтканын угуп, "көптү көргөн Билгамештин апасы, баарын билген касиеттүү Нинсун эне Билгамешке мындай дейт:

Сага нагыз бир тууган, жолдош адам болот ал.
Көктөн түшкөн таш окшоп, катуу болсо колдору-
Бул өлкөдө анда уулум, андан өткөн алп болбойт.

Биринчиден, окурмандарга түшүнүктүү болуш үчүн; экинчиден, кыргыз тилине которулган "Билгамеш" эпосунун тексти менен "Манас" эпосунун тексти алгач ирет салыштырылып изилденип жатканы үчүн эки эпостогу түшкө байланышкан текстерди толук бердик. Аны окурмандар туура түшүнүшөт деп ойлойбуз.

Ошентип, эгер Манас "эки бөлүктөн" турган бир түш көрсө, Билгамеш "эки" түш көрөт. Манас түшүнүн биринчи жарымында Алмамбетти "албарс кылыч" образында көрсө, кийинки бөлүгүндө – "арыстан", "ажыдаар" жана "буудайык" образдарында көрөт. Миф боюнча: Буудайык – Жогорку дүйнөнүн, Арыстан – ортонку дүйнөнүн, ал эми Ажыдаар – Төмөнкү дүйнөнүн ээлери. Демек, Манас сыяктуу эле Алмамбет да үч катмар дүйнөнүн ээлери колдогон касиеттүү, улуу баатыр!

А Билгамештин түшүндө Энкиду адегенде - "асмандан түшкөн жылдыз", экинчи түшүндө "айбалта" образында көрүнөт. Эгер шумер коомунун негизги жоокердик куралы "айбалта" болсо, кыргыз коомундагы баатырлардын башкы куралы "албарс кылыч" болгону эпостордун текстеринен көрүнүп турат. Ал эми эки улуу баатырдын түштөрүнүн экинчи бөлүктөрү тууралу сөз кылсак, эки түш тең Асман жана Жер менен байланышкан. Биринде Асмандан түшкөн "жылдыз", экинчисинде Асмандын ээсине айланып учкан "куш". Демек, бул эки баатыр тең Кудайдын буйругу менен жарык дүйнөгө келген касиеттүү адамдар. А чынында эле эки эпостун текстери боюнча экөөнүн тең жаралышында Жогору жактан аралашкан мистикалык күчтөр бар.

Бизди эки эпостогу дагы мындай ыр саптарынын окшоштугу тан калтырат. Мисалы, Билгамеш түшүндө көргөн Энкиду тууралу Энесине минтип айтат:

Анан аны куурчап алды күч-кубаттуу эркектер.
Менин бардык досторум өбүштү анын буттарын**.**

Дал эле ушул сыяктуу Алмамбет тууралу көргөн түшүн Манас чоролоруна айтат:

Күркүрөп арыстан чамынды
Жолборстор тутту буйругун
Баары келип баш ийди,
Чатына кыпчып куйругун...

Бул образдар жөн эле окшоштук эмес сыяктанат?... Анан да эки башка стил менен айтылган бир эле сюжет.

Биз, бул эки улуу эпостун окшош сюжеттерин салыштырып жатып, алардын ортосун “5ооо” жылдык убакыт ажыратып турганын эсибизден чыгарбообуз зарыл. Бирок, ага карабай беш миң жыл мурун “чопо китепке” жазылган эпостордун сюжетиндеги жана каармандардын образдарынын окшоштуктары бизди ойлондурбай койбойт.

Эгер миң жыл ичиндеги ислам дининин “Манас” эпосунун сюжетине жана башкы каармандардын ысымдарына тийгизген таасирин эске алсак, анда “Билгамеш” эпосун “беш миң жыл” кийин кагазга түшкөн “Манас” эпосунун “шумердик варианты” катары кароо өтө аша чапкандык болбостур деп ойлойм. Менимче дүйнө элдеринин эпосторунун ичинен “Билгамеш” менен “Манастай” поэтикалык стили дээрлик бирдей, айрым сюжеттери жана башкы каармандарынын образдары окшош мындай бири-бирине жакын эпосторду табуу кыйын. Эмне экенин билбейм, бирок “Билгамеш” менен “Манас” эпосун байланыштырган биз биле элек, дагы кандайдыр бир “өзөк нерсе” бар экенин туюп турам. Аны эми келечек көрсөтөр!?

***

Эки эпосто тең улуу баатырларды “достоштуруу” ырым-жырымдары аткарылат. Мисалы, Манас менен Алмамбетке Чыйырды энебиз эмчегин эмизип, экөөн эгиз, эмчектеш бир туугандарга айлантат[651]. Бул чынында достоштуруунун өтө сейрек учураган варианты. Биз башка эпостордогу ушундай “достоштуруу” ырым-жырымын билбейбиз.

Шумер эпосунда Билгамеш Энкидуну апасына алып келгендеги 12-13 сап ыр сабы өчүп калган. Текстин кийинки саптарына караганда, Билгамештин энеси - “сыйыр Нинсун” да Чыйырды энебиз сыяктуу эмчегин эмизген сыяктанат? Анын башка эч жерде учурабаган “сыйыр” (орусча “корова” деп которулган. Биз аны “сыйыр” деп котордук. Балким, Чыйыр энебиздин ысмы да “сыйырга” байланыштуу коюлгандыр?–Б.Т.) эпитети да дал ушул учурда айтылат. Демек, “Билгамеш” эпосунда да “эмчек эмизип” эки улуу баатырды достоштурган текст бар болгону шексиз? Эгер текст сакталган болсо, бул сюжет илим үчүн абдан кызык болор эле. Мисалы, “Билгамеш” эпосундагы сакталган тексте достошуу ырым-жырымы аяктагандан кийин минтип айтылат: “Бир туугандай болушуп, Кучакташып отурушту баатырлар”.

Эки эпосто дагы бир мындай окшоштук бар: Билгамеш хырамга “нике үйүнө” бараткан учурда Энкиду анын жолун тосот да, экөө кармашып, мушташып кетишет. Ушул сыяктуу мотив Манаста да жолугат. Анда, алыстан келаткан Алмамбет Манаска атчан барып салам айтуу үчүн атынан түшпөй түз ордону карай бастыра берет. Ордого жакын калганда, Ажыбай эпчилдик кылып, “атчан барып салам айтсаныз, төрөбүз бизди катуу жазалайт” деп, Алмамбеттин атынын чылбырынан кармап токтотот[652]. Алмамбет аргасыз аттан түшөт да, салт боюнча үйгө салам айтып кирет. Арандан зорго Бакайга кол узатып, анан төргө барып отурат. Кымыз ичип, бүткөн боюн тер басып, өзүнө келгенден кийин Манас, Бакай баш болуп: “Кай жерден болот жериңиз?

---

[651] 651 Манас, 1-китеп. -Фрунзе, “Кыргызмамбас”, 1958. 240-б. Кыскартылып, бириктирилген вариант
[652] Манас, 1-китеп. -Фрунзе, “Кыргызмамбас”, 1958. 234-б. Кыскартылып, бириктирилген вариант.

Кайсы эл болот элиңиз?”- деп Алмамбеттин ал-жайын сурашат. Ошондо Алмамбет:

Ой жетпеген иш издеп,
Оң караган киши издеп,
Ооп жүргөн бир жанмын
Ат жеткисиз жол издеп,
Азып жүргөн бир жанмын[653].

Ошондо Манас: “эгер кете турган болсоңуз, анда менин атымды минип, аккүбө тонду кийип, мобул “жети” баатырды жаныңызга алып, жолдош кылып кетиңиз” деп, Аккуланы баш кылып, кас тулпарларды катарга тизип, Алмамбетке көрсөтөт. Алмамбет, өзүнүн Аккула атын, аккүбө тонун баш кылып тартууга берип жаткан Манастын марттыгына таң калып, ыраазылык билдирип, “ушул менин атым болсун” деп Сарала тулпарды чылбырдан кармайт. Анан “каларын же кетерин” сураганда, ага Алмамбет уруксат болсо “калайын” деген сөзүн айтат. Манас, мына ошондон кийин “Алмамбет кала турган болду” деп, ата-энесине кабар жиберип, аны менен достошуу салтанатына даярданат.

Бул эпизод Энкиду чөгөлөп туруп, Билгамешке: “сени кудай баатырлардын баатыры, элди башкаруучу кылып жараткан экен, сага башымды ийдим” деп айткан сөзүн эске салат. Энкиду Билгамештин күчүн жана бийлигин таанығандай эле, Алмамбет да Манастын күчүн жана бийлигин таанып, анын алдында кызмат кылуу үчүн калууга уруксат сурайт.

Энкиду менен Алмамбеттин образындагы окшоштукту айтып турган дагы бир эпизод бар. Ал, Билгамештин энеси – Нинсун апа “эки баласын” достоштургандан кийин Билгамеш апасына: Энкидунун атасы да, апасы да, бир туугандары да жок экенин, ал чачын эч качан кыркпаганын айтат. Аны уккан Энкиду отуруп алып ыйлайт. Анан бир маалда минтип айтат:

«Артта калар ишим жок, күчүм бекер кетүүдө…».

653 Манас, 1-китеп. -Фрунзе, “Кыргызмамбас”, 1958. 236-б. Кыскартылып, бириктирилген вариант

Дал эле ушундай арман кылган сөз “Манас” эпосунда да бар. Алмамбет өзү тууралу айтып, “көзүнө жаш алганын” жогоруда айттык. Эки эпосто тен эки улуу баатыр “ыйлайт”. Алманбеттин арманы менен Энкидунун: «Артта калар ишим жок, күчүм бекер кетүүдө…», - деп айткан арманы окшош. Алмамбет да, кызмат кылып, күчүн, эрдигин көрсөтө турган эл таппай, жолдош кылар тең таппай жүргөнүн, өмүрү бекерге өтүп жатканын айтат. Андан улам кыргыздын: “жалгыз дарак – токой болбойт, жалгыз жоокер кол болбойт” деген сөзү эске түшөт. “Эли бар адам эр экен, эли жок адам кем экен” деген Алманбеттин сөзү “Алманбеттин жомогу” деп аталган бөлүмдүн маңызын түзөт. Байыркы кыргыз дүйнөтаанымындагы достуктун коомдогу орду өзгөчө болгонун белгилейт.

Акырында, беш миң жыл мурунку шумер айтуучулары түзгөн Энкидунун образы менен беш миң жыл бою (?) кыргыз эпикалык айтуучулары даңазалап келаткан Алмамбеттин образы түбү бир булакка барып такалат деп айтууга болот. Кандай болгон күндө да – бул жөн гана окшоштуктар эмес. Дал ушул “окшоштуктар” биздин түпкү тегибиздин жалпылыгынан кабар берип турат[654].

[654] «Билгамеш» менен «Манас» эпосторундагы достук идеясы жана анын философиясы. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана № 4, 2023. С. 226-231.

# КОРУТУНДУ

Теңирчиликти кыргыз элинин жаралышынан азыркы учурга чейинки ачык дүйнө таанымы катары изилдөө төмөнкүдөй тыянакка келет:

1. Түрк жана монгол элдери биздин замандын 2-миң жылдыгынын башталышына чейин, башкача айтканда, дүйнөлүк диндер пайда болгонго чейин, ар кандай этностук топтордун өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен бирдиктүү салттуу ишеним катары – Теңир дүйнөтаанымын карманышкан, ал мамлекет жана империялар ичинде диндин да функциясын аткарган;

2. Теңирчиликте дүйнөнүн жаралышы, ааламдын, табияттын жана адамдын жаралышы жөнүндөгү бай мифология бар, ошол эле учурда теңирчилик өзүн дин катары бекемдөөгө умтулган эмес, бирок бул үчүн бардык негиздер жана атрибуттар болгон;

3. Теңирчилик, бардык түрк жана монгол элдеринин дүйнө таанымы катары, алардын көпчүлүгү дүйнөлүк диндерди кабыл алганына карабастан, бул элдерди маданий жана руханий жактан бириктирген универсалдуу көрүнүш. Демек, теңирчиликти бутпарастык деп атоого болбойт, анткени бутпарастык дин бир уруунун же элдин (б.а. тилдин, элдин түшүнүгү боюнча) дини катары түшүнүлөт;

4. Түрк жана монгол элдеринин дүйнөтаанымынын өзөгүнө айланган теңирчилик христиан, ислам жана буддизмге караганда эффективдүү болгон уюштуруучу жана бириктирүүчү күч болгон. Анткени, хунндардын, түрктөрдүн, монголдордун жеңиштүү жортуулдары так ушул теңирчилик тарабынан колдоого алынган;

5. Теңирчиликтин ордун акырындык менен дүйнөлүк диндер ээледи. Бул экспансиянын максаты ачык эле көрүнүп турат, эл руханий жактан жат динге баш ийип, анан саясий жактан баш ийет. Бирок ислам менен теңирчиликтин

ортосунда синкретизм пайда болгон, бул жылышуу эмес, тирешүү эмес, эки диний принциптин кандайдыр бир «жуурулушу» болгон. Демек, ушундай жол менен гана түрк элдеринин арасында мусулмандык догма менен эркин дүйнөтаанымдын синтези катары, эки ысымдуу бир Кудайга болгон ишеним катары жашап келди;

6. Теңирчилик жалпы кабыл алынган мааниде дин эмес, бирок ал деисттик мүнөздөгү табигий диндин ролун аткарып келген. Анткени табигий диндин да ыйык жазмалары, догмалары, негиздеген пайгамбарлар институту жана мечит, чиркөө сыяктуу атрибуттары болбойт. Теңир дининин андай эл чогулуп, кудайга сыйынуучу ыйык мекемелери болуп, ачык асман алдындагы мазарлар саналган.

7. Теңирчиликте кудайлардын пантеону иргелип, алардын иерархиясы акырындап калыптанган. Бирок тарыхый окуялардан улам жана дүйнөлүк диндердин таасири астында анын бул багыттагы жолдору тосулуп, идеологиялык укуктары чектелип калган;

8. Теңирчилик менен шаманчылык бир эле нерсе эмес. Бакшылар менен камдардын функциялары да бири-биринен айырмаланган. Теңир бакшылары өткөрүп жаткан иш-чараларга жана сыйынуу ырым-жырымдарына башка ишенимдин адамдары катышууга укуксуз болушкан.

9. Тенир дүйнөтаанымы дуалисттик принципте калыптанган ишеним болгон. Анда “Оң-Сол”, “Ак-Кара”, “Күн-Түн” принциптери сакталган. Бирок, ал Даосизмге окшоп бир тараптуу эки күчтүн (Янь менен Индин) гармониясын же Зороастризм сыяктуу эки духтун  (Ахурамазда менен Ахриман) күрөшүн идеологияга айландырбастан, Тениричилик эки улуу духтун (Үлкен менен Эрлик) бири-бири менен атаандашкан жана ошол эле убакта бири-бирин толуктаган философияны өнүктүргөн. Тениричиликте ички күрөш, сырткы гармония абалы кармалган. Тенирчилик сезимтал акыл же акыл-эстүү сезим, башкача айтканда, баш менен жүрөктүн бүтүндүгүн карманган.

10. Тенир космологиясы боюнча, Тик дүйнө үч катмардан (Жогорку- Төмөнкү жана Ортонку), Түз дүйнө үч бөлүктөн (Чыгыш- Батыш жана Борбор) турат.

11. Байыркы бабалар сак, сармат жана скифтер сыяктуу эле байыркы кыргыздар да өздөрү жашаган коомду космостук моделге ылайык түзүшкөн. Коом Тик дүйнө принциби боюнча үч катмардан (жоокерлер-билгилер-байлар), Түз дүйнө принциби боюнча үч бөлүктөн (оң канат-сол канат жана ичкилик) турган. Микрокосмос (Адам-Эл) Макрокосмостун жердеги көрүнүшүн чагылдырган. Ушундай учурда гана эл бактылуу, коом туура өнүгүп жашайт деп ишенишкен. Бул түзүлуштүн ички маани-мазмундарын унутуп калышканы менен анын сырткы көрүнүшүн кыргыздар бүгүнкү күнгө чейин сактап келатышат. Философтор менен окумуштуулар эми аны байыркы бабалар түшүнгөн түшүнүк менен чечмелеп, аны бүгүнкү күнгө ылайык өнүктүрүүдө турат.

12. Кыргыз эли өзүнүн коомун Тик дүйнө принциби боюнча: Бийлер-Билгилер жана Байлар, Түз дүйнө принциби боюнча: Оң канат (Оң улус) – Сол канат (Сол улус) жана Ичкилик (Ички улус) деп бөлүнүп келген.

13. Кыргыз адамы Тик дүйнө принциби боюнча: Ата-Апа жана Бала, Түз дүйнө принциби боюнча: Эр-Үр жана Ата журт аталыштары менен жашаган.

Жогорку принциптердин баары ислам динин кабыл алгандан бузулуп баштаган. Ислам менен башка элдин иедологиясы, башка элдин дүйнөтаанымы келген. Арий ата-бабаларыбыздын салттары бузулуп, элдин жашоо образы өзгөрүлүп баштаган.

Эр элдин салты Үр элдин салты менен алмашкан. Миңдеген жылдар бою өзүн “Кудайдын урпагы” катары эсептеп, эркин жашап келген Эл, эми исламга тереңдеп кирген сайын өзүн “кудайдын кулуна” айлантып отурган. Жоокер эл эрдик духун жоготуп, мал багып, жарым-жартылай дыйканчылык кылып, карапайым жашоого өткөн. Идеология бурмаланган,  Эл өзүнүн түпкү духун жоготкон.

Кийинки 700 жыл ичинде өз мамлекетин кура албай калган кыргыздар мамлекетти башкаруу касиетин жоготкон. Уруу-уруу бөлүнүп жашап, аларды бириктирген саясий система болгон жок. Улуттук дүйнөтааным тайыздап, тарып, бир убакта империялык аң-сезимди алып жүргөн ак сөөк катмар майдаланып отуруп, уруунун денгээлин түшүп калган. Кыргыздын аскери болгон кыпчактар 13-14-кылымдарда монгол бийлигине каршылык көрсөтүп атып, талкаланып, чачылып кеткен. Кыргыз өз дүйнөтаанымын жоготкон эмес, бирок көп нерселер өзгөрүп, көп баалуулуктар алмашып, ага байланыштуу улуттук аң-сезим да өзгөрүп отурган.

Совет бийлиги келип, көп нерсени кайра жаныртты. Көп нерсени жоготтук, көп нерсени таптык, бирок эн башкысы өзүбүздү улут катары сактап калдык. Билимге, илимге ээ болдук, жаңы мазмундагы улуттук адабиятыбыз жана маданиятыбыз калыптанды. Бирок, Совет бийлиги 73 жыл жашап, ал да өзүн өзү кыйратып, талкалап, жок болуп кетти.

Советтер Союзунун кулашы анын бардык элдери үчүн чоң социалдык стресс болду. Коомдук-саясий турмуштун бардык жактарында улуттун ордун аныктоо жана өзүн-өзү идентификациялоо оңой болгон жок. Экономикадагы кыйынчылыктар, коомдогу баш-аламандыктар, саясий туруксуздук, башкаруу системасындагы оош-кыйыштар, отуз жыл ичинде болуп өткөн үч революциядан көрүнүп тургандай, идеянын жоктугу жана элитанын коррупциясы – ушунун баары кыргыз коомунда бириктирүүчү күчтөрдүн жок экенин көрсөтүп турат. Сырткы күчтөрдүн таасири жана көрсөтмөлөрү менен түзүлгөн ар кандай коомдук уюмдар, кыймылдар, саясий партиялар жана диний секталар коомду бириктиргендин ордуна кайра бөлүп-жарды. “Манас” эпосун даназалап, аны идеологияга айлантуу аракеттери да ишке ашпай келатат. Санжыра да элди толук бириктире албай жатат. Биздин коом бүгүн, өзгөчө жаш муундун өкүлдөрү илим-билимге көбүрөөк ыктап, бирок, европалык цивилизациянын таасирине кабылып, ар кандай дүйнөлүк агымдарга кошулуп, агып кетүүдө.

Ушундай учурда улутту ээрчитип, жол баштап кете турган улуттук элитанын калыптанбай жатышы, андан улам вируска толгон коом баш-аламан кыймылдап, бир багытты ала албай жатышы элдин келечегин улам артка жылдырууда. Эми эмне кылыш керек? Жооп бирөө эле: улутту сактап кала турган жолдорду табыш керек.

Эл оозунда: “Мык – таканы, така – туякты, туяк – тулпарды, тулпар – эрди, эр Элди сактайт” деп айтылган сөз бар. Дал ушул сыяктуу эле:

Башат – булакты, булак – сууну, суу – дайраны, дайра – көлдү (деңиз, мухит), көл Тереңдикти сактайт;

Тамыр – өзөктү, өзөк – бутакты, бутак – даракты, дарак – токойду, токой Көрктү сактайт;

Кум – ташты, таш – асканы, аска – зоону, зоо – тоону, тоо – чокуну, чоку Бийиктикти сактайт;

Түн – күндү, күн – нурду, нур – жарыкты, жарык – асманды, асман Түбөлүктүүлүктү сактайт;

Отун – отту, от – жалынды, жалын – ысыкты, ысык Адамды сактайт;

Бала – атаны, ата – үй-бүлөнү, үй-бүлө – урукту, урук – урууну, уруу – улусту, улус – улутту, улут Өлкөнү сактайт;

Сөз тилди, тил – аң-сезимди, аң-сезим – Улутту сактайт;

Дал ушул сыяктуу генефонд элди сактайт, Эл Өлкөнү сактайт, Өлкө Эркиндикти сактайт. Ал эми Эркиндик Эл жеңип алган эң башкы нерсе: ал баарын сактайт.

Бүгүн кыргыз болбой калган “киргиздер” кыргыздарга туура жашоону үйрөтүп жатышат. Бул, бакма өрдөк - жапайы өрдөккө, ит – бөрүгө таза жашоону үйрөткөндөй эле кеп.

Эл оозунда: “Иттин – ээси, бөрүнүн – теңири бар” деген сөз бар. Демек, бул: “Итти – аны баккан ээси, бөрүнү аны жараткан – кудай сактайт” деген сөз.

Ит – кул, бөрү – эркин эл. Биз, ошондо жашоону кимден үйрөнүшүбүз керек? Ошондо биз “ит элди” сакташыбыз керекпи же “бөрү элди” сакташыбыз керекпи? Албетте, “Бурут” деп аталган элди!

“Эл башына түшкөн мүшкүл, эр башына түшкөн иш” деген тарбия унутулуп, жеке керт башынын кызыкчылыгы үчүн баарына кайыл муун өсүп келатат»[655]. Мына «ушул муун» улуттун келечеги үчүн өтө коркунучтуу. Булардын башкы жашоо принциби: «Ааламды сел алса да, менин кызыл ашыгыма чыкпайт» деген сөз.

Биздин ата-бабалар тең салмактуулукка умтулушкан. Б. а. алар «жеке адамдын» эмес, «жалпынын» бирдей укугун камсыз кылышкан. Бүгүнкү түшүнүктөр менен айтканда, Адам укугунан Улут укугун жогору коюшкан. Миңдеген жылдар бою ушул принцип менен жашап келген биздин Эл үчүн аны башкага алмаштыруу канчага туруп жатканын көрүп жатабыз. Биз “жок болчу жол” менен баратканыбызды кийинки мезгилдерде түшүнө баштадык. Анткени, бул жол биздин ата-бабалардын жолу эмес. Бекеринен байыркы улуу акылмандар: “өзүңөрдү өзүңөр таанып билгиле”, «өз жолуңарды тапкыла» деп айтпаса керек.

Кытай өз жолунан адашпаганы үчүн балким элинин саны миллиарддан ашкандыр? Балким, өзүн өзү билгени үчүн алар өнүгүп жаткандыр?.. Ал эми «улуттук жол» деген кайсы жол? Албетте, ал ата-бабалардын жолу! Бирок, маселе, ал жолду кантип улаш керек – мына ошондо жатат. Кыргыз адамы өзүн жеке инсан деңгээлинде жана улут деңгээлинде таанып билиши зарыл. Азыр мамлекеттик чон кызматтардын көбүндө уруунун деңгээлинде ой жүгүрткөн адамдар отурушат. Алар улутту майдалап, бөлүп-жарып башкарышууда. Бул жалпы улуттук кызыкчылыкка терс таасирин тийгизип жатат. Ошондуктан бүгүн элди карангылыктан жана манкурттуктан куткара турган бир гана күч

[655] К. Бакиевдин доклады

бар, ал – Илим. Бүгүнкү күнү Илимди өнүктүрбөгөн эл өнүкпөйт. Илим биздин жашообузда культка айланып, ал идеологиянын өзөгүн түзүшү керек!

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Абаев В.И., Заметки о трифункциональности. – В кн.: Избранные труды. Религия, фолклор, литература, Владикавказ, 199о.
2. Абаев Н.В. Тенгрианство и концепт Внутреннего Солнца в национальной религии саянидов Внтренней Азии. \\Вера в Тенгри. Избранное: сборник статей. Якутск. Дани-Алмас. 2о18.
3. Абдылдабеков Т., о генезисе тенгрианства. \\ Сборник докладов Первой международной научной конференции «Тенгрианство – мировозрение алтайских народов», Кыргызстан, Бишкек, 2оо3.
4. Абдылдаев, М. Из истории религии и атеизма в Кыргызстане [Текст] / М. Абдылдаев. – Бишкек: Илим, 1991.
5. Абдыракунов Т., Бабалардан калган сөз. Ф:. “Адабият”. 199о.
6. Абулгазы Бахадур хан. Шежире-и түрк. Казан. 1824. Түп нускадан кыргызчага которгон Ч.Өмүралиев.
7. Агажанов С.Г., очерки истории огузов и туркмен Средней Азии 1Х-Х111вв., Ашхабад, изд. “Ылым”, 1969.
8. Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М.Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 199о.
9. Айтмуратов Д., Тюркские этнонимы, Нукус, Каракалпакстан, 1986.
10. Акишев А.К., Искусство и мифология саков, Алматы, Наука,1984
11. Кыргызстан», 2оо1.
12. Акатай С. Древние культы и традиционнная культура казахского народа, Алматы. КазНИИКИ, 2оо1.
13. Акмолдоева Ш., Духовный мир древних кыргызов, Бишкек, Илим, 1998.
14. Альфа-омега, Христианские и еврейские праздники, их языческое происхождение и история, пер.. с немецкого издания 1923 года, Сп “Арком”, оформление 1991

15. Алтмышбаев, А.А. очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии [Текст] / А.А.Алтмышбаев. – Фрунзе: Илим, 1985.
16. Алиев, К.М. Культ Тенгири в системе мировоззренческих представлений тюркоязычных народов Северного Кавказа (Проблемы мировосприятия и миропонимания в древности и средневековье) [Текст] / К.М.Алиев // Тюркология-88: тез. докл. и сообщений V Всесоюз. тюркол. конф. (7-9 сент. 1988 г.). – Фрунзе, 1988.
17. Алымбаев А., журнал «Мурас» №1, 1989.
18. Алымбаев А. Шаманская миссия эпического поэта. auezov.edu.kz›media/attachments/2o22/o4/12/19-..-
19. Аманалиев, Б.А. о соотношении религиозного, иррелигиозного и атеистического в сознании киргизского народа [Текст] / Б.А.Аманалиев // Изв. АН КиргССР. Сер. обществ. наук. – Фрунзе, 1963. – Т.5, вып. 2: Философия, Эстетика. Право.
20. Аманалиев, Б.А. Доисламские верования киргизов [Текст] / Б.А.Аманалиев // Религия, свободомыслие, атеизм. – Фрунзе, 1967.
21. Анохин А.В., Материалы по шаманству у алтайцев, Л., 1924.
22. Атабек А. Ислам и Тенгрианство. \\Сборник докладов Первой международной научной конференции «Тенгрианство – мировозрение алтайских народов», Кыргызстан, Бишкек, 2oo3
23. Аттокуров С., Кыргыз санжырасы, Б. Кыргызстан, 1995.
24. Ата Рахманов, Сведения об огузах в туркменском варианте эпоса «Горкут ата», \\ В сбор: Всесоюзное совещание по этногенезу туркменского народа, тезисы докладов и научных сообщений, Ашхабад, 1967.
25. Аристов Н.А., Усуни и кыргызы или кара кыргызы, Б., Фонд «Сорос-
26. Аюпов Н. Тенгрианство как религиозная система. Алматы. 1996.
27. Аюпов Н. Тенгрианство \\Вера в Тенгри Избранное: сборник статей. Якутск. Дани-Алмас. 2o18.

28.Аюпов, Н.Г. Тенгрианство как открытое мировоззрение [Текст]: дис. д-ра филос. наук / Н.Г.Аюпов. - Алматы, 2оо4.
29.Байбосунов, А.А. Донаучные представления кыргызов о природе и обществе [Текст] / А.А.Байбосунов. – Бишкек: Б. 2о1о.
30.Байтур А., Кыргыз тарыхынын лекциялары. Б. «Учкун» мамконцерни, 1992.
31.Байжумин Ж. Туран взгляд на историю человеческого общества. Тетрадь первая. Алматы. “Арыс”. 2о12.
32.Баялиева, Т. Дж. Религиозные верования на территории Киргизстана в дореволюционный период [Текст] / Т.Дж.Баялиева // Баялиева Т.Дж. Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление. – Фрунзе, 1981.
33.Бан Гу, гл.61, л.4-а-б; Крюков, 1988. \\Ю.А.Зуевдин: «Ранние тюрки: очерки истории и идеологии» деген китебинен алынды, Алматы, “Дайк-Пресс”, 2оо2.
34.Бартольд В., Сочинения в 9-и томах, Т-5, М-Л., 1968-1976.
35.Баскаков, 1969, 1985.\\ Махпиров В.У., Имена далеких предков, Алматы, 1997.
36.Бахадур А., Түрк санжырасы. \\Кыргыздар, 1-том, Бишкек, Кыргызстан, 1993. Түз. К.Жусупов.
37.Безертинов, Р.Н. Тенгрианство – религия тюрков и монголов [Текст] /Р.Н.Безертинов. - Казань: Слово, 2оо4.
38.Безертинов Р.Н. Тенгрианство – религия тюрков и монголов. Набережные Челны. Изд. “Аяз”. 2ооо.
39.Безертинов Р.Н. Древнетюркское мировозрение Тенгрианство. Казан. 2о17.
40.Бернштам А.Н., Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана, Т-2., Б., Фонд “Сорос-Кыргызстан”, 1998.
41.Библия. Книги Священного Писания Ветхого и Нового завета [Текст]. - М.: Новая жизнь, 1991.

42.Библейская энциклопедия, М., ТЕРРА, 199о.
43.Бутанаев В.Я., Бутанаева И., Хакаский исторический фолклор, Абакан, 2оо1.
44.Бутанаев В. Я., Топонимический словарь Хаксско-Минуисинского края, Абакан, 1995
45.Бутанаев В.Я., «Этническая история хакасов XY11- X1Xв.в., М., 199о.
46.Бутанаев В.Я., И.И. Бутанаева, Энесай кыргыздары: фолклор жана тарых, Бишкек, 2оо2-ж., Сорос фонду. Кыргызчага которгон о. Каратаев.
47.Бердяев Н, "Смысль истории", М., "Мысль", 199о
48.Бичурин Н.Я., Собрание сведений о народах, обитавших в СреднейАзии в древние времена, т-1,М-Л, 195о.
49.Буровский А., Арийская Русь, М., "Яуза", "ЭКСМо", 2оо7.
50.Валиханов Ч.Ч. Тенкри (Бог) [Текст] / Ч.Ч.Валиханов // Собр. соч.: в 5 т. – Алма-Ата, 1961.
51.Валиханов Ч., Собр. Соч. в 5-и томах, т-2, Гл.ред. Каз. СЭ., Алматы, 1995.
52.Вебер, М. Протестантская этика и дух капитализма [Текст] / М.Вебер // Вебер М. Избр. произведения. - М., 199о.
53.Васильев, Л.С. Культы, религии, традиции в Китае [Текст] / Л.С.Васильев. - М.: Кн. дом Ун-т, 2оо1.
54.Византийские историки [Текст] / пер. С.Дестуниса. – СПб.: Тип. Имп. АН, 186о.
55.Гасанов З., "Царские скифы...", Нью-Йорк, 2оо2.
56.Гаты Заратуштры, 53-Йасна, Санкт-Петербург, 2оо9. \ пер., И.М. Стеблин-Каменского
57.Гачев Г.Д. Содержательность художественных форм (эпос, лирика, театр). М., 1968.
58.Гераскина Е.В., Налепин А.Л.,Индия: боги и герои, М., Торжок, 1995.
59.Глоба П., "Митра – владыка Рассвета", сборник, Минск, "Астра", 2ооо

60. Григорьев, В.В. «Арабский путешественник X века Абу-Долеф» [Текст] / В.В.Григорьев // Журн. М-ва Народного просвещения. – 1872. – Сент.
61. Гринцер П.А. Древнеиндийский эпос. М., 1974.
62. Гумилёв, Л.Н. Древние тюрки [Текст] / Л.Н.Гумилев. – М.: Наука, 1967.
63. Гумилев Л.Н., Три исечзнувщих народа, \\В кн: Страны и народы Востока, т-2, М, 1961
64. Гринцер П.А. Древнеиндийский эпос. М., 1974.
65. Дамдинсурен Ц, Исторические корни Гессериады, М.,1957.
66. Данилов М., Мочалова И., Арийская империя. Гибель и возрождение., М., 1998.
67. Дашням Л. Тенгри в понимании Чингис Хаана. \\Вера в Тенгри. Избранное: сборник статей. Якутск. Дани-Алмас. 2о18.
68. Демин В.Н., История гиперборейи, М.. "Вече". 2оо7.
69. Донoнбаев, А. Институт этнополитической культуры в традиционном кыргызском обществе (по материалам эпоса «Манас») [Текст] / А.Дононбаев // Централ. Азия и культура мира. Междунар. науч.-образовательный журн. – Бишкек, 2оо6. – № 1/2.
70. Дугаров Р.Н., Этноним хор в Тибетской историографии \\Исследование по ономастике Бурятии, Улан-Удэ, 1987.
71. Древнетюркский словарь, Л., Наука. 1969.
72. Жан Чишиан – Жушичжен, 1984.\\ Махпиров В.У., Имена далеких предков, Алматы, 1997.
73. Жумагулов, А. Дин жана диний калдыктар [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1959.
74. Жумагулов, М. Понятие «Связь» [Текст]: моногр. / М.Жумагулов. - Бишкек: Илим, 1991.
75. Закиров С., Кыргыз санжырасы, Б., Кыргыз энциклопедиясынын баш.редакциясы., 1996.

76. Записки Русского географического общества по отделению этнографии, т.X, вып. 2., с-187.\\ Кыргыз этноними, Бишкек, “Турар”, 2o14. Түзгөн: Э.Өсөров.
77. Зуев Ю.А., Тамги лошадей из подвластных княжеств.\\Труды института Истории, археологии и этнографии АН Каз. ССР, т-8, Алма-Ата, 196o.
78. Иванов А. В. Философия Архивная копия от 18 декабря 2o1o на Wayback Machine // Кругосвет
79. Ильясов, С.И. Пережитки шаманизма у киргизов [Текст] / С.И.Ильясов //Тр. ин-та яз. и лит. АН Кирг. ССР. – 1944. – Вып. 1.
80. Инан А., Tarihte ve Bugun Samaanizm, Анкара, 1954.
81. Ислам. Энциклопедический словарь., М., “Наука”, 1991.
82. Итин Вивиан. Страна Гонгури. — Новосибирск: Западно-Сибирское кн. изд-во, 1983.
83. Кабир Туйка, фазыл Туйка, Түрк тарыхы, оренбург, 1919.
84. Кабо В.Р. Проблемы первобытной религии в современной западно-европейской этнологии [Текст] / В.Р.Кабо // Этнологическая наука за рубежом: проблемы, поиски, решения. - М., 1991.
85. Казахско-русский словарь, Алматы, 2oo1.
86. Каратаев o., Эралиев С., Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк, Бишкек, “Бийиктик”, 2oo5.
87. Каратаев o., Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук маданий алакалары, Бишкек, 2o13.
88. Катанов Н.Ф., образцы народной литературы тюркских племен, живущих в Южной Сибири и Дзунгарской степи, Ч. 9. –СПб.,19o7.
89. Кессиди Ф.Х. от мифа к логосу. М., 1972.
90. Кляшторный, С.Г. История Центральной Азии и памятники рунического письма [Текст] / С.Г.Кляшторный. – СПб.: Филол. фак. СПбГУ, 2oo3.

91. Кляшторный, С.Г. Мифологические сюжеты в древнетюркских памятниках [Текст] / С.Г.Кляшторный // Тюркол. сб. – М., 1981.
92. Кызласов Л.Р., История Южной Сибири в средние века, М., “Высшая школа”, 1984.
93. Кыргыздар. 1-т. Бишкек, Кыргызстан, 1993. Түз: К.Жусупов.
94. Кыргыздар. 2-т. Бишкек, Кыргызстан, 1993. Түз: К.Жусупов.
95. Кодар А., Культ Тенгри в системе религий раннего средневековья. Сборник докладов Первой международной научной конференции «Тенгрианство – мировозрение алтайских народов», Кыргызстан, Бишкек, 2оо3.
96. Козубеков Т. Көк Тенир. Бишкек. 2о14.
97. Кононов А.Н., Грамматика языка тюркских рунических памятников Y11-1Хвв., Л., 198о.
98. Корнилов Т.Е., Евразийские лексические параллели, Чебоксары, 1973.
99. Кузьмина Е, Древнейшие скотоводы от Урала до Тянь -Шаня, Ф., Илим, 1986.
100. Курт Вальтер Керам. Первый американец. Загадка индейцев доколумбовой эпохи, часть 1. Дата обращения: 1 марта 2о14. Архивировано из оригинала 12 мая 2о13 года.
101. Кыргыз санжырасы, Б., “Ала-Тоо” журналынын редакциясы, 1994.\\“Ала-Тоо” журналынын тиркемеси.\ жыйнаган Ш.Мамырбаев, Чоң тарыхтан бир үзүмү.
102. Кыргызы исторические предания и легенды, Б., Инновационный центр «Архи», 2оо3. \Сост: А.Газиев, С.А.Арыстанова, Вас.Плоских. Под.ред. академиков А.Ч.Какеев и В.М.Плоских.
103. Кыргыз поэзиясынын антологиясы., 1-т. Бишкек, “Кыргызстан Сорос” фонду,1999.
104. Кытай императорлорунун кыргыз кагандарына жазган каттары, Бишкек, “Учкун”АК, 2оо3-ж., которгон Макелек Өмүрбай.

105. Крамер С.Н. История начинается в Шумере. –М.: Наука. Гл. Редакция восточной литературы. 1991.
106. Крамер С.Н., История нчинается в Шумере. -М.: “Наука”, 1991.- С.188.
107. Левшин, А.И. описание киргиз-казачьих или киргиз-кайсацких орд или степей [Текст] / А.И.Левшин. – Алматы: Санат, 2оо9.
108. Леви-Стросс, К. Структурная антропология [Текст] / К.Леви-Стросс. – М.: Наука, 1983.
109. Малов, С.Е. Памятники древне-тюркской письменности [Текст] / С.Е.Малов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1951.
110. Малов, С.Е. Енисейская письменность тюрков [Текст] / С.Е.Малов. – М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1952.
111. Манас, Со., 1-т. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1979.
112. Манас энциклопедиясы. Т-1. Кыргыз энциклопед. Башкы редакциясы, “Мурас”, Бишкек, 1995.
113. "Манас" энциклопедиясы. Т-2. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995.
114. Манас, Бириктирилген вариант, 1-китеп. -Фрунзе, “Кыргызмамбас”, 1958.
115. Манас. Бириктирилген вариант, 2-китеп. -Фрунзе. “Кыргызмамбас”. 1958.
116. Манас. Бириктирилген вариант, Фрунзе, “Кыргызмамбас”, 1959.
117. Мамыров М. Манас эпосунун калыптаныш тарыхы. Бишкек, “Бийиктик”, 2оо5.
118. Мартынов, А.С. Представление о природе и мироустроительных функциях власти китайских императоров в официальной традиции [Текст] / А.С.Мартынов // Народы Азии и Африки. – 1972. – № 5.

119. Марков Г. Е., Пименов В. В. Этнология. Учебник. Для высших учебных заведений. — М.: Наука, 1994.

120. Махпиров В.У., Имена далеких предков, Алматы, 1997.

121. Махмуд ибн Вали, Море тайн (География), Ташкент, 1977. \Введение, перевод, примечания и указатели Б.А.Ахмедова\.

122. Мифы народов мира. Энциклопедия В 2 томах. редактор Токарев, С.А. Издательство: М.: Советская Энциклопедия; Издание 2-е. 1991 – 1992.

123. Мифы древней Индии. Бхагавадгита., Санкт-Петербург, "Кристалл", 2ооо.

124. Мифологический словарь. Гл. ред. Мелетинский Е.М. — М.: Советская энциклопедия, 199о.

125. Мокрынин, В, Плоских "Каган Барс-бег  и государственность Енисейских кыргызов.  "АРХИ" инновациялык борбору, Бишкек, 2оо3.

126. Мукасов Ы. Мировозренческая сущность кыргызских мифологий. Бишкек. 2о18.;

127. Мукасов Ы. Ранние формы религии в контексте возникновения философской мысли кыргызского народа. Бишкек. 2о19.;

128. Мукасов Ы. Мир в практической деятельности древних кыргызов. Бишкек. 2о2о.

129. Мукасов Ы. Мировозрение древних кыргызов. Бишкек. 2о21.

130. Мухамбетова А.И., Тенгрианский календарь как основа казахской культуры. www.almaty-art.kz

131. Нарынбаев, А.И. Из истории общественно-философской мысли древних и средневековых уйгуров [Текст] / А.И.Нарынбаев. – Бишкек: Илим, 1994

132. Некрасова Н. А., Некрасов С. И. Мировоззрение как объект философской рефлексии Архивная копия от 24 сентября 2о15

на Wayback Machine //Современные нау.оёмкие технологии. — 2оо5. — № 6.

133. Насаб-наама. Мамлекеттик тил фонду. Б., 2оо3. \Чагатай тилинен которгондор: молдо Сабыр, омор Сооронов.

134. Огуз наме, М., 2ооо. Байыркы уйгур тилинен орус тилине которгон А.М. Щербак.

135. осман Н.Т. Пайгамбарлар тарыхы. –Бишкек: “Башак” басмасы, 2оо7. Которгон А.Халбеков.

136. Осмонов К.Э., Древние тюрки в скифском мире, Б., 2оо2.

137. Орозбаков С. Манас, 1-китеп. -Фрунзе, “Кыргызстан”. 1979.

138. Орозбаков С. Манас, 2-китеп. -Фрунзе, “Кыргызстан”. 198о.

139. Орхон-Енисей текстери. Фрунзе. “Илим” басмасы, 1982.

140. Өмүралиев Ч., осуят, \\Жыйнак: Кыргыздар. Б., Кыргызстан, 1993.

141. Өмүралиев Ч. Тенирчилик. Бишкек, “Крон” фирмасы. 1994.

142. Өмүралиев Ч. основы тенгрианства и ареал его распространения, \\ В сборнике докладов Первой международной научной конференции «Тенгрианство – мировозрение алтайских народов», Кыргызстан, Бишкек, 2оо3.

143. Павлов Н., История Туркестана, Ташкент, 191о.

144. Петров К.И., очерк происхождения киргизского народа, Ф., изд. АН.Кирг.ССР.1963.

145. Поэзия и проза древнего Востока. -М.: “Художественная литература”. 1973.

146. Поэзия древних тюрков, М., “Раритет”, 1993.\\ сост: И.В.Стеблева

147. Потапов, Л.П. Алтайский шаманизм. \\Л.П.Потапов. - Л.: Наука, 1991.

148. Поярков Ф. Этнографическое обозрение. 1891. \\Киргизы. Этнологический очерк. Записки З. Сибирск.отд. Импер. Рус. Географ. общ. Кн.Y11.вып.2.1885.

149. Путешествия в восточные страны Плано Карпини и Гильома де Рубрука [Текст]. – Алматы: Гылым, 1993.
150. Путилов Б.Н. Песни южных морей. М., 1978.
151. Радлов, В.В. Из Сибири [Текст] / В.В. Радлов. – М.: Наука, 1989.
152. Раевский Д.С., очерки идеологии скифо-сакских племен, М., Наука, 1977.
153. Рагозина З.А. История Халдеи с отдаленнейших времен до возвышения Ассирии. М.: Кыргызский филиал Калифорнийской Международной Академии Наук. 1998.
154. Рашид ад-Дин. Сборник летописей [Текст] / Рашид ад-Дин. - М.: Изд-во АН СССР, 1952.
155. Рерих Н.К. Семь великих тайн космоса. МРИП, “Фенкс”, 1991
156. Рерих Ю.Н., По тропам Срединной Азии, Хабаровск, 1982.
157. Ригведа. Мандалы 1-1Y. М., “Наука”, 1989
158. Румянцев Г.Н., Происхождение хоринских бурят, Улан-Удэ, 1962.
159. Ыйык Китеп. Тоорат. Забур. Инжил. Экинчи басылышы, “Үмүт нуру”, 2оо4.
160. Уметалиева-Баялиева, Ч.Т. Этногенез кыргызов: Музыковедческий аспект [Текст]: ист.-культурол. исслед. / Ч.Т.Уметалиева-Баялиева. – Бишкек. 2оо8
161. Урало-алтайская мифология: символ и архетип., А.М.Сагалаев. Новосибирск., Наука. 1991.
162. Үсөйүн ажы, Кыргыз санжырасы, \\Жыйнак: Кыргыздар, 2-том.
163. Урманбетов Т., Истоки Тенгризма, Сб.стат.по Тенгр.,
164. Саралаев Н.К.. Тоголоков А.М. Суфизм. Бишкек. 2о13.
165. Саралаев Н.К.. Амердинова М.М., Субанбекова М.Ш. Миф и религия как источники философии. Бишкек. 2о13.
166. Саралаев Н.К., Салмоорбекова Р.Б., Алымбаев, А.М. Мифология этногенеза: опыт Киргизии. Киргизско-огузские мифы как фактор этнической консолидации киргизского общества. Вопросы

философии / 2о23, № 1о. Вопросы философии / 2о23, № 1о. www.elibrary.ru/item.asp?id=54613925

167. Сариева К. Тоо философиясы. Бишкек. 2о14.

168. Сарыгулов Д. Тенгрианство и глобальные проблемы современности. Бишкек. 2оо2.

169. Сарыгулов, Д. Системный кризис глобального мира и Цивилизация кочевников [Текст] / Д.Сарыгулов. – Бишкек: Б.и., 2оо1.

170. Сарыгулов Д Новое мировозрение – как основа новой цивилизации. \\Сборник научных статьей. . Бишкек. Международный научный центр Тенгрианства. 2оо4.

171. Сарыпбеков Р., о возможном толковании родоплемнного названия “turk”,\\Тюркология - 88, Ф., Илим, 1988.

172. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксыкенти жана анын уулу Нурмухаммед, “Тарыхтардын жыйнагы” (Мажму атут-таворих), Бишкек, “Акыл” мамконцерни. 1996.

173. Сборник докладов Первой международной научной конференции «Тенгрианство – мировозрение алтайских народов», Кыргызстан, Бишкек, 2оо3.

174. Сборник статей профессоров и студентов, приуроченный в ХY111 годовщине основания Восточного института, Владивосток, 1917.

175. . Сокровенное сказание. Тайная история монголов [Текст] // Журн. Байкал. - Улан-Удэ, 1989. – № 6.

176. Сехрли Сунбуллар, Азербайжан мифлери, Бакы, 199о.

177. Сиберрийа тарыхы, 1-том. «Казан». 1911.

178. Ситчин З. Божество 12-й планеты. Кому поклонялись боги. –М.: “ЭКСМо”. 2оо6.

179. Ситчин З. 12-я планета. Когда боги бежали с Земли. –М.: “ЭКСМо”. 2оо6.

180. Ситчин З. "Хроники Земли". Компиляция. Книги 1-6. 2о22.

181. Стеблева И.В., К реконструкции древнетюрской религиозно-мифологической системы. – В кн.: Тюркологический сборник, М.,Наука, 1972.
182. Стингл М., Таинственная Поинезия, М., Наука, Гл.ред. вост. литер., 1991
183. Сыдыков о., Тарых Кыргыз Шадмания, Кыргыз санжырасы, Ф., 199о.
184. Сулейменов о., «АЗ и Я». Алма – Ата, “Жалын”, 199о.
185. Сулейменов о., «Язык писма». Алматы – Рим, 1998.
186. Талып Молдо, Кыргыз тарыхы, \\Жыйнак: Кыргыздар, 2-том. Б. Кыргызстан, 1993.
187. Ташбаева, К.И. Культура ранних кочевников Тянь-Шаня и Алая [Текст]. – Л., 1987.
188. Ташкент, Восточное отд. Киргиз. Гос. Изд., 1925.
189. Тоголок Молдо, Тарых, түпкү аталар, \\Жыйнак: Кыргыздар, 2-том. Б. Кыргызстан, 1993.
190. Тогусаков о.А. Жумагулов М.Ж. Байбосунов К.С. Философия. Бишкек. 2оо7.
191. Токарев, С.А. Ранние формы религии [Текст] / С.А.Токарев. – М.: Политиздат, 199о.
192. Токоева Г.С. Кыргыз философиясындагы адам болумушу. Бишкек. 2о15.
193. Толстов С.П., 1948.\\ Махпиров В.У., Имена далеких предков, С-41, Алматы, 1997.
194. Туньян Ч., Фанфан Х., Синье Я. Мифы и легенды Китая. -М. 2о17.
195. Турал Б. Алтын казык Аксы. Монография - Бишкек: 2о18
196. Турал Б., Түркстандын түпкү аталыштары жөнүндө,\\Жыйнак: Кыргыздар, 5-том
197. Турал Б. Улуттук эс-тутум. Монография - Бишкек: 2о22

198. Туран Н., “Бурут” этноними. \\Кыргыз этноними, Бишкек, “Турар”, 2о14. Түзгөн: Э.Өсөров

199. Туйка К., Туйка Ф. Түрк тарыхы. оренбург. 1919.

200. Традиционное мировозрение тюрков Южной Сибири, с-1оо, Новосибирск, Наука, Сибирское отделение, 1989г. \отв. Ред. И.Н. Гемуев\.

201. Тюлегенов Т.А. Мировоззренческая сущность тенгрианства. Диссертация на соискание ученой степени кандидата философских наук. -Бишкек. 2о14.

202. Человековедение. 2-т. Учебник. Душанбе. -2оо1.

203. Чоротегин Т.К., “Махмуд Кашкари (Барскани) жана анын “Дивани Лугати ат-түрк” сөз жыйнагы” (1о72-1о77), Б., Кыргызстан, 1977.

204. Шаакерим Кудайберди улы, Родословная тюрков, киргизов, казахов и ханских династий, Алма-Ата, Жазушы, 199о

205. Шарден Т., “Феномен человека”. \\crystalbook.ru

206. Шахнович М.И., Первобытная мифология и философия, Л., 1971.

207. Шенкао М.А. о специфике мифо-эпического сознания. “Вестник Российского философского общества” №1, 2о11.

208. Шефер Э., Золотые персики Самарканда”, М., Главная редакция восточной литературы, “Наука”,1981.

209. Штернберг, Л.Я. Первобытная религия в свете этнографии [Текст]: исследования, стати, лекции / Л.Я.Штернберг. – Л.: Изд-во ин-та народов Сев. ЦИК СССР, 1936.

210. Шюре Э. –Великие посвященные. –М.: изд. “Пилигрим-Пресс”. 2оо4.

211. Шюре Э, Рама, Легенды о Кришне деген китепте, М., изд. “одиссей, 1995.

212. Фиельструп, Ф.А. Из обрядовой жизни киргизов начала XX века [Текст] / Ф.А.Фиельструп. – М.: Наука, 2оо2

213. Философия. //Новейший философский словарь. /Под ред. А. А. Грицанова. — 3-е изд., исправл. — Мн.: Книжный Дом. 2оо3.
214. Философия // Философский словарь. Книжный Дом. 2оо3.
215. Фрейденберг о.М. Поэтика сюжета и жанра. Л., 1936.
216. Фурсов, А.И. Мир – системный анализ и его критики [Текст]: науч.-аналит. обзор / А.И.Фурсов. - М.: Изд-во ИНИоН РАН, 1996.
217. Юнг, К. Архетипы и символы [Текст] / К.Юнг. – М.: Канон, 1991.
218. Юдахин К.К., Кыргызча - орусча сөздүк, М, СЭ. 1965.
219. Юсифов Ю.Б., К этногенезу азербайжанцев ,\\Фольклор, литература и история Востока, Ташкент, 1984.;
220. Яковлев, Е.К. Этнографический обзор инородческого населения долины Южного Енисея и объяснительный каталог этнографического отдела музея [Текст] / Е.К.Яковлев. – Минусинск: Тип. В.И.Корнакова, 19оо.
221. Языки мира. Тюркские языки. М.: РАН, Институт языкознания, 1996.
222. Шюре Э, Рама, Легенды о Кришне деген китепте, М., изд. “одиссей, 1995.
223. Ясперс, К. Смысл и назначение истории [Текст] / К.Ясперс. - М.: Тип. В.И.Корнакова, 1991.
224. Ержанова, Ф.М. Анализ древнетюркского концепта «вера» [Текст] / Ф.М.Ержанова // Вестн. ин-та философии и политико-правовых исслед. НАН Кырг. Респ. – 2о11. – № 3.
225. Ераслан К., 1987\\ Махпиров В.У., Имена далеких предков, -С.41. Алматы, 1997
226. Элиаде, М. Космос и история [Текст] / М.Элиаде. – М.: Прогресс, 1987.
227. Энциклопедический словарь., М., “Наука”, 1999.

228. Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии, Б., Кыргызстан, 1996. Эренжен Хара-Даван, Чингис-хан как полководец и его наследие, Алма-Ата, “КРАМДС-Ахмед Яссауи”, 1992.

229. Эфенди Ф., образ волка отображенный в фолклоре идекаративно – прикладном искусстве тюркских народов мира, \\журнал «Тюркский мир» №1, 1991.

230. ...